ТАКИЙЮДДИН НАБАХАНИЙ

# ИСЛАМИЙ ШАХСИЯ

**Экинчи китеп**
**Экинчи бөлүм**

ХИЗБУТ-ТАХРИР
БАСЫЛМАЛАРЫНАН

1424-х. – 2003-м.

Такийюддин Набахании. Исламий шахсия
Экинчи китеп, экинчи бөлүм, кыргыз тилиндеги биринчи басылышы
1433-х. – 2012-м.

# Мазмуну

## Экинчи бөлүм

**Аскерий саясат** ...... 5
Согушта жалган иштетүү ...... 15
Жасустук ...... 20
**Тынчтык келишими** ...... 29
**Аскерий союздар** ...... 32
**Жайиз шартнамалар** ...... 36
**Мажбурий шартнамалар** ...... 39
Шартнамаларды бузуу ...... 43
**Харбий кафир** ...... 48
**Мустаъмин** ...... 50
**Зиммийге тиешелүү өкүмдөр** ...... 54
**Исламды кафирлерге колдонуу важиб** ...... 61
**Жизя** ...... 64
**Ушр, хирож жана сулх жерлери** ...... 68
**Дарул куфр жана дарул ислам** ...... 82
**Момундардын кафирлерди дос тутуусу** ...... 86
Дарул куфрдан дарул Исламга хижрат ...... 105
**Исламдын кулдукка жана кул кылууга болгон мамилеси** ...... 112
Кулдукту муалажа кылуу ...... 113
Кул кылууну муалажа кылуу ...... 121
**Жеке адамдар ортосундагы алакалар** ...... 126
Байъ ...... 130
Пенделерге арам кылынган нерсенин соодасы да арам ...... 136
Өзүңдө болбогон нерсени сатуу жайиз эмес ...... 138
Салам соодасы ...... 142
Бутагында турган мөмөлөрдү сатуу ...... 148
Карызга жана акчасын бөлүп-бөлүп берүүгө боло турган байъ ...... 157
Далдалчылык ...... 162
**Ижара** ...... 169
Жалданма жумушчу ...... 170
Эмгек акы ...... 171
Эмгек акыны белгилөө ...... 172
Эмгек акынын көлөмү ...... 175
Эмгек акыны берүү ...... 176
Жалданма жумушчунун түрлөрү ...... 177
Исламда жумушчулар проблемасы болбойт ...... 179
Нерселерди ижарага алуу ...... 183
Жашоо үчүн үйлөрдү ижарага алуу ...... 187
**Паранын бардыгы арам** ...... 190
Күрөө ...... 196
Күрөөгө алуучунун күрөөдөн пайдаланышы ...... 198
Муфлис ...... 204
**Хавала** ...... 209
**Тасвир** ...... 212

# ЭКИНЧИ БӨЛҮМ

بِسْـــمِ اللهِ الرَّحْمٰـــنِ الرَّحِيـــم

# Аскерий саясат

(Сиясатуль-харбий)

Аскерий саясат – бул аскерий иштерди мусулмандарга жеңиш алып келе турган, алардын душмандарын жеңе турган көрүнүштө башкаруу. Анда эң орчундуу амалий жак даана көрүнөт. Бул саясатта шарият башка нерселерде арам кылган кээ бир нерселерге уруксат берип, башка нерселерде уруксат берген кээ бир нерселерди арам кылды. Мисалы: Шарият бул саясатта душман менен болгон мамиледе жалган иштетүүгө уруксат берди. Акыйкатта болсо, согуштан башка кезде бул иш арам. Шарият кошуунга карата талапчандыкты бошоштуруп жиберүүнү арам кылды. Акыйкатта болсо, согуштан башка убакта бул мандуб эле. Ошентип, аскерий саясатта айрым өкүмдөргө согуш маалында өзгөчө этибар бериле турган болду. Бул этибарлардын арасында душманга мамиле кылууга тиешелүүлөрү, аскерий иштерге тиешелүүлөрү, исламий кошуунга тиешелүүлөрү жана башка нерселерге тиешелүүлөрү бар.

Алгач душманга мамиле кылууга тиешелүү, өзүнчө этибар берилген өкүмдөргө келсек, Ислам халифага жана мусулмандарга душманга карата ал кандай мамиле кылса ошондой мамиле кылууга, мусулмандарды кандай тебелеп-тепсесе, аны да ошондой тебелеп-тепсөөгө буйруду, мейли, согуштан башка убакта мындай кылуу арам иштерден болсо да. Аллах Таала айтат:

﴿ وَإِنۡ عَاقَبۡتُمۡ فَعَاقِبُواْ بِمِثۡلِ مَا عُوقِبۡتُم بِهِۦۖ وَلَئِن صَبَرۡتُمۡ لَهُوَ خَيۡرٞ لِّلصَّـٰبِرِينَ ﴾

«*(Эй момундар),* ***эгер силер*** *(өзүңөргө жеткен бирер зыян үчүн)* ***өч алмакчы болсоңор, анда жалаң силерге жеткирилген зыянга жараша өч алгыла.*** *(А бирок)* ***эгер сабыр-такаат кылсаңар, албетте бул сабыр кылуучу адамдар үчүн жакшыраак***» [16:126]

Риваят кылынышынча, бул аяттын түшүрүлүшүнө төмөнкү окуя себеп болгон. Мушриктер Ухуд күнүндө мусулмандарды мусла кылышты: ичтерин жарып, тилдерин кесишти, мурундарын кыркышты, эч кимди калтырбастан мусла кылып

чыгышты. Ханзала ибн Рохиб гана мусла кылынбады. Расулуллах ﷺ Хамзанын үстүнө келип токтоду. Ал мусла кылынган эле. Пайгамбарыбыз ﷺ бул жагымсыз көрүнүштү көрүп, аябай ызаланды. Анткени, Хамзанын ичи жарып ташталган жана мурду кесип алынган эле. Муну көрүп Пайгамбарыбыз ﷺ:

«أَمَّا وَالَّذِي أَحْلِفُ بِهِ إِنْ أَظْفَرَنِي اللَّهُ بِهِمْ لأُمَثِّلَنَّ بِسَبْعِينَ مَكَانَكَ»

**«Мен аты менен ант иче турган Затка ант болсун, эгер Аллах мени алардын үстүнөн жеңишке жеткирсе, сиздин ордуңузга жетимишин мусла кыламын»**, - деди. Бул хадисти Табароний «Кабир»де риваят кылган. Ошондо мына ушул аят түшүрүлдү. Демек, бул аят согуш жөнүндө түшүрүлдү. Мейли, анда мусланы ашырып жиберүүдөн кайтарылган болсо да, бирок, андан кафирлер аларга карата эмне кылса, мусулмандардын да дал ошондой кылуусу мубах экендиги ачык көрүнүп турат. Ал тургай, бул аяттан өлтүрүлгөн мусулмандарды мусла кылган кафирлердин өлүктөрүн мусла кылуу мубах экендиги да түшүнүлүүдө. Болгону, кафирлер эмне кылышса, дал ошондой кылуу керек, андан ашырып жиберилбеши шарт. Акыйкатта болсо, мусла кылуу арам жана андан кайтарып кабарлар варид болгон. Бирок, бул кайтаруу өлтүрүлгөн мусулмандарды душман мусла кылбаган кезде болот. Эгерде душман мусла кылган болсо, мусулмандар да дал ушундай кылышы мүмкүн. Годдарлык кылынганда жана ахдды бузуу жүз бергенде да так ушундай болот. Анткени, эгер душман ошондой кылса же анын ушундай кылышынан кооптонулса, биз да ушундай кылышыбыз жайиз болот. Эгерде андай кылбаса, биздин мындай кылышыбыз жайиз болбойт. Мындан кайтарылган болсо да, аскерий саясатка амал кылып, аны кылышыбыз жайиз болот. Себеби, мындан душман мындай кылбаган кезде гана кайтарылат. Эгер кылса, мусулмандардын да ошондой кылышы жайиз болот. Аллах Таала айтат:

﴿ وَإِمَّا تَخَافَنَّ مِن قَوْمٍ خِيَانَةً فَٱنۢبِذْ إِلَيْهِمْ عَلَىٰ سَوَآءٍ ﴾

***«Эгерде бирер коум тараптан кыянатты сезсең, сен да аларга дал ошондой кылып таштагын»*** [8:58]

Ушуга ылайык, мусулмандардын душманга каршы согушта ядролук куралдарды колдонушу жайиз болот. Мейли, бул нерсе

душман аларга каршы бул куралды колдонулушунан мурун болсо да. Себеби, бардык мамлекеттер согушта ядролук куралдарды иштетүүнү мүмкүн деп билишет. Ошондуктан, бул куралдарды колдонуу жайиз болот. Акыйкатта болсо, ядролук куралдарды иштетүү арам. Себеби, бул куралдар адамзатты кыйроого учуратат. Жихад болсо адамзатты жок кылуу үчүн эмес, аны Ислам менен тирилтүү үчүн алып барылат.

Өзгөчө этибар берилген өкүмдөрдүн аскерий иштерге тиешелүүлөрүнө келсек, мусулмандар кафирлердин дарактарын, азык-түлүктөрүн, эгинзарларын, үй-жайларын өрттөп ойрон кылышы мүмкүн. Аллах Таала айтат:

﴿ مَا قَطَعْتُم مِّن لِّينَةٍ أَوْ تَرَكْتُمُوهَا قَآئِمَةً عَلَىٰٓ أُصُولِهَا فَبِإِذْنِ ٱللَّهِ وَلِيُخْزِىَ ٱلْفَٰسِقِينَ ﴾

«*(Эй момундар),* ***силер курма дарагын кесип салдыңарбы же аны өз паясында калтырдыңарбы, ал фасыктарды шерменде кылуу үчүн Аллахтын уруксаты менен*** *(болду)*» [59:5]

Расулуллах ﷺ Бани Назир курмазарын бул курмазар өзүнө өтүшүнө ишенсе да өрттөп жиберди. Ал эми, Шамга жөнөткөн кошуундун амирине Абу Бакр رضي الله عنه нун: «**Бирер кой же төөнү мууздабагыла, жегени болсо гана уруксат. Бирер курмазарды өрттөбөгүлө жана аны сууга чөктүрбөгүлө**», - деп айтканына (Малик «Муватто»до Яхя ибн Саид Ансорийден риваят кылган) жана бул ишти бардык сахабалар макулдап, эч ким ага каршы чыкпаганына келсек, бул согушта таянылa турган негиз. Негиз – абад жерлерди кыйрандыга айландырбастык жана дарактарды кеспестик. Бирок, эгер халифа же кошуун командачысы «согушта жеңишке жетүү үчүн абад жерлерди кыйратуу жана бак-дарактарды кесүү керек» деген пикирге келсе, же тезирээк жеңишке жетүү ушуну талап кылса, аскерий саясатта дарактарды кесип таштоо жана абад жерлерди кыйратуу жайиз болот. Анткени, Расулуллах ﷺ ушундай кылган. Айбандарды өлтүрүү жана душман ээ болгон бардык нерселерди жок кылуу да ушул сыяктуу болот. Себеби, аскерий саясат ушуну талап кылса, аны кылуу жайиз болот. Мейли, мындай кылуу арам болсо да. Аллах Таала айтат:

﴿ وَلَا يَطَـُٔونَ مَوۡطِئٗا يَغِيظُ ٱلۡكُفَّارَ وَلَا يَنَالُونَ مِنۡ عَدُوّٖ نَّيۡلًا إِلَّا كُتِبَ لَهُم بِهِۦ عَمَلٞ صَٰلِحٌۚ ﴾

«***Жана кафирлерди ызаландыра турган бирер кадам басышса, душманга бирер зыян жеткиришсе, албетте, алар үчүн бул иштери себептүү жакшы амал жазылат***» [9:120]

Бул сөз бардык нерсе жаатында умумий. Бул аяттын өзүн хостоп коё турган башка бирер аят жана бирер хадис келбеген. Демек, ал умумий бойдон калат. Үйлөрдү өрттөп жиберүү, дарактарды кесип, жагып жиберүү жайиз экендиги жөнүндө сахих хадистер варид болгон. Муслим Ибн Умардан риваят кылат:

«أَنَّ رَسُولَ اللَّهِ ﷺ قَطَعَ نَخْلَ بَنِي النَّضِيرِ وَحَرَّقَ»

**«Расулуллах ﷺ Бани Назир курмаларын кесип, өрттөп жиберди».** Бул жөнүндө аят да түшүрүлдү:

﴿ مَا قَطَعۡتُم مِّن لِّينَةٍ أَوۡ تَرَكۡتُمُوهَا قَآئِمَةً عَلَىٰٓ أُصُولِهَا ﴾

«*(Эй момундар),* ***силер курма дарагын кесип салдыңарбы же аны өз паясында калтырдыңарбы ...***» [59:5]

Бухарий Жарир ибн Абдулладан мындай дегенин риваят кылды, Расулуллах ﷺ мага:

«أَلاَ تُرِيحُنِي مِنْ ذِي الْخَلَصَةِ، قَالَ فَانْطَلَقْتُ فِي خَمْسِينَ وَمِائَةِ فَارِسٍ مِنْ أَحْمَسَ، وَكَانُوا أَصْحَابَ خَيْلٍ، وَكَانَ ذُو الْخَلَصَةِ بَيْتًا فِي الْيَمَنِ لِخَثْعَمَ وَبَجِيلَةَ فِيهِ نَصَبٌ يُعْبَدُ يُقَالُ لَهُ كَعْبَةُ الْيَمَانِيَةُ، قَالَ: فَأَتَاهَا فَحَرَّقَهَا بِالنَّارِ وَكَسَرَهَا، ثُمَّ بَعَثَ رَجُلاً مِنْ أَحْمَسَ يُكْنَى أَبَا أَرْطَأَةَ إِلَى النَّبِيِّ ﷺ يُبَشِّرُهُ بِذَلِكَ، فَلَمَّا أَتَاهُ قَالَ: يَا رَسُولَ اللَّهِ، وَالَّذِي بَعَثَكَ بِالْحَقِّ مَا جِئْتُ حَتَّى تَرَكْتُهَا كَأَنَّهَا جَمَلٌ أَجْرَبُ، قَالَ: فَبَرَّكَ النَّبِيُّ ﷺ عَلَى خَيْلِ أَحْمَسَ وَرِجَالِهَا خَمْسَ مَرَّاتٍ»

**«Мени Зил Холасодон куткарып ырахаттандырбайсыңарбы, - деди. Ошондон кийин мен Ахмастык бир жүз элүү атчан менен жөнөдүм. Зил Холасо Ямандагы бир үй болуп Хасъам жана Бажилага караштуу болчу. Ал жерде ибадат кылына турган бир бут бар эле, аны «каъбатул ямания» деп аташчу. Жарир ал жерге келип, бутту өрттөп, сындырып таштады. Андан кийин**

**ахмастык лакабы Абу Артоа деген кишини ушул кушкабарды жеткирүү үчүн Набий ﷺга жөнөттү. Ал Пайгамбар ﷺдын алдына келгенде: Я Расулуллах, сизди акыйкат менен жиберген Затка ант болсун, аны жүнү жыдыган котур төөдөй абалда калтырып келдим, - деди. Набий ﷺ Ахмас аттарынын жана кишилеринин акысына береке тилеп беш жолу дуба кылды».** Ахмад жана Ибн Маажа Усама ибн Зайддан мындай дегенин риваят кылды:

«بَعَثَنِي رَسُولُ اللَّهِ ﷺ إِلَى قَرْيَةٍ يُقَالُ لَهَا أُبْنَى فَقَالَ: ائْتِهَا ثُمَّ حَرِّقْ»

**«Мени Расулуллах ﷺ Убна деген кыштакка жөнөтүп: Барып аны өрттөп жибер, - деди».** Убна – бул Палестинадагы Ябна. Малик «Муватто»до риваят кылган Абу Бакрдын насаатынан жана аны мына ушул хадистерге салыштыруудан көрүнүп тургандай, дарактарды кесүү, өрттөө, үйлөрдү бузуп таштоо согушта же согушта жеңип чыгуу ушуну талап кылганда гана болот. Демек, ал аскерий саясат түркүмүнө кирет.

Исламий кошуунга тиешелүү өкүмдөрдүн бири мындай, имам же кошуун амири согушка баруудан мунафыктарды же фасыктарды, же баш тартуучуларды, же коркок кимселерди жана ушуларга окшогондорду тыйышы мүмкүн. Буга Аллах Тааланын төмөнкү аяты далил болот:

وَلَـكِن كَرِهَ اللّهُ انبِعَاثَهُمْ فَثَبَّطَهُمْ وَقِيلَ اقْعُدُواْ مَعَ الْقَاعِدِينَ ۞ لَوْ خَرَجُواْ فِيكُم مَّا زَادُوكُمْ إِلاَّ خَبَالاً ولأَوْضَعُواْ خِلاَلَكُمْ يَبْغُونَكُمُ الْفِتْنَةَ

*«**Бирок, Аллах алардын чыгышын каалабай, тосуп койду жана аларга: «Калгандар** (т.а. аялдар, жаш балдар жана алсыз кишилер) **менен бирге отура бергиле», - деп айтылды. Эгер алар силер менен чыгышкан күндө да, силерге артыкча зыян кылган жана араңарда силерди фитнага салуу үчүн желип-жортуп жүргөн болушат эле**»* [9:46-47]

Акыйкатта болсо, исламий кошуундун сабында фасык жана мунафык кимсенин болушуна тыюу салынбайт. Бирок, эгер мындай кимсени согушка баруудан, же белгилүү бир ишти аткаруудан, же мойнуна алуудан тыюуну аскерий саясат талап кылса, халифа жана кошуун амиринин ушундай кылуусу жайиз болот.

Душманга мамиле кылуудан, аскерий иштерден жана исламий армиядан башка нерсеге тиешелүү нерселердин бири Расулуллах ﷺ Бани Мусталак казатынан кайтышында жүз

берген окуя. Себеби, Пайгамбарыбыз мусулмандарды өтө тездик менен артка кайтарды. Кошуун кудуреттүү болгондон да көбүрөөк күч жумшап, күнү-түнү жол жүрүп Мединага жетип келди. Кошуун чарчап алдан тайды. Акыйкатта болсо, өкүм кошуунга жумшактык кылуу эле. Жабир ﷺдан риваят кылынат:

«كَانَ رَسُولُ اللَّهِ ﷺ يَتَخَلَّفُ فِي الْمَسِيرِ فَيُزْجِي الضَّعِيفَ وَيُرْدِفُ وَيَدْعُو لَهُمْ»

**«Расулуллах ﷺ жүрүштө артта калып, алсызды үндөп, улоого мингизип, анын акысына дуба кылып жүрдү»** Абу Давуд риваяты. Түпкүлүгүндө кошуунга жумшактык кылынышы керек эле. Өкүм ушундай эле. Бирок, Абдулла ибн Убай ибн Салулдун мухажирлер менен ансорлордун арасына фитна салышына карата жүргүзүлө турган аскерий саясат кошуундагы эң алсыз кишинин жүрүшү менен жүрүп барбастыкты жана алардын эң күчтүүсүнүн жүрүп барышы менен жүрүүнү талап кылган эле. Себеби, бул аркылуу кеп-сөзгө же тартышууга орун калбасын.

Ошентип, аскерий саясат имамдан согушта жеңип чыгуу жана душман үстүнөн жеңишке жетишүү үчүн аскерий иш-амалдарды кылууну талап кылат. Бирок, булардын бардыгы эгер белгилүү бир амалга тиешелүү бирер насс келбесе гана кылынат. Эгер анын согушта да жана башка убакта да умум арам экендиги жөнүндө бирер насс келген болсо, ал кылынбайт, ал хостолбойт. Мисалы зина сыяктуу. Аллах Таала айтат:

﴿وَلَا تَقْرَبُوا۟ ٱلزِّنَىٰٓ ۖ إِنَّهُۥ كَانَ فَٰحِشَةً وَسَآءَ سَبِيلًا﴾

«***Зинага жакындашпагыла! Себеби,*** *(бул)* ***фахиш - эң жаман жол***» [17:32]

Демек, бирер насс келген болсо, аскерий саясатты хужжат кылып мына ошол амалды кылуу жайиз болбойт. Тескерисинче, насстын варид болушу кырдаалына карап, ушул насстын алкагынан чыкпоо важиб болот. Мисалы, эгер насс иллеттенбей катъий абалда варид болгон болсо, анда мына ошол амалды кылуу жайиз болбойт. Эгер насс бирер иллет менен иллеттенип келген болсо, андайда амал жаатында ошол иллетке карай өкүмгө ээрчилет. Эгер амалды тыюу жөнүндө насс варид болгон болсо, Расулуллах ﷺдан аны белгилүү бир

абалдарда кылгандыгы варид болгон болсо, мындай абалда амал мына ошол абалдарда гана кылынат. Бир нече иштерден шарият тыйгандыгы жөнүндө нусус келгени үчүн ушул тыюуга амал кылынат. Аларда аскерий саясат деген сөз болбойт. Бухарий Ибн Умардан риваят кылат:

«وُجِدَتِ امْرَأَةٌ مَقْتُولَةً فِي بَعْضِ مَغَازِي رَسُولِ اللَّهِ ﷺ، فَنَهَى رَسُولُ اللَّهِ ﷺ عَنْ قَتْلِ النِّسَاءِ وَالصِّبْيَانِ»

**«Расулуллах ﷺдын казаттарынын биринде бир аял өлтүрүлгөн абалда табылды. Ошондо Расулуллах ﷺ аялдарды жана жаш балдарды өлтүрүүдөн кайтарды».** Ахмад Асвад ибн Сариъден мындай риваят кылды: Расулуллах ﷺ:

«مَا بَالُ أَقْوَامٍ جَاوَزَهُمُ الْقَتْلُ الْيَوْمَ حَتَّى قَتَلُوا الذُّرِّيَّةَ، فَقَالَ رَجُلٌ: يَا رَسُولَ اللَّهِ، إِنَّمَا هُمْ أَوْلاَدُ الْمُشْرِكِينَ، فَقَالَ: أَلاَ إِنَّ خِيَارَكُمْ أَبْنَاءُ الْمُشْرِكِينَ»

**«Кээ бир адамдарга эмне болду, бүгүн өлтүрүүдө чектеринен ашып кетишиптир, ал тургай, зуррияттарды да өлтүрүшүптүр,** - деди. **Ошондо бир киши: Я Расулуллах, акыры алар мушриктердин балдары го,** - деди. **Пайгамбарыбыз ﷺ: Эсиңерде болсун, силердин эң жакшыларыңар да мушриктердин перзенттерисиңер,** - деди». Абу Давуд Анастан Расулуллах ﷺдын мындай дегенин риваят кылды:

«انْطَلِقُوا بِاسْمِ اللَّهِ وَبِاللَّهِ وَعَلَى مِلَّةِ رَسُولِ اللَّهِ، لاَ تَقْتُلُوا شَيْخًا فَانِيًا، وَلاَ صَغِيرًا وَلاَ امْرَأَةً، وَلاَ تَغُلُّوا، وَضُمُّوا غَنَائِمَكُمْ، وَأَصْلِحُوا وَأَحْسِنُوا إِنَّ اللَّهَ يُحِبُّ الْمُحْسِنِينَ»

**«Аллахтын аты менен жолго чыккыла, Аллах жар болсун, Расулуллахтын улутунда болгула. Шейх фанийди, жаш бала жана аялды өлтүрбөгүлө, олжону бөлүштүрүүдөн мурун жашыруун албагыла, олжолоруңарды топтогула, оңдогула, жакшылык кылгыла, албетте, Аллах жакшылык кылуучуларды жакшы көрөт».** Бул хадистер согушта белгилүү бир иштерден кайтарды. Демек, аларды согушта аскерий саясат деген хужжат менен кылуу жакшы болбойт. Тескерисинче, нусуста варид болгон көрүнүштө аткарылат. Нусуста варид болгону мындай, бул иштердин бардыгын замбиректер, снаряддар менен сокку берип, алыстан туруп

бардык оор курал-жарактар менен сокку берип кылуу жана жаш балдар менен аялдарды өлтүрүү качан гана алар кафирлер менен аралаш болуп турганы үчүн кафирлерге аларды өлтүрүү аркылуу жетип баруу мүмкүн болгон убакта гана жайиз болот. Бухарий Саъб ибн Жассамадан төмөнкүнү риваят кылды:

«أَنَّ رَسُولَ اللَّهِ ﷺ سُئِلَ عَنْ أَنَّ أَهْلَ الدَّارِ يُبَيَّتُونَ مِنَ الْمُشْرِكِينَ فَيُصَابُ مِنْ نِسَائِهِمْ وَذَرَارِيِّهِمْ قَالَ: هُمْ مِنْهُمْ»

**«Расулуллах ﷺдан мушриктерге түнкүсүн жүрүш кылынганда аялдары жана балдары набыт болушу жөнүндө суралганда, Пайгамбарыбыз ﷺ: Алар алардан, - деди».** Ибн Хиббан сахихинде Саъбдан мындай дегени риваят кылынган:

«سَأَلْتُ رَسُولَ اللَّهِ ﷺ عَنْ أَوْلاَدِ الْمُشْرِكِينَ أَنْ نَقْتُلَهُمْ مَعَهُمْ, قَالَ: نَعَمْ فَإِنَّهُمْ مِنْهُمْ»

**«Расулуллах ﷺдан мушриктердин балдары жөнүндө: Аларды алар менен бирге өлтүрөбүзбү? - деп сураганымда, Пайгамбарыбыз ﷺ: Ооба, себеби алар алардан, - деди».** Термизий Савр ибн Язидден төмөнкүнү риваят кылды:

«أَنَّ النَّبِيَّ ﷺ نَصَبَ الْمَنْجَنِيقَ عَلَى أَهْلِ الطَّائِفِ»

**«Набий ﷺ Тоиф калкына каршы манжаник орнотту».** Манжаник (таш атуучу чоң курал) менен сокку берилгенде аялдар жана жаш балдар, дарактар жана башка нерселер ажыратып отурулбайт. Демек, бул хадис эгер согушта замбиректер, снаряд атуучу куралдар сыяктуу оор куралдар иштетилсе, алар менен өлтүрүү, бардык нерсени кыйратуу жайиз экендигине далалат кылат. О.э. кафирлерге сокку берүүгө балдары жана аялдарын өлтүрүү аркылуу гана жетишүү мүмкүн болсо, анда ошондой кылуу да жайиз. Аялдар жана жаш балдар кафирлер менен аралаш тургандыгы үчүн набыт болушса, бул өлтүрүү жайиз болот. Ал эми бул иштердин ар биринин өзүн манжаник иштетилбеген убакта жана аялдар менен балдарды биз согуша турган кафирлерден ажыратуунун мүмкүнчүлүгү болбой турган абалдан башка убакта кылууга келсек, бул жаатта нусуста варид болгон нерсе боюнча өзүнчө тафсилаты бар. Ал мындай, балдарды жогоруда айтылган эки абалдан башка убакта өлтүрүү арам. О.э. коум менен мажбурий

түрдө бирге боло турган жалданма жумушчуну өлтүрүү да арам. Себеби, ал да аргасыз, бечара болуп эсептелет. Бул эки тайпаны өлтүрүүдөн катъий көрүнүштө жана эч кандай иллет менен иллеттенбей кайтаруу варид болгон. Аялдарга келсек, мында каралат. Эгерде аялдар да согуша турган болушса, аларды өлтүрүү жайиз болот. Эгер андай болбосо, жайиз болбойт. Буга Ахмад жана Абу Давуд Рабах ибн Рабиъден кылган төмөнкү риваят далил болот: Ал Расулуллах ﷺ менен казатка чыкты. Кошуундун алдында Холид ибн Валид эле. Рабах жана Расулуллах ﷺдын сахабасы бир өлтүрүлгөн аялдын жанынан өтүп калышты. Ал алдыда бара жаткан кошуун тараптан өлтүрүлгөн эле. Алар токтошуп, анын түзүлүшүнө таңданып карай башташты. Ошондо Расулуллах ﷺ улоосу менен алар турган жерге жетип келди. Алар четке чыгып жол беришти. Расулуллах ﷺ аялдын үстүнө келип токтоп:

«مَا كَانَتْ هَذِهِ لِتُقَاتِلَ، فَقَالَ لأَحَدِهِمْ: اِلْحَقْ خَالِدًا فَقُلْ لَهُ: لاَ تَقْتُلُوا ذُرِّيَّةً وَلاَ عَسِيفًا»

**«Бул согушпаган экен - деп, бирөөгө: Холидге барып ага «балдарды да, жалданып иштеп жаткандарды да өлтүрбөгүлө» деп айт»**, - деди. Расулуллах ﷺдын: **«Бул согушпаган экен»**, - деген сөзү, эгер ал аял согушкан болгондо, аны өлтүрүү жайиз экендигине далалат кылып жатат. Демек, хадисте ал аялды өлтүрүүдөн кайтаруунун иллети катары анын согушпаганы көрсөтүлүүдө. Муну Абу Давуд Икримадан риваят кылган төмөнкү хадис да кубаттайт:

«أَنَّ النَّبِيَّ ﷺ مَرَّ بِامْرَأَةٍ مَقْتُولَةٍ يَوْمَ حُنَيْنٍ فَقَالَ: مَنْ قَتَلَ هَذِهِ؟ فَقَالَ رَجُلٌ: أَنَا يَا رَسُولَ اللَّهِ غَنِمْتُهَا، فَأَرْدَفْتُهَا خَلْفِي فَلَمَّا رَأَتِ الْهَزِيمَةَ فِينَا أَهْوَتْ إِلَى قَائِمِ سَيْفِي لِتَقْتُلَنِي فَقَتَلْتُهَا، فَلَمْ يُنْكِرْ عَلَيْهِ رَسُولُ اللَّهِ ﷺ»

**«Набий ﷺ Хунайн күнүндө өлтүрүлгөн бир аялдын жанынан өтүп калып: Муну ким өлтүрдү? - деди. Бир киши: Мен, я Расулуллах, аны олжо кылып алган элем. Улоого учкаштырып алдым эле. Ал биздин жеңилгенибизди көргөн соң мени өлтүрүү үчүн кылычыма жабышты. Ошондуктан, аны өлтүрдүм, - деди. Расулуллах ﷺ анын бул ишин инкар кылбады»**. Бул аркылуу, аял киши эгер согушса, аны өлтүрүү жайиз экендиги, эгер согушпаса жайиз эместиги белгилүү болууда. Шейх фанийге (өтө

картайып калган адамга) келсек, эгер ал кафирлерге пайдасы жана мусулмандарга зыяны тийбей турган даражада карып калган болсо, аны өлтүрүү жайиз болбойт. Анткени, аны өлтүрүүдөн кайтарылганбыз. Ал эми мунун тескериси болсо, анда аны өлтүрүү жайиз болот. Буга Ахмад жана Термизий Самурадан риваят кылган төмөнкү хадис далил болот: Набий ﷺ:

«اقْتُلُوا شُيُوخَ الْمُشْرِكِينَ وَاسْتَحْيُوا شَرْخَهُمْ»

**«Мушриктердин картаңдарын өлтүргүлө, жаштарын тирүү калтыргыла»**, - деген. Бухарий Абу Мусадан риваят кылган хадис да буга далил болот. Набий ﷺ Хунайндан кийин Абу Аамирди Автос кошуунуна башчы кылып жиберди. Ал Дурайд ибн Симмага жолугуп калды. Ал жүз жаштан ашып кеткен эле. Ал согуш иш-чараларын үйрөтүү үчүн келген эле. Ошондуктан, Абу Аамир аны өлтүрдү. Набий ﷺ анын бул ишин инкар кылбады. Ушуга ылайык, Анас риваят кылган хадистен пайдасы да, зыяны да тийбей турган кары адам түшүнүлөт. Мындай адам шейх фаний болуп эсептелет.

Демек, кылуудан кайтарылган бул иштер насста варид болгон нерсе боюнча гана кылынат. Эгер андай болбосо кылынбайт. Ошондуктан, мусулмандардын кафир душмандарга карата кыла турган эч кандай иштери – ырасында бул иш согуш абалында болгон соң – жагымсыз деп эсептелбейт. Бул иш согуштан башка убакта адал болобу же арам болобу, мунун айырмасы жок. Мындан зина сыяктуу эч хостолбостон согушта да, башка убакта да умум арам экендиги жөнүндө насс келген иштер гана мустасна кылынат.

# Согушта жалган иштетүү

Жалгандын баары Курандын катъий нассы менен катъий түрдө арам. Анын арамдыгы диндеги белгилүү өкүмдөрдөн. Анын мусулмандардын кызыкчылыгы үчүн же диндин кызыкчылыгы үчүн болушу менен мунун тескериси болушунун ортосунда айырма жок. Себеби, жалгандын арамдыгы жөнүндөгү насстар эч бир иллеттенбей умумий жана мутлак келди. Аллах Таала айтат:

﴿ إِنَّمَا يَفْتَرِى ٱلْكَذِبَ ٱلَّذِينَ لَا يُؤْمِنُونَ بِـَٔايَٰتِ ٱللَّهِ ۖ ﴾

«***Жалган сөздөрдү Аллахтын аяттарына ыйман келтирбегендер токуп чыгарышат***» [16:105]

Аллах Таала дагы айтат:

﴿ ثُمَّ نَبْتَهِلْ فَنَجْعَل لَّعْنَتَ ٱللَّهِ عَلَى ٱلْكَٰذِبِينَ ﴾

«***...Андан соң Аллахка жалбарып дуба кылалы да, жалганчыларды Аллах наалатташын сурайлы***» [3:61]

Бул мутлактык жана умумийликти башка бир насс гана иллеттеши, мукайяд кылышы жана хостошу мүмкүн. Кандайдыр иллеттөөнү же мукайяд кылууну түшүндүрө турган насс Китепте да, Сүннөттө да келген эмес. Ал эми хостоого келсек, бул жаатта жалгандын арамдыгынан белгилүү бир нерселерди гана истисна кылган насс келген. Ошол белгилүү бир нерселердин өзү гана истисна кылынган. Ошондуктан, ошол белгилүү бир нерселер алкагынан чыгуу эч бир абалда жайиз болбойт. Хадистерде айтылган иштерден далил хостоп койгону гана жалганды арамдыгынан мустасна кылат. Алар төмөнкүлөр: Согуштук абалда, аялга сүйлөөгө туура келгенде жана адамдардын арасын оңдоо үчүн. Бул жаатта насс варид болгон. Мисалы Ахмад, Муслим жана Абу Давуд Умму Гулсум бинт Укбадан мындай дегенин риваят кылды:

«لَمْ أَسْمَعِ النَّبِيَّ ﷺ يُرَخِّصُ فِي شَيْءٍ مِمَّا يَقُولُ النَّاسُ إِلاَّ فِي ثَلاَثٍ: فِي الْحَرْبِ، وَالإِصْلاَحِ بَيْنَ النَّاسِ، وَحَدِيثِ الرَّجُلِ امْرَأَتَهُ وحَدِيثِ الْمَرْأَةِ زَوْجَهَا»

**«Мен Набий ﷺдын адамдар айта турган нерседен бирер нерседе** (жалганга) **уруксат бергенин укпадым. Болгону үч абалда гана уруксат берди: Согушта, адамдардын арасын оңдоо үчүн, кишинин өз аялына жана аялдын өз эрине**

**сүйлөөсү»**. Асма бинт Язидден мындай дегени риваят кылынган: Расулуллах ﷺ:

**«يَا أَيُّهَا النَّاسُ مَا يَحْمِلُكُمْ أَنْ تَتَابَعُوا عَلَى الْكَذِبِ كَتَتَابُعِ الْفَرَاشِ فِي النَّارِ. الْكَذِبُ كُلُّهُ عَلَى ابْنِ آدَمَ حَرَامٌ إِلاَّ فِي ثَلاَثِ خِصَالٍ: رَجُلٌ كَذَبَ عَلَى امْرَأَتِهِ لِيُرْضِيَهَا، وَرَجُلٌ كَذَبَ فِي الْحَرْبِ فَإِنَّ الْحَرْبَ خُدْعَةٌ، وَرَجُلٌ كَذَبَ بَيْنَ مُسْلِمَيْنِ لِيُصْلِحَ بَيْنَهُمَا»**

**«Эй адамдар, эмне үчүн көпөлөк өзүн отко таштагандай өзүңөрдү жалганга таштай бересиңер. Буга силерди эмне үндөйт. Адам баласы үчүн жалгандын баары арам. Болгону үч абалда гана жайиз: Киши өз аялын ыраазы кылуу үчүн ага жалган айтуусу, кишинин согушта жалган иштетүүсү, себеби согуш – бул алдоо, кишинин эки мусулмандын ортосун оңдоо үчүн жалган сүйлөөсү»**, - деген. Ахмад риваяты. Табароний да «Кабир»де риваят кылды. Сахих насс менен жалган арамдыгынан мутасна кылынган мына ушул үч абалдан башка убакта жалган айтуу эч бир адал болбойт. Анткени, насстын умумийлигинен болгону бирер далил хостогон нерсе гана мустасна кылынат. Хадисте келген **«согушта»** сөзүнүн бир гана мааниси бар. Бул маани амалий согуштук абал. Демек, согуштук абалдан башка убакта жалган айтуу таптакыр жайиз болбойт. Ал эми Набий ﷺдын бирер казатка чыкмакчы болсо аны башка нерсе менен жашырганы жөнүндөгү сахих риваятка келсек, анын мааниси мындай, Пайгамбарыбыз ﷺ бирер ишти көздөсө, аны ашкере кылбайт эле. Мисалы, чыгыш тарапка казатка чыкмакчы болсо, батыш тараптагы бир иш жөнүндө сурайт эле жана сапарга даярданат эле. Муну көргөн жана уккан адам Пайгамбар ﷺ батыш тарапка жүрүшкө чыкмакчы болуп жатат деп ойлойт эле. Ал эми Пайгамбарыбыз ﷺ чыгышка жүрмөкчү болуп туруп батышка барамын деп эч качан айткан эмес. Демек, ушуга ылайык, бул вакиънин тескерисин айткандык болбойт. Тескерисинче, ал таврия сыяктуу иш түркүмүнөн болгон бир иш эсептелет. Кала берсе, ал амалий согуштук абалга жана согуш ишине тиешелүү нерсе болуп эсептелет. Анткени, ал душманга каршы амалий согушуу үчүн согуш алып баруу болуп, ал Пайгамбар عليه السلامдын: **«Согуш – бул алдоо»**, - деген сөзүндөгү алдоо түркүмүнө кирет.

Ал эми Муслим риваят кылган төмөнкү:

«مَنْ لِكَعْبِ بْنِ الأَشْرَفِ فَإِنَّهُ قَدْ آذَى اللَّهَ وَرَسُولَهُ، قَالَ مُحَمَّدُ بْنُ مَسْلَمَةَ: أَتُحِبُّ أَنْ أَقْتُلَهُ يَا رَسُولَ اللَّهِ؟ قَالَ: نَعَمْ، قَالَ: فَأْذَنْ لِي فَأَقُولَ، قَالَ: قَدْ فَعَلْتُ، قَالَ: فَأَتَاهُ فَقَالَ: إِنَّ هَذَا – يَعْنِي النَّبِيَّ ﷺ – قَدْ عَنَّانَا وَسَأَلَنَا الصَّدَقَةَ، قَالَ: وَأَيْضًا وَاللَّهِ لَتَمَلُّنَّهُ قَالَ: فَإِنَّا قَدِ اتَّبَعْنَاهُ فَنَكْرَهُ أَنْ نَدَعَهُ حَتَّى نَنْظُرَ إِلَى مَا يَصِيرُ إِلَيْهِ أَمْرُهُ ، قَالَ: فَلَمْ يَزَلْ يُكَلِّمُهُ حَتَّى اسْتَمْكَنَ مِنْهُ فَقَتَلَهُ»

**«Расулуллах ﷺ: Ким Каъб ибн Ашрафка барат. Анткени, ал Аллах жана Расулуна азар берди, - деди. Мухаммад ибн Маслама: Каалайсызбы, я Расулуллах, аны өлтүрүп келемин, - деди. Пайгамбарыбыз ﷺ «Ооба» деди. Мухаммад ибн Маслама: Ага ар нерсени сүйлөшүмө уруксат бериңиз, - деди. Пайгамбарыбыз ﷺ: Уруксат бердим, - деди. Ошондон кийин Мухаммад ибн Маслама Каъбдын алдына келип: Мына бул (т.а. Набий ﷺ) бизди кыйнап жиберди жана бизден садака сурады, - деди. Муну угуп Каъб ибн Ашраф: Силерден да сурадыбы? Аллахка ант болсун, ал али жаныңа тиет, - деди. Мухаммад ибн Маслама: Биз аны ээрчидик эле. Эми анын ишинин акыры кайда барышын көрбөй туруп аны таштап кетүүнү каалабайбыз, - деди. Ушундай көрүнүштө ага тынымсыз сүйлөй берди. Акыры аны колго алууга жетишип, андан соң аны өлтүрдү»,** - деген хадистеги Расулуллах ﷺдын Мухаммад ибн Масламага мындай дегени жөнүндө Жабирден кылынган риваятка келсек, бул да согуштук абалда болот. Мейли, бул хадистеги Мухаммад ибн Маслама айткан сөздөр жалган эмес чындык болуп, каралоо мазмунунда болсо да, бирок, Мухаммад ибн Маслама ар нерсени айтуу үчүн Пайгамбарыбыздан уруксат сураганы жана Пайгамбарыбыз буга уруксат бергени үчүн ушул сөздөрдү айтты. Буга ачык жана ишара менен жалган сүйлөөгө уруксат берүү да кирет. Бул согуштук абалда болот. Ахмад жана Насаий Анастан риваят кылган Хажжаж ибн Илаттын Набий ﷺдан Мекке калкынан өз малын алуу үчүн ал киши жөнүндө каалаган нерсесин сүйлөөгө уруксат сураганы жана Набий ﷺ ага уруксат бергени, ошондуктан ал Мекке калкына: Хайбар калкы мусулмандарды жеңди, - деп айтканы жөнүндөгү кыссага келсек, бул да согуштук абалга тиешелүү. Анткени, ошондо Мекке калкы мусулмандар менен амалий согуш абалында эле.

Хажжаж ибн Илат болсо мусулмандардан эле. Ал өз малын алуу үчүн душман кафирлердин алдына барды. Амалий согуш абалы буга тоскоолдук кылат эле. Себеби, Худайбия сулху мусулмандын Меккеде калган малын амалий согуш өкүмдөрүнөн мустасна кылбаган эле. Ошондуктан, анын жалган айтуусу жайиз болду. Себеби, жалган айтуу согушта гана жана согушуучуларга эле жайиз болуп калбастан, мусулмандардын өз душмандары болгон кафирлерге – эгер алар менен амалий согуш абалында болушса – жалган айтуулары да жайиз болот. Ал эми Баззар:

«اَلْكَذِبُ مَكْتُوبٌ إِلاَّ مَا نَفَعَ بِهِ مُسْلِمٌ، أَوْ دَفَعَ بِهِ عَنْهُ»

**«Жалган жазып коюлат, илла, мусулман пайдалана турган турган нерсе болсо же аны менен өзүнөн** (бирер нерсени) **кетирсе, жазылбайт»**, - деп риваят кылганына келсек, «Мажмауз заваид»де айтылышынча, анын санадында Ришдин жана Абдуррахман ибн Зияд ибн Анъам бар. Бул экөө заиф. Ушуга ылайык, бул заиф хадис болуп эсептелет. Ошондуктан, ал рад кылынат жана хужжат кылынбайт. Себеби, ал далил болууга жарабайт.

Ушундан келип чыгып, жалгандын баары арам болот. Болгону, айтып өткөнүбүздөй, үч абалда адал болот: Согушта, адамдардын ортосун оңдоодо жана кишинин өз аялына, аялдын өз эрине жалган айтуусу. Мындан башка убакта жалган катъий түрдө арам. Себеби, анын арам экендиги Куранда умумий келген болуп, бардык жалганды өз ичине алат. Болгону, хадисте жалган айтуу жогорудагы үч абалга хостоп коюлду. Мына ушул үч абал арамдыктан мустасна кылынды. Демек, мына ушул үч абалда гана жалган айтуу адал болот. Андан башка абалдарда арам болот. Айрыкча, Пайгамбарыбыздын: **«Адам баласы үчүн жалгандын баары арам. Илла, үч абалда гана жайиз»**, - деген хадисинде жана: **«Мен Набий ﷺдын адамдар айта турган нерседен бирер нерседе** (жалганга) **уруксат бергенин укпадым. Илла, үч абалда гана уруксат берди: согушта...»**, - деген хадисте жалган айтуу адал экендиги үч абалга чектеп коюлган соң, демек, бул үч абалдан башка убакта жалган айтуу арам болот деген маани түшүнүлөт. Бул жаатта келген хадистердин бардыгы амалий согуш абалына тиешелүү болуп келди.

Башкалары болсо заиф хадистер болуп, рад кылынат жана хужжат кылынбайт.

Ал эми согуштан башка убакта таврия кылууга келсек, эгер андан угуп жаткан адам вакиънин тескерисин түшүнө турган болсо, (мында лафз сүйлөп жаткан адам жана тыңдоочу адам билген лугат жана умумий истилах боюнча вакиъге да, башкасына да далалат кылбайт) ал жалган болуп, адал болбойт. Мисалы, бир жамаат бирер сөзгө келишип алып, аны бул истилахты (термин) билбей турган кишиге айтуусу сыяктуу, же истилахты сүйлөп жаткан адамдын билиши, угуп жаткан адам болсо аны билбеши сыяктуу, булардын бардыгы жалган болуп, адал болбойт. Себеби, ал мейли сүйлөп жаткан адам үчүн таврия болсо да, бирок, тыңдоочу адам бул лафздан вакиънин тескерисин түшүнөт. Демек, ал таврия деп эсептелбейт жана адал болбойт. Ал эми эгер лафздан вакиълик да жана андан башкасы да түшүнүлө турган болсо, мындай таврия балагат (жетиктик) түрлөрүнүн бири болуп эсептелет. Ал чын сүйлөө болуп, жалган эмес. Мисалы, бир көздүү кишиге: Кана эми, анын эки көзү барабар болуп калса, - деп айтуу сыяктуу. Бул анын акысына дуба болууга да жана анын зыянына дуба болууга да жарайт. Таврия – бул сөздүн эки маанини билдириши. Бири жакын, экинчиси алыскы маани болот. Сүйлөп жаткан адам алыскы маани түшүнүлүшүн каалайт, тыңдоочу адам жакын маанини түшүнөт. Мындай абалда тыңдоочу адам мейли сүйлөп жаткан адам көздөгөн нерсенин тескерисин түшүнсө да, бирок, сүйлөм далалат кылып жаткан вакиънин тескерисин түшүнбөйт. Набий ﷺ таврияга сүкүт сактаган. Мисалы, сахих Бухарийде Анас ибн Малик رضي الله عنهдан мындай дегени риваят кылынган: «**Пайгамбар ﷺ Мединага карай жолго чыкты. Пайгамбарыбыз улоодо Абу Бакр менен бирге эле. Абу Бакр таанымал адам болуп, Пайгамбар ﷺды көпчүлүк адамдар таанybaйт эле. Ошондо бир киши Абу Бакрга жолугуп калып: Эй Абу Бакр, алдыңдагы бул киши ким? - деди. Абу Бакр: Бул киши мага жол көрсөтөт, - деди. Тиги адам мындан жол баштоочу деген маанини түшүндү. Акыйкатта болсо, Абу Бакр жакшылык жолун назарда туткан эле**».

# Жасустук

(Тыңчылык)

Жасустук – бул аңдып кабарларды билип алуу. Лугатта: Аңдып жана жасустук кылып кабарларды билип алуу, - деп айтылат. «Жасус» сөзү ушундан алынган. Себеби, бирер адам кабарларды аңдып билип алган болсо, анда ал жасустук кылган болот. Ошондуктан, ал жасус болуп эсептелет. Ал ачык кабарларды аңдып билип алабы же жашыруун кабарлардыбы, мунун айырмасы жок. Себеби, жасустук деп эсептелиши үчүн аңдып билип алына турган кабарлардын жашыруун болушу т.а. сыр болушу шарт эмес. Тескерисинче, жасустук кабарлардын жашыруун болгонун да, болбогонун да т.а. сыр болгонун да, сыр болбогонун да аңдып билип алуу болуп эсептелет. Ал эми киши аңдыбастан табигый нерселерди көрүп калса, анын иши аңдып кабарларды билип алуу болбосо же иши кабарларды басып таркатуу үчүн чогултуу болсо, же кабарларга маани берсе, булардын бардыгы – ырасында ал кабарларды аңдып билип албаган соң жана анын иши аңдып билип алуу болбогон соң – жасустук болуп эсептелбейт. Ал мындай абалдарда кабарларды күзөткөн болсо да, бул жасустук болуп эсептелбейт. Себеби, жасустук – бул кабарларды аңдып билип алуу максатында аларды көңүл коюп күзөтүү дегени. Кабарларды топтоо үчүн аларды күзөтүп баруучу киши болсо билип алуу максатында терең көңүл коюу менен күзөтпөйт. Тескерисинче, аларды адамдарга таркатуу үчүн топтойт. Ошондуктан, гезиттер жана маалымат агенттиктери кабарчылары сыяктуу кабарларды күзөтүп топтой турган кишилер жасус деп аталбайт. Болгону эгер иши жасустук болсо жана кабарчылыкты чүмбөт кылып алган болсо, мындай абалда ал жасус болот. Ал кабарларды күзөтүп баруучу кабарчы болгону үчүн эмес, тескерисинче, иши жасустук болгону үчүн жана кабарчылыкты чүмбөттөө каражаты кылып алганы үчүн тыңчы болуп эсептелет. Мындай абалды көптөгөн кабарчылардан, айрыкча, согуш абалындагы кафир кабарчылардан күзөтүүгө болот. Жашыруун мекеме жана жашыруун кызматтардын кызматкерлери жөнүндө жана аларга окшоп кабарларды аңдып билип алуучу кимселер жөнүндө айта

турган болсок, алар жасустар болуп эсептелишет. Анткени, алардын иши жасустук.

Жасустук жана жасустун вакиъси мына ушундай. Эми жасустуктун өкүмү кандай экендигине келсек, ал артынан жасустук кылына турган кишилердин кимдер экендигине карай ар түрдүү болот. Эгер мусулмандардын артынан же мусулмандар сыяктуу мамлекеттин жарандары болгон зиммийлердин артынан жасустук кылына турган болсо, бул жайиз эмес, арам. Эгер согуш абалындагы кафирлердин артынан жасустук кылынса – алар хакикий согуштук абалда болобу же хукман согуштук абалда болобу, мунун айырмасы жок – бул иш мусулмандар үчүн жайиз. Халифага болсо важиб. Мусулмандар жана Исламий мамлекеттин жарандарынын артынан жасустук кылуунун арам экендиги Курандын ачык нассы менен сабит. Аллах Таала айтат:

﴿ يَٰٓأَيُّهَا ٱلَّذِينَ ءَامَنُواْ ٱجۡتَنِبُواْ كَثِيرٗا مِّنَ ٱلظَّنِّ إِنَّ بَعۡضَ ٱلظَّنِّ إِثۡمٞۖ وَلَا تَجَسَّسُواْ ﴾

«***Эй момундар, көп күмөндөрдөн четтегиле! Себеби, айрым күмөндөр күнөө! Жана жасустук кылбагыла***» [49:12]

Демек, Аллах Таала бул аятта жасустук кылуудан кайтарды. Бул кайтаруу умумий болуп, бардык жасустукту өз ичине алат. Өзүнүн же башка бирөөнүн пайдасы үчүн жасустук кылуу болобу, мамлекет, жеке адам же уюмдардын пайдасына жасустук кылабы, жасустук кылып жаткан кимсе аким болобу же катардагы жаранбы, мунун айырмасы жок. Кайтаруу ушулардын баарын өз ичине алат. Анткени, аяттагы калам умумий болуп, жасустук лафзы дал келе турган ар бир нерсени өз ичине алат. Демек, алардын бардыгы арам. Ахмад жана Абу Давуд Микдад жана Абу Умамадан мындай дегенин риваят кылышты: Расулуллах ﷺ:

«إِنَّ الأَمِيرَ إِذَا ابْتَغَى الرِّيبَةَ فِي النَّاسِ أَفْسَدَهُمْ»

«**Амир эгер адамдардын арасына шек-күмөн салууну каалаласа, аларды бузат**», - деген.

Эми ушул жерде: Мусулман кишинин жашыруун кызмат мекемесинде, же кылмыш изилдөө бөлүмүндө, же кыла турган иши жасустук болгон башка мекемелерде иштеши жайизби? - деген суроо пайда болот. Буга жооп мындай, мында каралат. Эгер мында милдет мусулмандардын артынан же мусулмандар

сыяктуу мамлекеттин жарандары болгон зиммийлердин артынан тыңчылык кылуу болсо, ал жайиз эмес. Себеби, ал Курандын ачык нассы менен арам кылынган. Мусулман адамга мындай тыңчылык кылууга тыюу салынгандай эле зиммийге да буга тыюу салынат. Себеби, дарул исламда жашаган зиммийге да ислам өкүмдөрү колдонулат. Мындан болгону акыйда жана ибадаттарга тиешелүү нерселер гана мустасна. Ал эми эгер милдет өлкөлөрүбүзгө мустаъмин болуп (амандык сурап) жана муахид болуп (ахд боюнча) кире турган согуш абалындагы кафирлердин артынан тыңчылык кылуу боло турган болсо, бул жайиз болот. Себеби, согуштук абалдагы кафирлердин артынан тыңчылык кылуу жайиз. Алар хакикий согуштук абалда болобу, же хукман согуш абалындабы, мунун айырмасы жок. О.э. жасустук алардын өлкөсүндө болобу же биздин өлкөбүздөбү, мунун да айырмасы жок. Ушуга ылайык, жашыруун кызмат мекемесинин, же кылмыш изилдөө бөлүмдөрүнүн, же ушуга окшогон мекемелердин бар болушу арам эмес, тескерисинче, важиб болот. Алардагы арам иш мусулмандардын артынан жана мусулмандар сыяктуу мамлекет жарандары болгон зиммийлердин артынан тыңчылык кылуу. Ошондуктан, Ислам мамлекетинин мусулмандар жана башка жарандар артынан тыңчылык кылуу үчүн бирер мекеме түзүшү жайиз эмес, тескерисинче, арам болот. Мында «мамлекеттин кызыкчылыгы жарандар жөнүндөгү кабарларды билип турууну талап кылат, мамлекет фитналардын бетин ачуу жана кылмышкерлерди табуу үчүн ушундай кылышы керек» деген нерсе шылтоо кылынбайт. Себеби, мамлекет муну жасустук аркылуу эмес, тескерисинче, шурто жана күзөтчүлөр аркылуу билип алышы мүмкүн. Акылдын мына ошол нерсени пайда деп билиши, же андай эмес деп билиши арам же мубах кылуунун иллети боло албайт. Тескерисинче, шарият эмнени пайда десе, ошол пайда болот. Куран аяттарында бирер нерсенин арам экендиги ачык айтылган болсо, ошол нерсени адал кылууга иллет издөө үчүн андагы пайда жөнүндө сөз кылууга орун калбайт. Себеби, Курандын ачык нассы алдында мунун эч кандай мааниси болбойт. Куранда болсо:

﴿ وَلَا تَجَسَّسُوا ﴾

«***Жасустук кылбагыла***» [49:12]

деп айтылууда. Т.а. жасустук кылуудан кайтарылууда. Бул аяттагы ачык лафз далалат кылып жаткан нерсени башкача түшүнүүгө эч бир жол жок жана бул аяттын умумийлигин хостоп коё турган же андан бирер нерсени мустасна кыла турган эч кандай далил келбеген. Демек, бул аят умумий бойдон калып, тыңчылыктын бардык түрүн өз ичине алат. Ошондуктан, жарандардын артынан жасустук кылуунун бардыгы арам болот.

Бул мусулмандардын артынан же мамлекет жарандары болгон зиммийлердин артынан жасустук кылуу жөнүндө эле. Ал эми мусулмандар жана зиммийлердин согуштук абалдагы кафирлердин артынан жасустук кылуусуна келсек – мында алар хакикий согуштук абалда болобу, же хукман согуш абалындабы, мунун айырмасы жок – бул иш аяттын умумийлигинен мустасна кылынат. Себеби, жасустук арам экендигин хостоп келген т.а. мусулмандар менен зиммийлер артынан жасустук кылуу арам экендигин айткан хадистер келген. Ал эми согуш абалындагы кафирлердин артынан жасустук кылуу мусулмандар үчүн жайиз, халифага т.а. мамлекетке болсо важиб. Ибн Хишамдын «Сийрат»ында ушундай окуя жөнүндө келген. Набий ﷺ Абдулла ибн Жахшты жана аны менен бирге мухажирлерден сегиз кишини жөнөтүп, ага бир кат жазып берди. Бул катты эки күн жол жүргөндөн кийин ачып окууну, анда буйрулган нерселерди аткарууну жана шериктеринен эч кимди буга мажбур кылбоону буйруду. Абдулла ибн Жахш эки күн жол жүргөндөн кийин катты ачып окуду. Анда төмөнкүлөр жазылган эле:

«إِذَا نَظَرْتَ فِي كِتَابِي هَذَا فَامْضِ حَتّى تَنْزِلَ نَخْلَةَ بَيْنَ مَكّةَ وَالطّائِفِ، فَتَرَصّدْ بِهَا قُرَيْشًا، وَتَعَلّمْ لَنَا مِنْ أَخْبَارِهِمْ»

**«Катымды ачып окуганыңдан кийин Мекке менен Тоифтин ортосундагы Нахла деген жерге жетип барганга чейин жүрүштү улант. Ошол жерде Курайшты аңдып, алардын кабарларын бизге билип кел».** Демек, катта Расулуллах ﷺ Абдулла ибн Жахшты Курайштын артынан жасустук кылууга жана анын кабарларын билип келүүгө буйруп жатат. Бирок, Пайгамбарыбыз ﷺ анын шериктеринин барышы же барбашын өздөрүнүн ыктыярына койду. Ал эми Абдулла ибн

Жахштын өзү барышын катъий буйруду. Демек, Расулуллах ﷺ баарынан жасустук кылууну талап кылган болот. Бирок, Пайгамбарыбыз муну Абдуллага катъий буйруган болсо, калгандарын өз ыктыярына койду. Бул болсо, талап жамааттын амирине карата катъий талап экенине, аны менен бирге болгон башкаларга карата катъий болбогон талап экенине далил болот. Демек, бул мусулмандардын душмандын артынан аңдып, жасустук кылуусу арам эмес, жайиз экенине, мамлекетке болсо важиб экенине далил болду. Душмандын артынан аңдып, жасустук кылуу мусулмандар кошууну үчүн зарыл болгон иштердин бири болгону себептүү, демек, кошуундун согушка даярдык көрүшү өзүнүн жасустук кызматы болбостон туруп аягына чыкпайт. Ошондуктан, кошуунда жасустук кызматынын бар болушу мамлекетке важиб болду. Бул «важиб эмне менен ишке ашса, ошол нерсе да важиб» деген коиданын астына кирет.

Бул жасустуктун арам же жайиз, же важиб экендиги жагынан өкүмү. Эми согуш абалындагы кафирлер пайдасына жасустук кыла турган жасуска бериле турган жазага токтоло турган болсок, бул жаза жасустун жарандыгына жана динине карай ар түрдүү болот. Жасус согуш абалындагы кафир болсо, ал өлтүрүлөт. Анын өкүмү ушундай. Буга бир добуштан келишилген. Ага мындан башка өкүм жок. Анын жасус экендиги билинери менен т.а. жасус экендиги далилденери менен ал өлтүрүлөт. Буга Бухарий Салама ибн Акваъдан кылган төмөнкү риваят далил болот:

«أَتَى النَّبِيَّ ﷺ عَيْنٌ مِنَ الْمُشْرِكِينَ وَهُوَ فِي سَفَرٍ، فَجَلَسَ عِنْدَ أَصْحَابِهِ يَتَحَدَّثُ ثُمَّ انْسَلَّ ، فَقَالَ النَّبِيُّ ﷺ: اُطْلُبُوهُ وَاقْتُلُوهُ, فَسَبَقْتُهُمْ إِلَيْهِ فَقَتَلْتُهُ فَنَفَّلَنِي سَلَبَهُ»

**«Набий ﷺ сапарда жүргөн маалында мушриктерден бир жасус келип, сахабалар менен сүйлөшүп отурду. Андан кийин сездирбестен жоголуп кетти. Ошондо Набий ﷺ: Аны издеп таап өлтүргүлө, - деди. Мен ага алардан мурун жетип барып, аны өлтүрдүм. Пайгамбарыбыз ﷺ анын нерселерин мага олжо кылып берди».** Муслимде Икрима риваятынан төмөнкүдөй лафз менен келген:

«فَانْتَزَعَ طَلَقًا مِنْ حَقَبِهِ فَقَيَّدَ بِهِ الْجَمَلَ ثُمَّ تَقَدَّمَ يَتَغَدَّى مَعَ الْقَوْمِ، وَجَعَلَ يَنْظُرُ وَفِينَا ضَعْفَةٌ وَرِقَّةٌ فِي الظَّهْرِ وَبَعْضُنَا مُشَاةٌ إِذْ خَرَجَ يَشْتَدُّ»

**«Ал белбоосунан бышык аркан алып, аны менен төөнү байлады. Андан кийин коум менен түштөнгөнү барды жана тияк-биякка алаңдап карай баштады. Кээ бирлерибиз жөө элек, бешимде бизде бир аз алсыроо жана бошошуу болду эле, ошол замат ал чечкиндүүлүк менен чыгып кетти».** Абу Наим «Мустахраж»ында Яхя Хаманий аркылуу Абу Умайстан кылган риваятта мындай деп келген:

«أَدْرِكُوهُ فَإِنَّهُ عَيْنٌ»

**«Ага жетип, кармагыла. Анткени, ал айгак».** Расулуллах ﷺ анын жасус экендиги анык болору менен «аны издеп таап өлтүргүлө» деген. Бул ушул ртриваяттардан ачык түшүнүлүп турат. Бул болсо, талаптын катъий экендигине карина болот. Демек, жасустун үстүнөн чыгарыла турган өкүм өлтүрүү өкүмү болот. Буга бир добуштан иттифак кылынган. Бул өкүм бардык согуш абалындагы кафир тууралында умумий болот. Мындай кафир муахид болобу же мустаъминби, же башкабы, мунун айырмасы жок. Себеби, алардын бардыгы согуш абалындагы кафир болуп, эгер жасус болсо өлтүрүлөт.

Эми зиммий кафир жасус болсо, мында каралат. Эгер ал зиммийликке кирген убакта жасустук кылбашы шарт кылып коюлган болсо жана ошондон кийин жасустук кылган болсо, ал өлтүрүлөт. Мына ушул шартка амал кылынып өлтүрүлөт. Ал эми ага мындай шарт коюлбаган болсо, анда ал катуу оорута турган таъзир укубаты менен жазаланат. Бирок, аны өлтүрүү имамга важиб эмес. Себеби, ал мамлекеттин жараны болгону үчүн жана зиммийлик келишиминде ага бул нерсе шарт кылынбаганы үчүн, аны өлтүрүү имамга важиб эмес.

Ал эми мусулмандар жана зиммийлерге каршы душмандын пайдасына жасустук кыла турган мусулман жасуска келсек, ал өлтүрүлбөйт. Себеби, Расулуллах ﷺ Фурот ибн Хайянды мушриктердин тыңчысы болгону үчүн өлтүрүүгө буйруганда: «Я Расулуллах, ал мусулман экендигин айтып жатат», - деп айтышты. Ошондо Пайгамбарыбыз андан өлтүрүү өкүмүн алып таштады. Набий ﷺ Абу Давуд риваят кылган хадисте мындай деди:

«إِنَّ مِنْكُمْ رِجَالاً نَكِلُهُمْ إِلَى إِيمَانِهِمْ، مِنْهُمْ فُرَاتُ بْنُ حَيَّانَ»

**«Араңарда ушундай бир адамдар да бар, биз аларды ыймандарына тапшырабыз. Алардын бири Фурот ибн Хайян»**. Демек, аны өлтүрүүдөн кармап калган иллет анын мусулман болгондугу. Бухарий мындай риваят кылды, Али ибн Абу Талиб мындай деди:

«بَعَثَنِي رَسُولُ اللَّهِ ﷺ أَنَا وَالزُّبَيْرَ وَالْمِقْدَادَ بْنَ الأَسْوَدِ وَقَالَ: انْطَلِقُوا حَتَّى تَأْتُوا رَوْضَةَ خَاخٍ فَإِنَّ بِهَا ظَعِينَةً، وَمَعَهَا كِتَابٌ، فَخُذُوهُ مِنْهَا، فَانْطَلَقْنَا تَعَادَى بِنَا خَيْلُنَا، حَتَّى انْتَهَيْنَا إِلَى الرَّوْضَةِ، فَإِذَا نَحْنُ بِالظَّعِينَةِ، فَقُلْنَا أَخْرِجِي الْكِتَابَ، فَقَالَتْ مَا مَعِي كِتَابٌ، فَقُلْنَا: لَتُخْرِجِنَّ الْكِتَابَ أَوْ لَنُلْقِيَنَّ الثِّيَابَ، فَأَخْرَجَتْهُ مِنْ عِقَاصِهَا، فَأَتَيْنَا بِهِ رَسُولَ اللَّهِ ﷺ، فَإِذَا فِيهِ: مِنْ حَاطِبِ بْنِ أَبِي بَلْتَعَةَ إِلَى أُنَاسٍ مِنْ أَهْلِ مَكَّةَ يُخْبِرُهُمْ بِبَعْضِ أَمْرِ رَسُولِ اللَّهِ ﷺ، فَقَالَ رَسُولُ اللَّهِ ﷺ: مَا هَذَا يَا حَاطِبُ؟ قَالَ: يَا رَسُولَ اللَّهِ لاَ تَعْجَلْ عَلَيَّ، إِنِّي كُنْتُ امْرَأً مُلْصَقًا فِي قُرَيْشٍ، وَلَمْ أَكُنْ مِنْ أَنْفُسِهَا، وَكَانَ مَنْ مَعَكَ مِنَ الْمُهَاجِرِينَ لَهُمْ قَرَابَاتٌ بِمَكَّةَ يَحْمُونَ بِهَا أَهْلِيهِمْ وَأَمْوَالَهُمْ، فَأَحْبَبْتُ إِذْ فَاتَنِي ذَلِكَ مِنَ النَّسَبِ فِيهِمْ أَنْ أَتَّخِذَ عِنْدَهُمْ يَدًا يَحْمُونَ بِهَا قَرَابَتِي، وَمَا فَعَلْتُ كُفْرًا، وَلاَ ارْتِدَادًا، وَلاَ رِضًا بِالْكُفْرِ بَعْدَ الإِسْلاَمِ، فَقَالَ رَسُولُ اللَّهِ ﷺ: لَقَدْ صَدَقَكُمْ، قَالَ عُمَرُ: يَا رَسُولَ اللَّهِ دَعْنِي أَضْرِبْ عُنُقَ هَذَا الْمُنَافِقِ، قَالَ: إِنَّهُ قَدْ شَهِدَ بَدْرًا، وَمَا يُدْرِيكَ لَعَلَّ اللَّهَ أَنْ يَكُونَ قَدِ اطَّلَعَ عَلَى أَهْلِ بَدْرٍ فَقَالَ: اعْمَلُوا مَا شِئْتُمْ فَقَدْ غَفَرْتُ لَكُمْ»

**«Расулуллах ﷺ мени менен Зубайр жана Микдад ибн Асвадды жөнөтүп: Жолго чыгып Хох деген бакка барсаңар, сапарга чыккан бир аялды көрөсүңөр. Анда бир кат бар, ал катты андан алгыла, - деди. Биз жолго чыктык. Жарыша чаап ошол бакка жетип келдик жана ал аялга жолуктук. Ага: Катты алып чык, - дедик. Ал: Менде эч кандай кат жок, - деди. Биз: Же катты бересиң, же кийимдериңди чечип таштайбыз, - дедик. Ошондо ал катты чачынын арасынан чыгарып берди. Биз аны Расулуллах ﷺга алып келдик. Анда: Хатиб ибн Абу Балтаадан Мекке калкынан кээ бир адамдарга, - деп жазылган эле. Хатиб аларга Расулуллах ﷺдын иштеринен кээ бир нерселерди кабарлаган эле. Расулуллах ﷺ: Бул эмне, эй Хатиб? - деп**

**сурады. Хатиб: Я Расулуллах, мен тууралуу шашылбаңыз. Мен өзүн Курайшка нисбат берген бир адаммын, бирок өзүм алардан эмесмин. Сиз менен бирге болгон мухажирлердин Меккеде жакындары бар, алардын жардамында өз үй-бүлөлөрүн жана малдарын коргошот. Мына ошондой тууган-урук менде жок болгондуктан алардан колдоо таап, жакындарымды коргоосун кааладым. Мен эч бир куфр иш да, муртаддык да кылбадым, исламдан кийин куфрга ыраазы болгон жокмун, - деди. Расулуллах ﷺ: Ал силерге чын айтты, - деди. Ошондо Умар: Я Расулуллах, мага уруксат бериңиз бул мунафыктын мойнун үзүп таштайын, - деди. Пайгамбарыбыз ﷺ: Ал Бадрда катышкан. Кайдан билесиң, ыктымал, Аллах Бадр калкына кабар кылып «каалаган нерсеңерди кылгыла, Мен силерди магфират кылдым» деп айткандыр, - деди».** Бул хадисте Хатибдин мусулмандар зыянына жасустук кылганы жана Расулуллах ﷺ аны өлтүрбөгөнү сабит болду. Бул мусулман жасус өлтүрүлбөшүнө далил. Мында «бул Бадр ахлине хос болгон өкүм, себеби, бул хадисте Хатибдин Бадр ахлинен экендиги иллет кылып келтирилүүдө» деп айтуу туура эмес. Себеби, бул насс мейли иллеттөөнү ифадалап келген болсо да жана иллеттик мазмуну түшүнүлө турган көрүнүштө келтирилген болсо да, бирок, Ахмаддын Фурот ибн Хайян жөнүндө ал мусулман болгону үчүн андан өлтүрүү өкүмү алып ташталганы тууралуу риваят кылган хадиси бул хадистен иллеттик мазмунун жок кылат жана аны вакиънин васфына айландырат. Себеби, Фурот ибн Хайян Бадр ахлинен эмес эле. «Абу Давуд риваятындагы Фурот ибн Хайян жөнүндөгү хадистин иснадында Абу Хаммам Даллал Мухаммад ибн Мухаббаб бар, анын Суфян Саврийден риваят кылган хадиси хужжат кылынбайт», - деп айтылбайт. Себеби, Ахмад риваятында бул хадисти Суфяндан Бишр ибн Сарий Басрий риваят кылган. Ал болсо хадисин хужжат кылууга Бухарий жана Муслим макул болгон кишилерден. Демек, бул хадис сабит болуп, ал хужжат кылынат жана ал мусулман жасус өлтүрүлбөшүнө, тескерисинче, казы же халифа кандай раъй билдирсе, ошол раъйга ылайык камакка алынышына, же башка нерсе менен жазаланышына далил болот.

Булардын бардыгы согуш абалындагы кафир душмандын пайдасына мусулмандар жана зиммийлерге каршы жасустук кылуу жөнүндө болду. Ал эми согуш абалындагы кафирдин пайдасына эмес, тескерисинче, жөн гана жасустук кылуу үчүн, же мусулмандар пайдасына, же мамлекеттин пайдасына мусулмандар артынан жасустук кылууга келсек, ал мейли арам болсо да, бирок, шарият бул күнөө үчүн бериле турган белгилүү бир жазаны белгилеп берген эмес. Демек, анын жазасы таъзир берүү болот.

# Тынчтык келишими

Мусулмандар менен кафирлер ортосунда тынчтык келишимин (акд-уль-хидана) түзүү жайиз. Себеби, Расулуллах ﷺ Худайбийя жылында Курайш менен тынчтык келишимин түзгөн. Бирок, ал жайиз болушу үчүн жихад же даъватты жаюу талап кыла турган бир кызыкчылык болушу шарт. Анын жайиз экендиги ушуга чектелген. Себеби Расулуллах ﷺга, ал киши Худайбийяга барышынан мурда, Хайбар калкы менен Мекке калкы мусулмандарга чабуул кылууга тил бириктиргени жөнүндөгү кабар жеткен эле. Ошондуктан, Пайгамбарыбыз ﷺ Худайбиядан кайтып келери менен Хайбарга чабуул кылууга шашылды жана падышалар менен амирлерди Исламга даъват кылып, аларга элчилерди жиберүүгө да шашылды. Бул болсо, «Худайбия келишими» жихадга жана даъватты жаюуга тиешелүү бир кызыкчылык үчүн болгонуна далалат кылат. Себеби, Пайгамбарыбыз ﷺ Курайш менен келишүүгө жетишкенден кийин Хайбарга каршы согушууга жана падышалар менен амирлерди даъват кылууга колу бошоду. Ошондуктан, мындай кызыкчылык жок болгон убакта келишим жайиз болбойт. Себеби, тынчтык келишими – бул фарз кылынган согушту таштоо. Бул таштоо болсо жалаң гана согушка бир васита боло турган абалда гана жайиз болот. Себеби, бул келишим мындай убакта маънан согуш болот. Аллах Таала айтат:

﴿ فَلَا تَهِنُوا۟ وَتَدْعُوٓا۟ إِلَى ٱلسَّلْمِ وَأَنتُمُ ٱلْأَعْلَوْنَ وَٱللَّهُ مَعَكُمْ وَلَن يَتِرَكُمْ أَعْمَٰلَكُمْ ﴾

«***Ошондуктан*** *(эй момундар),* ***силер*** *(кафирлерге каршы согушуп жатканыңарда эч качан)* ***суздук кылбагыла жана өзүңөр үстөм болгон абалыңарда*** *(аларды)* ***жарашууга да чакырбагыла! Аллах силер менен бирге жана кылган амалдарыңарды текке кетирбейт***» [47:35]

Тынчтык келишими себептүү кызыкчылык жүзөгө чыга турган болсо, бул келишимдин белгилүү бир мөөнөтү белгилеп коюлушу керек. Мөөнөтүн белгилебей мындай келишим түзүү жайиз болбойт. Себеби, бул убактылуу келишим болуп, анын мөөнөтүн белгилебөө аны фасад кылат. Себеби, мындай абал бул келишимдин түбөлүктүү болуп калышын талап кылат. Тынчтык келишимин түзүүдө буга тыюу салынган. Жихад

түбөлүктүү калышы үчүн түбөлүктүү тынчтык келишимин түзүүгө тыюу салынат. Себеби, түбөлүктүү тынчтык келишимин түзүү жихадга тоскоолдук кылат. Жихад болсо фарз. Ошондуктан, мындай келишимде белгилүү бир мөөнөттү белгилеп коюу анын туура болушу шарттарынын бири болуп эсептелет. Ошондуктан, эгер мындай келишимде белгилүү бир мөөнөт белгилеп коюлбаса, аны түзүү фасад келишим болот. Ушул себептен улам, тынчтык келишими белгилүү бир мөөнөткө түзүлөт. Себеби, Худайбийя келишиминде белгилүү бир мөөнөт белгилеп коюлган эле.

Эгерде тынчтык келишими туура түзүлсө, анын мөөнөтү бүткөнгө чейин же кафирлер аны бузганга чейин алардан тыйылышыбыз (т.а. кафирлерге каршы согушуудан өзүбүздү тыйышыбыз) жана бул келишимге амал кылышыбыз керек болот. Аны бузуу алар тараптан берилген бирер билдирүү себептүү, же бизге каршы согушуусу, же өлкөбүздөгү бирер мусулман же зиммийдин өлтүрүлүшү, же түзүлгөн келишим шарттарына тескери болгон бирер нерсени кылышып, калгандары муну сөз жана иш менен четке кагышпаганы себептүү болот. Эгер ушул нерселер жүз берсе, алардын бардыгы туурасындагы келишим бузулат. О.э. эгер мамлекет кафирлердин келишимди буза турган бирер нерсе менен кыянат кылышынан кооптонсо жана бул жаатта бирер белги көрүнсө, бул да келишимди бузат. Мындай бирер нерсе жүз бере турган болсо кафирлерге күнбү же түнбү, ар кандай убакта чабуул кылуу жайиз болот. Себеби, алардын келишимди бузуулары мусулмандардын аларга каршы согушуусун жана алар менен түзүлгөн келишимди бузуусун адал кылып коёт. Себеби, Расулуллах ﷺ Курайш менен келишим түзүп, Курайш тынчтык келишимин бузгандан кийин Пайгамбарыбыз ﷺ үчүн мурун аларга карата кылышы арам болгон нерсе адал болуп калды. Ошондуктан, Пайгамбарыбыз ﷺ аларга каршы согушуп, Меккени фатх кылды. Себеби, тынчтык келишими убактылуу келишим болуп, мөөнөтү бүтүшү менен же бузулушу менен аяктайт. Аллах Таала айтат:

﴿ فَمَا ٱسۡتَقَٰمُواْ لَكُمۡ فَٱسۡتَقِيمُواْ لَهُمۡۚ ﴾

*«Алар убадаларында бек турушкан болсо, силер да убадаңарда тургула!»* [9:7]

﴿ وَإِمَّا تَخَافَنَّ مِن قَوْمٍ خِيَانَةً فَٱنۢبِذْ إِلَيْهِمْ عَلَىٰ سَوَآءٍ ﴾

«***Эгер*** *(араңарда убада-келишим болгон)* ***бирер коум тараптан кыянатты сезсең, сен да аларга дал ошондой кылып таштагын***» [8:58]

﴿ وَإِن نَّكَثُوٓاْ أَيْمَٰنَهُم مِّنۢ بَعْدِ عَهْدِهِمْ وَطَعَنُواْ فِي دِينِكُمْ فَقَٰتِلُوٓاْ أَئِمَّةَ ٱلْكُفْرِ ۙ إِنَّهُمْ لَآ أَيْمَٰنَ لَهُمْ لَعَلَّهُمْ يَنتَهُونَ ﴾

«***Эгер келишим кылгандарынан кийин анттарын бузушса жана диниңерге тил тийгизишсе, анда*** *(бул кылмыштарынан)* ***токтоосу үчүн куфр жетекчилерине каршы согушкула! Анткени, алардын анты – ант эмес***» [9:12]

Эгер душмандар тынчтык келишиминин шарттарын бузушса жана биз менен болгон мамилелеринде, иш-аракеттеринде бул келишимге амал кылышпаса, демек, алар бизди берген убадабыздан азат кылган болушат. Бул аркылуу бизге алардын каны жана малы адал болуп калат о.э. аларга каршы согушуу важиб болот. Демек, алар бизге каршы согушкандан баштап аларга каршы согушуубуз жана алар келишимди бузушкандан тартып биз да алар менен түзүлгөн тынчтык келишимин бузушубуз важиб болот.

# Аскерий союздар

(Ахлаафун аскарий)

«Халфун» сөзү лугатта ахд (убада-шерт) жана садакатка (достук-берилгендик) карата айтылат. Бирок, халфун сөзү учурда көбүрөөк аскерий келишимдерге (шартнама, союздарга) карата колдонула турган терминге айланып калды. Аскерий союздар эки же көп мамлекеттер ортосунда түзүлө турган шартнамалар болуп, алар боюнча ошол эки мамлекеттин кошуундары ортоктош душманга каршы биргеликте согуша турган болот же аскерий маалыматтар жана аскерий куралдар өз ара алмаша турган болот, же эки мамлекеттин бири согушка кире турган болсо экинчиси да аны менен бирге согушка киришине өз ара келишишет. Экинчи мамлекеттин согушка кириши же кирбеши ушул эки мамлекет кайсынысын пайдалуу деп билсе ошого карай болот. Бул союздар эки мамлекеттин ортосунда түзүлө турган эки жактама шартнамалар болушу мүмкүн, же болбосо, үч же андан көп мамлекеттердин ортосунда түзүлүшү да мүмкүн. Бирок, бул шартнамаларда ушул шартнамадагы мамлекеттердин бирине болгон кол салуу алардын баарына болгон кол салуу деп эсептелбейт. Тескерисинче, эгер алардын бирине кол салуу жүз берсе, чабуул кылынган ушул мамлекет өзү аскерий союз түзгөн ошол мамлекеттер менен өз ара кеңешет жана ушул мамлекеттердин кызыкчылыктарына карай кол салган мамлекетке каршы согуш жарыя кылынат же андай жарыя кылынбайт. Бул союздар жамааттык шартнамалар болушу да мүмкүн. Мында ушул шартнамага кирген мамлекеттердин бирине чабуул кылынса алардын баарына кылынган чабуул деп эсептелет. Ошондуктан, бул мамлекеттердин бири бирер мамлекетке каршы согушка кирсе, шартнамадагы бардык мамлекеттер ошол мамлекетке каршы согуш абалында болуп калат. Бул союздардын бардыгы – эки жактама шартнамалар болобу же жамааттык шартнамаларбы, эч айырмасыз – кошуундун өз союздашын жана анын вужудун коргоо үчүн ушул союздаш менен биргеликте согушка киришүүсүн анык кылып коёт. Мында кошуундар бир нече командачылык же бир командачылык астында болгонунун айырмасы жок.

Бул союздаштар негизинен бери батыл. Аларды түзүү шаръий жактан батыл болуп, үммөт аларга амал кылбайт. Ал тургай, аларды мусулмандар халифасы түзгөн болсо да. Себеби, мындай союздар шариятка тескери келет. Анткени, алар мусулманды кафирдин амр-буйругу жана куфр байрагы астында согуша турган кылып коёт, мусулманды куфр вужудун сактап калуу үчүн согушууга мажбурлайт. Булардын бардыгы арам. Мусулмандын мусулман амр-буйругу астында жана Ислам байрагы астында гана согушуусу адал. Эгер андай болбосо арам болот. Сахих хадисте кафирлер байрагы жана амр-буйругу астында согушуудан кайтарылганбыз. Ахмад жана Насаий Анастан риваят кылат, Расулуллах ﷺ:

«لاَ تَسْتَضِيئُوا بِنَارِ الْمُشْرِكِينَ»

**«Мушриктер жаккан оттун жарыгынан пайдаланбагыла»**, - деген. Т.а. мушриктер жаккан отту өзүңөргө жарыктык кылып албагыла. Мындагы от согушка киная. «Согуш отун жакты» деген сөз бар. «Коркууга салуу оту» деп арабдар жахилиятта өз ара союз түзүшкөн убакта жага турган отту айтышкан. Хадисте мушриктер менен жанма-жан туруп согушка кирүүдөн жана алардын раъйын алуудан киная кылынууда. Демек, бул хадистен мушриктер менен жанма-жан туруп согушка кирүүдөн кайтаруу түшүнүлөт.

Кала берсе, мындай союздар кафирлердин өз мамлекеттерин сактап калып, мусулмандар менен жанма-жан туруп согушуусун да т.а. жеке адамдар катары эмес, тескерисинче, бир мамлекет катары согушуусун камсыздайт. Расулуллах ﷺ болсо кафирлерден өз алдынча бир мамлекет катары жардам суроодон кайтарган. Зоххак риваят кылган хадисте төмөнкүдөй келет:

«أَنَّ رَسُولَ اللَّهِ ﷺ خَرَجَ يَوْمَ أُحُدٍ فَإِذَا كَتِيبَةٌ حَسْنَاءُ أَوْ قَالَ خَشْنَاءُ فَقَالَ: مَنْ هَؤُلاَءِ؟ قَالُوا: يَهُودُ كَذَا وَكَذَا. فَقَالَ: لاَ نَسْتَعِينُ بِالْكُفَّارِ»

**«Расулуллах ﷺ Ухуд күнүндө чыгып хасна же хашна деген аскерий топко жолукту. Пайгамбарыбыз: Булар кимдер? - деп сураганда: Балан-балан яхудийлер, - деп жооп беришти. Ошондо Пайгамбарыбыз: Биз кафирлерден жардам сурабайбыз, - деди»**. Бул хадисти Табароний «Кабир» жана «Авсат»та риваят кылды. Хафиз Абу Абдулла кабар

кылып, Абу Хамид Соидийге нисбат берилген санады менен төмөнкү хадисти келтирип, мындай деди:

«خَرَجَ رَسُولُ اللَّهِ ﷺ حَتَّى إِذَا خَلَّفَ ثَنِيَّةَ الْوَدَاعِ إِذَا كَتِيبَةٌ قَالَ: مَنْ هَؤُلاَءِ؟ قَالُوا: بَنِي قَيْنُقَاعٍ وَهُوَ رَهْطُ عَبْدِ اللَّهِ بْنِ سَلاَمٍ قَالَ: وَأَسْلَمُوا؟ قَالُوا: لاَ، بَلْ هُمْ عَلَى دِينِهِمْ، قَالَ: قُولُوا لَهُمْ فَلْيَرْجِعُوا، فَإِنَّا لاَ نَسْتَعِينُ بِالْمُشْرِكِينَ»

**«Расулуллах ﷺ жолго чыгып Санийятул Вадаъдан өткөн убакта бир аскерий топко жолугуп: Булар кимдер? - деп сурады. Алар Бани Койнукодон, Абдулла ибн Саламдын туугандары, - деп жооп беришти. Пайгамбарыбыз: Алар Исламга киришкенби? - деп сурады. Жок, алар өз дининде калышкан, - деп жооп беришти. Ошондо Пайгамбарыбыз: Аларга айткыла, артына кайтып кетишсин, себеби, биз мушриктерден жардам сурабайбыз, - деди».** Демек, Расулуллах ﷺ яхудийлерден жардам суроону четке какты жана «кафирлерден жардам сурабайбыз», «мушриктерден жардам сурабайбыз» деп умумий сийгада айтты. Ушул орунда: «Биз душманыбызга каршы кафирлерден жардам сурайбыз, анткени, кафирден жардам суроо жайиз, себеби, Расулуллах ﷺ Ухудда өзү менен бирге Козмандын бир сапта согушка киришине унчукпады. Акыйкатта болсо, ал кафир эле. Пайгамбарыбыз согушта Хайбар яхудийлеринен болгон бир нече адамдан жардам сурады го», - деп айтылбайт. Себеби, кафирлерден жардам суроо качан гана алар жеке адамдар болуп, мусулмандар байрагы астында болушса, мына ошондо гана жайиз болот. Анткени, Расулуллах ﷺ жардам сураган кимселер жеке адамдар эле. Ошондуктан, өз уруусу жана бир башчысы бар болгон Бани Койнуко яхудийлери Расулуллах ﷺ менен бирге бир сапта туруп согушуу үчүн келишкен убакта – алар мындан мурун бир мамлекет катары Расулуллах ﷺ менен келишим түзүшкөн эле – жана алар Абдулла ибн Саламдын туугандары деп айтылган убакта Пайгамбарыбыз алардан мына ушундай көрүнүштө жардам алуудан баш тартты. Ушуга ылайык, кафир мамлекет байрагы астындагы кафир армиядан жардам суроо жайиз болбойт.

Имам Сарахсий Мабсутта китабуссиярда мындай дейт: **«Зоххак** رضي الله عنه **хадисинен** (варид болгондой),

« أَنَّ رَسُولَ اللَّهِ ﷺ خَرَجَ يَوْمَ أُحُدٍ فَإِذَا كَتِيبَةٌ حَسْنَاءُ أَوْ قَالَ خَشْنَاءُ فَقَالَ: مَنْ هَؤُلاَءِ؟ قَالُوا: يَهُودُ كَذَا وَكَذَا فَقَالَ: لاَ نَسْتَعِينُ بِالْكُفَّارِ»

**Расулуллах ﷺ Ухуд күнүндө чыгып, хасна же хашна деген аскерий топко жолукту. Пайгамбарыбыз: Булар кимдер? - деп сураганда:: Балан-балан яхудийлер, - деп жооп беришти. Ошондо Пайгамбарыбыз: Биз кафирлерден жардам сурабайбыз, - деди».** Бул хадис төмөнкүдөй таъвил кылынат: Алар мусулмандар байрагы астында согушпастыкка катуу сөз беришкен эле. Ошондуктан, биздин раъйыбыз мындай, биз алардан эгер мусулмандар байрагы астында согушса гана жардам алабыз. Эгерде өздөрүнүн байрагы астында согушмакчы болушса алардан жардам албайбыз. Анас Набий ﷺдан риваят кылган:

«لاَ تَسْتَضِيئُوا بِنَارِ الْمُشْرِكِينَ»

**«Мушриктер жаккан оттун жарыгынан пайдаланбагыла»**, - деген хадистин таъвили ушундай. Ахмад жана Насаий риваяты. Набий ﷺ дагы:

«أَنَا بَرِيءٌ مِنْ كُلِّ مُسْلِمٍ قَاتَلَ مَعَ مُشْرِكٍ»

**«Мен мушрик менен бирге** (бир сапта туруп) **согушкан ар бир мусулмандан беземин»**, - деген. Т.а. эгер мусулман мушриктер байрагы астында болсо.

Ушундан белгилүү болгондой, кафир мамлекеттер менен аскерий союздар түзүү арам. Мусулман адамдын аскерий (согуштук абалдагы) кафирди коргоо үчүн өз канын төгүүсү адал эместигине негиз мындай, мусулман киши адамдар куфрдан чыгып Исламга кирүүсү үчүн гана алар менен согушат. Ал эми кафирлердин куфрдан дагы куфрга кирүүсү үчүн мусулман кишинин алар менен согушуусу жана мында өз канын төгүүсү арам.

# Жайиз шартнамалар

(муъахадатуль жаиз)

Исламий мамлекет сулх жана тынчтык шартнамаларын (ахд), жакшы кошуначылык шартнамаларын, сакофий шартнамалар, соода жана финансылык шартнамалар ж.б.у.с. исламий даъваттын кызыкчылыгы талап кыла турган шартнамаларды түзүшү мүмкүн. Бул шартнамалар Ислам макулдай турган шарттар менен түзүлөт. Ошондуктан, бул шартнамалар Ислам макулдабай турган шарттарды өз ичине ала турган болсо, Исламда дурус болбой турган мындай шарттар бекер кылынат жана шартнама калган шарттар боюнча аткарылуу күчүндө кала берет. Себеби, шариятка тескери келе турган шарттардын бардыгы батыл. Мейли, аларга мусулмандар халифасы ыраазылык берсе да. Эгер Исламий Мамлекет менен душмандын ортосунда согуштук абал болсо, Исламий мамлекет бул душман менен тынчтык шартнамасын жана сулх (жарашуу) шартнамасын түзүшү жайиз болот. Бул шартнаманы ошол кездеги абалдын талабы боюнча жана даъват кызыкчылыгы талап кыла турган нерсеге ылайык түзөт. Исламий мамлекет эгер даъват кызыкчылыгы талап кыла турган бир иш себептүү бирер кошуна мамлекет менен же алыстагы мамлекет менен тынч жана достук мамилелерди орнотуу пикирине келсе ошондой кылышы жайиз болот. Себеби, мамлекет кафирлер менен боло турган жарашууларда аларга даъватты жеткирүүнүн жана аларда Ислам жөнүндө рай амманы (коомдук пикирди) пайда кылуунун бир куралын табышы мүмкүн. О.э. бул мамилелер жардамында өтө чоң бир жамандыктын алдын алуу же башка бир душманга сокку берүү чарасын табышы да мүмкүн. Ошондуктан, Исламий мамлекеттин кошуна мамлекеттер менен жакшы кошуначылык шартнамасын түзүшү жайиз болот. О.э. кошуна болбогон мамлекеттер менен белгилүү бир мөөнөткө чабуул кылбастык жөнүндөгү шартнамаларды түзүшү да жайиз болот. Эгерде мамлекет мында исламий даъватты жеткирүүнүн же мусулмандарды коргоонун бир жолун көрсө, же Ислам жана мусулмандар үчүн же исламий даъваттын жүрүшү үчүн кандайдыр кызыкчылык бар деп билсе ошондой шартнамаларды түзүшү жайиз. Себеби, Расулуллах ﷺ

душманга каршы согушуу үчүн мусулмандар кошууну өтүп бара турган жолдордун коопсуздугун камсыздоо максатында Бани Мудлаж жана Бани Замра менен шартнама түзгөн. Пайгамбарыбыз мамлекеттин Шам өлкөлөрү аймагындагы Рум тараптан болгон чегараларынын коопсуздугун камсыздоо үчүн Табукта Юханна ибн Руъба менен да шартнама түзгөн. Ошондуктан, эгер согушула турган бирер коум белгилүү бир жылдарга чейин эч нерсесиз жарашуу талабы менен чыкса, халифа муну көрүп чыгат. Эгер муну мусулмандар үчүн – алардын күч-кубатын күчөтүү үчүн же башка нерсе үчүн – жакшылык деп билсе талапты кабыл алат. Буга Аллах Тааланын төмөнкү аяты далил болот:

﴿ وَإِن جَنَحُواْ لِلسَّلۡمِ فَٱجۡنَحۡ لَهَا ﴾

***«Эгер алар тынчтыкка ыкташса, сен да ага ыктагын »*** [8:61]

Дагы бир далил, Расулуллах ﷺ Худайбийя жылында Мекке калкы менен өзүнүн ортосундагы согушту белгилүү бир мөөнөткө токтотуу туурасында алар менен сулх түзгөн. Расулуллах ﷺга Хайбар калкы менен Мекке калкы мусулмандарга чабуул кылуу туурасында тил бириктиришкени жөнүндөгү кабардын жетип келиши ушул сулхтун түзүлүшүнө себеп болду. Ошондон кийин Пайгамбарыбыз ﷺ Курайш менен жарашуу келишимин түзүп Хайбарга каршы согушуу үчүн кетти.

Жайиз болгон бардык жарашуу келишимдерин түзүү же түзбөстүк маселеси халифанын раъйы жана ижтихадына сунушталат. Себеби, халифа назир (көзөмөлдөөчү) кылып тикеленет. Мусулмандардын күч-кудуретин сактап калуу да эң абалкы назир түркүмүнө кирет. Мисалы, халифа – эгер кафирлер күч-кудуретке ээ болсо же күчтүү бир коумга сокку берүү үчүн дарул харбдын ичкерисине кирип баруу керек болсо – жарашуу келишиминде мусулмандар үчүн кызыкчылык бар деген пикирге келиши, ошондуктан, өзүнүн жолунда тоскоол болуп турган кимселер менен жарашуу келишимин түзүүдөн башка айла жок деп билиши мүмкүн. Демек, бул маселе халифанын раъйына сунушталат. Халифа эмне кылуу керектигин мусулмандар үчүн эмнени жакшылык деп билсе ошого карай белгилейт. Ошондуктан, эгер жарашуу келишими

мусулмандар үчүн жакшы болбой турган болсо кафирлер менен жарашуу туура болбойт. Буга Аллах Тааланын төмөнкү аяты далил болот:

﴿ فَلَا تَهِنُواْ وَتَدۡعُوٓاْ إِلَى ٱلسَّلۡمِ وَأَنتُمُ ٱلۡأَعۡلَوۡنَ ﴾

«***Ошондуктан,*** *(эй момундар),* ***силер суздук кылбагыла жана өзүңөр үстөм болгон абалыңарда*** *(кафирлерди)* ***жарашууга да чакырбагыла!***» [47:35]

Дагы бир далил мындай, кафирлерге каршы согушуу фарз. Фарз болгон нерсени себепсиз таштап коюу жайиз болбойт. Ошондуктан, эгер согушула турган бирер падыша же ханзада, же мамлекет мусулмандардан зиммийлик келишими түзүлүшүн талап кылса, бул үчүн өзүнүн калкында эмнени каалаcа ошону менен өкүм жүргүзүү ыктыярын, дарул исламда дурус болбой турган өлтүрүү, же дарга асуу, же башка нерселер менен өкүм жүргүзүү ыктыярын өзүнө калтырууну шарт кылып койсо, мындай талап кабыл алынбайт. Себеби, зулумду жоготуу мүмкүнчүлүгү болуп туруп ага унчукпай туруу арам. Кала берсе, зиммий деп мамилелерге тиешелүү нерселерде ислам өкүмдөрүнө амал кыла турган кишиге карата айтылат. Демек, падыша, же ханзада, же мамлекет талап кылган мына ушул шарт зиммийлик келишиминин талабына тескери келет. Ошондуктан, ал батыл шарт болуп эсептелет. Ушуга ылайык, сулх жана зиммийлик келишиминде Исламда дурус болбой турган шарт бар болсо мындай шарт бекер кылынат. Себеби, Пайгамбарыбыз ﷺ:

«أَيُّمَا شَرْطٍ لَيْسَ فِي كِتَابِ اللَّهِ فَهُوَ بَاطِلٌ»

**«Кайсы шарт Аллахтын Китебинде болбосо, ал батыл»**, - деген. Бухарий риваяты. Эми эгер падыша, же ханзада, же мамлекет сулхту жана зиммийликти талап кылса о.э. Ислам өкүмүнө ыраазы болсо, аны коргоо мусулмандардын мойнундагы милдетке айланат жана ага Ислам менен өкүм жүргүзүлөт, ал өкүм жүргүзүп келген мамлекет исламий өлкөлөрдүн катарына кирет. Бул өлкөлөрдү коргоо исламий өлкөнү коргоо болуп калат, бул өлкөлөрдүн калкына жардам берүү мусулмандарга жардам берүү сыяктуу бир важибге айланат.

## Мажбурий шартнамалар

Кээде мусулмандар кыйын абалга түшүп калышы мүмкүн. Мындай абал аларды түпкүлүгүндө жайиз болбой турган, бирок, зарылдык талап кыла турган иштерге макул болууга мажбур кылат. Исламий мамлекеттин ички же тышкы кризиске учуроосу аны кээ бир шартнамаларды түзүүгө мажбур кылат. Бул шартнамалар даъватты жеткирүүгө же Аллах жолунда согушууга түздөн-түз алып барбайт, бирок, келечекте даъватты жеткирүү мүмкүнчүлүгүн бериши же даъваттын токтоп калышына чек коюшу, же мусулмандар вужудун сактап кала турган шарттарды пайда кылууну жеңилдетиши мүмкүн. Мындай шартнамаларды түзүүгө зарылдык мажбурлайт. Ошондуктан, халифанын бул шартнамаларды түзүшү жайиз жана алар мусулмандарга карата аткаруу күчүндө болот. Бул шартнамаларды түзүү фукахалар көрсөтүп өткөн төмөнкү эки абалда жүз берет:

Биринчи абал: Эгер согушула турган бирер коум мусулмандардан белгилүү бир жылга чейин жарашуу келишимин түзүүнү талап кылып, бул үчүн өлкөсүндө өздөрүнө Ислам өкүмдөрү колдонулбашын, мусулмандарга ар жылы белгилүү бир нерсени хирож катары төлөп турууну шарт кылып коюшса, бул талап кабыл алынбайт. Себеби, бул куфрга сүкүт сактоо болуп эсептелет. Бирок, эгер Ислам мамлекети зулумду тыюуга кудуреттүү болбосо жана бул жарашуу келишиминде мусулмандар үчүн жакшылык бар деп билсе, андай абалда бул шартнаманы мажбурий түрдө түзүү жайиз болот. Бул абалда Исламий мамлекет аларга жардам берүү милдетин мойнуна албайт. Себеби, алар бул жарашуу келишими себептүү ислам өкүмдөрүнө амал кылышпайт. Алар ислам өкүмүнө моюн сунушпаган соң, демек, согуш абалындагы кимселер алкагынан чыгышпайт. Демек, аларга жардам берүү мусулмандарга важиб болбойт. Расулуллах ﷺ Шам өлкөлөрүнө чектеш Табуктагы Юханна ибн Руъба менен шартнама түзүп, аны өз аймагында өз092 дининде калтырган. Акыйкатта болсо, ал мусулмандар байрагы жана өкүмү астына кирбеген эле. Мөөнөтү чектелген мындай шартнама бул мамлекеттин тынчтыгы Исламий мамлекет тараптан кепилденишин камсыздайт. Мусулмандардан ким бул мамлекетке кирсе, өзүнчө амандык алып отурбастан, ушул

шартнама боюнча тынч-аман кирип чыга берет жана анын бул мамлекеттин калкына коркунуч туудурушу жайиз болбойт. Бул мамлекеттин жарандарынан кимде-ким мусулман өлкөлөрүнө кирсе, ал да ушул шартнама боюнча тынч-аман кирип чыга берет, өзүнчө жаңы амандык алып отурбайт, анын да мусулмандардын бирөө-жарымына коркунуч туудурушу жайиз болбойт. Соодагерлердин бул мамлекетке соода товарларын алып баруусуна да тоскоолдук кылынбайт. Болгону согушта колдонула турган нерселерди же аскерий курал-жарактарды ж.б.у.с. нерселерди алып баруусуна тыюу салынат. Себеби, бул мамлекеттин калкы – мейли, алар менен жарашуу келишими түзүлгөн болсо да – согушула турган кимселер болуп эсептелишет.

Экинчи абал: Ал биринчи абалдын тескериси. Мында мусулмандар өздөрүнүн душмандарына өздөрүнө чабуул кылбай тим туруусунун акысына белгилүү бир өлчөмдө каражат төлөшөт. Фукахалардын айтышынча, эгер душман мусулмандарды курчоого алса жана мусулмандардын кафирлерге ар жылы белгилүү бир нерсени төлөп туруусу шарты менен белгилүү бир жылга чейин жарашуу келишимин түзүүнү талап кылышса, халифа алардын бул талабын кабыл албастыгы керек. Себеби, мында мусулмандарды төмөн саноо жана кордоо бар. Болгону зарылдыкта гана бул талапты кабыл алышы мүмкүн. Зарылдык болсо мындай, мусулмандар кырылып кетишинен кооптонуп калышат жана халифа бул сулхту мусулмандар үчүн жакшылык деп билет. Мына ушундай убакта халифанын ушул сулх келишимин түзүшүнүн зыяны жок. Тобароний мындай риваят кылды:

«أَنَّ الْمُشْرِكِينَ أَحَاطُوا بِالْخَنْدَق وَصَارَ الْمُسْلِمُونَ فِي بَلاَء كَمَا قَالَ اللَّهُ تَعَالَى: ﴿ هُنَالِكَ ابْتُلِيَ الْمُؤْمِنُونَ وَزُلْزِلُوا زِلْزَالاً شَدِيداً﴾ بَعَث رَسُولُ اللَّهِ ﷺ إِلَى عُيَيْنَةَ بْنِ حِصْنٍ وَطَلَبَ مِنْهُ أَنْ يَرْجِعَ بِمَنْ مَعَهُ عَلَى أَنْ يُعْطِيَهُ كُلَّ سَنَةٍ ثُلُثَ ثِمَارِ الْمَدِينَةِ، فَأَبَى إِلاَّ النِّصْفَ، فَلَمَّا حَضَّرَ رُسُلَهُ لِيَكْتُبُوا الصُّلْحَ بَيْنَ يَدَيْ رَسُولِ اللَّهِ، قَامَ سَيِّدَا الأَنْصَارِ سَعْدُ بْنُ مُعَاذٍ وَسَعْدُ بْنُ عُبَادَةَ رضي الله عنهما وَقَالاَ: يَا رَسُولَ اللَّهِ إِنْ كَانَ هَذَا عَنْ وَحْيٍ فَامْضِ لِمَا أُمِرْتَ بِهِ، وَإِنْ كَانَ رَأْيًا رَأَيْتَ فَقَدْ كُنَّا نَحْنُ وَهُمْ فِي الْجَاهِلِيَّةِ لَمْ يَكُنْ

لَنَا وَلاَ لَهُمْ دِينٌ فَكَانُوا لاَ يَطْمَعُونَ فِي ثِمَارِ الْمَدِينَةِ إِلاَّ بِشِرَاءٍ أَوْ قِرًى، فَإِذَا أَعَزَّنَا اللَّهُ بِالدِّينِ وَبَعَثَ فِينَا رَسُولَهُ نُعْطِيهِمُ الدَّنِيَّةَ؟ لاَ نُعْطِيهِمْ إِلاَّ السَّيْفَ. فَقَالَ ﷺ: إِنِّي رَأَيْتُ الْعَرَبَ رَمَتْكُمْ عَنْ قَوْسٍ وَاحِدَةٍ فَأَحْبَبْتُ أَنْ أُصَرِّفَهُمْ عَنْكُمْ فَإِذَا أَبَيْتُمْ ذَلِكَ فَأَنْتُمْ وَأُولَئِكَ. اِذْهَبُوا فَلاَ نُعْطِيكُمْ إِلاَّ السَّيْفَ»

**«Мушриктер Хандакта курчоого алышты жана мусулмандар Аллах Таала: «*Дал ошол жайда момундар*** *(дагы бир жолу)* ***сыналышты жана*** *(бул коркунучтан)* ***катуу титирөөгө түшүштү*»** [33:11] **деп айткандай балээге түшүп калышты. Расулуллах ﷺ Уяйна ибн Хиснге элчи жөнөтүп, андан өзүнүн адамдары менен кайтып кетүүнү талап кылып, мунун акысына ага ар жылы Медина мөмөлөрүнүн үчтөн бирин бере тургандыгын айтты, Уяйна буга ыраазы болбой мөмөлөрдүн жарымы берилишин талап кылды. Анын элчилери Расулуллах ﷺдын алдына сулхту жазуу үчүн келишкенде, ансорлордун саййиддери Саъд ибн Муаз жана Саъд ибн Убада رضي الله عنهما туруп: «Я Расулуллах, эгер бул вахийден болсо сизге буюрулган нерсени аткарууну уланта бериңиз, эгер бул өз райыңыз болсо, айтып коё турган нерсе, биз да, алар да жахилиятта элек, биздин да, алардын да дини жок эле. Алар Медина мөмөлөрүнө көз арта алышпайт эле. Аларды сатып алып же конокко келип гана алышат эле. Аллах бизди дин менен азиз кылып, бизге өз Расулун жөнөткөн убакта төмөн кетип аларга беребизби? Аларга кылыч** (соккусун) **гана беребиз», - деп айтышты. Расулуллах ﷺ: Мен арабдардын бардыгы биригип силерге каршы согушуп жатканын көрүп, аларды силерден бурмакчы болдум. Эми эгер мындан баш тартсаңар, алар менен кандай мамиле кылуу силердин ыктыярыңарда, - деди. Элчилерге: Бара бергиле, силерге кылычтан башка эч нерсе бербейбиз, - деди».** Демек, бул хадис Расулуллах ﷺдын алгач мусулмандардын алсыздыгын сезген убакта сулхка ыраазы болгонуна далалат кылууда. Пайгамбарыбыз Саъд ибн Муаз жана Саъд ибн Убада رضي الله عنهما айткан сөздөр себептүү мусулмандарда кубатты көргөн убакта мындан баш тартты. Демек, бул хадис зыян тартуу коркунучу туулган убакта кафирлер менен шартнама түзүп, аларга белгилүү бир өлчөмдөгү малды төлөөнүн зыяны жок экендигине далалат

кылат. Мунун себеби мындай, эгерде кафирлер мусулмандар үстүнөн жеңишке жетише турган болушса, бардык малдарын тартып алышат жана мусулмандардын урпактарын туткун кылып алышат. Ошол себептен улам, мусулмандардын урпактары жана мал-мүлктөрү саламат калышы үчүн кээ бир малды төлөө жеңилирээк жана пайдалуураак болот.

# Шартнамаларды бузуу

Исламий мамлекет түзө турган бардык шартнамалар белгилүү бир мөөнөткө гана түзүлүшү керек. Бирок, шартнама түзүү мусулмандарды бардык абалдарда ага амал кылууга мажбурлоо деген маанини түшүндүрбөгөндөй эле, шартнамага кыянат кылуу жана аны бузуу маанисин да түшүндүрбөйт. Тескерисинче, шартнаманы шарият көрсөткөн белгилүү бир абалдарда гана бузуу жайиз болот, мындан башка абалдарда жайиз болбойт. Душман менен түзүлгөн шартнаманы бузуу жайиз болуучу шарият көрсөтүп берген абалдар төмөнкүлөр:

Биринчи: Эгерде шартнама түзгөн тарап мусулмандардын душмандарынын бирин колдоп-кубаттаса жана мусулмандарга каршы ага жардам берсе. Мисалы, Исламий мамлекет менен башка бир мамлекеттин ортосунда амалий согуш абалы болуп турганына карабастан, биз менен шартнама түзгөн мамлекеттин бул душманды курал-жарак, акча, же адамдар менен колдоп-кубаттоосу жана бизге каршы ага жардам бериши сыяктуу болот. Мындай абалда Исламий мамлекеттин шартнаманы бузушу жайиз болот. Себеби, Аллах мындай дейт:

﴿إِلَّا ٱلَّذِينَ عَٰهَدتُّم مِّنَ ٱلۡمُشۡرِكِينَ ثُمَّ لَمۡ يَنقُصُوكُمۡ شَيۡـٔٗا وَلَمۡ يُظَٰهِرُواْ عَلَيۡكُمۡ أَحَدٗا﴾

«***Бирок, силер келишим кылган мушриктер кийин*** *(убадаларынан)* ***бирер нерсени бузушпаса жана силердин зыяныңарга бирөөгө көмөктөшпөсө…***» [9:4]

Бул аяттан эгер алар мусулмандардын зыянына бирөө менен кызматташса, мусулмандардын алар менен түзүлгөн шартнаманы бузушу жайиз болот деген маани түшүнүлөт.

Экинчи: Шартнама түзгөн тараптын шартнама шарттарынын бирин бузушу. Мындай абал Худайбия сулхунда Расулуллах ﷺ менен жүз берген. Ошол кезде Хузаъа уруусу Расулуллах ﷺдын коргоосу астына кирип, ал киши менен шартнама түзгөн. Курайш бул шартты бузду жана Бани Бакрды Хузаъага каршы тукурду. Андан соң Курайш бул ишине бушайман болуп, шартнаманы сактап калууга аракеттенди. Бирок, Расулуллах ﷺ бул бузууну шартнаманы бузууга жол ачты деп эсептеди.

Ошондуктан, шартнаманы бузду жана аларга каршы согушуп, Меккени фатх кылды.

Үчүнчү: Эгерде шартнама түзгөн тараптын кыянат жана чыккынчылык кылышынан кооптонулса, шартнаманы бузуу жайиз болот. Аллах Таала айтат:

﴿ وَإِمَّا تَخَافَنَّ مِن قَوْمٍ خِيَانَةً فَٱنۢبِذْ إِلَيْهِمْ عَلَىٰ سَوَآءٍ ﴾

«***Эгерде*** *(ортоңордо келишим болгон)* ***бирер коумдун кыянат кылышынан кооптонсоң, анда сен да аларга дал ошондой кылып таштагын***» [8:58]

Мындай абалда душманга аны менен түзүлгөн шартнама бузулгандыгын кабарлап коюу керек. Шартнаманы бузуу үчүн кыянаттын иш жүзүндө жүз бериши шарт эмес, тескерисинче, душман тараптан кыянат болушунан кооптонуунун өзү шартнаманы бузууну актоого жетиштүү болот. Шартнама бузулгандыгынан эки тарап бирдей кабардар болушу үчүн кабарлап коюу менен чектелинет.

Төртүнчү: Исламий мамлекет менен шартнама түзгөн тараптын шартнаманы бүтүндөй бузушу. Мындай абалда алар менен түзүлгөн шартнаманы бузуу жана аларга какшаткыч сокку берүү важиб. Мындай соккулар башкалар үчүн сабак болот. Ошондуктан, мусулмандар менен мындай мамиле кылууга кайрадан кадам койбой турган болушат. Аллах Таала айтат:

إِنَّ شَرَّ الدَّوَابِّ عِندَ اللّهِ الَّذِينَ كَفَرُواْ فَهُمْ لاَ يُؤْمِنُونَ ۞ الَّذِينَ عَاهَدتَّ مِنْهُمْ ثُمَّ يَنقُضُونَ عَهْدَهُمْ فِي كُلِّ مَرَّةٍ وَهُمْ لاَ يَتَّقُونَ ۞ فَإِمَّا تَثْقَفَنَّهُمْ فِي الْحَرْبِ فَشَرِّدْ بِهِم مَّنْ خَلْفَهُمْ لَعَلَّهُمْ يَذَّكَّرُونَ

«***Аллахтын назарында эң жаман жандыктар – кафирлер. Анткени, алар ыймансыздар. Алардын арасында сени менен убадалашып, андан кийин ар дайым өз убада-ахддарын буза бере турган кимселер бар. Алар Алладан коркушпайт. Алар менен согушта беттешкенде, катуу жазалоо менен алардын артындагы кимселерди коркутуп койгун! Балким, эскертме алышар***» [8:55-57]

Мусулмандардын өз душмандары менен түзүлгөн шартнамаларды бузуусу жана бул душманга каршы согушуусу жайиз боло турган төрт абал мына ушулар. Аллах Таала айтат:

﴿ فَإِذَا ٱنسَلَخَ ٱلْأَشْهُرُ ٱلْحُرُمُ فَٱقْتُلُوا۟ ٱلْمُشْرِكِينَ حَيْثُ وَجَدتُّمُوهُمْ ﴾

«***Эми, качан согуш арам кылынган айлар чыкса, мушриктерди тапкан жериңерде өлтүргүлө***» [9:5]

Ал мына ушул аяттан мурун айтылган мөөнөт:

﴿ فَسِيحُوا۟ فِى ٱلْأَرْضِ أَرْبَعَةَ أَشْهُرٍ ﴾

«*(Эй мушриктер, согуш арам кылынган)* ***төрт ай ичинде жерде саякаттап жүрө бергиле*** » [9:2]

Аллах Таала дагы айтат:

﴿ أَلَا تُقَـٰتِلُونَ قَوْمًا نَّكَثُوٓا۟ أَيْمَـٰنَهُمْ ﴾

«*(Эй момундар),* ***анттарын бузган кимселер менен согушпайсыңарбы?!***» [9:13]

Бирок, шартнама бузулганы жөнүндө аларга кабарлап коюу керек. Эки тарап тең мындан бирдей кабардар болушу керек. Аллах Таала айтат:

﴿ فَٱنۢبِذْ إِلَيْهِمْ عَلَىٰ سَوَآءٍ ۚ ﴾

«***… аларга*** *(кылган убада-келишимдериңди)* ***дал ошондой кылып таштагын*** *(т.а. араңардагы келишим бүткөндүгүн эки тарап тең билсин)*» [8:58]

Бул бардык шартнамалар жаатында умумий. Т.а. аяттын мааниси «силер да, алар да мындан бирдей кабардар болушуңар керек» дегени. Ошондуктан, белгилүү кылып коюудан жана мындан кабардар болушунан мурун душманга каршы согушуу адал болбойт. Алар мурдагы коргонуу абалына кайтуусу үчүн аларга кабарлап коюу керек. Бул нерсе кыянаттан этият болуу чарасы болду. Булардын бардыгы убадаларына турбай тургандар тууралуу. Ал эми убадаларына туруучу жана Исламий мамлекет менен туура мамиледе болуучу кишилерге келсек, мусулмандар да алар менен түзгөн шартнамаларына турушу жана алар менен туура мамиледе болушу керек. Аллах Таала айтат:

﴿ إِلَّا ٱلَّذِينَ عَـٰهَدتُّم مِّنَ ٱلْمُشْرِكِينَ ثُمَّ لَمْ يَنقُصُوكُمْ شَيْـًٔا وَلَمْ يُظَـٰهِرُوا۟ عَلَيْكُمْ أَحَدًا فَأَتِمُّوٓا۟ إِلَيْهِمْ عَهْدَهُمْ إِلَىٰ مُدَّتِهِمْ ۚ ﴾

***«Бирок, силер келишим түзгөн мушриктер кийин*** *(убадаларынан)* ***бирер нерсени бузушпаса жана силердин зыяныңарга бирөөгө көмөктөшпөсө, анда алардын убадаларын белгиленген мөөнөткө чейин толук жеткиргиле!»*** [9:4]

Бул аяттын мааниси төмөнкүдөй, мусулмандар менен түзүлгөн шартнамадан бирер нерсени бузган кимселер (жогоруда өткөн экинчи абал сыяктуу) же мусулмандардын зыянына бирөө менен кызматташкан кимселерге карата (жогорудагы биринчи абал сыяктуу) алар менен түзүлгөн шартнаманы белгиленген мөөнөткө чейин жеткирбегиле. Эгерде алар мындай кылышпаса, алар менен түзүлгөн шартнаманы белгиленген мөөнөттүн аягына чейин жеткиргиле. Мында алар менен түзүлгөн шартнаманы белгиленген мөөнөттүн аягына чейин жеткирүү мусулмандарга важиб болот. Аллах Таала айтат:

﴿ كَيۡفَ يَكُونُ لِلۡمُشۡرِكِينَ عَهۡدٌ عِندَ ٱللَّهِ وَعِندَ رَسُولِهِۦٓ إِلَّا ٱلَّذِينَ عَٰهَدتُّمۡ عِندَ ٱلۡمَسۡجِدِ ٱلۡحَرَامِۖ فَمَا ٱسۡتَقَٰمُواْ لَكُمۡ فَٱسۡتَقِيمُواْ لَهُمۡۚ ﴾

***«Аллахтын алдында жана Анын пайгамбарынын алдында мушриктер үчүн кандай ахд-убада болсун?! Бирок, силер Масжид ал-Харамдын алдында убадалашкан кимселер бар, алар убадаларында бек турушкан болсо, силер да убадаңарда тургула!»*** [9:7]

Бул аяттан «алар силерге берген убадаларында бекем турушпаса, силер да аларга берген убадаңарда турбагыла, эгерде бекем турушса, силер да бекем тургула жана алар менен болгон убадалашууга бапаа кылгыла» деген маани түшүнүлүүдө.

Мындан белгилүү болгондой, шартнамаларга бапаа кылуу важиб иш. Ошондуктан, шартнама белгилүү бир мөөнөткө түзүлгөн болсо, ага мына ошол мөөнөткө чейин бапаа кылуу важиб болот. Анын мөөнөтү аяктаса, аны жаңылабастан бүтүрүү жайиз. Аллах Таала айтат:

﴿ فَأَتِمُّوٓاْ إِلَيۡهِمۡ عَهۡدَهُمۡ إِلَىٰ مُدَّتِهِمۡۚ ﴾

***«...андай абалда алардын убадаларын белгиленген мөөнөткө чейин толук жеткиргиле!»*** [9:4]

Белгилүү болгондой, шартнамаларды буза турган кимселерге карата орой мамиледе болуу да важиб иш. Ошондуктан, эгер душман шартнама шарттарынын бирин же бардык шарттарды бузса, же мусулмандарга каршы алардын душмандары менен кызматташса, же болбосо, анын кыянат кылышынан кооптонулса, андайда мусулмандардын өз душмандары менен түзгөн шартнамаларды бузушу адал болуп калат. Ошондуктан, шартнаманы бузушу кыянат болуп эсептелбейт. Ушуга ылайык, эл аралык союздардын түрлөрүн шарият белгилеп берди жана алар бузула турган же аларга амал кылуу аяктай турган абалдарды да белгилеп берди. Ошондуктан, шартнамалар туурасында шарият баян кылган жана белгилеп берген нерсеге амал кылуу о.э. шарият чегарасында туруу важиб. Ошону менен бирге, услуб жана тандоо маселеси халифанын раъйы жана ижтихадына сунушталат.

# Харбий кафир

Харбий кафир – бул мусулмандар коргоосу (зимма) астына кирбеген ар бир кафир. Ал муахид болобу, мустаъминби же башкабы, мунун айырмасы жок. Эгерде Исламий мамлекет менен кайсы бир кафир мамлекеттин ортосунда шартнама түзүлгөн болсо, мына ошол мамлекеттин жарандары муахиддер болуп, аларга ортобуздагы мына ошол шартнама боюнча мамиле кылынат жана ушул шартнамадагы ар бир нерсе аткарылат. Бирок, шартнама болсо да, муахид кафирлер хукман харбий кафирлер экендиктери алкагынан чыгып калышпайт. Себеби, шартнаманын мөөнөтү бүтүшү же алар, же биз тараптан шартнама бузулушу менен алар башка кафирлердей эле, дагы кайрадан харбий кафирлер өкүмүндө болуп калышат. Ошондуктан, аларга курал-жарак жана аскерий нерселерди сатууга тыюу салынат. Эгерде мында мусулмандардын зыянына аларды күчөтүү болсо, бул нерселерди аларга сатууга тыюу салынат. Эгерде аларга курал-жарак жана аскерий нерселерди сатуу аларды күчөтүүгө алып барбаса, андай абалда аларга бул нерселерди сатууга тыюу салынбайт. Айрыкча, Исламий мамлекет бүгүнкү күндөгү ири мамлекеттер сыяктуу курал-жарак иштеп чыгара турган жана аны сата турган мамлекетке айланганда аны сатууга тыюу салынбайт. Эгер шартнамада аларга курал-жарак жана аскерий нерселерди сатуу жайиз экендиги айтылган болсо да, бирок, мында мусулмандар зыянына аларды күчөтүү бар болсо, бул шартка амал кылынбайт. Себеби, ал шариятка тескери. Шариятка тескери болгон ар кандай шарт батыл болуп, мындай шарт менен шартнама түзүлбөйт.

Эгерде биз менен алардын ортосунда эч кандай шартнама болбосо, андай абалда алар харбий кафирлер болушат. Мында биз менен алардын ортосунда амалда согуш абалы бар болобу же жокпу, мунун айырмасы жок. Мындай убакта алар мусулман өлкөлөрүнө ар бир киргенде атайын амандык алуу менен гана кире алышат. Эгер андай болбосо кире алышпайт. Алар мусулман өлкөлөрүндө чектелген белгилүү бир мөөнөткө чейин гана жашашы мүмкүн. Эми амалда согуш абалында болгон харбий кафир мамлекет менен амалий согуш абалында болбогон харбий кафир мамлекет ортосундагы айырмага

келсек, ал мындай: амалий согуш абалындагы мамлекет менен сулхтан мурун эч кандай шартнама түзүлбөйт жана анын жарандарынан эч кимге амандык берилбейт. Болгону, Аллахтын каламын угуу үчүн келсе же мусулман өлкөлөрүндө жашаган зиммий болуу үчүн келсе гана амандык берилет. Амалий согуш абалында болбогон харбий мамлекетке кылына турган мамиле болсо мындан башкача. Себеби, мындай мамлекет менен соода, жакшы кошуначылык жана башка шартнамалар түзүлөт, анын жарандарына исламий өлкөлөргө соода кылуу же саякаттоо, же башка максаттарда кире алышы үчүн амандык берилет.

# Мустаъмин

Мустаъмин – бул амандык суроочу. Ал башка өлкөгө амандык менен кире турган киши. Ал мусулман болобу же харбийби, мунун айырмасы жок. Мисалы, эгер мусулман дарул харбга амандык менен кире турган болсо, алардагы бирер нерсеге кол салышы арам. Себеби, мусулмандар өз шарттарында турушат т.а. аларга амал кылышат. Мисалы, эгер мусулман адам алардын мал-мүлкүнөн бирер нерсени тартып алса же жашыруун, же уурдап алып чыкса, ага ээ болушу арам мүлк болот. Ал алган нерсесин аларга кайтарып берет. Себеби, тартып алынган нерсе кимден тартып алынган болсо ошого кайтарылат. О.э. уурдалган нерсе да так ушул сыяктуу. Алардын бардыгы ээсине кайтарылат. Ал кафир болобу же мусулманбы, мунун айырмасы жок. Мусулман кишинин куфр өлкөлөрүнө амандык менен кириши жайиз болгону сыяктуу эле, харбийдин мусулман өлкөлөрүнө амандык менен кириши да жайиз болот. Себеби, Расулуллах ﷺ Мекке фатх кылынган күндө кафирлерге амандык берип:

«مَنْ أَغْلَقَ بَابَهُ فَهُوَ آمِنٌ»

**«Ким эшигин илип алса, ал амандыкта»**, - деген. Муслим риваяты. Пайгамбарыбыз ﷺ мушриктердин элчилерине амандык берер эле жана амандык берилген кишиге кыянат кылууну арам кылды. Абу Саидден мындай дегени риваят кылынган, Расулуллах ﷺ:

«لِكُلِّ غَادِرٍ لِوَاءٌ يَوْمَ الْقِيَامَةِ، يُرْفَعُ لَهُ بِقَدْرِ غَدْرِهِ، أَلاَ وَلاَ غَادِرَ أَعْظَمُ غَدْرًا مِنْ أَمِيرِ عَامَّةٍ»

**«Ар бир годир** (чыккынчы-кыянатчы) **үчүн кыямат күнү бир байрак болот. Ал анын канчалык годдар экендигине карап көтөрүлөт. Эсиңерде болсун, амманын амиринен көрө чоңураак годдарлык кылган годир болбойт»**. Муслим риваяты.

Бирок, харбий мустаъмин мусулман өлкөлөрүндө бир жыл тура албайт. Себеби, ага амандык бир айга, же эки айга, же андан көбүрөөккө берилет, бирок, бир жылдан көп убакытка берилбейт. Ошондуктан, эгер ага мутлак амандык берилип, мөөнөт чектелбеген болсо да, бир жыл өтүшү эсепке алынат.

Себеби, ага Ислам мамлекетинде жизя төлөбөй туруугa бир жыл уруксат берилет. Эгер бул мөөнөттөн ашык турмакчы болсо, ал жизя төлөп жашоону же Ислам мамлекетинен чыгып кетүүнү тандашы керек. Эгер бир жылдан кийин калса, ал жизя төлөөнү кабыл алды деп эсептелет жана анын документине зиммийлик мөөрү басылып, ал зиммийге айланат жана андан жизя алынат. Себеби, ислам өлкөсүндө бирер кафирдин жизя төлөбөй жашап калышы жайиз болбойт. Жизя жылына бир жолу төлөнүшү керек. Демек, эгер кафир адам өлкөбүздө бир жылдан көбүрөөк кала турган болсо, ал жизя төлөшү керек жана ал мажбурий түрдө зиммийге айланат. Эгер жылдын аягында же андан мурун өлкөбүздөн чыгып кетсе, жизя төлөбөйт. Эгерде чыгып кете турган болсо, мурунку амандыгы бекер болот. Ошондуктан, кайрадан кире турган болсо жаңы амандык алышы керек.

Халифанын мустаъминдерге – ырасында алар дарул исламда турушкан соң – жардам бериши важиб. Алар да ахли зимма өкүмүндө болушат. Ошондуктан, эгер мустаъмин жаза бериле турган бирер кылмышты кылса, ага кудум зиммийлер сыяктуу жаза берилет. Болгону, хамр (мас кылуучу ичимдик) жазасы мындан мустасна. Себеби, дарул ислам шаръий өкүмдөр аткарыла турган орун болуп эсептелет. Ошондуктан, дарул исламдагы ар бир кишиге – ал мусулманбы, же зиммийби, же мустаъминби – шаръий өкүмдөр колдонулат. Расулуллах ﷺ Нажрон калкы болгон насронийлерге мындай кат жиберди:

«إِنَّ مَنْ بَايَعَ مِنْكُمْ بِالرِّبَا فَلاَ ذِمَّةَ لَهُ»

**«Силерден кимде-ким риба менен алды-сатты кылса, ал үчүн зимма жок».** Бул хадисти Ибн Абу Шайба «Мусаннаф»ында риваят кылган. Рибанын арамдыгы Ислам өкүмдөрүнөн. Демек, алардан өкүмдөргө амал кылууну талап кылууга Расулуллах ﷺдын ахли зиммага риба менен соода-сатык кылбастыкты колдонуусу далил болот. Мустаъминге да зиммийге кылынгандай мамиле кылынат.

Мустаъмин өз жаны үчүн амандык алган болсо, бул амандык анын малдары үчүн да амандык болот, мейли, алар үчүн өзүнчө амандык албаган болсо да. Ошондуктан, анын жаны корголгондой эле, мал-мүлкү да корголот. Мусулман адам мустаъминдин мас кылуучу ичимдигине жана доңузуна зыян

жеткирген болсо, анын баасын төлөйт. Эгер аны билбестен, жаңылышып өлтүрүп койсо, дия (кун) төлөшү важиб болот, атайылап өлтүрсө, өзү да өлтүрүлөт. Ошондуктан, мустаъминге азар жеткирүүдөн тыйылуу керек. Мусулманды гыйбат кылуу кандай арам болсо, мустаъминди гыйбат кылуу да ошондой арам болот. Себеби, ага да зиммийге мамиле кылынгандай мамиле кылынат. Мустаъмин дарул исламда өлсө, анын мураскорлору дарул харбда болушса, анын мал-мүлкү корголот жана мураскорлору бул мал-мүлктү мусулмандардан же зиммийлерден хужжат менен алышат. Себеби, ал амандык берилген мал болуп эсептелет. Ошондуктан, бул мал анын мураскорлоруна тапшырылат.

Тыянак мындай, кимде-ким мусулмандардан амандык сураса, мусулмандардын ага амандык бериши жайиз. Буга Аллах Тааланын төмөнкү аяты далил болот:

﴿ وَإِنۡ أَحَدٞ مِّنَ ٱلۡمُشۡرِكِينَ ٱسۡتَجَارَكَ فَأَجِرۡهُ حَتَّىٰ يَسۡمَعَ كَلَٰمَ ٱللَّهِ ثُمَّ أَبۡلِغۡهُ مَأۡمَنَهُۥۚ ﴾

«*(Эй Мухаммад),* ***эгер мушриктерден бирөө сенден коргоо сураса, анда аны Аллахтын сөзүн угушу үчүн коргогун. Андан кийин аны өзү үчүн тынч болгон жерге жеткирип койгун***» [9:6]

Анткени, амандык – зимма жана ахд берүү. Расулуллах ﷺ:

«الْمُسْلِمُونَ تَتَكَافَأُ دِمَاؤُهُمْ وَهُمْ يَدٌ عَلَى مَنْ سِوَاهُمْ وَيَسْعَى بِذِمَّتِهِمْ أَدْنَاهُمْ»

**«Мусулмандардын кандары өз ара барабар. Алар өздөрүнөн башкаларга каршы бир муштум сыяктуу. Алардын эң төмөнкү даражадагысы берген амандык да таасирдүү»**, - деген. Бирок, бул амандык алардын ислам өкүмдөрүнө моюн сунууларына жана эгер жизя төлөшү керек болсо жизя беришине байланыштуу. Буга Аллах Тааланын төмөнкү аяты далил болот:

﴿ حَتَّىٰ يُعۡطُواْ ٱلۡجِزۡيَةَ عَن يَدٖ وَهُمۡ صَٰغِرُونَ ﴾

«***...тээ алар кордолгон абалдарында, өз колдору менен жизя төлөмөйүнчө...***» [9:29]

Т.а. алар жизя беришсе гана о.э. ислам өкүмдөрүнө моюн сунушса гана аларга каршы согушуу өкүмү көтөрүлөт жана

аларга согушуудан амандык берилет. Болбосо амандык берилбейт. Демек, алардын дарул исламда жашоосу маалында ислам өкүмүнө моюн сунууну кабыл алышы аларга амандык берилиши үчүн жетиштүү болот. Эгерде алар өлкөбүздө жизя төлөшү керек болгон бир жыл мөөнөт туруп кала турган болсо, алардан чыгып кетүү талап кылынат. Чыгып кетишпесе, жизя салыгы салынып, алар зиммийлер деп эсептелишет.

# Зиммийге тиешелүү өкүмдөр

Зиммий – бул Исламдан башка динге итикад кылган, Исламий мамлекеттин жаранына айланган ар бир адам. Ал Исламдан башка динге болгон ишениминде калган болот. Зиммий сөзү ахд маанисиндеги «зимма» сөзүнөн алынган. Себеби, биздин мойнубузда аларга карата – алар менен сулх кылып келишкенибиз боюнча мамиле кылышыбыз жана аларга мамиле кылууда о.э. алардын иштерин башкарууда – ислам өкүмдөрүнө ылайык иш жүргүзүшүбүз жөнүндөгү ахд болот. Ислам ахли зиммага тиешелүү көптөгөн өкүмдөрдү алып келди. Аларды өз диндеринен фитналандырбаш (т.а. мажбурлуу түрдө же жазгыруу жолдору менен дининен баш тарттырбоо), алардын жизя гана төлөшү, алардан мындан башка мал алынбашы, болгону сулх шарттарынын бири болсо гана мал алынышы сыяктуулар ушул өкүмдөр түркүмүнөн. Урва ибн Зубайрдан риваят кылат: Расулуллах ﷺ Яман калкына мындай деп кат жазды:

«إِنَّهُ مَنْ كَانَ عَلَى يَهُودِيَّتِهِ أَوْ نَصْرَانِيَّتِهِ فَإِنَّهُ لاَ يُفْتَنُ عَنْهَا، وَعَلَيْهِ الْجِزْيَةُ»

**«Кимде-ким яхудийлигинде же насронийлигинде болсо, ал андан фитналандырылбайт жана ал жизя төлөшү керек»**. Абу Убайд риваяты. Яхудий менен насронийлерден башка мушриктер жана башка кафирлер да яхудийлер жана насронийлер сыяктуу. Хасан ибн Мухаммад ибн Али ибн Абу Талибден мындай дегени риваят кылынат:

«كَتَبَ رَسُولُ اللَّهِ ﷺ إِلَى مَجُوسِ هَجَرَ يَدْعُوهُمْ إِلَى الإِسْلامَ فَمَنْ أَسْلَمَ قَبِلَ مِنْهُ، وَمَنْ لاَ، ضُرِبَتْ عَلَيْهِ الْجِزْيَةُ، فِي أَنْ لاَ تُؤْكَلَ لَهُ ذَبِيحَةٌ، وَلا تُنْكَحَ لَهُ امْرَأَةٌ»

**«Расулуллах ﷺ Хажар мажусийлерине кат жазып, аларды Исламга даъват кылды. Кимде-ким Исламга кирсе андан кабыл алына турган болду, ким кирбесе, ага жизя салыгы салынып, анын сойгон нерсеси желбей, ага бирер аял никеленбей турган болду»**. Абу Убайд риваяты. Бул Хажар мажусийлерине гана хос болбостон умумий болот. Себеби, бул хадистин мафхуму жок. Себеби, мафхумул-лакоб хужжат эмес, ошондуктан анын мааниси жок. Жизя балагатка жеткен эркектерден гана алынат. Нафиъ Умар мавласы Асламдан төмөнкүнү риваят кылды: **«Умар кошуундардын**

**амирлерине кат жазып: жизя салыгын салууну, аялдар жана жаш балдарга мындай салык салынбашын, устара колдонгон кишилерге гана салынышын буйруду»**. Абу Убайд риваяты. Умардын бул ишин эч ким инкар кылбады. Абу Убайд дагы мындай дейт: Ким жизя төлөшү жана ким төлөбөшүнө мына ушул хадис негиз болот. Жизя аны төлөөгө кудуреттүү болгон адамдардан гана алынат. Буга Аллах Тааланын төмөнкү аяты далил болот:

﴿ عَن يَدٖ ﴾

«*...өз колдору менен...*» [9:29]

Т.а. кудурети жетсе дегени. Ошондуктан, аны төлөөгө кудуреттүү болбосо мындай кимседен алынбайт. Тескерисинче, эгер кесип кылууга алсыздык кылып болуп жакыр болсо, андан жизя албастык менен эле чектелип калбастан, тескерисинче, ага байтулмалдан мусулмандарга нафака берилгендей нафака берилет. Жизя зомбулук жана кыйноо аркылуу эмес, чырайлуу мамиле менен жана алар көтөрө ала турган өлчөмдө алынышы керек. Демек, зиммийлерге зулум кылынбайт жана алардан кудуретинен тышкары жизя алынбайт. Хишам мындай деди: Мен Расулуллах ﷺдын мындай дегенин уктум:

«إِنَّ اللَّهَ يُعَذِّبُ يَوْمَ الْقِيَامَةِ الَّذِينَ يُعَذِّبُونَ النَّاسَ فِي الدُّنْيَا»

**«Дүйнөдө адамдарды азаптай турган кимселерди кыямат күнү Аллах азаптайт»**. Абдурахман ибн Жубайр ибн Нуфайр атасынан риваят кылышынча, **Умар ибн Хаттабдын алдына көп мал алып келинди (Абу Убайд: Мен ал «жизядан турган мал» деген болсо керек деп ойлоймун, - деди). Умар: Көңүлүмө силер адамдарды өлтүргөн окшойсуңар деген күмөн келип жатат, - деди. Алар: Жок анткен жокпуз, Аллахка ант болсун, биз жизяны кечиримдүүлүк, тазалык менен алдык, - деп айтышты. Умар: Камчысыз, азаптоосузбу? - деди. Алар «Ооба» дешти. Умар: Муну менин колум менен жана бийлигим астында кылып койбогон Аллахка хамд болсун, - деди»**. Абу Убайд риваяты. Жизя алуу үчүн – анын көлөмү канчага жеткен болсо да – зиммийдин тиричилик куралдарын сатып жиберүү жайиз болбойт. Суфян ибн Абу Хамзадан мындай дегени риваят кылынган: Умар ибн Абдулазиз: «**Зимма калкынын бир да**

**тиричилик куралы сатылбасын»**, - деп кат жазды. Абу Убайддын айтышынча, Умар ибн Абдулазиз муну ахли зимманын хирожу үчүн айтты. Себеби, эгер зиммий дыйканчылык куралдарын сатып жиберсе, эгин эге албай калат, натыйжада андан алына турган хирож жокко чыгат. Зиммийдин башка тиричилик куралдары да дыйканчылык куралына кыяс кылынат. Зиммий Исламга кирсе жизя андан сакыт болот т.а. жизя төлөбөйт. Убайдуллах ибн Раваханын мындай дегени риваят кылынган: **«Мен Силсилада Масрук менен бирге элем. Анын айтышынча, бир киши Исламга кириптир. Андан жизя алынчу экен. Ал Умар ибн Хаттабдын алдына келип: Эй момундар амири, мен Исламга кирдим, - деп айтыптыр. Умар: Ыктымал, сактануу үчүн Исламга киргендирсиң, - деп сураптыр. Ал: Исламда мени сактай турган нерсе жокпу? - дептир. Умар «Туура айттың» дептир да, андан жизя алынбашы жөнүндө жазып бериптир»**. Абу Убайд риваяты. Кабус ибн Абу Забян атасынан риваят кылат, Расулуллах ﷺ:

«لَيْسَ عَلَى مُسْلِمٍ جِزْيَةٌ»

**«Мусулман жизя төлөбөйт»**, - деген. Абу Убайд риваяты. Ибн Аббастан риваят кылынат, Расулуллах ﷺ:

«لاَ تَصْلُحُ قِبْلَتَانِ فِي أَرْضٍ، وَلَيْسَ عَلَى مُسْلِمٍ جِزْيَةٌ»

**«Эч бир жерде эки кыбыла болушу дурус болбойт жана мусулман жизя төлөбөйт»**, - деген. Ахмад жана Абу Давуд риваяты. Умар ибн Абдулазиз өзүнүн аамилине: **«Аллах Мухаммад ﷺды жабий** (салык чогултуучу) **кылып эмес, хадий** (хидаятка баштоочу) **кылып жиберди»**, - деп кат жазып жиберген. Ошол аамил «жизя төлөөдөн качып Исламга киргендерге жизя салыгын салууну калтыруу керек» деген пикирде эле.

Ислам зиммийге жакшы мамиле кылууга, ырайым көрсөтүүгө жана ишинде жардам берүүгө буйруду. Мусулмандар зиммийди, анын мал-мүлкүн, ар-намысын коргоосу, тамак-аш, үй-жай, кийим-кече менен камсыздалуусун кепилдеши керек. Бухарий Абу Ваилден, ал Абу Мусадан риваят кылды: Расулуллах ﷺ:

«فُكُّوا الْعَانِيَ، يَعْنِي الأَسِيرَ، وَأَطْعِمُوا الْجَائِعَ، وَعُودُوا الْمَرِيضَ»

**«Жардамга муктажды т.а. туткунду бошотуп алгыла, ачканы тоюндургула, оорулуунун абалынан кабар алгыла»**, - деген. Абу Убайд: **«Ахли зимманы да коргоп жихад кылынат, туткунга түшүп калгандары бошотуп алынат, кутулушса дагы эркин абалда зиммийликтерине жана ахддарына кайтышат. Бул жаатта бир нече хадистер бар»**, - деген. Амр ибн Маймун Умар ибн Хаттабдын дүйнөдөн кайтып жатып: **«Менден кийинки халифага балан-балан нерсени насаат кыламын. Ага Аллахтын зиммасын жана Расулуллах ﷺдын зиммасын насаат кыламын. Аларга** (зиммийлерге) **алардын ахддары боюнча бапаа кылышын, аларды коргоп согушууну, аларды такаатынан тышкары нерсеге буйрубастыкты насаат кыламын»**, - дегенин риваят кылган. Бухарий риваяты. Зиммийлер өз итикаддары жана ибадаттарында кала беришет. Буга Расулуллах ﷺдын төмөнкү сөздөрү далил болот:

«مَنْ كَانَ عَلَى يَهُودِيَّتِهِ أَوْ نَصْرَانِيَّتِهِ فَإِنَّهُ لاَ يُفْتَنُ عَنْهَا»

**«Кимде-ким яхудийлигинде же насронийлигинде болсо, ал андан фитналандырылбайт»**. Абу Убайд риваяты. Андан фитналандырылбайт, - дегендин мааниси «аны таштоого мажбурланбайт, өз итикадында калтырылат» дегени. Демек, зиммий өз итикадында жана ибадатында калтырылат. Бул ахли китепке гана хос болбостон, тескерисинче, бул жаатта аларга башкалар да кыяс кылынат. Буга Расулуллах ﷺ мажусийлер жөнүндө айткан төмөнкү сөзү далил болот:

«سُنُّوا بِهِمْ سُنَّةَ أَهْلِ الْكِتَابِ»

**«Аларга да ахли китепке колдонгон сүннөттү** (мыйзам-эрежени) **колдонгула»**. Бул хадисти Малик Абдурахман ибн Ауфтан риваят кылган. Калган мушриктер да мажусийлер сыяктуу. Эми алар сойгон нерселерин жеш жана аялдарына үйлөнүү маселесине келсек, мында каралат. Эгер алар ахли китептен т.а. яхудийлер же насронийлер болушса, мусулмандардын алар сойгон мал, койлорду жеши жана аялдарына үйлөнүүлөрү жайиз. Буга Аллах Тааланын төмөнкү аяты далил болот:

﴿ وَطَعَامُ ٱلَّذِينَ أُوتُوا۟ ٱلْكِتَٰبَ حِلٌّ لَّكُمْ وَطَعَامُكُمْ حِلٌّ لَّهُمْ ۖ وَٱلْمُحْصَنَٰتُ مِنَ ٱلْمُؤْمِنَٰتِ وَٱلْمُحْصَنَٰتُ مِنَ ٱلَّذِينَ أُوتُوا۟ ٱلْكِتَٰبَ مِن قَبْلِكُمْ ﴾

*«**Китеп берилгендердин тамактары силер үчүн адал жана силердин тамактарыңар алар үчүн адал. Силер үчүн муминалар арасынан өздөрүн арамдан сактаган аялдар жана силерден мурун китеп берилгендерден болгон өздөрүн арамдан сактаган аялдар да адал**»* [5:5]

Ал эми, алар ахли китептен болушпаса, алар сойгон айбанды жеш жана аялдарына үйлөнүү жайиз болбойт. Буга Расулуллах ﷺдын Хажар мажусийлери жөнүндө айткан төмөнкү сөзү далил болот:

«فِي أَنْ لاَ تُؤْكَلَ لَهُ ذَبِيحَةٌ، وَلا تُنْكَحَ لَهُ امْرَأَةٌ»

**«Анын сойгон нерсеси желбейт жана ага бирер аял никеленбейт».** Кафирлердин муслима аялдарга үйлөнүүсү маселесине келсек, бул таптакыр жайиз эмес, арам болот. Кафирлер ахли китеп болобу же башкабы, мунун айырмасы жок. Буга Аллах Тааланын төмөнкү аяты далил болот:

﴿ فَإِنْ عَلِمْتُمُوهُنَّ مُؤْمِنَٰتٍ فَلَا تَرْجِعُوهُنَّ إِلَى ٱلْكُفَّارِ ۖ لَا هُنَّ حِلٌّ لَّهُمْ وَلَا هُمْ يَحِلُّونَ لَهُنَّ ۖ ﴾

*«**Ошентип, эгер силер алардын мумина экендиктерин билсеңер, андай абалда аларды кафирлерге кайтарбагыла! Ал муминалар** (кафирлер) **үчүн адал эмес жана ал** (кафир)**лер** (мумина)**лар үчүн адал эмес**»* [60:10]

Зиммийлер менен мусулмандар ортосунда соода-сатык, ижара, шериктик, күрөө жана башка мамилелер болушу жайиз. Мында алар менен мусулмандардын ортосунда айырма жок. Себеби, Расулуллах ﷺ Хайбар калкы болгон яхудийлер менен мамиле жүргүзүп, жерден чыга турган түшүмдүн жарымын беришине келишим түзгөн. Мында жерди өз каражаттары менен өздөрү иштетүүсү шарт кылынган. Расулуллах ﷺ Мединада бир яхудийден азык сатып алып, ага соотун күрөөгө койгон. Пайгамбарыбыз бир яхудийге адам жөнөтүп, андан тапканда берүүгө эки кийим сураган. Булардын бардыгы зиммийлер менен бардык мамилелерди жүргүзүү жайиз

экендигине далил болот. Бирок, алар менен ижара, соода, шериктик же күрөө мамилелери кылынган убакта ислам өкүмдөрү гана колдонулушу керек, башка өкүмдөрдү колдонуп мамиле жүргүзүү таптакыр жайиз эмес. Ошентип, зиммийлер башка жарандар сыяктуу эле Исламий мамлекеттин жарандары болушат. Алар да жарандык акы-укугуна, коргоо, тиричиликтин камсыздалышы, жакшы мамиле кылуу, ырайымдуулук жана жумшактык көрсөтүү акы-укуктарына ээ болушат. Алар мусулмандар кошуунунда катышуусу жана мусулман аскерлери менен бирге бир сапта туруп согушуусу мүмкүн. Бирок, согушуу аларга важиб эмес. Аларга да мусулмандарга кылынгандай ынсап жана адилеттүүлүк менен мамиле кылынат. Бул алардын акы-укугу. Аким жана казы алдында, иштерди башкаруу, мамилелерди жүргүзүү жана жаза-чараларды колдонуу маалында мусулмандарга кандай назар менен каралса, зиммийлерге да дал ошондой назар менен каралат, эч кандай кемсинтүү болбойт. Демек, мусулмандарга адилеттүүлүк кылуу важиб болгондой эле зиммийлерге да адилеттүүлүк кылуу важиб.

Эми Умардын алар менен ахднаама түзүп, аларга бир топ шарттарды койгонуна келсек, мына ушул ахднаамалар негизинде алар менен сулх түзүлгөн жана сулхка бир топ шарттар киргизилген. Алар бул шарттарга ыраазы болушкан. Ошондуктан, сулх ахдын кандай болсо ошондой бойдон ишке ашыруу керек болгон. Ал эми эгерде алар менен түзүлгөн сулх ахдынын мазмуну белгилүү бир иштер көрсөтүлгөн белгилүү бир мамилени өз ичине албаган болсо, аларга да мусулмандарга кандай мамиле кылынса кудум ошондой мамиле кылуу керек болот. Мунун тескерисинче мамиле кылуу дурус болбойт. Болгону аларга карата мусулмандарга болгон мамиледен башкача мамиле кылынышы жөнүндө насс келген нерселер гана мындан мустасна. Мисалы, алардын муслима аялдарга үйлөнүүсү жайиз эместиги сыяктуу. Умар кылган иш ал түзгөн ахднаама мазмунуна ылайык болгонуна Умардын өзү соода салыгы жаатында кылган нерсе далил болот. Себеби, Умар мусулмандардан ушрдун төрттөн бирин, зиммийлерден болсо жарымын алат эле. Акыйкатта болсо, шаръий өкүм мусулмандан да, зиммийден да тижарат (соода) салыгын албоо

болчу. Абул Хойрдон риваят кылынат: Мен Рувайфаъ ибн Сабиттин мындай дегенин уктум: Мен Расулуллах ﷺдын:

«إِنَّ صَاحِبَ الْمَكْسِ فِي النَّارِ – يَعْنِي الْعَاشِرَ»

**«Макс ээси тозокто т.а. ушр** (тижарат салыгын) **чогултуучу»**, - дегенин уктум. Абу Убайд риваяты. Пайгамбар ﷺ дагы:

«إِذَا لَقِيتُمْ عَاشِراً فَاقْتُلُوهُ»

**«Эгер ушр чогултуучуга жолуксаңар, аны өлтүргүлө»**, - деген. Абу Убайд риваяты. Иброхим ибн Мухажирден мындай дегени риваят кылынган: Мен Зияд ибн Худайрдын мындай дегенин уктум: **«Мен Исламдагы ушр чогулткан биринчи үшүрчүмүн, - деди. Мен: Кимдерден ушр чогулткан элеңиз, - деп сурадым. Ал: Мусулмандан да, муахидден да ушр албаганбыз, Бани Таглаб насронийлеринен ушр чогултат элек, - деп жооп берди»**. Абу Убайд риваяты. Демек, тижарат салыгы мусулмандан да, зиммийден да алынбайт. Умар мусулмандан зекет алган, зиммийден болсо ахднамадагы шарттар боюнча алган. Алар бул ахднаамага ыраазы болуп, зиммий болушкан. Ал эми төмөндөө кылымдарында зиммийлерге карата кылынган мамилеге келсек, ал Умар өз доорунда койгон шарттарда келген кээ бир нерселерди туура эмес түшүнүүнүн жана туура эмес таклид кылуунун натыйжасы болуп эсептелет. Эгер туура түшүнүлгөндө, Умардын зиммийлер кабыл алган сулхтун шарттары өз ичине алган нерсени гана кылганы албетте түшүнүлмөк. Мындан башка абалдарда Умар зиммийлерге жакшылык кылууга гана буйруган. Ушуга ылайык, зиммийлерге жакшы мамиле кылынат жана аларга карата шариятта келген нерселер колдонулат. Алар менен түзүлгөн сулх ахдындагы шарттар гана мындан мустасна болот. Себеби, мындай абалда аларга мына ушул шарттар кандай келген болсо, ошондой бойдон колдонулат.

# Исламды кафирлерге колдонуу важиб

Исламий мамлекет өкүмү астында болгон ар бир кишиге ислам өкүмдөрүн колдонуу (татбик) важиб. Мусулмандарга колдонулгандай эле зиммийге да, муахидге да, мустаъминге да бирдей колдонулат. Бул жаатта акимге ыктыяр берилбейт, тескерисинче, ислам өкүмдөрүн эч экиленбестен колдонуу керек. Себеби, Аллах Таала ахли китепке карата мындай дейт:

﴿فَٱحۡكُم بَيۡنَهُم بِمَآ أَنزَلَ ٱللَّهُۖ وَلَا تَتَّبِعۡ أَهۡوَآءَهُمۡ عَمَّا جَآءَكَ مِنَ ٱلۡحَقِّۚ﴾

«***Демек, адамдардын ортосунда Аллах түшүргөн нерсе менен өкүм кылгын жана сага келген акыйкаттан жүз үйрүп, алардын көңүл-кушу каалаган нерселерине ээрчибе!***» [5:48]

Аллах Таала аларга карата дагы мындай дейт:

﴿وَأَنِ ٱحۡكُم بَيۡنَهُم بِمَآ أَنزَلَ ٱللَّهُ وَلَا تَتَّبِعۡ أَهۡوَآءَهُمۡ وَٱحۡذَرۡهُمۡ أَن يَفۡتِنُوكَ عَنۢ بَعۡضِ مَآ أَنزَلَ ٱللَّهُ إِلَيۡكَۖ﴾

«*(Эй Мухаммад),* ***алардын арасында Аллах түшүргөн нерсе менен өкүм кылгын, алардын көңүл кушу каалаган нерселерине ээрчибе жана Аллах сага түшүргөн өкүмдөрдүн айрымдарынан сени буруп фитнага салып коюуларынан этият болгун!***» [5:49]

﴿إِنَّآ أَنزَلۡنَآ إِلَيۡكَ ٱلۡكِتَٰبَ بِٱلۡحَقِّ لِتَحۡكُمَ بَيۡنَ ٱلنَّاسِ بِمَآ أَرَىٰكَ ٱللَّهُۚ﴾

«***Албетте, Биз сага ушул акыйкат Китепти*** *(Куранды)* ***адамдар арасында Аллах көрсөткөн жол менен өкүм жүргүзүшүң үчүн түшүрдүк***» [4:105]

Бул умумий болуп, мусулмандарды да, башкаларды да өз ичине алат. Себеби, аяттагы «наас» (адамдар) калимасы умумий. Ал эми Аллах Тааланын:

﴿سَمَّٰعُونَ لِلۡكَذِبِ أَكَّٰلُونَ لِلسُّحۡتِۚ فَإِن جَآءُوكَ فَٱحۡكُم بَيۡنَهُمۡ أَوۡ أَعۡرِضۡ عَنۡهُمۡۖ﴾

«***Алар жалганга кулак салуучу арамкор адамдар. Демек, эгер сага келишсе*** *(кааласаң),* ***ортосунда өкүмдарлык кыл,*** *(кааласаң)* ***алардан жүз үйрү***» [5:42]

деген аятына келсек, бул аяттан Исламий мамлекетке чет өлкөдөн башка бир кафир же кафирлер менен болгон бирер жаңжал туурасында өкүм сурап мусулмандарга кайрылуу үчүн келген адам назарда тутулган. Мында мусулмандар ыктыярдуу болушат. Каалашса алардын ортосунда өкүмдарлык кылып өкүм чыгарып беришет, каалашса алардан жүз үйрүшөт. Себеби, бул аят Расулуллах ﷺ жарашуу келишимин түзгөн Медина яхудийлери жөнүндө түшүрүлдү. Алар уруулар болуп, башка мамлекеттер болуп эсептелишет болчу. Алар ислам өкүмүнө моюн сунушпаган т.а. башка мамлекет болушкан. Ошондуктан, Пайгамбарыбыз менен алардын ортосунда шартнамалар болгон. Эгерде кафирлер зиммий болушуп, ислам өкүмүнө моюн сунган болушса же амандык сурап келип ислам өкүмүнө моюн сунган болушса т.а. дарул исламга кирип ислам өкүмүнө моюн сунууга ыраазы болгон болушса – муахиддер жана мустаъминдер сыяктуу – андай абалда алардын ортосунда Ислам менен гана өкүм кылынат. Башка нерсе менен өкүм кылуу таптакыр жайиз болбойт. Ошондуктан, алардан ким ислам өкүмүнө кайрылуудан баш тартса, аким аны буга мажбурлайт жана бул себептүү аны жазалайт. Кафир ахдга ислам өкүмдөрүнө амал кылуу шарты менен киргени үчүн аким аны ушуга мажбурлайт. Бул ахд зиммийлик ахды болобу, же жарашуу келишими ахдыбы, же амандык ахдыбы, мунун айырмасы жок. Ырасында, кафир дарул исламда болгон соң, бул ахддардын ортосунда айырма жок.

Расулуллах ﷺ насронийлерден болгон Нажрон калкына төмөнкүдөй мазмунда кат жазган:

«إِنَّ مَنْ بَايَعَ مِنْكُمْ بِالرِّبَا فَلاَ ذِمَّةَ لَهُ»

**«Силерден ким риба менен алды-сатты кылса, ал үчүн зимма жок»**. Ибн Абу Шайба риваяты. Ибн Умар мындай деди:

«أَنَّ الْيَهُودَ جَاءُوا إِلَى النَّبِيِّ ﷺ بِرَجُلٍ وَامْرَأَةٍ زَنَيَا فَأَمَرَ بِهِمَا فَرُجِمَا»

**«Яхудийлер зина кылган бир эркек менен аялды Набий ﷺ алдына алып келишти. Пайгамбарыбыз ﷺ экөөнү жазалоого буйруду. Экөө тең ташбараң кылынды»**. Бухарий риваяты. Бухарийдин дагы риваят кылышынча, Набий ﷺ тагынчагын алуу үчүн бир күңдү өлтүрүп койгон бир яхудийди өлтүрдү. Мына ошол яхудийлер мусулмандардын жарандары

эле. Белгилүү болгондой, бул иш яхудий вужуддары жок болгондон кийин жана алардын айрымдары мусулмандар өкүмдарлыгы астындагы жарандар болуп калышкандан кийин жүз берген.

Бирок, эгер иш алар акыйда деп эсептей турган т.а. итикад кыла турган нерселерге тиешелүү болсо – мейли биз аларды акыйда деп эсептебесек да – андай абалда биз бул жаатта аларга тоскоолдук кылбайбыз жана алар итикад кылган нерселер туурасында аларды өз абалына таштап коёбуз. Мисалы, алар аракты адал деп итикад кылышса, бул үчүн алар жазаланышпайт. Себеби, алар аны арам деп итикад кылышпайт. Ошондуктан, куфр катары аларды бул жаатта жазалоо керек болбойт. Биз акыйдаларга тиешелүү нерселерди аларга колдонбойбуз. Себеби, бул нерсе динге мажбурлоо болуп калат. Аллах Таала мындай деди:

﴿لَآ إِكۡرَاهَ فِي ٱلدِّينِۖ﴾

*«**Динге зордоп** (киргизүү) **жок**»* [2:256]

Расулуллах ﷺдын:

«إِنَّهُ مَنْ كَانَ عَلَى يَهُودِيَّتِهِ أَوْ نَصْرَانِيَّتِهِ فَإِنَّهُ لاَ يُفْتَنُ عَنْهَا»

**«Кимде-ким яхудийлигинде же насронийлигинде болсо, ал андан фитналандырылбайт»**, - деген сөздөрү да буга далил болот. Абу Убайд риваяты. Алардын акыйдаларына тескери келе турган нерсени мажбурий колдонуу аларды өз диндеринен фитналандыруу болуп эсептелет. Ошондуктан, алар акыйдалар жана ибадаттарга мажбурланышпайт. Себеби, алар жизя төлөөнү кабыл алышкан соң, куфр өкүмүнө моюн сунууну таштаса да, бирок, акыйдалар жагынан куфрда калышкан болот. Ошондуктан, акыйдаларга тиешелүү нерселер боюнча аларды жазалоо алар итикад кылган куфр жаатында жазалоо болуп калат. Бул болсо жайиз эмес. Демек, белгилүү болгондой, дарул исламда кудум мусулмандарга колдонулгандай эле, кафирлерге да ислам өкүмдөрүн колдонуу важиб болот.

## Жизя

Жизя – махсус мал болуп, мусулман болбогон ахли зиммадан алынат. Алар: мутлак ахли китептер, арабдардан башка мушриктер жана башка кафирлер. Аллах Таала айтат:

﴿ قَٰتِلُواْ ٱلَّذِينَ لَا يُؤۡمِنُونَ بِٱللَّهِ وَلَا بِٱلۡيَوۡمِ ٱلۡأٓخِرِ وَلَا يُحَرِّمُونَ مَا حَرَّمَ ٱللَّهُ وَرَسُولُهُۥ وَلَا يَدِينُونَ دِينَ ٱلۡحَقِّ مِنَ ٱلَّذِينَ أُوتُواْ ٱلۡكِتَٰبَ حَتَّىٰ يُعۡطُواْ ٱلۡجِزۡيَةَ عَن يَدٖ وَهُمۡ صَٰغِرُونَ ﴾

***«Аллахка жана акырет күнүнө ишенбей турган, Аллах жана Анын пайгамбары арам деген нерсени арам деп билбей турган, акыйкат*** *(т.а. Ислам)* ***динине итикад кылбай турган, ахли китептерден болгон кимселерге каршы тээ алар кордолгон абалдарында өз колдору менен жизя төлөмөйүнчө, согушкун!»*** [9:29]

Кайс ибн Муслим Хасан ибн Мухаммаддан риваят кылат:

«كَتَبَ رَسُولُ اللَّهِ ﷺ إِلَى مَجُوسِ هَجَرَ يَدْعُوهُمْ إِلَى الإِسْلامَ فَمَنْ أَسْلَمَ قَبِلَ مِنْهُ، وَمَنْ لاَ، ضُرِبَتْ عَلَيْهِ الْجِزْيَةُ، فِي أَنْ لاَ تُؤْكَلَ لَهُ ذَبِيحَةٌ، وَلا تُنْكَحَ لَهُ امْرَأَةٌ»

**«Расулуллах ﷺ Хажар мажусийлерине кат жолдоп, аларды Исламга даъват кылды. Кимде-ким Исламга кирсе андан кабыл алына турган, ким кирбесе ага жизя салыгы салына турган, анын сойгон нерсеси желбей турган жана ага бирер аял никеленбей турган болду»**. Абу Убайд риваяты. Жаъфар ибн Мухаммад атасынан риваят кылат, Умар айтат: Мажусийлер туурасында эмне кылууну билбей калдым. Алар ахли китеп эмес эле. Ошондо Абдурахман ибн Ауф мындай деп калды: Мен Расулуллах ﷺдын:

«سُنُّوا بِهِمْ سُنَّةَ أَهْلِ الْكِتَابِ»

**«Аларга ахли китепке колдонулган сүннөттү** (мыйзам-эрежени) **колдонгула»**, - дегенин укканмын. Абу Убайд риваяты. Ибн Шихаб риваят кылат:

«أَنَّ رَسُولَ اللَّهِ ﷺ أَخَذَ الْجِزْيَةَ مِنْ مَجُوسِ هَجَرَ»

**«Расулуллах ﷺ Хажар мажусийлеринен жизя алды»**. Умар да Фарс мажусийлеринен жизя алды. Сахабалардан эч ким буга каршы чыкпады. Усман да барбарлардан жизя алды.

Буга да сахабалардан эч ким каршы чыкпады. Ал эми араб мушриктеринен сулх жана зимма талабы кабыл алынбайт. Тескерисинче, алар Исламга даъват кылынат. Исламга киришсе абалдарына коюлат, болбосо аларга каршы согуш кылынат. Аллах Таала айтат:

﴿ سَتُدْعَوْنَ إِلَىٰ قَوْمٍ أُوْلِي بَأْسٍ شَدِيدٍ تُقَٰتِلُونَهُمْ أَوْ يُسْلِمُونَ ﴾

«***Жакында силер куч-кубат ээлери болгон бир коум*** *(менен согушууга)* ***чакырыласыңар.*** *(Ошондо же)* ***алар менен согушасыңар, же алар Исламга кирешет***» [48:16]

Т.а. Исламга кирмейинче согушасыңар. Бул аят Расулуллах ﷺ согушкан араб бутпарастары жөнүндө түшүрүлдү. Бул аят араб мушриктери Исламга киришпесе, аларга каршы согушуу керектигине далил болду. Хасандан риваят кылат:

«أَمَرَ رَسُولُ اللَّهِ ﷺ أَنْ يُقَاتَلَ الْعَرَبُ عَلَى الإِسْلاَمِ، وَلاَ يُقْبَلَ مِنْهُمْ غَيْرُهُ، وَأَمَرَ أَنْ يُقَاتَلَ أَهْلُ الْكِتَابِ حَتَّى يُعْطُوا الْجِزْيَةَ عَنْ يَدٍ وَهُمْ صَاغِرُونَ»

**«Расулуллах ﷺ Исламга киришпесе арабдарга каршы согушууга, алардан мындан башкасын кабыл албоого буйруду. Пайгамбарыбыз ахли китепке каршы тээ алар кордолгон абалда өз колдору менен жизя беришкенге чейин согушууга буйруду».** Абу Убайд айтат: Хасан бул орунда арабдар дегенде ахли китеп болбогон бутпарастарды назарда тутканын көрөбүз. Ал эми ахли китеп болгондорунан Расулуллах ﷺ жизяны кабыл алган. Бул бир нече хадистерде баян кылынган. Набий ﷺдын бутка сыйынуучу арабдардын биринен да жизя алганы сабит болбогон. Пайгамбарыбыз ﷺ «Фатх» аяты жана «Тообо» сүрөсү түшүрүлгөндөн кийин, алардан Исламга кирүүдөн, болбосо аларга каршы согушуудан башкасын кабыл албады. Пайгамбарыбыз ﷺдын Яман жана Нажрон калкы сыяктуу арабдардан жизя алганы туурасындагы риваятка келсек, Пайгамбарыбыз ﷺ жизяны ахли китеп болгон насроний жана яхудийлерден алган, буттарга сыйынуучу арабдардан албаган. Халифа жизя кабыл алына турган кишилерге жизянын көлөмүн, важиб боло турган убагын баян кылып, алардан ар жылы бир жолу гана алынышын, байдан баланча, байлыгы азыраактан баланча алынышын белгилеп

коюшу керек. Кембагалдан болсо алынбайт. Буга Аллах Тааланын төмөнкү аяты далил болот:

﴿ عَن يَدٍ ﴾

*«... өз колдору менен...»* [9:29]

Т.а. кудуретине жараша дегени. Аялдар жана жаш балдардан да жизя алынбайт. Жизя балагатка жеткен, төлөөгө кудуреттүү болгон зиммийден гана алынат. Умар мавласы Нафиъ ибн Асламдан риваят кылынат: **«Умар кошуун амирлерине кат жазып, Аллах жолунда согушууга, согушкандарга гана каршы согушууга, аялдарды жана жаш балдарды өлтүрбөөгө, устара колдонгон кишилерди гана өлтүрүүгө буйруду. Кошуун амирлерине кат жазып, жизя салыгын салууга, аялдарга жана жаш балдарга салбоого, устара колдонгон кишилерге гана салууга буйруду»**. Абу Убайд айтат: Т.а. түк өсүп чыккан кишилерге гана салууга буйруду. Абу Убайд дагы мындай деди: «Кимдин жизя төлөп, кимдин төлөбөшүнө мына ушул хадис негиз болот. Умар аны балагатка жеткен эркектерге гана салып, аялдарга жана жаш балдарга салбады». Умардын бул ишине эч ким каршы чыкпады. Демек, ал ижма болду. Муну Набий ﷺдын Ямандагы Муазга жазган катындагы төмөнкү сөздөрү да кубаттайт:

«إنَّ عَلَى كُلِّ حَالِمٍ دِينَارًا»

**«Ар бир балагатка жеткенге бир динар»**. Пайгамбарыбыз балагатка жеткен эркек кишини айтып, аял жана жаш баланы айтпаган. Ал эми:

«اَلْحَالِمِ وَالْحَالِمَةِ»

**«Балагатка жеткен эркек жана балагатка жеткен аялга»**, - деген риваятка келсек, бул мухаддистер назарында махфуз[1] риваят эмес, тескерисинче, «хаалимати» (балагатка жеткен аялга) деген сөз келбеген хадис махфуз риваят эсептелет. Мындай рива яттын варид болгону туура болгон күндө да, бул иш Исламдын башталышында болгон. Себеби, ошондо мушриктердин аялдары менен жаш балдары эркектер менен

---

[1] Эгерде ишенимдүү ровий ага караганда ишенимдүүрөөк болгон ровийдин риваятына тескери нерсени риваят кылса, анын риваяты шазз, андан да ишенимдүүрөөктүн риваяты болсо махфуз деп аталат.

бирге согушкан. Бул мурун болгон. Кийинчерээк Расулуллах ﷺ аялдардан жана жаш балдардан жизя албаганы себептүү, алардан алуу мансух болду. Пайгамбарыбыздан кийин Умар да ошондой кылды. Алына турган жизя алардын ислам өкүмүнө моюн сунуулары менен бирге аятта:

﴿ حَتَّىٰ يُعۡطُواْ ٱلۡجِزۡيَةَ عَن يَدٖ وَهُمۡ صَٰغِرُونَ ﴾

***«... тээ алар кордолгон абалдарында өз колдору менен жизя төлөмөйүнчө...»*** [9:29]

деп айтылгандай, кордолгон абалдарында болушу керек. Алардын кор абалдары: аларга ислам өкүмү колдонулушу, куфрларынан да, Ислам дининде арам кылынган нерселерден да бирер нерсени үстөм кыла албастыктары, Пайгамбар ﷺ:

«الإِسْلاَمُ يَعْلُو وَلاَ يُعْلَى عَلَيْهِ»

**«Ислам бийик болот жана анын үстүнөн бийик болунбайт»** - деп айткандай, Исламдын өлкөлөрдө ар дайым бийик болушу.

## Ушр, хирож жана сулх жерлери

Абу Убайд мындай деди: «Расулуллах ﷺдан жана ал кишиден кийин халифалардан риваят кылынган асарларда жерлердин фатх кылынышы жөнүндө төмөнкү үч өкүм келгенин көрдүк:

Калкы Исламга кирген жер бар, ал жер алардын мүлкү болуп эсептелет. Ал ушр жери болуп, бул жерде аларга ушул ушрдан башка эч нерсе салынбайт.

Белгилүү бир хирож төлөө шарты коюлуп, сулх менен фатх кылынган жер. Мындай жердин калкы менен сулхта эмнеге келишилген болсо, алар ошол нерсени төлөшөт, аларга андан ашыгын төлөө керек болбойт.

Күч менен алынган жер. Мындай жер туурасында мусулмандар ихтилаф кылышты. Айрымдары мындай жер туурасында «Ганимат жолу тутулуп, бешке бөлүнүп бөлүштүрүлөт, бештен төрт бөлүгү аны фатх кылган кишилер ортосунда жеке менчик жер майдандары болот. Калган бештен бир бөлүгү Аллах Табарока ва Таала айткан кишилерге тийиштүү болот» деген пикирди билдиришсе, айрымдары: Жок, тескерисинче, бул жерлер жөнүндө өкүм чыгаруу жана карап чыгуу имамга сунушталат. Имам эгерде бул жерлерди, Расулуллах ﷺ Хайбарда кылгандай, ганимат кылып бешке бөлүп бөлүштүрүү керек деген пикирге келсе, бул анын укугу. Эгерде имам бул жерди, Умар Савад жеринде кылганы сыяктуу, файъ кылып, аны бешке бөлбөстүк жана бөлүштүрүп бербестик керек, тескерисинче, ал жалпы мусулмандарга вакф болот деген пикирге келсе ошону кылат» деген пикирди билдиришти. Анык фатх кылынган жерлерге тиешелүү өкүмдөр мына ушулар».

Жер Исламда Аллах Мухаммад ﷺды жөнөткөндөн тартып тээ Аллах жер жана андагы нерселерди мурас кылып ала турган күнгө чейин ушр жери, же хирож жери, же сулх жери болот.

Ушр жери – бул андан чыгуучу түшүмдөн зекет катары ушр же ушрдун жарымы алына турган жер. Ал ушрий жер деп аталат. Бул жердин түшүмүнөн зекет катары алына турган ушрдун атынан ал ушундай аталды.

Буга калкы башынан эле Исламга кирген бардык жерлер кирет. Мисалы, Мадинаи Мунаввара жана Индонезия сыяктуу.

Себеби, Медина калкы Расулуллах ﷺ маалында жана ал кишиден кийин халифалар заманында өздөрүнүн жерлеринин түшүмүнөн зекет катары ушр гана төлөшкөн.

Бүтүндөй араб жазирасы да ушр жерине кирет. Мында Медина сыяктуу калкы Исламга кирген болобу же Мекке сыяктуу күч менен фатх кылынган болобу, мунун айырмасы жок. Расулуллах ﷺ Мекке жерин анын өз калкына калтырды, аны алардан тартып албады. Жазиранын калган жерлери да ушундай. Себеби, Аллах мушрик арабдардан Исламга кирүүдөн башкасын кабыл албады, болбосо, аларга каршы согуш кылына турган болду. Анткени, Аллах өз Расулу ﷺды алардан тандап алды жана Куранды алардын тилинде түшүрдү. Ошондуктан, алар аны түшүнүүгө кудуреттүүрөөк болушат. Ушул себептен улам, Аллах алардын баарын Исламга кирүүгө буйруду. Ким Исламга кирбесе, өлтүрүлө турган болду. Аллах алардын өз донинде калып, жизя төлөшүн кабыл албады. Тескерисинче, аларды бул кордуктан сактап азиз кылды. Аларга жизя салынышын кабыл кылбады, алардын жерине хирож салыгын салбады, тескерисинче, бүтүндөй араб жазирасын ушр жерине айландырды. Мында калкы Исламга кирген жер болобу же күч менен фатх кылынган жер болобу, мунун айырмасы жок. Араб жазирасынын калкын мусулмандарга айландырды. Расулуллах ﷺ яхудийлерди андан чыгып кетүүгө буйруду. Араб жазирасында Ислам дини гана калышы үчүн ушундай кылды. Дарамий Абу Убайда ибн Жаррохтон риваят кылат: Расулуллах ﷺдын акыркы айткан сөздөрү мындай болду:

«أَخْرِجُوا الْيَهُودَ مِنْ الْحِجَازِ وَأَهْلَ نَجْرَانَ مِنْ جَزِيرَةِ الْعَرَبِ»

**«Яхудийлерди Хижаздан, Нажрон калкын араб жазирасынан чыгарып жибергиле».** Умар رضي الله عنه аларды чыгарып жиберди. Ошондуктан, Расулуллах ﷺ заманынан тартып ушул бүгүнкү күнгө чейин араб жазирасынан түшүмдөн алынган зекет катары ушр гана алынган.

Мусулмандар куралдын күчү менен фатх кылган жана имам жоокерлердин ортосунда бөлүштүрүп берген бардык жерлер – мисалы, Хайбар жери сыяктуу – ушр жерине кошулат жана ушрий жер болот. Же имам жоокерлерди жердин бир бөлүгүнө жайгаштырган жерлер. Мындай абал мусулман аскерлер менен Шам жана Химсте жүз берген. Ахвас ибн Хакимдин риваят

кылышынча, Химсти фатх кылган мусулмандар ага киришпеген, тескерисинче, Арбид дарыясынын боюна аскерий лагер куруп, ошол жерди иштетип аны түшүмдүү кылышкан. Ошондон кийин бул жерди аларга Умар жана Усман өткөрүп берген. Дагы риваят кылынышынча, Аллах мусулмандарды Шам өлкөсүнүн үстүнөн жеңишке жеткирип, алар Дамашк жана Химс калкы менен сулх түзүшкөндөн кийин, жеңишке жетишпей жана Аллахтын душмандарын талкалабай туруп бул өлкөлөргө кирүүнү каалашпады. Ошондуктан, Мизза жана Шаъбан жайлоосу ортосундагы Барода жайлоосуна аскерий лагер курушту. Бароданын эки тарабында жайлоолор бар болуп, Дамашк жана анын айланасындагы кыштактардын калкы бул жайлоолордон беймарал пайдаланышып, жайлоо алардын бирине да тийиштүү эмес эле. Мусулмандар ушул жерге орношушту. Бул кабар Умарга жетип, Умар ал жерди аларга өткөрүп берди, Умардан кийин Усман да аны өткөрүп берди. Бул жер дагы эле анын калкыныкы болуп ага хирож салынбайт, тескерисинче, ушр гана төлөнөт. Себеби, ал мусулмандарга башынан эле мүлк кылып берилген жана ага хирож салынбаган. Имам күч менен фатх кылынган жерлерден адамдарга бөлүп берген жер майдандары да ушр жерине кошулуп ушрий жер болот. Алар калкы мусулмандардан качып таштап кеткен жерлер, же фатх кылынган мамлекеттин, же андагы акимдердин же ушул акимдердин үй-бүлөсүнүн, же жакындарынын мүлкү болгон жерлер. Медина калкынан болгон баштапкы шейхтердин биринен варид болушунча, ал диванда Умар ибн Хаттаб нун Кисро жана анын үй-бүлөсүнүн мал-мүлкүн, жеринен качып кеткен ар бир кишинин, согушта өлтүрүлгөн ар бир кишинин мал-мүлкүн жана ар бир сугат жер же бадалзарды тартуу кылып бергенин көргөн. Умар бул жерлерден кишилерге бөлүп берген болуп, бул жерлерден ушр алынат эле. Ошондуктан, бул жерлер мейли мамлекеттин күчү менен фатх кылынган болсо да – себеби, алар өз ээлеринин колунда калбады – ушрий жерге айланды жана аларга хирож салыгы салынбады, тескерисинче, имам тарабынан мусулмандарга бөлүп берилгени себептүү мусулмандын мүлкү болуп калды.

Имам фатх кылына элек жерден Аллах аны момундарга фатх кылып бергенден кийин бөлүп бере турган жер да ушрий жерге

кошулат жана ал бөлүп берилген киши үчүн тартуу болот. Буга Расулуллах ﷺдын Тамим ад-Дарийге Халилдеги Хабро, Хабрун, Мархун жана Айнун жерин бөлүп бергенин мисал кылып келтирүүгө болот. Себеби, Тамим ад-Дарий Расулуллах ﷺдын алдына өз жамааты менен бирге келген убакта Пайгамбарыбыз ﷺдан бул жерлерди эгер Аллах мусулмандарга фатх кылып берсе өзүнө бөлүп беришин сураганда Пайгамбарыбыз ﷺ ага бөлүп берип, бул жөнүндө ага бир кат жаздырып берген. Умар мына ошол катка күбө болгондордун бири болгон. Аллах бул жерлерди Умар заманында мусулмандарга фатх кылып берген соң, Тамим ад-Дарий Умардан бул жерлерди өзүнө беришин сурады. Умар Расулуллах ﷺдын бергенине бапаа кылып, ага бул жерлерди тапшырды. Абу Убайд ушуга окшогонду «Амвал»да риваят кылган. Имам мамлекеттин мүлкү болгон ушр жерлеринен адамдарга бөлүп бере турган жерлер да ушундай болот. Мисалы, Расулуллах ﷺ Билал ибн Хорис Мазанийге Акиктин баарын бөлүп бергени сыяктуу. Ал Мединага жакын жерде болуп, ушр жери эле. Бул Абу Убайддын риваяты боюнча ушундай.

Адам кандайдыр бир көрүнүштө тирилткен (өнүмдүү кылган) ар кандай өлүк жер да ушр жерине кошулат жана ушрий жер болот. Мындай жер ушр жеринде т.а. Араб жазирасы, Индонезия жана калкы Исламга кирген ар кайсы жерде болобу, же Ирак, Шам, Мисир жана башка күч менен фатх кылынган өлкөлөрдүн жерлери сыяктуу хирож жеринде болобу, мунун айырмасы жок. Жабир ибн Абдулладан риваят кылынат: Расулуллах ﷺ:

«مَنْ أَحْيَا أَرْضًا مَيِّتَةً فَهِيَ لَهُ»

**«Ким бир өлүк жерди тирилтсе, ал жер аныкы»**, - деген. Термизий риваяты. Саид ибн Зайд риваят кылат, Набий ﷺ:

«مَنْ أَحْيَا أَرْضًا مَيِّتَةً فَهِيَ لَهُ، وَلَيْسَ لِعِرْقِ ظَالِمٍ حَقٌّ»

**«Ким өлүк жерди тирилтсе, ал жер аныкы. Залимдин тери үчүн акы жок»** (Т.а. бул жерди бирөө зулум менен тартып алып, анда тер төгүп иштесе да ага акылуу болбойт).

Бул түрдөгү жерлердин бардыгы ушрий жерлер болуп, алардан эгер жамгыр менен сугарылса түшүмдүн ушру алынат, эгер кудуктардан, дарыялардан, сугат каналдарынан

сугарылса, ушрдун жарымы алынат. Бул жерлер башка колдорго өтүп ээлери алмашса да өзгөрбөйт жана башка болуп калбайт. Себеби, бул жерлердин сыпаты түбөлүктүү болуп, өзгөрбөйт жана башкача болуп калбайт. Себеби, бул жерлер калкы Исламга кирген, же башынан эле мусулмандын мүлкү болгон, же Араб жазирасынан болгон жер. Бул сыпаттар түбөлүктүү калып, жок болбойт. Ал тургай, мусулмандан кафирге өтсө да, бул сыпат ушул жерлердин ажырагыс сыпаты болуп түбөлүктүү кала берет. Ошондуктан, бул жерлерден чыккан түшүмдүн зекети катары ушр берүү важиб болуп кала берет. Эгер түшүм алынбай турган жер болсо, мындай жерге зекет важиб болбойт. Ошондуктан, турак-жай болгон жерден зекет алынбайт. Эгер дыйканчылык кылынса алынат. Эгерде жер тижарат (соода-сатык) үчүн алынган болсо, ал тижарат малдарынын бирине айланып калат да, мындай убакта ушул жерден тижарат малдарынын зекетин алуу важиб болот.

Ушрий жер өз ээлеринин мүлкү болуп, алар ага жана анын пайдасына ээлик кылышат, сатып жиберүү, тижарат, күрөө, белекке берүү, вакф сыяктуу бардык түрдөгү тасарруф жүргүзүү укугуна ээ болушат. О.э. мындай жер алардан мураска да калат. Бул жер алардан алардын ыраазылыгы менен гана алынат. Мамлекет эгер бул жерди алардан алып коё турган болсо, аларга жердин жана андан алына турган пайданын акчасын төлөйт. Бирок, эгер жердин ээси аны үч жыл бекер таштап коё турган болсо, жер андан алып коюлат жана башкасына берилет. Бул жерге аны сатып алып, же мурас алып, же бөлүп берилип, же тирилтип, же башка себептер менен ээ болгонбу, мунун айырмасы жок. Себеби, мында этибар жерге ээ болуу себебине эмес, тескерисинче, анын бекер таштап коюлганына каратылат. Ошондуктан да, Умар ибн Хаттаб Билал ибн Хорис Мазанийден Акик жеринин ал иштете албаган бөлүгүн кайтарып алды. Умар ага: Расулуллах ﷺ сага бул жерди ташка айландырып, адамдарга тоскоолдук кылышың үчүн эмес, тескерисинче, иштетишиң үчүн бөлүп берген. Ошондуктан, андан өзүң иштетүүгө кудуретиң жете турган бөлүгүн алгын да, калганын кайтарып бер, - дегенде Билал: Аллахка ант болсун, эч нерсе кылбаймын, аны мага Расулуллах ﷺ бөлүп берген, - деди. Ошондо Умар: Аллахка ант болсун, албетте ушундай кыласың, - деди да, андан иштете

албаган бөлүгүн акысына эч нерсе бербестен алып койду жана мусулмандарга бөлүштүрүп берди. Умардан минбар үстүндө туруп: «**Ким бирер жерди тирилтсе ал жер аныкы, ташка айландырып тоскоолдук кылуучу кимсенин үч жылдан кийин эч кандай акысы болбойт**», - дегени да риваят кылынган. Муну Абу Юсуф «Хирож» китебинде риваят кылган. Умар дагы: «**Ким бир жерди үч жыл иштетпей бекер таштап койгондон кийин башка бирөө келип аны иштетсе, ал жер ошонуку**», - деген. Муну Ибн Хажар «Фатх»та келтирген. Сахабалар жерди үч жыл бекер таштап койгон кимседен алып коюлуп башкасына берилишине ижма кылышкан.

Эми хирож жерине токтоло турган болсок, ал мусулмандардын жана алардын кошуундарынын кубаты жардамында күч менен фатх кылынган, бирок, жоокерлер ортосунда бөлүштүрүлбөй, тескерисинче, имам ээлеринин колунда калтырып, хирож салыгын салган жер. Мындагы негиз мындай, Умар ибн Хаттаб заманында Ирак, Шам жана Мисир фатх кылынгандан кийин, мусулмандар бул жерлерди өздөрүнө – Расулуллах ﷺ Хайбарды бөлүштүрүп бергени сыяктуу – бөлүштүрүп берүүнү талап кылышты. Талап кылуучуларга Билал, Абдурахман жана Зубайрлар баш болду. Бирок, Али жана Муаз Умардан жерди бөлүштүрүп бербестикти талап кылышты. Абу Убайд «Амвал»да риваят кылышынча, Умар رضي الله عنه Жабияга келип, бул жерди мусулмандар ортосунда бөлүштүрмөкчү болду. Ошондо Муаз ага: Аллахка ант болсун, албетте өзүң жактырбаган нерсе болот. Себеби, эгерде сен бул жерди бүгүн бөлүштүрүп берсең, өтө чоң пайда бир коумдун колунда болуп калат. Андан кийин алар өлүп кетишет да, бул нерсе бир киши жана аялга өтүп калат. Алардан кийин башка бир коум келип, Исламдын ордуна башка нерсени кылып алмакчы болушат. Акыйкатта болсо, алар эч нерсе таба алышпайт. Ошондуктан, мурунку жана кийинкилерин камтып ала турган бир ишти ойлонуп көр, - деди. Билал жана анын шериктери болсо Умардан катуу талап кылып туруп алышты. Ал тургай Умар: «Аллахым, мага Билал жана анын жакындары жаатында кифая кылгын», - деди. Умар бул жаатта мухажирлер жана ансорлор менен кеңешип мындай деди: «Мен бул жерлерди кайрыдин ээлеринин колунда калтыруу, аларга бул жерлер боюнча хирож салуу жана моюндарына жизя салыгын

салуу пикирине келдим. Алар бул салыктарды төлөшөт. Натыйжада, бул жоокер мусулмандар жана алардын урпактары үчүн о.э. алардан кийин келе тургандар үчүн файъ болот. Бул чегараларды көрүп жатасыңарбы. Аларды ар дайым коргой турган кишилер керек. Шам, Жазира, Куфа, Басра, Мисир сыяктуу тигил чоң шаарларды көрүп жатасыңарбы? Аларды кошуундар менен толтуруу жана бул кошуундарга жетиштүү маяна берүү зарыл. Ко-ош, эгер бул жерлерди жана кайрыдин ээлерин бөлүштүрүп бере турган болсом, мына ушул кошуундарга кайдан маяна берилет», - деди. Ошондо мухажир жана ансорлордун баары: Сиз эмне пикирге келген болсоңуз ошондой болот, эмне кылсаңыз жана эмне пикирге келсеңиз ошол туура, - дешти. Умар өз раъйына «Хашр» сүрөсүндө келген файъ жөнүндөгү:

﴿ وَٱلَّذِينَ جَآءُو مِنۢ بَعۡدِهِمۡ يَقُولُونَ رَبَّنَا ٱغۡفِرۡ لَنَا وَلِإِخۡوَٰنِنَا ٱلَّذِينَ سَبَقُونَا بِٱلۡإِيمَٰنِ ﴾

***«Алардан кийин** (дүйнөгө) **келген заттар айтышат: Роббибиз, Өзүң бизди жана бизден мурун ыйман менен өткөн заттарды магфират кылгын»*** [59:10]

аятын далил кылып келтирди. Умар сахабалар, табийиндер жана табаа табийиндердин кийин келе турган перзенттери жана алардан кийин кыямат күнүнө чейин келе турган мууну мына ушул файъга акылуу болушуна мына ушул аяттан далил келтирди.

Ошондуктан, Умардын: «Муктаждык туруктуу сарп-каражат булагын пайда кылууга чакырат, аскерлерге ушул булактан жумшалат, маяна аларга ушул булактан төлөнөт, мамлекеттин кызыкчылыктарын башкарууга да ушул булактан жумшалат, муктаждарга акыр заманга чейин ушул булактан берилет. Бул сарп каражаттар үчүн туруктуу түгөнбөс булак зарыл», - деген көз карашы, анын Хашр сүрөсүндө келген файъ аяттарын пикирлеп түшүнүүсү анын фатх кылынган жерлерди мусулмандар ортосунда бөлүштүрүүдөн баш тартышына, бул жерлерди өз ээлеринин колунда калтырып, аларга хирож салыгын салышына алып барды. Мусулман кошуундарына жана алардын кызыкчылыктарына сарпталуучу туруктуу файъ болуп калышы үчүн ушундай кылды. Умарды мусулмандар ортосунда

жерди бөлүштүрүп бербестикке үндөгөн чыныгы маани мына ушул. Бул маанини Умардын мына бул сөзү түшүндүрүп турат: **«Ал эми жаным колунда болгон Затка ант болсун, эгер адамдардын акырын эч нерсеси жок жакыр кылып калтыруудан коркпогонумда, кайсы шаарды фатх кылсам аны кудум Набий ﷺ Хайбарды бөлүштүрүп бергени сыяктуу бөлүштүрүп берет элем. Бирок, мен аны аларга өз ара бөлүштүрүп алыша турган бир казына кылып калтырамын»**. Бухарий риваяты.

Ушундан түшүнүлгөндөй, хирож жеринин ээлиги бардык мусулмандардыкы жана бул ээлик аларда сакталат. Бул жерди мурунку ээлеринин колунда калтыруу мусулмандардын ордуна аны иштетүүсү жана пайдалануусу үчүн болот. Жерден пайдаланышы үчүн алардын колунда калтырылышы акысына алар хирож төлөшү керек. Демек, алар жердин ээлери эмес, бирок, жердин пайдасына ээ болушуна ыраазы болунган. Ошондуктан, кээ бир сахабалар жана илимдүүлөрдүн көпчүлүгү бул жерди сатканы болбойт деген раъйды билдиришкен. Ошолордон Умар, Али, Ибн Аббас, Абдулла ибн Умар, Авзаий жана Маликтер ушундай раъй билдиришкен, Авзаий: **«Мусулмандардын имамдары жизя жерин сатуудан ар дайым кайтарып келишти жана мусулман уламалар муну макрух деп билишет»**, - деген. Шаъбийдин риваят кылышынча, Утба ибн Фаркад Фурот дарыясынын жээгиндеги бир жерди сатып алып ал жерде касаба (жаңы кудук казылган жер) кылмакчы болду. Муну Умарга айтты эле, ал: **«Аны кимден сатып алдың»**, - деди. Утба **«Ээлеринен»** деди. Мухажирлер жана ансорлор чогулгандан кийин Умар: **«Ээлери мына булар, ко-ош булардан бирер нерсе сатып алдыңбы»**, - деп сурады. Утба **«Жок»** деди. Ошондо Умар: **«Аны кимден сатып алган болсоң, ошого кайтарып бер жана акчаңды кайтарып ал»**, - деди. Уламалардын хирожий жерди ахли зиммадан сатып алууну макрух деп билгендеринин себеби мындай, бул жердин ээлиги мусулмандарга бекемдеп коюлган. Демек, бул жер вакфка окшоп калды. Вакф болсо сатылбайт. Кала берсе, мындай жерди ахли зиммадан сатып алуу мусулманды хирож төлөй турган кылып коёт. Уламалар хирож төлөөнү мусулмандар кутулушу важиб болгон бир кордук деп эсептешкен. Ал тургай, алар «кимде-ким хирож төлөөнү кабыл

алса, ал кордукка ыраазы болуптур» деген пикирди билдиришкен. Бирок, мындай жерди сатып алууда эч кандай зыян жок деп эсептеген башка сахабалар жана факихтер да бар. Кээ бир сахабалар хирож жерлеринен сатып алышкан. Мисалы, риваят кылынышынча, Ибн Масъуд бир дыйкандан жер сатып алган. Саврий мындай деди: Эгерде имам күч менен алынган өлкөнүн калкын өздөрүнүн жерлеринде жайгаштырса, алар бул жерлерди бири-бирине мурас кылып калтырышат жана сатышат. Ибн Сирин жана Куртубийден да ушуга окшогон раъй риваят кылынган. Ахмаддан мындай дегени риваят кылынат: **«Эгерде сатып алуу жеңилирээк болсо, киши өзүнө жетиштүү болгонун жана адамдарга муктаж болбой турганын сатып алат».**

Күч менен фатх кылынган жана калкы хирож төлөө шарты менен жайгаштырылган жердин вакиълигине терең назар таштай турган болсок, бул жерди перзенттер аталарынан, кийинки муун мурункуларынан мурас кылып алышканына, сахабалардан жана мусулмандардан эч ким буга каршы чыкпаганына күбө болобуз. Бул болсо, хирожий жер ушрий жер сыяктуу мурас кылып алынышына шаръий далил болот. Бирок, хирожий жерде мурас кылып калтырыла турган нерсе, болгону, анын туруктуу пайдасы гана. Бул жердин ээлиги мурас кылып калтырылбайт. Себеби, бул ээлик бардык мусулмандардын мүлкү болуп эсептелет. Ал эми анын кызыкчылыгына т.а. андан пайдаланууга келсек, Умар ибн Хаттаб анын мурунку ээлеринин акыркы доорго чейин анын туруктуу пайдасына ээ болушуна ыраазы болду. Пайдага ээ болунат жана мурас кылып калтырылат. Пайдага ээ болгон адам аны бардык түрдөгү тасарруф менен тасарруф кылуу т.а. сатуу, күрөөгө коюу, белекке берүү, васият жана башка тасарруфтар укугуна ээ болот.

Бул маселенин бир тарабы. Экинчи тарабына келсек, хирождо кордук деген нерсе көрүнбөйт. Тескерисинче, ал жизяда болот. Себеби, жердин хирожун ушул жер ээси анын пайдасына ээ болууга ыраазы болгонунун акысына төлөйт. Бул ээлик ага жерди иштетүү жана андан пайдалануу мүмкүнчүлүгүн берет. Ошондуктан, мында төмөндүк жана кордук мааниси көрүнбөйт. Себеби, ал хирожду кызыкчылыктын акысына төлөйт. Кызыкчылык акысына ар

кандай малды төлөөдө кордук болбойт. Адам жашоо үчүн короо жайдан пайдаланганы же дүкөндө соода кылып пайдаланганынын акысына төлөй турган ижарада эч кандай кордук жок экендигин көрүп турабыз го. Ошондуктан, жердин хирожу анын пайдасына ээ болуу т.а. андан пайдалануу акысына төлөнгөнү себептүү кордук деп эсептелбейт. Муну менен хирож жерин сатып алуучу кишиге эч кандай кордук болбойт.

Үчүнчүдөн, фатх кылынган, хирож төлөнө турган жерде калтырылган кафир жана анын урпагы мусулманга айланышы мүмкүн. Мусулман болушу менен жердин пайдасына ээлик кылуу кафирден мусулманга көчүп өткөн болот. Муну менен хирож төлөө кафирден мусулманга өткөн болот. Иш жүзүндө да ушундай болгон. Мисалы Ирак, Шам, Фарс, Мисир жана башка фатх кылынган өлкөлөрдүн калкы мусулман болушту жана мусулман хирож төлөй турган болуп калды. Хирожий жердин бир мусулмандан башка бир мусулманга алды-сатты, белек же мурас аркылуу өтүшүндө айырма жок. Себеби, мусулмандар бирдей. Анткени, бир мусулман менен башка мусулмандын ээлигинин ортосунда айырма жок. Бул аркылуу хирож жеринин бир мусулмандан башка бир мусулманга мурас, же сатуу, же белек, же васият, же башка жол аркылуу өтүшүндө эч кандай тоскоолдук жок экендиги белгилүү болот. Бул жердин сыпаты жана андан төлөө керек боло турган нерсе – анын ээси канчалык өзгөрбөсүн жана канчалык колдон-колго өтпөсүн – кыяматка чейин түбөлүктүү кала берет. Себеби, жердин күч менен фатх кылынган деген сыпаты кыяматка чейин түбөлүктүү калып, өзгөрбөйт. Анын пайдасына ээлик кылуу кафирден мусулманга өтүшү бул сыпатты о.э. бул жерден төлөнүшү керек болгон хирожду өзгөртпөйт. Себеби, хирож ээликке эмес, фатх кылынып калкынын колунда калтырылган жерге байланыштуу болот.

Ким жердин пайдасына ээлик кылса, бул пайданы сатып жибериши жана анын акчасын талап кылып алышы мүмкүн. Себеби, пайдалар алды-сатты кылынат жана алардын акчасына акылуу болууга болот. Эч ким, ал тургай мусулмандар халифасы да бул жерди анын ээсинен тартып алууга укуктуу эмес. Абу Юсуф мындай деди: «Кайсы бир жерди имам күч менен фатх кылып, аны бөлүштүрүп берүүнү туура көрбөгөн

болсо жана кудум Умар ибн Хаттаб ﵁ Савад жеринде кылганы сыяктуу, аны өз калкынын колунда калтыруу пайдалуу деген пикирге келген болсо, муну кылуу анын укугу болуп, ал хирож жери болот. Ошондон кийин ал жерди алардан тартып ала албайт. Себеби, ал жер алардын мүлкү болуп, аны бири-бирине мурас калтырышат, сатышат жана аларга хирож салынат. Валийлер кимге Савад жеринен бирер жерди бөлүп берген болсо, алардан кийин келе турган халифалардын муну четке кагышы жана аны ошол адамдын колунан тартып алышы – бул адам мураскор болобу же сатып алган болобу мунун айырмасы жок – адал болбойт. Ал эми эгерде валий жерди бирөөнүн колунан алып, башкасына бөлүп берген болсо, бул тартып алуу болуп эсептелип, бирөөсүнөн тартып алып башкасына берген болот. Демек, имамдын адамдардын бирине бирер мусулмандын жана бирер муахиддин акысын бөлүп бериши адал болбойт, ал мындай кыла албайт. Имам мусулмандын же муахиддин колунан мына ошондон бирер нерсени төлөшү важиб болгон акыйкат жол менен гана алышы мүмкүн. Демек, имам аны ушул мусулман же муахид төлөшү важиб болгон мына ушул нерсе жолу менен гана алат». Ушуга ылайык, эгерде мамлекеттин мусулмандар муктаж болуп калган бирер кызыкчылык себептүү хирож жерлеринин бирин алып коюшуна муктаждык пайда болсо, андайда мамлекет ушул жердин ээсине жердин өзүнө ээлик акчасын эмес, тескерисинче, анын пайдасына ээлик кылуу акчасын төлөшү керек болот. Себеби, хирожий жердин ээси жердин өзүнө эмес, тескерисинче, андан түшө турган пайдага ээлик кылат. Анткени, жердин өзүнө ээлик кылуу мусулмандардын мүлкү болуп эсептелет. Ошондуктан, мамлекет жер ээсине ал ээ боло турган пайданын акчасын – бул пайда чоң болобу же кичинеби айырмасы жок – төлөшү керек жана бул жерге курулган имараттын же эгилген дарактын акчасын төлөө менен гана чектелбестиги керек. Себеби, мамлекеттин муну менен эле чектелип калышы жер ээсинин акысын тартып алуу болуп эсептелет. Анткени, жер ээси ушул жерге курулган имараттын же эгилген дарактын ээси, ал бул жердеги түшүм берүү кубатынын жана туруктуу пайданын ээси болуп эсептелет. Ошондуктан, бардык нерсенин акчасы анык эсептелип чыгышы керек. Айрыкча жердин ээси бул жердеги имараттын же эгилген дарактын наркы миң сом

болбогон бир убакта аны он миңге сатып алган болсо ушундай кылуу зарыл. Себеби, имарат жана дарактын акчасын төлөө менен гана чектелүү жер ээсине зулум болот жана анын акысын сая кетирүү болот. Ошондуктан, мамлекет анын жериндеги бардык пайданын акчасын төлөбөсө жерди тартып алган болот. Анткени, муну сатыла турган ар кандай пайда-кызыкчылыкка окшотууга болот. Ошондуктан, анын акчасы толук төлөнүшү керек.

Хирожий жерге тиешелүү жогорудагы өкүмдөрдүн бардыгы дыйканчылык үчүн даярдап коюлган жер жөнүндө эле. Ал эми фатх кылынган өлкөлөрдөгү үй-жай үчүн болжонгон жерлерге келсек, алардын өкүмү дыйканчылык жерлеринин өкүмдөрүнөн башкача болот. Себеби, үй-жай курулган жерлерден хирож алынбайт жана анын өзүнө да, пайдасына да ээлик кылынат. Буга сахабалар ижма кылышкан. Себеби, мусулмандар Иракты фатх кылышкан убакта Куфа жана Басра жер майданынын долбоорун түзүшүп, аны өз ара бөлүштүрүп алышты жана алардын мүлкүнө айланды. Умар ибн Хаттаб заманында анын уруксаты менен бул жерлердин өзүнө да, алардан түшө турган пайдага да ээлик кыла турган болушту. Расулуллах ﷺдын сахабалары бул жерлерге үй-жай курушту. Шам, Мисир жана башка фатх кылынган өлкөлөрдө да ушундай болду. Бул жерлерден эч бир нерседе хирож төлөшпөдү. Бул жерлер ар кандай шахсий мүлк сыяктуу алды-сатты кылына турган болду. О.э. бул жерлерден зекет алынбады. Болгону, эгер тижарат товары кылып алынса гана зекет алына турган болду.

Ошентип, демек күч менен фатх кылынган жердин маселеси имамга сунушталат. Имам каалаcа бул жерди куду Расулуллах ﷺ Хайбарды бөлүштүрүп бергени сыяктуу бөлүштүрүп берет, каалаcа кудум Умар Савад, Шам жана Мисир жеринде кылганы сыяктуу, жерди ээлеринин колунда калтырат жана мусулмандар үчүн бир файъ катары ушул ээлерине хирож салыгын салат. Имам бул жаатта мусулмандар үчүн эмнени пайдалуу деп билсе ошону кылат.

Эми сулх жери жөнүндө токтоло турган болсок, ал калкы менен белгилүү бир шарттар негизинде сулх түзүлгөн бардык жерлер. Мусулмандар сулх шарттары кандай шарттар болбосун – ахддарга амал кылуу жана бапаа кылуу важиб милдетин жүктөгөн Аллахтын Китебиндеги аяттарга жана Расулунун

сүннөтүндөгү сахих хадистерге ылайык – ушул шарттарга амал кылышы керек.

Сулх жери сулх түзүлгөн убакта келишилген шарттардын түрүнө карай ар түрдүү болот. Мисалы, жер мусулмандарга тапшырылышы жана сулх шарттарына ылайык калкы андан көчүрүлүп жиберилиши мүмкүн. Бани Назир яхудийлеринде кудум ушундай абал жүз берген. Себеби, Расулуллах ﷺ алар менен Мединадан аларды көчүрүп жиберүү шарты менен сулх түзгөн. Аларга бир төө көтөрө турган маталар жана малдарды алып кетүүгө уруксат берилди. Болгону, курал-жарак алып кетүүсүнө уруксат берилбеди. Бул жер Аллах Өз Расулуна файъ кылып берген нерселер түркүмүнөн болду. Бул түрдөгү жер маселеси имамга сунушталат. Имам ал жөнүндө мусулмандар үчүн пайдалуу деп билген көрүнүштө иш жүргүзөт.

Дагы бир жер бар болуп, ал калкы менен – ага ээлик кылууну аларга калтыруу жана аларды ушул жерде калтырууга ыраазы болушубуз шарты негизинде – сулх түзүлгөн жер. Алардын белгилүү бир өлчөмдө хирож төлөшү шарт. Бул жердин өзү жана андан түшө турган пайда сулх шарттары боюнча калкынын мүлкү болуп кала берет. Алар аны өздөрү ээ болгон ар кандай товарды өз ара айырбаштагандай эле айырбаштоолору, сатып жиберүүлөрү, вакф кылып коюулары, белекке берүүлөрү мүмкүн. Алар сулхта көрсөтүлгөн хирожду гана төлөшөт, мындан ашырылбайт. Бул хирож жизя катары болот. Ошондуктан, алардын жери мусулмандын колуна өтсө, мусулман бул жерден хирож төлөбөйт. Себеби, бул жер хирож жери эмес. Бул жердин калкы Исламга кирсе, алардан да Исламга кирген кишиден жизя сакыт болгону сыяктуу эле хирож сакыт болот. Буга Хажар жана Бахрейн жерин мисал кылып келтирүүгө болот. Себеби, Хажар жана Бахрейн сулх менен фатх кылынган. О.э. Айла, Акаба, Давма, Жандал жана Азруж да сулх менен фатх кылынган. Бул кыштактар Расулуллах ﷺга жизя төлөшкөн. Шам шаарлары да ушундай кылышкан. Болгону, Кайсария мындан мустасна болгон. Жазира өлкөлөрү жана Хуросон өлкөлөрүнүн бардыгы же көпчүлүгү сулх менен фатх кылынган. Ошондуктан, аларга сулх өкүмү жүргүзүлөт.

Дагы бир жер бар болуп, ал кафирлер менен бул жер биздики болушу жана белгилүү бир хирожду төлөп, ага

жайгашуулары жана аны гүлдөтүүсүнө биз ыраазы болушубуз шарты менен сулх түзүлгөн жер. Бул жер күч менен алынган жердин өкүмүндө болот жана андан күч менен алынган жердин хирожу алынат.

# Дарул куфр жана дарул ислам

Дарун сөзү лугатта орун, мекен, өлкө жана урууга карата колдонулат. Душмандын жери дарул харб деп аталат. Кафирлердин жашап, куфр менен өкүм жүргүзгөн өлкөлөрү дарул харб жана дарул куфр экендигине ихтилаф жок. О.э. мусулмандар олжо кылып алган жана ислам өкүмдөрүн орното элек согуш орду болгон жер да – мейли бул жер мусулмандардын кол астында болсо да – дарул харб жана дарул куфр экендигине ихтилаф жок. Ошондуктан, факихтер: **«Эгерде дарул харбда олжолор бөлүштүрүлсө, өз үлүшүн алган кишинин бул үлүштү сатып жибериши жана башка нерсе менен тасарруф кылышы жайиз»**, - деген. Дарул харб жана дарул куфр бирдей мааниде болуп, душман мамлекетине жана согуш ордуна карата колдонулат. О.э. дарул исламдын ислам өкүмүнө моюн суна турган жана мусулмандар өкүм жүргүзгөн өлкөлөр экендигине да ихтилаф жок. Мында бул өлкөлөрдүн калкынын мусулман же зиммий болушунун айырмасы жок. Факихтер дагы «дарул куфр анда ислам өкүмдөрү зохир болушу менен дарул исламга айланат» деп айтышкан. Бирок, факихтер дарул исламдын эмне менен дарул куфрга айланышы жөнүндө ихтилаф кылышкан. Айрым мужтахиддердин айтышынча, дарул ислам төмөнкү үч шарт менен гана дарул куфрга айланат. Биринчиси: Анда куфр өкүмдөрүнүн зохир болушу. Экинчиси: Дарул куфрга чектеш болушу. Үчүнчүсү: Анда бирер мусулман да, мусулмандар амандык берген бирер зиммий да калбастыгы. Бул сөз эч бир далилге негизделбеген, тескерисинче, дар (дияр) вакиълигин сыпаттоо гана. Анткени, көрүнүп турган нерсе мындай, мусулмандар менен кафирлер ортосунда согуш жүз берип, кафирлер мусулмандардын жерин басып алышса жана бул жерде согуш уланса, мына ушундай абалда дарул ислам дарул куфрга айланды деп эсептелет. Кээ бир мужтахиддер болсо «дарул ислам анда куфр өкүмдөрү зохир болушу менен дарул куфрга айланат» деген пикирди билдиришкен. Бул сөзгө негиз мындай, биз дарул ислам жана дарул куфр деп дарун сөзүн исламга жана куфрга изофа кылып айтканыбыздан кийин, дарун сөзү ислам зохир болгону себептүү Исламга изофа кылып айтылат же куфр зохир болсо куфрга изофа кылып

айтылат. Бул кудум бейиш «дарус салам», тозок «дарул бавар» деп айтылганга окшойт. Бейиште саламаттык болгону үчүн ал дарус салам деп аталса, тозокто бавар (кыйроо) бар экендиги себептүү дарул бавар деп аталат. Ислам жана куфрдун зохир болушу бул экөөнүн өкүмдөрү зохир болушу менен болот. Демек, диярда куфр өкүмдөрү зохир болсо, бул дияр дарул куфрга айланган болот. Натыйжада, дарун сөзүн куфрга изофа кылып айтуу туура болот. Ошондуктан, диярда ислам өкүмдөрү зохир болсо, бул дияр дарул исламга айланат. Мында башка шартка муктаждык жок. Мунун тескериси болуп, диярда куфр өкүмдөрү зохир болсо, бул дияр дарул куфрга айланат.

Ырасында бул иш диярдын вакиълигине тиешелүү болгон соң, демек, диярдын дарул куфрга т.а. дарул харбга чектеш болушу же болбостугу маселесин этибарга алуу орунсуз. Себеби, исламий өлкөлөрдүн бардыгы дарул харбга т.а. дарул куфрга чектеш болгон. Ошого карабастан алар сахабалар ижмасы менен дарул ислам болуп эсептелген. Эгер мына ушул нерсе шарт болгондо эле, анда бардык чегаралар дарул куфр болуп калат эле. О.э. мусулмандар амандыгын диярды дарул исламга айландыруудагы бир шарт деп эсептебестик ислам менен өкүм жүргүзгөн, бирок, кафирлер таасирине жана амандыгына моюн сунган исламий өлкөлөрдү дарул ислам деп этибар кылууга алып барат. Мусулмандар мусулмандардын амандыгында болбостон кафирлердин амандыгында болушуна карабастан, бул диярларды дарул ислам деп этибар кылуу керек болуп калат. Акыйкат мындай, диярды дарул ислам же дарул куфр деп эсептөө үчүн төмөнкү эки нерсеге назар таштоо зарыл. Биринчиси: Ислам менен өкүм жүргүзүү. Экинчиси: Мусулмандар амандыгы т.а. алардын өкүмдарлыгы менен амандык болушу. Эгер диярда мына ушул эки нерсе толук табылса т.а. Ислам менен өкүм жүргүзүлсө жана бул диярдын амандыгы мусулмандар амандыгы т.а. салтанаты менен болсо, ал дарул ислам болот жана дарул куфрдан дарул исламга айланат. Ал эми, эгерде бул эки нерсенин бири жок болсо, дияр дарул исламга айланбайт. О.э. ислам диярында ислам өкүмдөрү менен өкүм жүргүзүлбөсө, ал дарул куфр болот. О.э. диярда ислам менен өкүм жүргүзүлсө да, бирок анын амандыгы мусулмандар амандыгы т.а. алардын салтанаты менен болбой кафирлер салтанаты менен болсо, бул дияр да

дарул куфр болот. Ушуга ылайык демек, бүгүнкү күндө мусулмандардын бардык өлкөлөрү дарул куфр болуп эсептелет. Себеби, бул өлкөлөрдө Ислам менен өкүм жүргүзүлбөй жатат. Кафирлер бир мусулманды ислам өкүмдөрү менен өкүм жүргүзө турган кылып тикелешкен болсо да, бирок, бул мусулман алардын салтанаты астында болсо жана анын амандыгы кафирлердин амандыгы менен болсо, мында да дияр дарул куфр болуп кала берет. Себеби, мусулман өлкөлөрү дарул исламга айланышы үчүн аларда ислам өкүмү орнотулушу жана бул өлкөлөрдүн амандыгы мусулмандар амандыгы менен т.а. алардын салтанаты менен болушу керек. Ушуга ылайык, куфр же ислам менен сыпатталуусуун ушул диярдын вакиълиги көрсөтүп берет. Мында жүрүгүзүлүп жаткан өкүм этибарга алынганы сыяктуу эле, амандык да этибарга алынат. Себеби, амандык өкүм талап кыла турган нерселердин ажырагыс бир бөлүгү. Ошондуктан, эгер ислам диярында ислам менен өкүм жүргүзүлбөсө же мусулмандар амандыгы менен болгон амандык жок болсо, ушул экөөнүн бирөөсү жок болсо да, бул дияр дарул куфрга айланат. Демек, диярдын дарул ислам болуп калышынын шарты ага Ислам менен өкүм жүргүзүү жана анын амандыгы мусулмандар амандыгы менен болушу. Дарул куфр болсо анда Ислам менен өкүм жүргүзүлсө гана жана анын амандыгы мусулмандар амандыгы менен болсо гана дарул исламга айланат. Ушул эки иш табылбаса дарул куфр болуп кала берет. Демек, Ислам менен өкүм жүргүзүү жана мусулмандар амандыгы менен болуу диярдын дарул ислам деп сыпатталышы үчүн зарыл болгон бири-биринен ажырабай турган эки иш.

Кыскасы, диярдын дарул куфр же дарул ислам болушу ушул диярдын вакиълигине тиешелүү. Дарун сөзү лугатта урууга карата колдонулат. Дарул харб душмандын жери. Ошондуктан, дарул харб жана дарул ислам деп атайбыз, дарул куфр жана дарул ислам деп да атайбыз. Экөө тең бирдей мааниде. Себеби, мусулмандар тээ адамдар «Лаа илааха иллаллох» демейинче же ислам өкүмдөрүнө моюн сунушмайынча харбга т.а. согушууга буюрулушкан. Эгер адамдар ислам өкүмдөрүнө моюн сунушса – мейли, алар кафир бойдон калышса да – алардан согуш көтөрүлөт. Эми эгерде ислам өкүмү астына киришпесе аларга каршы согуш кылынат. Демек, аларга каршы

согушуунун себеби алардын даъватты кабыл албаган кафирлер экендиги. Аларга каршы согуштун токтошунун себеби болсо, алардын Ислам менен өкүм жүргүзүүнү кабыл алышы. Ошондуктан, эгерде алар кафир бойдон калышса да аларга Ислам менен өкүм жүргүзүлсө согушту токтотуу себеби жүзөгө чыккан болот жана согушту токтотуу важиб болот. Бул болсо, аларга Ислам менен өкүм жүргүзүү алардын мамлекетин дарул харбдан дарул исламга айландырышына далалат кылат. Демек, согуштун уланышы же аякташы Ислам менен өкүм жүргүзүүгө байланыштуу болот. Бул болсо, диярдын дарул ислам же дарул куфр экендигин белгилей турган сыпат Ислам менен өкүм жүргүзүү экендигине далалат кылат. Анын хукм т.а. бийлик-салтанат болушунун мааниси ички жана тышкы амандыктын (коопсуздуктун) аны менен т.а. Ислам салтанаты менен болушу. Эгерде андай болбосо, өзүнүн хукм-бийлик катары айырмаланып туруу касиетин жоготот. Ушуга ылайык, Ислам менен хукм жүргүзүү жана анын ажырагыс бөлүгү болгон амандык диярдын дарул ислам же дарул харб экендигин белгилейт. Буга дагы бир далил мындай, халифа Ислам менен өкүм жүргүзбөй куфр өкүмдөрү менен өкүм жүргүзсө, мусулмандар ага каршы тээ ал Ислам менен өкүм жүргүзгөнгө чейин согушуусу фарз болуп калат. О.э. эгер мусулмандар ислам өкүмдөрүн таштап коё турган болушса, имам аларга каршы тээ алар ислам өкүмдөрүнө кайтышканга чейин согушуусу фарз болуп калат. Бул да кимде-ким Ислам менен өкүм жүргүзбөй турган болсо, мейли алар мусулмандар болсо да, мунун натыйжасында аларга каршы согуш келип чыга тургандыгын ачык көрсөтүп турат. Ал диярдын дарул харб экени билине турган белгиге далалат кылат. Дарул куфр жана дарул харб бирдей мааниде. Дарул куфр дегенде дарун сөзү куфр сөзүнө изофа болду. Диярдын өзү куфр менен сыпатталбайт. Демек, куфр бул диярга жүргүзүлүп жаткан өкүмдүн сыпаты болот. О.э. дарул ислам деп айтылса да диярдын өзү ислам менен сыпатталбайт, тескерисинче, ислам ушул диярга жүргүзүлүп жаткан өкүмдүн сыпаты болуп эсептелет. Кошумча катары айтып кете турган нерсе, фатх кылынган бирер өлкөнүн калкы кафир бойдон калган болсо да, бирок, бул өлкөгө ислам менен өкүм жүргүзүлсө, ал анык дарул ислам болот.

## Момундардын кафирлерди дос тутуусу

Аллах Таала айтат:

﴿لَّا يَتَّخِذِ ٱلۡمُؤۡمِنُونَ ٱلۡكَٰفِرِينَ أَوۡلِيَآءَ مِن دُونِ ٱلۡمُؤۡمِنِينَۖ وَمَن يَفۡعَلۡ ذَٰلِكَ فَلَيۡسَ مِنَ ٱللَّهِ فِي شَيۡءٍ إِلَّآ أَن تَتَّقُواْ مِنۡهُمۡ تُقَىٰةٗۗ وَيُحَذِّرُكُمُ ٱللَّهُ نَفۡسَهُۥۗ وَإِلَى ٱللَّهِ ٱلۡمَصِيرُ﴾

«***Момундар момундарды коюп, кафирлерди дос тутушпасын! Ким ушундай кылса, демек, Аллахка эч нерсе эмес*** *(т.а. Аллахка чоочун).* ***Бирок, алардан этият болуп турсаңар*** *(үстүртөн мамиле кылсаңар жайиз),* ***Аллах силерди Өзүнүн*** *(азабынан)* ***эскертет. Жана Аллахка гана кайтасыңар***» [3:28]

Яъкуб жана Сахл «تَقِيَّةً» деп окуду. Ал Хасан жана Мужахиддин кыраатты. Калгандар болсо «تُقَاةً» деп кыраат кылышты. Комусул мухитте: **«Тавкия – коргоо жана сактоо»**, - деп келген. Аяттагы мына ушул насс анын темасын көрсөтүп турат. «تَقِيَّةً» калимасынын мына ушул лугавий мааниси бул аяттагы ушул калима түшүндүрө турган маанини көрсөтүп турат. Анын шаръий мааниси сабит болбогондуктан, аны лугавий маани менен тафсир кылуу керек болот. Биз аяттын умумий маанисин жана тафсилатын ушул негизде гана түшүнө алабыз. Ал эми бул аяттын түшүү себептери жөнүндө варид болгон хадистерге келсек, алар эгер сахих болсо аятта келген нерсенин тафсилаттарына жетектесе да, бирок, анын мавзусун да, жумлаларынын лугат жана шарият далалат кылган маанилерин да өзгөртпөйт. Аяттын мавзусу болсо анын жумлаларында ачык көрүнүп турат. Ал момундардын кафирлерди дос тутуусу мавзусу. Анткени, насс төмөнкүдөй:

﴿لَّا يَتَّخِذِ ٱلۡمُؤۡمِنُونَ ٱلۡكَٰفِرِينَ أَوۡلِيَآءَ مِن دُونِ ٱلۡمُؤۡمِنِينَۖ﴾

«***Момундар момундарды коюп, кафирлерди дос тутушпасын!***» [3:28]

Эгерде бирер аят же бир нече хадистер белгилүү бир мавзуда келсе, алар ушул мавзуга хос болуп, андан башкасын өз ичине албайт. Демек, маселе момундардын кафирлерди дос

тутуусу маселеси болуп, бул аят мындан кескин кайтарып келди. Бул ушул мавзудагы жалгыз аят эмес. Себеби, бул мавзуда бир нече аяттар келген. Мисалы, Аллах Тааланын төмөнкү аяты сыяктуу:

بَشِّرِ الْمُنَافِقِينَ بِأَنَّ لَهُمْ عَذَاباً أَلِيماً ۞ الَّذِينَ يَتَّخِذُونَ الْكَافِرِينَ أَوْلِيَاء مِن دُونِ الْمُؤْمِنِينَ

«***Мындай мунафыктарга алар үчүн ачуу азап бар экендигин «сүйүнчүлөп» койгун! Алар момундарды коюп кафирлерди дос тутушат***» [4:138-139]

Аллах Таала айтат:

﴿ يَـٰٓأَيُّهَا ٱلَّذِينَ ءَامَنُواْ لَا تَتَّخِذُواْ ٱلْكَـٰفِرِينَ أَوْلِيَآءَ مِن دُونِ ٱلْمُؤْمِنِينَ ﴾

«***Эй момундар, момундарды коюп, кафирлерди дос тутпагыла!***» [4:144]

Аллах Таала айтат:

﴿ لَّا تَجِدُ قَوْمًا يُؤْمِنُونَ بِٱللَّهِ وَٱلْيَوْمِ ٱلْأَخِرِ يُوَآدُّونَ مَنْ حَآدَّ ٱللَّهَ وَرَسُولَهُۥ ﴾

«***Аллахка жана акырет күнүнө ыйман келтире турган коумдун Аллах жана Анын пайгамбары сызган сызыктан чыккан кимселер менен достошуп жаткандарын таппайсың***» [58:22]

Дагы Аллах Тааланын төмөнкү аяты сыяктуу:

﴿ لَا تَتَّخِذُواْ ٱلْيَهُودَ وَٱلنَّصَـٰرَىٰٓ أَوْلِيَآءَ ﴾

«***Яхудийлер жана насронийлерди дос тутпагыла!***» [5:51]

Аллах Таала дагы айтат:

﴿ لَا تَتَّخِذُواْ عَدُوِّى وَعَدُوَّكُمْ أَوْلِيَآءَ ﴾

«***Менин душманым жана силердин душманыңарды дос тутпагыла!***» [60:1]

Булардан башка аяттар да бар.

Демек, мавзу – момундардын кафирлерди дос тутушу темасы. Аяттын калган бөлүгү ушул мавзунун тафсилаты болуп эсептелет. Аллах Таала кафирлерди дос тутуудан момундарды кайтаргандан кийин, кимде-ким кафирлерди дос тутса, Аллах андан чоочун экенин баян кылып, бул кайтарууну катъий, кескин маанайда билдирди. Андан соң бул кескин кайтаруудан бир абалды мустасна кылды. Ал кафир тарабынан азар жетип

калышынан момундун сактануу абалы болуп эсептелет. Мында мына ушул азарды жок кылуу үчүн кафирди дос тутушу жайиз болот. Бул болсо, мусулман адам кафирдин өкүмдарлыгы астында болуп калып, өз ишинде жеңилген убакта болот. Т.а. кафирден этият болуу аны дос тутууну жайиз кылып коёт. Ошондуктан, этият болууга муктаждык болбосо дос тутуу арам болуп калат. Ушуга ылайык, маселе сыртынан дос тутуп, ичинде болсо анын тескерисин жашыруун тутуу эмес, тескерисинче, момундун кафирден этият болуу абалын аны дос тутуунун умумий арамдыгынан истисна кылуу болуп эсептелет. Мындай абал, айтып өткөнүбүздөй, мусулман өз ишинде жеңилген убакта болот. Аяттан кафирлерди дос тутуудан, алардан жардам суроодон, аларга ылтыжа кылуудан, момундар менен алардын ортосунда ынактык пайда болушунан момундарды кескин кайтаруу мааниси түшүнүлүүдө. Демек, Аллах момундарга момундарды коюп кафирлерди дос тутууну арам кылды. Андан кийин мындан бир гана абалды т.а. момундар кафирлердин өкүмдарлыгы астында болуп калып, алар тарабынан коркунуч пайда болгон абалды мустасна кылды. Мындай абалда алардын жамандыгын жана зыянын кайтаруу үчүн аларга ынактык жана достук билдирүү т.а. аларды дос тутуу жайиз болот. Мындан башка абалда таптакыр жайиз болбойт. Бул кафирлерге карата момундар менен боло турган абал. Себеби, бул аят Меккедеги мушриктер менен алакалары болгон момундар жөнүндө түшүрүлдү. Ал Мединадагы момундарды Меккедеги мушриктерди дос тутуудан кайтарды. Бардык момундарды кайтарды. Мындан Меккедеги момундарды мустасна кылды. Себеби, алар өз иштеринде жеңилген эле. Бул момундар кафирлер зыянынан коркууда болгону үчүн аларды мустасна кылды. Аяттын темасы жана анын мааниси мына ушундай. Андан истинбат кылына турган шаръий өкүм мына ушундай. Бул өкүм – момундардын кафирлерди дос тутуусун арам кылуу. Дос тутуунун бардык түрлөрүн: жардам берүү, ишенимдүүлүк, жардам суроо жана башкаларды арам кылуу болуп эсептелет. Себеби, аяттагы «дос тутуу» сөзү умумий келген болуп, дос тутуунун бардык маанилерин өз ичине алат. Аларды дос тутуу кафирлер мусулмандар үстүнөн үстөм болуп, мусулмандар өз иштеринде жеңилген абалда, алардын зомбулугу жана зыянынан

кооптонгон абалда гана жайиз болот. Кудум Меккедеги мусулмандардын мушриктер менен болгон абалы сыяктуу. Аяттын мындан башка мааниси жок жана андан мына ушул өкүмдөн башка эч кандай өкүм истинбат кылынбайт. Ал эми айрымдардын «такийя – мусулман киши өзүнө бир адамдын азар жеткиришинен кооптонсо же ага өзүн таанытуудан жана ичиндеги нерсени билдирүүдөн корксо, бул адам кафир болобу же мусулманбы, мунун айырмасы жок, бул адамдын алдында, ага окшогон ар кандай адамдын алдында ичинде жашырган нерсенин тескерисин билдириши» деген сөзүнө келсек, бул сөз туура эмес. Аят мындан бирер нерсеге далалат кылган жок. Себеби, маани:

﴿ إِلَّآ أَن تَتَّقُواْ مِنۡهُمۡ تُقَىٰةًۗ ﴾

«***Болгону алардан этият болуп турсаңар*** *(үстүртөн мамиле кылсаңар жайиз)*» [3:28]

Т.а. болгону алардан боло турган бирер нерседен этият болуп турсаңар дегени. Себеби, бирер нерседен сактануу жана этият болуу бирдей мааниде. Момундардын момундарды коюп кафирлерди дос тутуусунан кайтаруудан бул абал мустасна кылынды. Демек, үстүртөн дос тутуу ушул кайтаруудан мустасна кылынган абалга гана хос.

Ушуга ылайык, куфр менен өкүм жүргүзгөн залим, фасык мусулман акимдин азарынан коркуп, ага аны жакшы көргөндөй көрүнүү арам болот. Раъйда сага мухолиф болгон мусулманга сыртынан аны жакшы көргөндөй көрүнүп, ичинде аны жаман көрүү да арам. Кафирдин алдында же фасык, залимдин алдында өзүн Исламга амал кылбай жаткандай кылып көрсөтүү, же ага этибарсыздай кылып көрсөтүү жайиз болбойт. Себеби, булардын бардыгы жана буга окшогон нерселер мунафыктык болуп, шарият аны мусулмандарга арам кылган. Анткени:

﴿ إِلَّآ أَن تَتَّقُواْ مِنۡهُمۡ تُقَىٰةًۗ ﴾

«***Болгону алардан этият болуп турсаңар*** *(үстүртөн мамиле кылсаңар жайиз)*» [3:28]

деп айтылгандагы мавзу Меккеде, мушриктер арасында болгон мусулмандар абалынын вакиълигине гана чектелген т.а. мусулмандардын кафирлердин өкүмдарлыгы астына түшүп

калып, алардын бул өкүмдарлыгын жок кылууга күчтөрү жетпеген абалга гана т.а. мусулмандар өз иштеринде жеңилген абалга гана чектелген. Мындай абалда мусулмандар кафирлердин зыян жеткиришинен сактануу үчүн зохирден (сырткы көрүнүшүнөн) аларды дос туткандай көрүнүүсү жайиз болот. Мында мусулмандар өз жандарына зыян жетишинен кооптонушабы же мал-мүлкүнө, ар-намысына, кызыкчылыктарына зыян жетишинен кооптонушабы, мунун айырмасы жок. Демек, мына ушундай абалда гана кафирлерди дос тутуу жайиз болот. Мына ушул абал астына кире турган ар кандай шартта мусулмандардын кафирлерди дос тутуусу жайиз болот. Мындан башка абалда жайиз болбойт. Демек, бул орундагы маселе момундардын кафирлерди дос тутуусу жайиз боло турган абалды баян кылуу болуп эсептелет. Ал мусулмандар кафирлердин өкүмдарлыгы астына түшүп калып өз иштеринде жеңилген убакта гана жүзөгө чыга турган абал болуп, таптакыр башка нерсе эмес.

Мухаммад ибн Жарир Тобарий тафсиринде мындай деди: «Аллах Тааланын

﴿ لَّا يَتَّخِذِ ٱلْمُؤْمِنُونَ ٱلْكَٰفِرِينَ أَوْلِيَآءَ مِن دُونِ ٱلْمُؤْمِنِينَ ۖ وَمَن يَفْعَلْ ذَٰلِكَ فَلَيْسَ مِنَ ٱللَّهِ فِى شَىْءٍ إِلَّآ أَن تَتَّقُوا۟ مِنْهُمْ تُقَىٰةً ۗ ﴾

«***Момундар момундарды коюп, кафирлерди дос тутушпасын! Ким ушундай кылса, демек, Аллахка эч нерсе эмес*** *(т.а. Аллахка чоочун).* ***Болгону алардан этият болуп турсаңар*** *(үстүртөн мамиле кылсаңар жайиз)*» [3:28] деген коулунун таъвилинде Абу Жаъфар мындай деди: Бул Аллах Азза ва Жалла тарабынан кафирлерди жардамчы кылуудан, колдоодон, аркалоодон момундарды кайтаруу болуп эсептелет. Ошондуктан, «يَتَّخِذِ» калимасы нахий менен келип, жазм ордунда болгону үчүн акыры касралуу болду. Бул калиманын «зал» харфы сукун сукунга жолукканы үчүн касралуу келди. Мунун мааниси «Эй момундар, кафирлерге алардын динине колдоо көрсөтүп, мусулмандарга каршы аларга жардам берип, аларга мусулмандардын коргоосуз алсыз жерлерин көрсөтүп берип, кафирлерди колдобогула жана жардамчы кылып албагыла. Кимде-ким муну кылса, ал Аллахка

чоочун, Аллах да ага – ал дининен муртад болуп куфрга киргени себептүү – чоочун.

﴿ إِلَّآ أَن تَتَّقُواْ مِنۡهُمۡ تُقَىٰةٗۗ ﴾

*«**Болгону алардан этият болуп турсаңар** (үстүртөн мамиле кылсаңар жайиз)»* [3:28]

Болгону, кафирлердин өкүмдарлыгы астына түшүп калып, жаныңарга кол салуусунан корксоңор, ошондо сыртыңардан аларга тилиңер менен достук билдирип, ичиңерде аларга карата душмандык сактайсыңар, алардын куфруна ээрчибейсиңер, бирер мусулманга каршы аларга жардам бербейсиңер» дегени.

Мага Мусанна хадис риваят кылды: Бизге Абдулла ибн Солих хадис риваят кылды: Мага Муавия ибн Солих Алиден, ал Ибн Аббастан Аллах Тааланын:

﴿ لَّا يَتَّخِذِ ٱلۡمُؤۡمِنُونَ ٱلۡكَٰفِرِينَ أَوۡلِيَآءَ مِن دُونِ ٱلۡمُؤۡمِنِينَۖ ﴾

«***Момундар момундарды коюп, кафирлерди дос тутушпасын!***» [3:28]

деген аяты жөнүндө төмөнкүнү риваят кылды: Болгону, кафирлер үстөм болуп калса, ошондо мусулмандар аларга сыртынан сый (лутф) көрсөтүшөт, динде болсо аларга тескери (хилаф) кылышат. Бул Аллах Тааланын:

﴿ إِلَّآ أَن تَتَّقُواْ مِنۡهُمۡ تُقَىٰةٗۗ ﴾

*«**Болгону алардан этият болуп турсаңар** (үстүртөн мамиле кылсаңар жайиз)»* [3:28]

деген аяты. Ал сөзүн улантып мындай дейт: Бизге Хасан ибн Яхя хадис риваят кылды: Бизге Абдурраззак кабар кылып айтты: Бизге Муаммар Котададан Аллах Тааланын:

﴿ لَّا يَتَّخِذِ ٱلۡمُؤۡمِنُونَ ٱلۡكَٰفِرِينَ أَوۡلِيَآءَ ﴾

«***Момундар кафирлерди дос тутушпасын!***» [3:28]

деген аяты жөнүндө мындай дегенин кабар берди: Момундун кафирди анын дини жаатында дос тутуусу адал болбойт. Аллах Тааланын:

﴿ إِلَّآ أَن تَتَّقُواْ مِنۡهُمۡ تُقَىٰةٗۗ ﴾

***«Болгону, алардан этият болуп турсаңар*** *(үстүртөн мамиле кылсаңар жайиз)***»*** [3:28]

деген аяты жөнүндө болсо «болгону, сени менен анын (т.а. кафирдин) ортосунда жакын туугандык болуп, ушул себептүү аны менен мамиле кылышың» дегени. Абу Жаъфар мындай деди: Котада муну аяттын зохири далалат кылып турган «кафирлерден этият болуп турсаңар» деген көрүнүштө эмес, өзүнүн таъвили боюнча айтты. Бул каламдын маанилеринин арасында эң көп ыктымал тутулганы «алардан кооптонуп турган болсоңор» деген маани. Себеби, бул аятта Аллах айтып өткөн этият болуу башкалардан эмес, кафирлерден этият болуу. Котада болсо муну «силер менен алардын ортосунда жакын тууганды болгону үчүн Аллахтан коркуп турган болсоңор, ушул себептүү тууганчылыкты байласаңар» деген мааниге бурган. Муну менен каламдын маанисиндеги үстөм жак болбой калган. Акыйкатта болсо, Куранда көбүрөөк зохирине таъвил кылуу арабдардын өз ара иштете турган каламындагы белгилүү нерселерден». Тобарийдин сөзү аяктады.

Абу Али Фазл ибн Хасан Тобарсий «Мажмаул баян фи тафсирил Куран» китебинде Аллах Тааланын

﴿لَّا يَتَّخِذِ ٱلْمُؤْمِنُونَ ٱلْكَٰفِرِينَ أَوْلِيَآءَ مِن دُونِ ٱلْمُؤْمِنِينَ ۖ وَمَن يَفْعَلْ ذَٰلِكَ فَلَيْسَ مِنَ ٱللَّهِ فِى شَىْءٍ إِلَّآ أَن تَتَّقُوا۟ مِنْهُمْ تُقَىٰةً ۗ وَيُحَذِّرُكُمُ ٱللَّهُ نَفْسَهُۥ ۗ وَإِلَى ٱللَّهِ ٱلْمَصِيرُ﴾

«***Момундар момундарды коюп, кафирлерди дос тутушпасын! Ким ушундай кылса, демек, Аллахка эч нерсе эмес*** *(т.а. Аллахка чоочун).* ***Болгону, алардан этият болуп турсаңар*** *(үстүртөн мамиле кылсаңар жайиз),* ***Аллах силерди өзүнүн*** *(азабынан)* ***эскертет. Жана Аллахка гана кайтасыңар»*** [3:28]

деген аяты жөнүндө мындай деди: «Якуб жана Сахл «تَقِيَّةً» деп кыраат кылды. Ал Хасандын кыраатты. Мужахид жана калгандар болсо «تُقَاةً» деп кыраат кылышты. Аллах Субханаху Өзү дүйнө жана акыреттин падышасы экендигин, азиз жана кор кылууга кудуреттүү экендигин баян кылгандан кийин азиз кылуу да, кор кылуу да колунан келбей турган душмандарын дос тутуудан

момундарды кайтарды. Өзүнүн алдындагы жана Өзүнүн достору болгон момундарда гана боло турган азиздикке шыктануу болушу үчүн, мындан кайтарып мындай деди:

﴿ لَّا يَتَّخِذِ ٱلۡمُؤۡمِنُونَ ٱلۡكَٰفِرِينَ أَوۡلِيَآءَ ﴾

«***Момундар кафирлерди дос тутушпасын!***» [3:28]

Т.а. «момундардын кафирлерди дос тутуусу, алардан жардам суроосу, аларга ылтыжа кылуулары, аларга мухаббат изхар кылуулары ылайыктуу болбойт» деген мааниде. Аллах Таала Куранда бир нече орунда ошону айтты. Мисалы, Аллах Таала айтат:

﴿ لَّا تَجِدُ قَوۡمٗا يُؤۡمِنُونَ بِٱللَّهِ وَٱلۡيَوۡمِ ٱلۡأٓخِرِ يُوَآدُّونَ مَنۡ حَآدَّ ٱللَّهَ وَرَسُولَهُۥ ﴾

«***Аллахка жана акырет күнүнө ыйман келтире турган коумдун Аллах жана анын пайгамбары сызган сызыктан чыккан кимселер менен достошуп жаткандарын таппайсың***» [58:22]

﴿ لَا تَتَّخِذُواْ ٱلۡيَهُودَ وَٱلنَّصَٰرَىٰٓ أَوۡلِيَآءَ ﴾

«***Яхудийлер жана насронийлерди дос тутпагыла!***» [5:51]

﴿ لَا تَتَّخِذُواْ عَدُوِّي وَعَدُوَّكُمۡ أَوۡلِيَآءَ ﴾

«***Менин душманым жана силердин душмандарыңарды дос тутпагыла!***» [60:1]

Жогорудагы аятта келген:

﴿ مِن دُونِ ٱلۡمُؤۡمِنِينَ ﴾

«***Момундарды коюп***» [3:28]

коулунун мааниси «момундар менен дос болуу керек» дегени. Бул болсо, кафирлерди дос тутуудан жана момундарга каршы аларга жардам берүүдөн кайтаруу болуп эсептелет. Кафирлерге сый көрсөтүүдөн кайтаруу деген пикир да айтылган. Ибн Аббастан риваят кылынган «авлия» «валий»дин жамъи (көптүк сандагысы). Валий – бул кимдин ишине ыраазы болсо ошого колдоо көрсөтүүгө жана жардам берүүгө буюра турган зат. Валийдин эки түрдүү мааниси бар: Бири нусрат менен жардам берүүчү, экинчиси болсо жардам берилген киши. Демек, Аллах Тааланын:

﴿ ٱللَّهُ وَلِيُّ ٱلَّذِينَ ءَامَنُواْ ﴾

«***Аллах момундардын валийи***» [2:257]

деген аятынын мааниси: Аллах момундарга Өз нусраты менен жардам берүүчү жана үстөм кылуучу дегени. Момун Аллахтын валийи деп да айтылат. Мунун мааниси момун Аллахтын нусраты менен жардам берилген киши дегени. Аллах Тааланын:

﴿ وَمَن يَفۡعَلۡ ذَٰلِكَ ﴾

«***Ким ушундай кылса…***» [3:28]

деген аяты «кимде-ким момундарды коюп кафирлерди дос тутса» деген мааниде болуп, ким мындай кылса:

﴿ فَلَيۡسَ مِنَ ٱللَّهِ فِي شَيۡءٍ ﴾

«***… демек, Аллахка эч нерсе эмес***» [3:28]

т.а. ал Аллахтын валийлеринен эмес жана Аллах ага чоочун дегени. Мындай кимсе Аллахтын валийлигинен эч нерседе болбойт деп да айтылган. Андан кийин Аллах Таала мындан мустасна кылып:

﴿ إِلَّآ أَن تَتَّقُواْ مِنۡهُمۡ تُقَىٰةٗۗ ﴾

«***Болгону, алардан этият болуп турсаңар*** *(үстүртөн мамиле кылсаңар жайиз)*» [3:28]

деди. Мунун мааниси «Болгону, кафирлер үстөм, момундар жеңилген болуп, момун адам эгер зохирде аларды макулдабаса жана алар менен жакшы мамиледе болбой турган болсо, алардан өзүнө зыян жетишинен кооптонсо, мына ошол убакта момун тили менен аларга достук билдириши жана үстүртөн тил табышууга өтүшү (мадара) жайиз болот. Бул момун тарабынан бир такийя (өзүн сактоо) жана өзүнөн коркунучту кайтаруу болот» дегени. Бирок, муну итикад кылбастан кылат. Бул аятта жанга коркунуч туулганда динде такийя жайиз экендигине далалат бар. Асхабдарыбыздын айтышынча, зарылдык туулганда такийя бардык иштерде жайиз болот. Зарылдык пайда болгондо кандайдыр бир көрүнүштө лутф көрсөтүүгө жана жакшыртууга муктаждык бар болгондугу себептүү, такийя важиб болушу да мүмкүн. Момунду өлтүрүүдөгү иштерден

болсо, же такийя кылса болобу же жокпу муну билбесе, же көңүлдө «бул динди бузууга аракет кылуу» деген күмөн үстөм болсо, мында такийя жайиз болбойт. Муфид мындай деди: Такийя кээде важиб жана фарз болот, кээде болсо жайиз болушу да, фарз болушу да мүмкүн. Кээде болсо важиб болбой жайиз болушу мүмкүн. Кээ бир убакта аны таштоого караганда кылуу абзел болсо, кээде аны таштоо абзел болушу мүмкүн. Эгер аны кылуучу үзүрлүү, кечиримге татыктуу жана маламат кылбоо зарыл көрүлө турган киши болсо, ушундай болушу мүмкүн. Шейх Абу Жаъфар Тусий мындай деди: Риваяттардын зохири жанга коркунуч туулган убакта такийянын важиб экендигине далалат кылууда. Коркунуч маалында такийя акыйкатты ачык айтпастык жайиздиги тууралуу бир уруксат экендиги риваят кылынган. Хасандын риваят кылышынча, Мусайлама каззаб Расулуллах ﷺ сахабаларынан эки кишини кармап алып бирине: «Мухаммад Аллахтын Расулу» деп күбөлүк бересиңби? - дегенде, ал «Ооба» деп жооп берди. Андан кийин: «Менин Аллахтын Расулу экендигиме да күбөлүк бересиңби?» - деп сураганда, ал дагы «Ооба» деп жооп берди. Ошондон кийин экинчисин чакырып: «Мухаммад Аллахтын Расулу» деп күбөлүк бересиңби? - деп сураганда, ал «Ооба» деди. Андан кийин: «Менин Аллахтын Расулу экендигиме да күбөлүк бересиңби?» - деп сурады эле, ал: «Кулагым дүлөй», - деп жооп берди. Каззаб суроосун үч ирет кайталады. Ал болсо ар дайым алгачкы жообун кайталады. Ошондон кийин каззаб анын мойнуна кылыч урду. Бул кабар Расулуллахка жеткенде Пайгамбарыбыз:

«أَمَّا ذَلِكَ الْمَقْتُولُ فَمَضَى عَلَى صِدْقِهِ وَيَقِينِهِ وَأَخَذَ بِفَضْلِهِ فَهَنِيئًا لَهُ، وَأَمَّا الآخَرُ فَقَبِلَ رُخْصَةَ اللَّهِ فَلاَ تَبِعَةَ عَلَيْهِ»

**«Өлтүрүлгөн киши өзүнүн сыдыктыгында жана анык ишениминде кетиптир, өзүнүн фазлин кармаптыр, мунусу ага кут болсун. Кийинкиси болсо Аллахтын уруксатын кабыл алыптыр, демек, анын мойнунда жоопкерчилик жок»**, - деди. Такийя уруксат, акыйкатты ачык айтуу болсо фазилат болот». Тобарсийдин сөзү аяктады. Эки түрдүү мазхабдардын өкүлдөрү болгон жогорудагы эки муфассир: Тобарий жана Тобарсийдин сөздөрүнөн экөө тең бул аяттын маанисин «момундар кафирлерди дос тутушунан кайтаруу

жана бул нахийден момундар кафирлердин зыянынан кооптонгон абалды мустасна кылуу» деп шархташты. Тобарийдин сөздөрүнө караңыз. Ал мындай деди: «Кафирлердин өкүмдарлыгы астына түшүп калып, жаныңызга кол салууларынан корксоңуз, ошондо зохирде аларга тилиңиз менен достук мамиле билдиресиз». Тобарсийдин сөзүнө караңыз. Ал мындай деди: «Андан кийин Аллах Таала мындан мустасна кылып:

﴿ إِلَّآ أَن تَتَّقُواْ مِنۡهُمۡ تُقَىٰةٗۗ ﴾

***«Болгону, алардан этият болуп турсаңар*** *(үстүртөн мамиле кылсаңар жайиз)*» [3:28]

деди. Мунун мааниси «Болгону, кафирлер үстөм, момундар жеңилген болуп, момун адам эгер зохирде аларды макулдабаса жана алар менен жакшы мамиледе болбой турган болсо, анда алардан өзүнө зыян жетишинен кооптонсо, мына ошол убакта момун тили менен аларга достук мамиле билдириши жана үстүртөн тил табышууга өтүшү жайиз болот. Бул момун тарабынан бир такийя (өзүн сактоо) жана өзүнөн коркунучту кайтаруу болот дегени». Демек, бул эки муфассир «мындагы тема мустасна кылуу т.а. коркунуч пайда болгон абалды момундар кафирлерди дос тутушпасын деген нахийден мустасна кылуу, тема мына ушундай» деген мааниге келишишти. Бирок, Тобарсий мунун артынан темадан чыгып кете турган маанини билдирип, бул аятты жанга коркунуч пайда болгон убакта такийя динде жайиз экендигине далил кылды. Акыйкатта болсо, мындай маани бул аятта жок. Себеби, аяттын темасы кафирлерди дос тутуудан момундарды кайтаруу жана кафирлер момундар үстүнөн үстөм болгон убакта алардан кооптонууда болуу абалын мустасна кылып, мындай абалда аларды дос тутууга уруксат берүү. Бул абал диндеги такийя эмес жана ал жанга коркунуч пайда болушуна гана хос эмес. Себеби, бул орунда истисна умумий:

﴿ إِلَّآ أَن تَتَّقُواْ مِنۡهُمۡ تُقَىٰةٗۗ ﴾

«***Болгону, алардан этият болуп турсаңар*** *(үстүртөн мамиле кылсаңар жайиз)*» [3:28]

Т.а. алардан этият боло турган нерсе жаатында этият болуп турсаңар, - дегени. Замахшарий «Кашшафта» мындай деп

маани берди: **«Болгону, алар тарабынан этият болуп сактануу зарыл боло турган бирер иш жүз беришинен кооптонсоңор».** Демек, этият болуп сактануу керек боло турган ар бир иште дос тутуу жайиз болот. Т.а. этият боло турган ар бир нерсе умумий болуп, жанга, мал-мүлккө, ар-намыска, кызыкчылыктарга коркунуч пайда болушун өз ичине алат. Ошондуктан, бул аятты динде такийя кылууга далил кылып алуу темадан чыгып кетүү болот. Аны жанга коркунуч пайда болуу абалына гана хостоп коюу болсо, эч бир хостоочусуз хостоп коюу болуп эсептелет. Мындан тышкары, ал куфр жана ыйманга гана тиешелүү башка тема болуп эсептелет. Ал бул аятка эмес, башка аятка тиешелүү. Тобарсийдин «асхабдарыбыз айтышынча, такийя зарылдык туулганда бардык иштерде жайиз» деп, андан кийин Муфиддин «такийя кээде важиб болот, кээде болсо важиб болбойт….» деген сөздөрүн келтиргенине келсек, бул ар кандай далилден алыс болгон сөз болуп эсептелет. Себеби, аят, ал тургай Тобарсийдин өзүнүн тафсири боюнча да, буга таптакыр далалат кылбай жатат жана Тобарсий буга Китептен да, Сүннөттөн да жана сахабалар ижмасынан да бирер далил алып келбеди. Ошондуктан, бул маани рад кылынат жана этибар даражасынан түшөт. Бул орунда «эгерде кафирди дос тутуу андан этият боло турган абалда жайиз болгон соң, демек, кудуреттүү залим же фасык аким менен тил табышуу да сөзсүз түрдө жайиз болот» деп айтуу туура эмес. Андай деп айтууга болбойт. Анткени, ал «авла» бабына кирбейт. Авла нерсе – аяттын хитабындагы мазмун. Бул болсо, ага кирбейт жана ага эч бир тиешеси жок. Себеби, ал Аллах Тааланын:

﴿ وَمِنۡهُم مَّنۡ إِن تَأۡمَنۡهُ بِدِينَارٖ لَّا يُؤَدِّهِۦٓ إِلَيۡكَ ﴾

***«Алардын арасында дагы ушундайлары да бар, ага бир динарды ишенип берсең да сага кайтарып бербейт»*** [3:75] деген аятынын кобийл-түркүмүнөн да жана Аллах Тааланын:

﴿ وَمِنۡ أَهۡلِ ٱلۡكِتَٰبِ مَنۡ إِن تَأۡمَنۡهُ بِقِنطَارٖ يُؤَدِّهِۦٓ إِلَيۡكَ ﴾

***«Ахли китептин арасында ушундай бир кишилер бар, ага эсепсиз мал-дүйнөнү аманат койсоң, кыянат кылбастан сага кайтарат»*** [3:75]

деген аятынын кобийлинен да эмес. Себеби, фасык кимсе кафир катарына кирбейт. Кала берсе, бул аятта нахий кылынган дос тутуу – момундарды коюп кафирлерди дос тутуу. Кудуреттүү залим жана фасык аким болсо момундардан болуп эсептелет. Ал тараптан жүз берип жаткан зулум жана фасыктык андан ыйман сыпатын жок кылбайт. Ошондуктан, бул тема авла деген талкууга кирбейт. Ушундан келип чыгып, авла деген нерсени далил кылып келтирүүгө орун жок.

Кудуретке ээ болгон залим жана фасык акимди – амандык абалында болобу, же коркунуч абалындабы, эч айырмасыз – дос тутуу жайиз болот. Себеби, ал момун. Момундарды дос тутуу жайиз. Себеби, Аллах Тааланын:

﴿ مِن دُونِ ٱلْمُؤْمِنِينَ ۖ ﴾

«***Момундарды коюп***» [3:28]

деген аятындагы момундар лафзи умумий болуп, бардык момундарды өз ичине алат. Залим же фасык акимди дос тутуудан же фасыктар жана фажирлерди дос тутуудан нахий кылуу жөнүндө бирер насс келген эмес. Тескерисинче, насстар кафирлерди дос тутуудан кайтаруу жөнүндө гана келди. Мунун үстүнө залим аким маъсият-күнөөгө буйрубаса, ага итаат кылуу жана анын байрагы астында жихад кылуу важиб болот. Себеби, намазда имам эгер фасык болсо, бардык абалдарда анын артында намаз окуу жайиз болот. Бул болсо, аларды дос тутуу жайиз экендигине болгон эң чоң далилдерден. Нахий кылынган нерсе акимдин зулумуна жана фасыктын фасыктыгына ыраазы болуу гана. Ушундан нахий кылынган. Ушуга караганда, алар такийя деп атаган нерсе четке кагылат. Такийя – момундун кубат ээси болгон залим же фасык аким алдында, же раъйда же ага окшогон нерселерде мухолиф болгон кишиге ичиндеги нерсенин тескерисин билдириши. Мындай кылуу арам. Себеби, ал нифак (эки жүздүүлүк) эсептелет. Нифактын бардык түрү арам.

Мындан тышкары, залим акимди зулуму тууралуу мухасаба кылуу фарз болуп, акимдин мал-мүлккө же кызыкчылыктарга зыян жеткиришинен коркуп же азардан кооптонуп бул фарзды таштап коюу адал болбойт, мында такийя адал болбойт. Аким мурун Ислам менен өкүм жүргүзсө, бирок, кийин андан ачык куфр көрүнсө, ага каршы согуш

жарыялоо фарз болот да, бул фарзды өтөбөй тим тура берүү арам болот. Фиск жана зулум калкынан болгон акимди жана башканы маъруфка буюрууну жана мункардан кайтарууну Аллах мусулмандарга важиб кылды. Бул болсо, такийя деген сөзгө бүтүндөй тескери келет. Себеби, ал залим акимге жана фасыкка унчукпай сүкүт сактоону кескин арам кылып жатат. Такийя болсо буга кээ бир убакта сүкүт сактоону важиб кылса, кээ бир убакта мандуб кылат, башка убакта жайиз кылып коёт. Бул болсо, амру маъруф жана нахий мункар жөнүндөгү аяттарга, залим же фасык имамдарга, амирлерге жана акимдерге каршы чыгуу жөнүндө келген сахих хадистерге жана акимдерди иштери боюнча мухасаба кылуу важиб экендиги жөнүндө хадистерге тескери келет, Аллах жолунда эч бир жаманатты кылуучунун жаманаттысынан коркпостон акыйкатты ачык айтуу важиб экендигине да тескери келет. Ошондуктан, аяттар жана сахих хадистер залим же фасык акимге, же күчтүү зордукчул фажирге, же раъйда сага мухолиф болгон кимсеге карата иштетиле турган такийяга тескери болуп келди о.э. такийянын тескерисине амал кылуу важиб экендигине үндөп келди. Бул болсо, такийянын арам экендигин баса белгилейт. Мунун үстүнө такийя нифак болуп, мусулмандын аны кылышы адал болбойт.

Эми бир маселе калды. Ал да болсо төмөнкү аят:

﴿ إِلَّا مَنۡ أُكۡرِهَ وَقَلۡبُهُۥ مُطۡمَئِنُّۢ بِٱلۡإِيمَـٰنِ ﴾

«***Бирок, ким дили ыйман менен жай алган абалда*** *(куфр калимасын айтууга)* ***мажбур кылынса,*** *(анын ыйманына зыян жетпейт)*» [16:106]

Кээ бир муфассирлер аны

﴿ إِلَّآ أَن تَتَّقُواْ مِنۡهُمۡ تُقَىٰةٗۗ ﴾

«***Болгону, алардан этият болуп турсаңар*** *(үстүртөн мамиле кылсаңар жайиз)*» [3:28]

аяты менен байлап, анын түркүмүнө киргизишет, зохирде куфрду билдирип, ыйманды жашырууну үстүртөн дос тутуу бөлүмүнө киргизүүгө ушул аятты далил кылып келтиришет жана аны такийя деп атаган нерсе түркүмүнө киргизишет. Кээ бирлери болсо бул аятты үстүртөн дос тутуу өлтүрүлүүдөн кооптонгон абалда гана жайиз экендигине, мындан башка

абалда жайиз эместигине далил кылып келтиришет. Бул туура эмес. Анткени:

﴿ إِلَّا مَنۡ أُكۡرِهَ وَقَلۡبُهُۥ مُطۡمَئِنُّۢ بِٱلۡإِيمَٰنِ ﴾

«***Бирок, ким дили ыйман менен жай алган абалда*** *(куфр калимасын айтууга)* ***мажбур кылынса,*** *(анын ыйманына зыян жетпейт)*» [16:106]

аяты башка абал жөнүндө жана башка тема. Себеби, анын темасы анык өлтүрүлүү коркунучу пайда болгон абалда Исламдан кайтуу.

﴿ إِلَّآ أَن تَتَّقُواْ مِنۡهُمۡ تُقَىٰةٗۗ ﴾

«***Болгону, алардан этият болуп турсаңар*** *(үстүртөн мамиле кылсаңар жайиз)*» [3:28]

аятынын темасы болсо кафирлерди дос тутуунун бардык түрүнөн кайтаруу жана этият боло турган нерсе пайда болгон абалда бул дос тутуунун жайиздигин мустасна кылуу. Жанга коркунуч пайда болобу, же мал-мүлккөбү, же кызыкчылыккабы, же башка ар кандай азар болобу, эч айырмасыз, этият боло турган абалды мустасна кылуу. Бул эки абал жана эки тема ортосунда айырма бар болуп, бири-бирине байланышы жана тиешеси жок. Себеби, бул эки абал жана тема бири-биринен бүтүндөй башка нерселер. Себеби, эгер мусулман кафирлердин өкүмдарлыгы астына түшүп калып, өз ишинде жеңилген болсо, кафирлерге кошоматчылык кылып, алар менен тил табышып, зохирде болсо да Исламдан кайтып муртад болушу жайиз болбойт, тескерисинче, өз дининин өкүмдөрүн аткаруу мүмкүнчүлүгүнө ээ болбосо хижрат кылышы важиб болуп калат. Кафирлерди үстүртөн дос тутуу болсо мунун тескериси. Себеби, ал жайиз. Бирок, эгерде мусулман адам анык өлтүрүүдөн кооптонсо жана куфрга мажбур кылынса, мындай абалда үстүртөн куфрду билдириши, ыйманды ичинде жашырышы жайиз болот. Мындан башка абалда жайиз болбойт. Себеби, аяттын нассы төмөнкүдөй:

﴿ مَن كَفَرَ بِٱللَّهِ مِنۢ بَعۡدِ إِيمَٰنِهِۦٓ إِلَّا مَنۡ أُكۡرِهَ وَقَلۡبُهُۥ مُطۡمَئِنُّۢ بِٱلۡإِيمَٰنِ ﴾

«***Кимде-ким Аллахка ыйман келтиргенден кийин*** *(дагы кайтып)* ***кафир болсо*** *(Аллахтын каарына дуушар болот).* ***Бирок, ким дили ыйман менен жай алган абалда*** *(куфр*

*калимасын айтууга)* ***мажбур кылынса,*** *(анын ыйманына зыян жетпейт)*» [16:106]

Демек, мындагы тема ыймандан кийин куфрга кирүү темасы т.а. Исламдан кайтып муртад болуу темасы. Абал болсо өлүмдөн кооптонуу абалы. Факихтер аны мажбурлоочу аргасыздык деп аташат. Мажбурланган кишиден өкүм көтөрүлө турган бардык абалдарда шаръан мажбурлук деп эсептеле турган мажбурлук абалы мына ошонун өзү гана. Демек, шаръан истисна кылына турган мажбурлук мажбур кылуучу аргасыздык болуп эсептелет. Ал анык өлтүрүүдөн кооптонуу абалы. Бул аяттын өлтүрүлүүдөн коркуп муртад болгон мусулмандар жөнүндө түшүрүлгөнү да муну кубаттайт. Бул аяттын Аммар ибн Ясир жөнүндө түшүрүлгөнү риваят кылынган. Тобарий айтат: «Мага Мухаммад ибн Саъд, мага атам, мага абам, мага атам атасынан ал Ибн Аббастан:

﴿ مَن كَفَرَ بِٱللَّهِ مِنۢ بَعۡدِ إِيمَٰنِهِۦٓ إِلَّا مَنۡ أُكۡرِهَ وَقَلۡبُهُۥ مُطۡمَئِنُّۢ بِٱلۡإِيمَٰنِ ﴾

«***Кимде-ким Аллахка ыйман келтиргенден кийин кафир болсо... Бирок, ким дили ыйман менен жай алган абалда мажбур кылынса...***» [16:106]

аяты жөнүндө мындай дегенин риваят кылды: Мушриктер Аммар ибн Ясирди кармап алып азапташты, андан кийин таштап кетишти. Аммар Расулуллах ﷺдын алдына кайтып барып, Пайгамбарыбызга Курайш тараптан өзүнө болгон азаптоону жана өзүнүн эмне дегенин айтып берди. Ошондо Аллах Таала анын үзүрлүү экендигин баян кылып:

﴿ مَن كَفَرَ بِٱللَّهِ مِنۢ بَعۡدِ إِيمَٰنِهِۦٓ إِلَّا مَنۡ أُكۡرِهَ وَقَلۡبُهُۥ مُطۡمَئِنُّۢ بِٱلۡإِيمَٰنِ وَلَٰكِن مَّن شَرَحَ بِٱلۡكُفۡرِ صَدۡرٗا فَعَلَيۡهِمۡ غَضَبٞ مِّنَ ٱللَّهِ وَلَهُمۡ عَذَابٌ عَظِيمٞ ﴾

«***Кимде-ким Аллахка ыйман келтиргенден кийин кафир болсо... Бирок, ким дили ыйман менен жай алган абалда мажбур кылынса.... Ал эми кимдин көңүлү куфр менен жазыла турган болсо, демек, андай кимселерге Аллах тарабынан каар жана улуу азап бар***» [16:106]

аятын түшүрдү. Бизге Бишр, бизге Язид, бизге Саъд Котададан:

﴿ مَن كَفَرَ بِٱللَّهِ مِنۢ بَعۡدِ إِيمَٰنِهِۦٓ إِلَّا مَنۡ أُكۡرِهَ وَقَلۡبُهُۥ مُطۡمَئِنُّۢ بِٱلۡإِيمَٰنِ ﴾

***«Кимде-ким Аллахка ыйман келтиргенден кийин кафир болсо... Бирок, ким дили ыйман менен жай алган абалда мажбур кылынса...»*** [16:106]
аяты жөнүндө мындай дегенин риваят кылды: Бизге айтылышынча, бул аят Аммар ибн Ясир жөнүндө түшүрүлгөн. Бани Мугира аны кармап алып Маймун кудугуна чөктүрүштү жана «Мухаммадга кафир бол» деп айтышты. Аммар алардын сөзүн кайталады, дилинде болсо муну жаман көрүп турду. Ошондо Аллах Таала:

﴿ إِلَّا مَنْ أُكْرِهَ وَقَلْبُهُۥ مُطْمَئِنٌّۢ بِٱلْإِيمَـٰنِ ﴾

*«**Бирок, ким дили ыйман менен жай алган абалда** (куфр калимасын айтууга) **мажбур кылынса,** (анын ыйманына зыян жетпейт)»* [16:106]
аятын түшүрдү. Табарий айтат: Бизге Ибн Абдулаъла, бизге Мухаммад ибн Савр Муаммардан, ал Абдулкарим Жизрийден, ал Абу Убайд ибн Мухаммад ибн Аммар ибн Ясирден мындай дегенин риваят кылды: Мушриктер Аммар ибн Ясирди кармап алып азапташты. Ал тургай Аммар алар каалаган кээ бир нерселерди ээрчиди. Ошондон кийин муну Набий ﷺга айтканда Набий ﷺ:

«كَيْفَ تَجِدُ قَلْبَكَ؟ قَالَ: مُطْمَئِنًّا بِالإِيمَانِ، قَالَ النَّبِيُّ ﷺ: فَإِنْ عَادُوا فَعُدْ»

«**Дилиң кандай абалда эле?**» - деп сурады. Аммар: «Ыйман менен кадыржам эле», - деп жооп берди. Набий ﷺ: «**Андай болсо алар дагы ушундай кылышса, сен дагы ушундай кылгын**», - деди. Бул хадистер ушул аяттын түшүү себеби Аммар окуясы болгонуна жана анын темасы Исламдан кайтуу экендигине далалат кылып жатат. Бул аят хос болгон абал анык өлтүрүлүүдөн кооптонуу болуп эсептелет. Мына ошонун өзү гана бул аяттын:

﴿ إِلَّآ أَن تَتَّقُوا۟ مِنْهُمْ تُقَىٰةً ۗ ﴾

*«**Болгону, алардан этият болуп турсаңар** (үстүртөн мамиле кылсаңар жайиз)»* [3:28]
аятына эч бир тиешеси жок экендигин баса белгилөөгө жетиштүү болот. Кала берсе:

﴿ إِلَّا مَنْ أُكْرِهَ وَقَلْبُهُۥ مُطْمَئِنٌّۢ بِٱلْإِيمَـٰنِ ﴾

«***Бирок, ким дили ыйман менен жай алган абалда*** *(куфр калимасын айтууга)* ***мажбур кылынса,*** *(анын ыйманына зыян жетпейт)*» [16:106]
аяты Меккеде, ыйман темасы жөнүндө түшүрүлгөн.

﴿ إِلَّآ أَن تَتَّقُواْ مِنۡهُمۡ تُقَىٰةٗۗ ﴾

«***Болгону, алардан этият болуп турсаңар*** *(үстүртөн мамиле кылсаңар жайиз)*» [3:28]
аяты болсо Мединада, этият боло турган нерседен этият болуу абалын момундардын кафирлерди дос тутуусу арамдыгынан мустасна кылуу темасы жөнүндө түшүрүлгөн. Ошондуктан, бул эки аят бири-биринен бүтүндөй башка.

Эми анык өлтүрүлүү менен коркутула турган кишинин өкүмү жөнүндө сөз жүргүзүү калды. Ал өлүмдөн аман калышы үчүн сыртынан (зохир) куфрду айтып, ичинде (батин) ыйманды жашырганы абзелби же мейли өлтүрүлсө да ыйманында бекем турганы абзелби? Буга жооп мындай, мейли өлүмгө алып барса да, ыйманда сабит-бекем туруу абзел болот. Себеби, сыртынан куфрду айтуунун жайиздиги уруксат жана хараж-машакатты көтөрүү болуп эсептелет. Ыйманда сабит туруу болсо азима болуп, ал негиз болуп саналат. Ошондуктан, ыйманда сабит туруу абзелирээк болду. Риваят кылынышынча, Мусайлама эки кишини кармап алып, алардын бирине: «Мухаммад жөнүндө эмне дейсиң?» - деди. Ал киши: «Ал Аллахтын Расулу», - деп жооп берди. Мусайлама дагы: «Мен тууралуу эмне дейсиң?» – дегенде, ал: «Сен дагы», - деп жооп берди. Аны бошотуп жиберди. Андан кийин экинчи кишиге: «Мухаммад жөнүндө эмне дейсиң?» - деди. Ал киши: «Ал Аллахтын Расулу», - деп жооп берди. Мусайлама андан да: «Мен тууралуу эмне дейсиң?» - деп сурады. Ал: «Менин кулагым кереӊ», - деп жооп берди. Каззоб суроосун үч ирет кайталады, ал киши болсо ошол эле жообун кайталап жатты. Мусайлама аны өлтүрдү. Бул кабар Расулуллах ﷺга жетип барганда Пайгамбарыбыз:

«أَمَّا الأَوَّلُ فَقَدْ أَخَذَ بِرُخْصَةِ اللَّهِ، وَأَمَّا الثَّانِي فَقَدْ صَدَعَ بِالْحَقِّ فَهَنِيئًا لَهُ»

«**Биринчиси Аллахтын уруксатын алыптыр. Экинчиси болсо акыйкатты ачык айтыптыр, мунусу ага кут болсун**», - деди. Бул сабыр кылып, ыйманда сабит турган кишинин анык өлтүрүлүүдөн кооптонуп Аллахтын уруксатын алган жана

үстүртөн куфрду билдирген кишиден абзел экендигин ачык көрсөтүп турат.

Бул куфрга кирүү талап кылынган киши жөнүндө эле. Ал эми мындан жеңилирээк нерсени, мисалы, исламий даъватты таштоону, же бирер маъсиятты (күнөө ишти) кылууну, же ушуга окшогон нерсе талап кылынган кишиге келсек, бул аяттан анын жайиздиги алынбайт. Ошондуктан, «Аллах мусулманга куфрду үстүртөн билдирүүгө уруксат берген соң, демек, куфрдан жеңилирээк нерсеге алда качан эле уруксат берген болот (т.а. бул «авла» бабына кирет)» деп айтуу туура эмес. Себеби, маъсият куфр жынысынан эмес. Ошондуктан, ал «авла» талкуусу астына кирбейт. О.э. куфрга кыяс да кылынбайт (салыштырыбайт). Себеби, кыястоо үчүн бирер иллет жок. Бирок, кайсы бирер кишиден бирер маъсиятты кылуу же куфрдан башка бирер нерсени кылуу талап кылынса, кылбай турган болсо анык өлтүрүү коркунучу пайда болсо, мындай абалда жанын куткаруу үчүн ошол нерсени кылышы жайиз болот жана күнөөкөр болбойт. Буга Пайгамбарыбыз ﷺдын төмөнкү сөздөрү далил болот:

«رُفِعَ عَنْ أُمَّتِي الْخَطَأُ وَالنِّسْيَانُ وَمَا اُسْتُكْرِهُوا عَلَيْهِ»

**«Үммөтүмдөн ката кетирүү, унутуу жана алар мажбур кылынган нерсе** (күнөөсү) **көтөрүлдү».** Табароний «Кабир»де риваят кылган. Мунун мааниси «машакат жана күнөө көтөрүлдү о.э. өкүм көтөрүлдү» дегени. Бул болсо, ошол нерсени кылуу жайиз экендигин түшүндүрөт. Бирок бир гана абалда т.а. анык өлтүрүлүүдөн кооптонуу абалында гана жайиз болот. Факихтер мына ошону мажбур кылуучу аргасыздык деп аташат. Ушул гана мажбур кылынган кишиден талак, нике, байъ жана башка келишимдер сыяктуу өкүм көтөрүлө турган бардык абалдарда шаръий жактан этибарга алына турган мажбурлук болуп эсептелет. Себеби, Пайгамбарыбыз ﷺдын: **«Алар мажбур кылынган нерсе...»**, - деген сөздөрү мажбур кылуучу аргасыздык деген мааниде.

# Дарул куфрдан дарул исламга хижрат

Хижрат – бул дарул куфрдан дарул исламга чыгып кетүү. Аллах Таала айтат:

إِنَّ الَّذِينَ تَوَفَّاهُمُ الْمَلآئِكَةُ ظَالِمِي أَنْفُسِهِمْ قَالُواْ فِيمَ كُنتُمْ قَالُواْ كُنَّا مُسْتَضْعَفِينَ فِي الأَرْضِ قَالْوَاْ أَلَمْ تَكُنْ أَرْضُ اللّهِ وَاسِعَةً فَتُهَاجِرُواْ فِيهَا فَأُوْلَـئِكَ مَأْوَاهُمْ جَهَنَّمُ وَسَاءتْ مَصِيراً ۞ إِلاَّ الْمُسْتَضْعَفِينَ مِنَ الرِّجَالِ وَالنِّسَاء وَالْوِلْدَانِ لاَ يَسْتَطِيعُونَ حِيلَةً وَلاَ يَهْتَدُونَ سَبِيلاً ۞ فَأُوْلَـئِكَ عَسَى اللّهُ أَن يَعْفُوَ عَنْهُمْ وَكَانَ اللّهُ عَفُوّاً غَفُوراً

«***Албетте*** *(мусулмандар менен бирге хижрат кылбастан кафирлердин кол астында жашоого ыраазы болуу менен)* ***өз жандарына жабыр кылган кимселердин жандарын алуу чагында периштелер аларга: «Кандай абалда жашадыңар?» - дегенде: «Биз бул жерде аргасыз бечаралар элек», - дешти.*** *(Ошондо периштелер);* ***«Хижрат кылсаңар Аллахтын жери кең эле го?!*** *(Эмне үчүн диниңер жана ыйманыңар жолунда бул өлкөдөн хижрат кылбадыңар?)»* ***- дешти. Мындайлардын жайлары жаханнам. Ал кандай*** *(гана)* ***жаман жай! Бирок, бирер арга табууга кудуреттүү болбой, хижрат жолун издеп таба албай чарасыз калган кишилер, аялдар жана жаш балдар болсо, мындайларды Аллах кечирер. Анткени, Аллах кечирүүчү, магфират кылуучу***» [4:97-99]

Абу Давуд Жарир ибн Абдулладан Набий ﷺдын мындай дегенин риваят кылат:

«أَنَا بَرِيءٌ مِنْ كُلِّ مُسْلِمٍ يُقِيمُ بَيْنَ أَظْهُرِ الْمُشْرِكِينَ، قَالُوا: يَا رَسُولَ اللَّهِ وَلِمَ ؟ قَالَ لاَ تَرَاءَى نَارَاهُمَا»

**«Мен мушриктер арасында жашаган ар бир мусулмандан беземин. Сахабалар: Эмне үчүн, я Расулуллах? - деп сурашты. Пайгамбарыбыз ﷺ: Экөөсүнүн оту бири-бирине көрүнбөшү керек, - деди».** (Т.а. мусулмандын үйү мушриктикинен алыс болушу, алыстыгынан жаккан оту бири-бирине көрүнбөшү керек). Дарул куфрдан дарул исламга хижрат кылуу тынымсыз улана берет. Ал эми Бухарий риваят кылган Пайгамбар ﷺдын:

«لاَ هِجْرَةَ بَعْدَ فَتْحِ مَكَّةَ»

**«Мекке фатхынан кийин хижрат жок»**, - деген сөздөрүнө,

«لاَ هِجْرَةَ بَعْدَ الْفَتْحِ»

**«Фатхтан кийин хижрат жок»**, - деген сөздөрүнө,

«قَدِ انْقَطَعَتِ الْهِجْرَةُ وَلَكِنْ جِهَادٌ وَنِيَّةٌ»

**«Хижрат токтоду, лекин жихад жана ниет токтобойт»**, - деген сөздөрүнө келсек о.э. Ибн Асаакир риваят кылган: Сафван ибн Умайя Исламга киргенден кийин ага «хижрат кылбаган кишинин дини жок» деп айтылды. Ошондон кийин ал Мединага келди. Набий ﷺ ага:

«مَا جَاءَ بِكَ أَبَا وَهْبٍ؟ قَالَ: قِيلَ إِنَّهُ لاَ دِينَ لِمَنْ لَمْ يُهَاجِرْ، قَالَ: اِرْجِعْ أَبَا وَهْبٍ إِلَى أَبَاطِحِ مَكَّةَ، فَقَرُّوا عَلَى مَسْكَنِكُمْ فَقَدِ انْقَطَعَتِ الْهِجْرَةُ وَلَكِنْ جِهَادٌ وَنِيَّةٌ فَإِنِ اسْتُنْفِرْتُمْ فَانْفِرُوا»

**«Эй Абу Вахб, эмнеге келдиң?»** - деди. Сафван: **«Хижрат кылбаган кишинин дини жок деп айтышты»**, - деди. Пайгамбарыбыз: **«Эй Абу Вахб, Мекке өрөөнүнө кайт, өз мекендериңерде тура бергиле. Себеби, хижрат токтоду, бирок, жихад жана ниет токтобойт. Эгер козголууга чакырылсаңар козголгула»**, - деген риваятка келсек, булардын бардыгы Мекке фатхынан кийин хижрат кылуу жок деген мааниде. Бирок, бул «жок» деген маани ушул хадистин өзүнөн истинбат кылына турган шаръий иллет менен иллеттенген. Себеби, Пайгамбарыбыздын: **«Мекке фатхынан кийин»**, - деген сөздөрү иллеттик мазмунунда келди. Бул Пайгамбар ﵇дын:

«لاَ تَنْبِذُوا التَّمْرَ وَالزَّبِيبَ جَمِيعًا»

**«Курма жана мейизди бирге кошуп набиз** (ичимдик) **кылбагыла»**, - деген сөздөрүнө окшойт. Ибн Хиббан риваяты. Себеби, Пайгамбарыбыздын бул хадистеги: **«Бирге кошуп»**, - деген сөздөрү да иллеттик мазмунунда келип, набиз кылуудан кайтарууга иллет болду. Демек, ал Мекке фатхынын хижрат токтошуна иллет болгонун түшүндүрөт. Бул болсо, иллет менен маълулдун (иллеттенген нерсенин) бар жана жоктукта бирге жүрүшүн түшүндүрөт. Т.а. иллет болсо маълул да болот, иллет жок болсо маълул да болбойт. Бул Меккеге гана хос болбостон, тескерисинче, ар кандай өлкө фатх кылынышы түшүнүлөт. Буга: **«Фатхтан кийин хижрат жок»**, - деген башка риваят

далил болот. Муну Бухарий риваят кылган Айша ﵂нун сөздөрү да кубаттайт. Айша энебизден хижрат жөнүндө суралганда, мындай деп жооп берди: **«Бүгүн хижрат жок. Момун фитналануудан коркуп, дини менен Аллах жана Расулуна качат эле. Ал эми бүгүн Аллах Исламды үстөм кылды. Момун Роббисине каалаган жеринде ибадат кылат»**. Бул болсо, мусулман адам фатхтан мурун фитналануудан коркуп, өз динин алып качуу үчүн хижрат кылганына далалат кылат. Фатхтан кийин болсо хижрат токтоду. Себеби, мусулман адам өз динин изхар кылууга жана ислам өкүмдөрүн беймарал аткарууга кудуреттүү болуп калган эле. Демек, Мекке фатхы эле эмес, тескерисинче, динди изхар кылып, ислам өкүмдөрүн беймарал аткарууга алып бара турган фатх хижраттын токтошуна иллет болот. Ушуга ылайык, фатх кылынган өлкөдөн ушул фатхтан кийин хижрат кылынбайт деген маани көздөлөт. Ошондуктан, Пайгамбар ﵇дын Сафванга: **«Хижрат токтоду»**, - деп айткан сөздөрү Мекке фатх кылынгандан кийин андан хижрат кылынбайт деген мааниде болгон. Себеби, хижрат – бул кафирлер өлкөсүнөн жана дарул куфрдан чыгып кетүү. Ошондуктан, эгерде бул өлкө фатх кылынып дарул исламга айланса, кафирлердин өлкөсү да, дарул куфр да болбой калат. Демек, андан хижрат кылынбайт. Дал ушул сыяктуу эле, фатх кылынган бардык өлкөлөрдөн хижрат кылууга орун калбайт. Муну Ахмад Муавиядан кылган төмөнкү риваят да кубаттайт. Муавия айтат: Мен Расулуллах ﷺдын мындай дегенин уктум:

**«لاَ تَنْقَطِعُ الْهِجْرَةُ مَا تُقُبِّلَتِ التَّوْبَةُ، وَلاَ تَزَالُ التَّوْبَةُ مَقْبُولَةً حَتَّى تَطْلُعَ الشَّمْسُ مِنَ الْمَغْرِبِ»**

**«Ырас, тообо кабыл кылынып жаткан соң хижрат токтобойт, жана күн чыгыштан чыгып жаткан соң тообо кабыл боло берет»**. Ахмад Набий ﷺдын мындай дегенин да риваят кылат:

**«إِنَّ الْهِجْرَةَ لاَ تَنْقَطِعُ مَا كَانَ الْجِهَادُ»**

**«Ырас, жихад болуп жаткан соң, хижрат токтобойт»**. Башка бир риваятта Пайгамбарыбыз ﷺ мындай деген:

**«لاَ تَنْقَطِعُ الْهِجْرَةُ مَا قُوتِلَ الْكُفَّارُ»**

**«Ырас, кафирлерге каршы согуш кылынып жаткан соң, хижрат токтобойт»**. Бул болсо, дарул куфрдан дарул исламга хижрат кылуу токтобой улана беришине далалат кылат. Эми хижрат өкүмүнө келсек, ал кишинин кудуреттүүлүгүнө карай кээ бир абалдарда фарз болсо, башка абалдарда мандуб болот. Хижратка кудуреттүү болбогон кишини Аллах кечирет жана хижрат андан талап кылынбайт. Ал бирер оору себептүү, же жашап калууга мажбур кылуу, же алсыздык себептүү хижрат кылууга ажиз болгону үчүн, андан хижрат кылуу талап кылынбайт. Буга аялдар, жаш балдар жана ушуга окшогондор кирет. Бул хижрат жөнүндөгү аяттын аягында келген.

Демек, кимде-ким өз динин ачык изхар кыла албаса жана ислам өкүмдөрүн аткара албаса, эгер ал хижрат кылууга кудуреттүү болсо, андан хижрат талап кылынат. Себеби, хижрат ага фарз. Буга хижрат жөнүндөгү аятта келген төмөнкү сөздөр далил болот. Аллах Таала айтат:

﴿ إِنَّ ٱلَّذِينَ تَوَفَّىٰهُمُ ٱلْمَلَٰٓئِكَةُ ظَالِمِىٓ أَنفُسِهِمْ قَالُوا۟ فِيمَ كُنتُمْ ۖ قَالُوا۟ كُنَّا مُسْتَضْعَفِينَ فِى ٱلْأَرْضِ ۚ قَالُوٓا۟ أَلَمْ تَكُنْ أَرْضُ ٱللَّهِ وَٰسِعَةً فَتُهَاجِرُوا۟ فِيهَا ۚ فَأُو۟لَٰٓئِكَ مَأْوَىٰهُمْ جَهَنَّمُ ۖ وَسَآءَتْ مَصِيرًا ﴾

«***Албетте*** *(мусулмандар менен бирге хижрат кылбастан кафирлердин кол астында жашоого ыраазы болуу менен)* ***өз жандарына жабыр кылган кимселердин жандарын алуу чагында периштелер аларга: «Кандай абалда жашадыңар?» - дегенде: «Биз бул жерде аргасыз бечаралар элек», - дешти.*** *(Ошондо периштелер);* ***«Хижрат кылсаңар Аллахтын жери кең эле го?!*** *(Эмне үчүн диниңер жана ыйманыңар жолунда бул өлкөдөн хижрат кылбадыңар?)»* ***- дешти. Мындайлардын жайлары жаханнам-тозок. Ал кандай*** *(гана)* ***жаман жай!***» [4:97]

Мындагы кабар берүү буйрук маанисин түшүндүрүп, ал талап сийгаларынан. Бул аяттагы талап таъкид менен жана хижратты таштаганга катуу ваъид менен келди. Демек, ал кескин талап. Бул болсо, мына ушул абалда хижрат мусулманга фарз экендигине, эгер хижрат кылбаса күнөөкөр болушуна далалат кылууда. Ал эми кимде-ким хижрат кылууга кудуреттүү болсо, бирок, ал өз динин изхар кылуу жана өзүнөн талап

кылынган шарият өкүмдөрүн аткаруу мүмкүнчүлүгүнө ээ болсо, анда мындай абалда хижрат кылуу фарз эмес, мандуб болот. Анын мандуб болушуна келсек, Расулуллах ﷺ Меккеден хижрат кылууга фатхтан мурун үгүттөгөн эле. Себеби, ошол убакта Мекке дарул куфр эле. Бул жөнүндө ачык аяттар келген. Аллах Таала айтат:

﴿ إِنَّ ٱلَّذِينَ ءَامَنُواْ وَٱلَّذِينَ هَاجَرُواْ وَجَٰهَدُواْ فِي سَبِيلِ ٱللَّهِ أُوْلَٰٓئِكَ يَرۡجُونَ رَحۡمَتَ ٱللَّهِۚ وَٱللَّهُ غَفُورٞ رَّحِيمٞ ﴾

«***Ыйман келтирген, хижрат кылган, Аллах жолунда күрөшкөн заттар – мына ошолор Аллахтын рахматынан үмүткөр болгон заттар. Аллах кечиримдүү жана ырайым кылуучу***» [2:218]

﴿ ٱلَّذِينَ ءَامَنُواْ وَهَاجَرُواْ وَجَٰهَدُواْ فِي سَبِيلِ ٱللَّهِ بِأَمۡوَٰلِهِمۡ وَأَنفُسِهِمۡ أَعۡظَمُ دَرَجَةً عِندَ ٱللَّهِۚ وَأُوْلَٰٓئِكَ هُمُ ٱلۡفَآئِزُونَ ﴾

«***Ыйман келтирген, хижрат кылган жана Аллах жолунда мал-жандары менен күрөшкөн заттардын Аллахтын алдындагы даражалары өтө улуу жана ошолор*** *(бак-таалайга)* ***жетишүүчүлөр***» [9:20]

﴿ وَٱلَّذِينَ ءَامَنُواْ وَلَمۡ يُهَاجِرُواْ مَا لَكُم مِّن وَلَٰيَتِهِم مِّن شَيۡءٍ حَتَّىٰ يُهَاجِرُواْۚ وَإِنِ ٱسۡتَنصَرُوكُمۡ فِي ٱلدِّينِ فَعَلَيۡكُمُ ٱلنَّصۡرُ إِلَّا عَلَىٰ قَوۡمِۭ بَيۡنَكُمۡ وَبَيۡنَهُم مِّيثَٰقٞۗ ﴾

«***Ыйман келтирген, а бирок, хижрат кылбаган кишилер тээ хижрат кылышмайынча силер аларга достук кыла албайсыңар. Эгер алар дин жолунда силерден жардам сурашса, жардам берүү мойнуңарда. Бирок аларга, ортоңордо*** *(согушпастык жөнүндө)* ***убада-келишим болгон коумга зыян жеткирүү менен жардам бербейсиңер***» [8:72]

﴿ وَٱلَّذِينَ ءَامَنُواْ مِنۢ بَعۡدُ وَهَاجَرُواْ وَجَٰهَدُواْ مَعَكُمۡ فَأُوْلَٰٓئِكَ مِنكُمۡۚ ﴾

«*(Силердин)* ***кийин ыйман келтирип хижрат кылган жана силер менен бирге күрөшкөн заттар – мына ошолор силерден***» [8:75]

Булардын баарында хижрат ачык талап кылынды. Эми хижраттын фарз эместигине келсек, Расулуллах ﷺ Меккеде

калган мусулмандарга унчукпады. Мисалы, риваят кылынышынча, Нуайм ан-Наххам хижрат кылмакчы болгондо анын алдына коуму Бани Адий келип: Өз диниңде болуп арабызда жашай бер, биз сени азар бермекчи болгондордон коргойбуз, мурункудай эле бизге жардам бер, - деп айтышты. Нуайм Бани Адий жетимдеринин жана жесир аялдарынын абалынан кабар алып турат эле. Ошол себептен улам, бир кыйла убакытка чейин хижрат кыла албай калып кетти, андан кийин хижрат кылды. Набий ﷺ ага мындай деди:

«قَوْمُكَ كَانُوا خَيْرًا لَكَ مِنْ قَوْمِي لِي. قَوْمِي أَخْرَجُونِي وَأَرَادُوا قَتْلِي، وَقَوْمُكَ حَفِظُوكَ وَمَنَعُوكَ»

**«Коумуң сага коумум мага кылганына караганда жакшыраак мамиле кылыптыр. Коумум мени айдап чыкты жана өлтүрмөкчү болду. Сенин коумуң болсо сени мухафазо жана коргоосуна алыптыр».** Бул хадисти Ибн Хажар «Исаба»да келтирди. Нуайм: Я Расулуллах, коумуңуз сизди Аллахтын итаатына (тоат) жана Анын душманына каршы жихад кылууга чыгарган болсо, коумум мени хижраттан жана Аллахтын итаатынан кармап калышты, - деди. Булардын бардыгы дарул куфр т.а. дарул харб жөнүндө эле. Анын калкы мусулмандарбы же кафирлерби мунун этибары жок. Себеби, диярдын өкүмү калк себептүү өзгөрбөйт, тескерисинче, анда өкүм жүргүзгөн түзүм себептүү жана калкы амандыкта боло турган амандык себептүү өзгөрөт. Ушуга ылайык, Индонезия менен Кавказдын ортосунда, Сомали менен Греция ортосунда айырма жок. Бирок, өз динин беймарал изхар кыла ала турган жана талап кылынган шарият өкүмдөрүн аткаруу мүмкүнчүлүгүнө ээ болгон киши өзү жашап жаткан дарул куфрду дарул исламга айландыруу кудуретине ээ болсо, мындай абалда анын дарул куфрдан дарул исламга хижрат кылышы арам болот. Ал мындай кудуретке жеке өзү ээ болобу, же өлкөсүндөгү мусулмандар менен бирге түзгөн уюму жардамында ушундай мүмкүнчүлүккө ээ болобу, же чет өлкөдөгү мусулмандар жардамында ээ болобу, же Исламий мамлекет менен кызматташтыкта ээ болобу, же кандайдыр бир васита жардамында ээ болобу, мунун айырмасы жок. Мындай абалда дарул куфрду дарул исламга айландырууга аракет

кылышы важиб болот жана хижрат кылышы арам болот. Буга далил мындай, ал жашап жаткан мамлекеттин калкы кафирлер болсо жана бул мамлекетте куфр менен өкүм жүргүзүлсө, мындай абалда ушул өлкөнүн калкы Исламга кирмейинче же жизя берип ислам өкүмү астына кирмейинче аларга каршы согушуу мусулмандарга важиб болгону сыяктуу эле, ага да бир мусулман катары жана кафирлер менен жанма-жан жашап жаткан киши о.э. душманга жакыныраак турган киши деген этибарда важиб болот. Эми эгер өлкөнүн калкы мусулмандар болсо да, бирок, аларга Исламдан башка нерсе менен т.а. куфр түзүмү менен өкүм жүргүзүлүп жаткан болсо, андай абалда бул өлкөнүн акимдери Ислам менен өкүм жүргүзмөйүнчө аларга каршы согушуу мусулмандарга важиб болгону сыяктуу эле ага да бир мусулман катары важиб болот. Демек, мусулман адам эгер өлкөнү дарул исламга айландырууга кудуреттүү болсо, кандай абал болбосун ага согушуу жана согушка даярдык көрүү важиб болот. Дарул куфрда жашаган мусулман бул эки абалдын биринде болот. Себеби, ал өзү жанма-жан жашап жаткан кафирлерге каршы жихад кылуу важиб болгон кишилер түркүмүнөн болот же куфр менен өкүм жүргүзүп жаткан акимге каршы согушуу важиб болгон кишилер түркүмүнөн болот. Эки абалда тең анын куфр менен өкүм жүргүзгөн дарул куфрдан чыгып кетиши жихаддан, жихад важиб болгон мекенден качуу болуп эсептелет же куфр менен өкүм жүргүзүп жаткан кимсеге каршы согушуудан качуу болуп эсептелет. Экөө тең Аллахтын алдында чоң күнөө эсептелет. Ошондуктан, дарул куфрду дарул исламга айландырууга кудуреттүү болгон кимсенин бул диярдан хижрат кылышы жайиз болбойт. Ырасында ал ушундай кудуретке ээ болгон соң, анын хижрат кылышы жайиз болбойт. Бул жаатта Түркия, Испания, Мисир, Албания ортосунда – арасында аларда куфр түзүмү менен өкүм жүргүзүлүп жаткан соң – айырма жок.

## Исламдын кулдукка жана кул кылууга болгон мамилеси

Ислам келген убакта дүйнөнүн бардык тарабында кулдар бар эле. Кул ээлөөчүлүк дүйнөнүн бардык тарабында, бардык калктар жана улуттарда кеңири жайылган түзүм эле. Дүйнөнүн кайсы четинде болбосун кулдар сатылат эле жана азат адамдар кулга айландырылат эле. Кул ээлөөчүлүк болбогон бирер өлкө жок эле. Ислам бул проблеманын эки жакка тиешелүү экендигин көрдү. Биринчи жак иш жүзүндө кулга айландырылган кулдарга тиешелүү эле. Бул кулдар азат адамдардан төмөн даражада эсептелет эле, аларга төмөн деген көз караш менен каралат эле. Алар алды-сатты кылына турган, үстүндө соодалашыла турган ар кандай товар сыяктуу бир товар болуп эсептелишет эле. Ошондуктан, бул кулдукту мына ушул кулдарды азат кылып, азат адамдарга айландырууга алып бара турган чечим менен дабалоо керек эле. Экинчи жак болсо кул кылууга тиешелүү болуп, бул жакты кул кылууга чек коё турган чечим менен дабалоо зарыл эле. Ошондуктан, бул эки жакты адам үчүн пайдалуу болгон жана адамдын вакиълигине о.э. жеке адамдар ортосунда жана улуттар ортосунда боло турган алакалар вакиълигине негизделген чечим менен муалажа кыла турган аяттар жана хадистер келди.

# Кулдукту муалажа кылуу

Ислам кулдукту кулдун начар абалын жеңилдетүүгө алып бара турган о.э. анын мажбурий жана ыктыярдуу көрүнүштө азат кылынышына алып бара турган чечим менен муалажа кылды. Ислам бул жаатта көптөгөн өкүмдөрдү жолго коюп берди. Факихтер бул өкүмдөрдү кеңири баян кылышкан. Бул өкүмдөр кыскача төмөнкү маселелерде өз көрүнүшүн табат:

1 – Ислам келген убакта кулдардын ээлери болгон кул ээлөөчү адамдар бар эле. Ислам кул проблемаларын кул ээлөөчүлөр ортосунда муалажа кылып берди. Бул муалажа кулду акы-укукка ээ кыла турган жана аны адамдагы фитрий сыпаттардан болгон азат адам деп этибар кылууну сактап кала турган муалажа болду. Аллах Таала Куранда о.э. Расулуллах ﷺ хадисте кулдарга жакшылык кылууну жана аларга жакшы мамиледе болууга буйруду. Аллах Таала айтат:

﴿ وَٱعۡبُدُواْ ٱللَّهَ وَلَا تُشۡرِكُواْ بِهِۦ شَيۡـٔٗاۖ وَبِٱلۡوَٰلِدَيۡنِ إِحۡسَٰنٗا وَبِذِي ٱلۡقُرۡبَىٰ وَٱلۡيَتَٰمَىٰ وَٱلۡمَسَٰكِينِ وَٱلۡجَارِ ذِي ٱلۡقُرۡبَىٰ وَٱلۡجَارِ ٱلۡجُنُبِ وَٱلصَّاحِبِ بِٱلۡجَنۢبِ وَٱبۡنِ ٱلسَّبِيلِ وَمَا مَلَكَتۡ أَيۡمَٰنُكُمۡۗ ﴾

«***Аллахка кулчулук кылгыла жана Ага эч нерсени шерик кылбагыла! Ата-энеңерге о.э. тууган-урук, жетим жана мискиндерге, тууган коңшуга жана бөтөн коңшуга, жаныңардагы жолдошуңарга, жолоочуга жана кол астыңардагы кулдарыңарга жакшылык кылгыла!***» [4:36]

Пайгамбарыбыз ﷺ мындай дейт:

«**اتَّقُوا اللَّهَ فِيمَا مَلَكَتْ أَيْمَانُكُمْ، هُمْ إِخْوَانُكُمْ جَعَلَهُمُ اللَّهُ تَحْتَ أَيْدِيكُمْ فَأَطْعِمُوهُمْ مِمَّا تَأْكُلُونَ، وَأَلْبِسُوهُمْ مِمَّا تَلْبَسُونَ، وَلاَ تُكَلِّفُوهُمْ مَا يَغْلِبُهُمْ، فَإِنْ كَلَّفْتُمُوهُمْ فَأَعِينُوهُمْ**»

**«Кол астыңардагы кулдарыңар туурасында Аллахтан таква кылгыла. Алар боордошторуңар. Аллах аларды кол астыңарда кылып койду. Аларга өзүңөр жей турган нерселерден жедиргиле, өзүңөр кийе турган кийимдерден кийгизгиле, аларга күчтөрү жетпей турган нерсени буйрубагыла, эгер буйрусаңар өзүңөр да жардам бергиле».** Муслим риваяты. Абу Хурайранын мындай дегени да риваят кылынган: Пайгамбар ﷺ:

«لاَ يَقُولَنَّ أَحَدُكُمْ عَبْدِي وَأَمَتِي، كُلُّكُمْ عَبِيدُ اللَّهِ وَكُلُّ نِسَائِكُمْ إِمَاءُ اللَّهِ، وَلَكِنْ لِيَقُلْ غُلاَمِي وَجَارِيَتِي وَفَتَايَ وَفَتَاتِي»

**«Бирөө-жарымыңар эч качан менин кулум жана менин күңүм дебесин. Баарыңар Аллахтын кулусуңар жана бардык аялдарыңар Аллахтын күңдөрү. Лекин, менин гуламым, жариям, уулум жана кызым деп айтсын»**, - деди. Чындыгында шарият кулдун даражасын бийикке көтөрдү жана аны азат адамдай кылып койду. Себеби, шарият кулдун канын кол тийгис кылып койду. Ошондуктан, эгер азат адам аны өлтүрө турган болсо өзү да өлтүрүлөт. Себеби, Аллах Таала мындай деди:

﴿ يَـٰٓأَيُّهَا ٱلَّذِينَ ءَامَنُواْ كُتِبَ عَلَيۡكُمُ ٱلۡقِصَاصُ فِي ٱلۡقَتۡلَى ۖ ﴾

***«Эй момундар, силерге өлтүрүлгөн кишилер үчүн касас алуу фарз кылынды»*** [2:178]

Касас – бул кандай зыян жеткирилсе, ошондой өч алуу жана кылмышкерди жазалоо. Касас сөзү кылмышка бериле турган жазага карата жана кылмышкер эмне кылган болсо, ага да ошондой жаза берүүгө карата колдонулат. «Силерге өлтүрүлгөн кишилер үчүн касас алуу фарз кылынды», - деген сөздүн мааниси: өлтүрүү кылмышынын жазасы катары катылды (адам өлтүргөндү) өлтүрүү силерге фарз кылынды дегени. Бул өкүм умумий болуп, эркекти, аялды, азат адамды жана кулду өз ичине алат. Муну Ибн Мажа Ибн Аббас аркылуу риваят кылган Пайгамбарыбыз ﷺдын төмөнкү сөздөрү кубаттайт:

«اَلْمُسْلِمُونَ تَتَكَافَأُ دِمَاؤُهُمْ»

**«Мусулмандардын кандары өз ара барабар»**. Ошондуктан, бул өкүм умумий. Демек, кандын кол тийгистиги туурасында азат адам менен кул барабар. Кулду өлтүрүү арам болуп, аны өлтүргөн адам ким болбосун өлтүрүлөт. Ушуга негизделип айтуу мүмкүн болгондой, Ислам кулдун жаны менен азат адамдын жанын барабар кылып койду, кулдун канын азат адамдын каны сыяктуу кол тийгис кылып койду. Пайгамбарыбыз ﷺ:

«مَنْ قَتَلَ عَبْدَهُ قَتَلْنَاهُ»

**«Ким кулун өлтүрсө, анын өзүн да өлтүрөбүз»**, - деген. Ахмад жана Абу Давуд Самура ибн Жундубдан риваят кылды. О.э. Ислам кулду үйлөнүү, талак берүү, таалим алуу, башка азат адамдын жана кулдун үстүнөн күбөлүк берүү акы-укуктары менен да камсыздады. Ал эми Ислам күңдүн ээсине ушул күңдөн пайдалануу укугун бергенине келсек, бул кулдун даражасын көтөрөт жана анын азат болушуна алып келет. Себеби, күң ээсинин өз күңүнөн кудум эр өз аялынан пайдаланганы сыяктуу пайдалануусу бул күңдүн даражасын азат аялдын даражасына көтөрөт жана аны өз ээсинин алдындагы даражага ээ кылат. Кала берсе, бул пайдалануунун натыйжасында кошбойлуу болуу жана бала төрөө бул күңдүн ээси көз жумгандан кийин мажбурий түрдө азат кылынышына жол даярдайт.

2 – Ислам кулдарды азат кылууга шыктандырды. Мисалы, Ислам кулдун мойнун кулдуктан азат кылууну адамдын Аллахтын улуу неъматтарына шүгүр кылышына жардам бере турган жана дабанды ашып өтүшүнө көмөктөшө турган бир фактор кылып койду. Аллах Таала айтат:

فَلَا اقْتَحَمَ الْعَقَبَةَ ۝ وَمَا أَدْرَاكَ مَا الْعَقَبَةُ ۝ فَكُّ رَقَبَةٍ

«***Ошентип, ал дабанды ашып өтпөдү!*** *(Эй Мухаммад),* ***дабан*** *(ашып өтүү)* ***эмне экендигин сен кайдан билет элең?*** *(Ал бир кул)* ***мойнун*** *(кулдуктан)* ***азат кылуу***» [90:11-13]

Ашып өтүү – бул кайрат жана машакат менен кирип баруу жана жеңип өтүү. Дабан – бул кыйынчылык. Ислам солих амалдарды бир дабан кылып койду, мындай амалдарды кылууну ушул дабанды ашып өтүү деп баалады. Мында машакат тартуу жана нафс менен жихад кылуу бар болгону үчүн аны дабан деп атады. Моюнду азат кылуу – бул кулдардын мойнун кулдуктан куткаруу. Демек, Аллах бул аятта кулдарды азат кылууга шыктандырды. Пайгамбарыбыз ﷺ да ушуга чакырды. Расулуллах ﷺ:

«أَيُّمَا رَجُلٍ أَعْتَقَ امْرَأً مُسْلِمًا اسْتَنْقَذَ اللَّهُ تَعَالَى بِكُلِّ عُضْوٍ مِنْهُ عُضْوًا مِنْهُ مِنَ النَّارِ»

**«Кимде-ким бир мусулман кулду азат кылса, Аллах Таала анын** (кулдун) **ар бир мүчөсүнүн акысына анын бир мүчөсүн тозок отунан куткарат»**, - деген. Бухарий жана Муслим риваяты. Бул аркылуу Ислам кулдарды азат кылууга

шыктандырганы жана бул үчүн өтө чоң сооп белгилегени маалым болот.

3 – Ислам кулдарды азат кылууну важиб кыла турган амалий шаръий өкүмдөрдү алып келди. Ошону менен бирге, азат кылууга мажбурлай турган шаръий өкүмдөрдү алып келди. Себеби, жакын махрамына мүлк болуп калган кулду мүлк болору менен сөзсүз түрдө азат боло турган кылып койду. Ээси ыраазы болобу же жокпу, азат кылдыбы же жокпу, мунун айырмасы жок. Демек, жакын махрам тууганына сатып алуу же мурас аркылуу ээ боло турган ар бир адамдын ушул жакын махрам кулу мүлк болору менен азат болот. Ээси ушуга мажбур, анын азат кылышына муктаждык болбойт. Абу Давуд Хасандан, ал Самурадан Набий ﷺдын мындай дегенин риваят кылат:

«مَنْ مَلَكَ ذَا رَحِمٍ مَحْرَمٍ فَهُوَ حُرٌّ»

**«Ким махрам тууганына ээ болсо ал** (тууганы) **азат болот».** Ислам кулду күйдүрүп, же бирер мүчөсүн кесип же иштен чыгарып азаптоону, же кулду оорута таяктоону анын азат кылынышын важиб кылуучу нерсе кылып койду. Эгер кожоюн азат кылбаса, аким кожоюнун азат кылууга мажбурлайт. Пайгамбар ﷺ:

«مَنْ لَطَمَ مَمْلُوكَهُ أَوْ ضَرَبَهُ فَكَفَّارَتُهُ أَنْ يُعْتِقَهُ»

**«Ким кулуна шапалак чапса же урса, анын каффараты аны азат кылуу болот»**, - деген. Муслим Ибн Умардан риваят кылды. Уруу дегени – бул оорутуп уруу. Кожоюндун кулун адеп берүү үчүн оорутпай турган кылып урушу жайиз. Буга уруксат бере турган бир нече хадистер келген. Ислам кулду азат кылууну көп күнөөлөр үчүн керек болгон каффарат кылып койду. Мисалы, ким бир момунду билбестен өлтүрүп койсо, мунун каффараты бир момун кулду азат кылуу болот. Аллах Таала айтат:

﴿وَمَا كَانَ لِمُؤْمِنٍ أَن يَقْتُلَ مُؤْمِنًا إِلَّا خَطَـًٔا ۚ وَمَن قَتَلَ مُؤْمِنًا خَطَـًٔا فَتَحْرِيرُ رَقَبَةٍ مُّؤْمِنَةٍ وَدِيَةٌ مُّسَلَّمَةٌ إِلَىٰٓ أَهْلِهِۦٓ إِلَّآ أَن يَصَّدَّقُوا۟ ۚ فَإِن كَانَ مِن قَوْمٍ عَدُوٍّ لَّكُمْ وَهُوَ

مُؤْمِنٌ فَتَحْرِيرُ رَقَبَةٍ مُّؤْمِنَةٍ ۖ وَإِن كَانَ مِن قَوْمٍ بَيْنَكُمْ وَبَيْنَهُم مِّيثَٰقٌ فَدِيَةٌ مُّسَلَّمَةٌ إِلَىٰٓ أَهْلِهِۦ وَتَحْرِيرُ رَقَبَةٍ مُّؤْمِنَةٍ ۖ ﴾

«***Момун момунду билбеген абалда гана өлтүрүп коюшу мүмкүн. Ким бир момунду билбестен өлтүрүп койсо, ал бир момун кулду азат кылышы жана маркумдун жакындарына – эгер кечип жиберишпесе – кун төлөшү важиб. Эгер маркум өзү момун болуп, силерге душман коумдон болсо, болгону бир момун кулду азат кылышы важиб. Эгер ал силер менен сулх түзгөн коумдон болсо, анын ээлерине кун төлөө жана бир момун кулду азат кылуу керек***» [4:92]

Ким антын бузса, анын каффараттарынын бири бир кулду азат кылуу болот. Аллах Таала айтат:

﴿ لَا يُؤَاخِذُكُمُ ٱللَّهُ بِٱللَّغْوِ فِىٓ أَيْمَٰنِكُمْ وَلَٰكِن يُؤَاخِذُكُم بِمَا عَقَّدتُّمُ ٱلْأَيْمَٰنَ ۖ فَكَفَّٰرَتُهُۥٓ إِطْعَامُ عَشَرَةِ مَسَٰكِينَ مِنْ أَوْسَطِ مَا تُطْعِمُونَ أَهْلِيكُمْ أَوْ كِسْوَتُهُمْ أَوْ تَحْرِيرُ رَقَبَةٍ ۖ ﴾

«***Аллах силерди тилдериңердеги бейпайда антыңар себептүү жазалабайт. Тескерисинче,*** *(дилиңердеги)* ***бекем түйгөн антыңар себептүү*** *(эгер ошондой антты бузсаңар)* ***жазалайт. Анан, анын каффараты өз үй-бүлөңөрдү бага турган орточо тамактардан он мискинге тамак берүү же алардын кийим-кечесин кылып берүү, же болбосо, бир кулду азат кылуу***» [5:89]

Кимде-ким аялын зихар кылса, мисалы, «сен мага апамдын артындайсың» десе, андан кийин кайрадан дагы аялына кайтса, анын каффараты бир кул азат кылуу болот. Аллах Таала айтат:

﴿ وَٱلَّذِينَ يُظَٰهِرُونَ مِن نِّسَآئِهِمْ ثُمَّ يَعُودُونَ لِمَا قَالُوا۟ فَتَحْرِيرُ رَقَبَةٍ مِّن قَبْلِ أَن يَتَمَآسَّا ۚ ﴾

«***Өз аялдарын зихар кылып, андан кийин айткан сөздөрүнөн кайта турган адамдар*** *(мойнунда эрди катын)* ***кошулушунан мурун бир кулду азат кылуу бар***» [58:3]

Кимде-ким рамазанда жимаъ кылып, орозосун бузса, анын каффараты да бир кулду азат кылуу болот. Абу Хурайрадан мындай дегени риваят кылынган:

«جاءَ رَجُلٌ إِلَى اَلنَّبِيِّ ﷺ فَقَالَ هَلَكْتُ يَا رَسُولَ اَللَّهِ. قَالَ: وَمَا أَهْلَكَكَ قَالَ: وَقَعْتُ عَلَى اِمْرَأَتِي فِي رَمَضَانَ قَالَ: هَلْ تَجِدُ مَا تَعْتِقُ رَقَبَةً قَالَ: لاَ. قَالَ: فَهَلْ تَسْتَطِيعُ أَنْ تَصُومَ شَهْرَيْنِ مُتَتَابِعَيْنِ. قَالَ: لاَ. قَالَ: فَهَلْ تَجِدُ مَا تُطْعِمُ سِتِّينَ مِسْكِينًا قَالَ: لاَ. قَالَ: ثُمَّ جَلَسَ, فَأُتِيَ النَّبِيُّ ﷺ بِعَرَقٍ (أَيْ زَنْبِيلٍ أَوْ قُفَّةٍ) فِيهِ تَمْرٌ قَالَ: تَصَدَّقْ بِهَذَا. قَالَ: فَهَلْ عَلَى أَفْقَرَ مِنَّا؟ فَمَا بَيْنَ لاَبَتَيْهَا أَهْلُ بَيْتٍ أَحْوَجُ إِلَيْهِ مِنَّا. فَضَحِكَ اَلنَّبِيُّ ﷺ حَتَّى بَدَتْ أَنْيَابُهُ وَقَالَ: اذْهَبْ فَأَطْعِمْهُ أَهْلَكَ»

**«Бир киши Набий ﷺ алдына келип: Я Расулуллах, халак болдум** (өлдүм), **- деди. Пайгамбарыбыз: Сени эмне халак кылды? - деди. Ал: Рамазанда аялыма жакындык кылып койдум, - деди. Пайгамбарыбыз: Бир кулду азат кыла турган нерсе таба аласыңбы? - деди. Ал: Жок, - деди. Пайгамбарыбыз: Үзгүлтүксүз эки ай орозо кармай аласыңбы? - деди. Ал: Жок, - деди. Пайгамбарыбыз: Алтымыш мискинди тамактандыра турган нерсе таба аласыңбы? - деди. Ал: Жок, - деди. Андан кийин күтүп отурду. Пайгамбарыбыз ﷺга бир замбил курма алып келинди. Ал зат** (тиги адамга)**: «Мына, муну садака кылып жибер», - деди. «Эй Аллахтын Расулу, бизге караганда жакырыраак адамгабы? Аллахка ант болсун, Мединада бизге караганда муктажыраак үй-бүлө жок, - деди. Набий ﷺ күлүп жиберди, ал тургай тиштеринин агы көрүнүп кетти. Андан кийин: Бар, аны үй-бүлөңө бер, - деди».** Муслим риваяты. Демек, Набий ﷺ оболу кул азат кылууга буйруду, мындан башкага өтпөдү. Болгону анын буга алсыз экендигин билгенден кийин гана башка каффаратка буйруду. Демек, каффараттарга тиешелүү бул өкүмдөрдүн бардыгында каффарат төлөөчүгө кул азат кылууну ылазым кылып коюуда.

Ислам мунун менен эле чектелбеди, тескерисинче, кулдун өзүнө да өзүн азат кылууга аракет кылуу жолун түзүп берди. О.э. ээсине да кулдун баасын чыгарып ала турган бадал жолду белгилеп берди. Бул мукатаба талкуусунда үйрөөнүлөт. Ислам

ушуга шыктандырды жана Аллах Куранда ушуга буйруду. Аллах Таала айтат:

﴿ وَٱلَّذِينَ يَبۡتَغُونَ ٱلۡكِتَٰبَ مِمَّا مَلَكَتۡ أَيۡمَٰنُكُمۡ فَكَاتِبُوهُمۡ إِنۡ عَلِمۡتُمۡ فِيهِمۡ خَيۡرٗاۖ وَءَاتُوهُم مِّن مَّالِ ٱللَّهِ ٱلَّذِيٓ ءَاتَىٰكُمۡۚ ﴾

«*(Эй момундар)* ***кол астыңардагы кулдардан келишим түзүүнү каалай турган кишилер болсо, андай абалда эгер силер аларда жакшылыкты билсеңер, алар менен келишим түзгүлө жана аларга Аллахтын силерге тартуу кылган малынан бергиле!***» [24:33]

Кожоюн кулуна: Балан мөөнөттө баланча каражат алып келсең азат болосуң, - деп мукатаба түзсө, кулун иштеп таап келүү үчүн эркин коё берүүсү важиб болот. Анткени муну менен, кул мукотаба боюнча келишилген каражатты таап келсин. Эгер таап келсе кожоюну аны азат кылышы важиб болот. Кожоюндун бул мукатабадан кайтуусу дурус болбойт. Факихтер мукатабага «мамлүктү (мүлк болгон кулду) тезинен азат кылуу, натыйжада анын мойнун кулдуктан азат кылуу» деп аныктама беришкен. Эгер мукатаба туура болсо кул кожоюнунун колунан чыгат жана качан бадалды төлөсө кожоюнунун мүлкүнөн чыгат.

Бул өкүмдөрдүн бардыгы кулдарды азат кылууга тиешелүү болуп, аларда үндөө жана үгүттөө жолу тутулганы о.э. жеке адам бул өкүмдөрдү Аллахтан таква үндөөсү менен ишке ашырбаса мамлекет күч менен ишке ашыра турган өкүмдөрдү мыйзам кылып коюу жолу тутулганы күзөтүлөт. Алардын бардыгы кул ээлеринде кулдарды азат кылуу жөнүндө пикир жүргүзүүгө жана аракет кылууну пайда кылууга алып бара турган өкүмдөр. Бул өкүмдөр кулдардын өздөрүндө да өздөрүн кулдуктан азат кылууга аракет кылуу тууралуу пикирлөөнү жана ошого аракет кылууну пайда кылууга алып барат. Бул болсо, коомдо кулдукту жок кылууну көздөй жетелейт.

4 – Ислам азат кылууга үгүттөө жана азат кылууга мажбурлай турган өкүмдөрдү пайда кылуу менен эле чектелбеди, тескерисинче, мусулмандардын байтулмалында кулдарды азат кылуу үчүн атайын баб (бөлүк) кылып берди. Бул баб – кулдарды азат кылуу үчүн зекеттен берүү. Ислам аны сегиз бабдын бири кылып койду. Аллах Таала айтат:

﴿ إِنَّمَا ٱلصَّدَقَٰتُ لِلۡفُقَرَآءِ وَٱلۡمَسَٰكِينِ وَٱلۡعَٰمِلِينَ عَلَيۡهَا وَٱلۡمُؤَلَّفَةِ قُلُوبُهُمۡ وَفِي ٱلرِّقَابِ وَٱلۡغَٰرِمِينَ وَفِي سَبِيلِ ٱللَّهِ وَٱبۡنِ ٱلسَّبِيلِۖ فَرِيضَةٗ مِّنَ ٱللَّهِۗ وَٱللَّهُ عَلِيمٌ حَكِيمٞ ﴾

«***Албетте, садакалар*** *(т.а. зекеттер)* ***Аллах тарабынан фарз болгон абалда кедейлерге, мискиндерге, садака жыюучуларга, көңүлдөрү*** *(исламга)* ***дос кылынуучу кишилерге, моюндарды*** *(кулдарды)* ***азат кылууга, карыздар кишилерге жана Аллах жолунда о.э. жолоочуларга берилет. Аллах билим жана хикмат Ээси***» [9:60]

Аллах Тааланын: «وَفِي الرِّقَابِ» деген аяты кулдарды азат кылуу деген мааниде. Ислам бул баб үчүн белгилүү бир көлөмдү дайындабады. Ошондуктан, мамлекет кулдарды азат кылуу үчүн зекет малдарынан белгилүү бир өлчөмдү гана ажыратышы жайиз болуп калбастан, тескерисинче, бул жерде зекетти башка орундарга сарптоо зарылдыгы болбосо, зекет малынын баарын кулдарды азат кылууга ажыратуу да жайиз болот. Себеби, зекетти ушул сегиз бабга сарптоо важиб болбойт, тескерисинче, мусулмандар халифасынын раъйы боюнча ушул бабдардын бирине ажыратылса да жайиз болот.

## Кул кылууну муалажа кылуу

Ислам келген убакта, дүйнөдө амал кылынып келинген байыркы түзүмдөрдө (низом) кул кылуу жолдору көп болгон. Мисалы, бул мыйзамдар боюнча, иши артка кетип сынган (банкрот болгон) карыздар адам кулга айландырылат эле. Карыздар адам начар абалга түшүп калып сынса, карыз берген адамдын аны кул кылып алышы мүмкүн эле. Бул мыйзамдар адамды кылган кээ бир кылмышы жана катасына жаза катары кул кылууну талап кылган. Бул мыйзамдар азат адам өзүн кул кылууларын кабыл алышына, башкага өзүн сатышына жол ачып берер эле. Болгону, өз ара келишип алган убактан кийин, кожоюндун аны азат кылышы шарт болгон. Күчтүү уруулар алсыз уруулардын адамдарын беймарал кул кылып алышы мүмкүн эле. Согуштар жана баскындарда туткундар кулга айландырылат эле, өлкөлөр басып алынса, бүтүндөй калкы кулга айландырылышы мүмкүн болгон. Бул жалпы коида эле. Бул мыйзамдардын кээ бирлери боюнча, согуштарда туткунга алына турган эркектер, аялдар жана жаш балдарды гана кулга айландыруу мүмкүн эле. Ошондуктан, ким согушта туткунга алынса жана кул кылынса, ал кул болуп эсептелет эле жана анын кулдугу тан алынат эле (иътароф).

Ислам келип, бул кул кылуу абалдары үчүн башкача шаръий өкүмдөрдү жолго койду. Бул шаръий өкүмдөр кулга айландырууга жол койбой турган өкүмдөр. Ислам согуш абалында кандай иш тутуу керектигин да кеңири баян кылды. Мисалы, Ислам начар абалда калган карыздар адамга карата карыз берген адам бул карыздар адам байыганга чейин күтүшү керектигин баян кылды. Аллах Таала айтат:

﴿ وَإِن كَانَ ذُو عُسْرَةٍ فَنَظِرَةٌ إِلَىٰ مَيْسَرَةٍ ﴾

«***Эгерде*** *(карыздар)* ***начар болсо, байыганга чейин күткүлө!***» [2:280]

Ислам кылмыштарга бериле турган жазаларды да, айрыкча уурулук жазасын кеңири баян кылды. Мурун уурулук жазасы кулга айландыруу эле. Аллах Куранда буга ишара кылып мындай деген:

﴿ قَالُوا جَزَاؤُهُ مَن وُجِدَ فِي رَحْلِهِ فَهُوَ جَزَاؤُهُ ﴾

«***Алар: Анын жазасы – кимдин жүгүнүн арасынан табылса, ошол кимсе жазаланат, кул кылынат, - дешти***» [12:75]

Ислам болсо уурулуктун жазасы колду кесүү экендигин баян кылды. Аллах Таала айтат:

﴿ وَٱلسَّارِقُ وَٱلسَّارِقَةُ فَٱقۡطَعُوٓاْ أَيۡدِيَهُمَا جَزَآءَۢ بِمَا كَسَبَا ﴾

«***Ууру эркекти да, ууру аялды да кылмыштарына жаза болсун үчүн колдорун кескиле!***» [5:38]

Ислам кул менен кожоюн ортосунда кулга айландыруу туурасында эмес, азат кылуу туурасында келишим түзүүгө буйруду жана азат адамдарды кулга айландырууну кескин арам кылды. Пайгамбарыбыз ﷺ мындай деди: Аллах Азза ва Жалла айтат:

«ثَلاَثَةٌ أَنَا خَصْمُهُمْ يَوْمَ الْقِيَامَةِ: رَجُلٌ أَعْطَى بِى ثُمَّ غَدَرَ، وَرَجُلٌ بَاعَ حُرًّا فَأَكَلَ ثَمَنَهُ، وَرَجُلٌ اسْتَأْجَرَ أَجِيرًا فَاسْتَوْفَى مِنْهُ وَلَمْ يُعْطِهِ أَجْرَهُ»

**«Үч кимсе бар, кыямат күнү мен алардын душманымын: Менин атым менен ант ичип, кийин кыянат кылган кимсе; азат адамды сатып жиберип, акчасын жеген кимсе; киши жалдап, андан толук пайдаланып, анын иш акысын бербеген кимсе».** Бухарий риваяты. Демек, Аллах Таала азат адамды саткан кимсени Өзүнө душман деп эсептейт. Согуш абалы жөнүндө айта турган болсок, Ислам бул жөнүндө да кеңири баян кылып, туткундарды кул кылууга бүтүндөй тыюу салды. Хижраттын экинчи жылында Ислам туткундар өкүмүн баян кылып, же аларга ырайым көрсөтүп, бадал албастан аларды бошотуп жиберүүгө, же алардан фидя алууга, же болбосо, аларга окшоп туткунга түшүп калган мусулмандарга же зиммийлерге алмаштырып алууга буйруду. Аллах Таала айтат:

﴿ فَإِذَا لَقِيتُمُ ٱلَّذِينَ كَفَرُواْ فَضَرۡبَ ٱلرِّقَابِ حَتَّىٰٓ إِذَآ أَثۡخَنتُمُوهُمۡ فَشُدُّواْ ٱلۡوَثَاقَ فَإِمَّا مَنَّۢا بَعۡدُ وَإِمَّا فِدَآءً حَتَّىٰ تَضَعَ ٱلۡحَرۡبُ أَوۡزَارَهَاۚ ﴾

«***Ошондуктан,*** *(эй момундар),* ***качан силер*** *(согуш майданында)* ***кафир болгон кимселер менен беттешкениңерде, моюндарына ургула – өлтүргүлө! Эми качан алардын*** *(көпчүлүгүн)* ***кырып*** *(жеңгениңерден кийин,*

*аларды туткунга алып)* ***аркандар менен байлагыла! Андан кийин же*** *(аларды азат кылып жиберүү менен)* ***ырайым көрсөтөсүңөр, же*** *(аларды бошотуп жиберүү үчүн)* ***фидя аласыңар, тээ согуш жүктөрүн таштаганча*** *(т.а. токтогонго чейин силерге буюрулган иш)* ***мына ушул»*** [47:4]

Бул аятта мына ушул маани т.а. ырайым көрсөтүү же фидя алуу ачык көрсөтүлгөн болуп, аят мындан башка маанини таптакыр көтөрбөйт. Себеби, араб лугаты туткундар өкүмүн ушул эки иштин бирине: ырайым көрсөтүүгө же фидя алууга чектөөнү талап кылат. Себеби, «إِمَّا» калимасы эки нерсенин бирин тандоого, ушул эки нерсенин бирине чектелүүгө карата колдонулат. Ошондуктан, бул аятта «إِمَّا» калимасы өзүнөн кийин айтылган ырайым көрсөтүү же фидя алууга чектелүүнү, ушул экөөнүн бирин тандоону түшүндүрүүдө. Ушул орунда эми кээ бир факихтерде күмөнгө себеп болгон бир суроо пайда болот. Алар андан «халифа эгер макул көрсө, асирлерди (согуш туткундарын) кулга айландырышы мүмкүн» деген жыйынтыкты чыгарышкан. Бул суроо төмөнкүдөй: «Набий ﷺ бул аят түшүрүлгөндөн кийин да кул кылган. Себеби, бул аят хижраттан кийин экинчи жылы, Расулуллах ﷺ менен Курайш кафирлери ортосунда согуш башталышынан мурун түшүрүлгөн. Пайгамбар ﷺ Хунайнда кул кылды. Расулуллах ﷺ кылган иш болсо Аллахтын аяттарынын тафсири деп этибар кылынганы сыяктуу эле ташриъ (шаръий өкүмдүн колдонулуусу) деп да этибар кылынат. Ошондой болгон соң, асирлерди кул кылууну бул аят менен кантип тыйып коюуга болсун? Акыйкатта болсо, Расулуллах ﷺ ушул аят түшүрүлгөндөн кийин Хунайнда кул кылган болсо?». Буга жооп мындай, Расулуллах ﷺдын кылган иши жана айткан сөзү Куран аяттарына карата мужмалды муфассал кылуу, же мутлакты мукайяд кылуу, же умумийди хостоо болот. Пайгамбар ﷺдын иши жана сөзү Куранды мансух кылуучу болбойт. Туткундар жөнүндөгү аят болсо мужмал эмес, тафсилат зарыл болгудай; лафздары умумий эмес, хостоо керек болгудай; мутлак эмес кайд кылуу керек болгудай. Расулуллах ﷺдын бул аят түшүрүлгөндөн кийин кул кылганы сахих боло турган болсо, Пайгамбарыбыз ﷺдын бул иши аятты мансух кылуучу болуп калат. Бул болсо, жайиз эмес. Мындан

тышкары, Расулуллах ﷺдын туткундарды кул кылганы жөнүндөгү риваят ахад хабар болуп:

﴿ فَإِمَّا مَنًّۢا بَعۡدُ وَإِمَّا فِدَآءً ﴾

«***Андан кийин же** (аларды азат кылып жиберүү менен) **ырайым көрсөтөсүңөр же** (аларды бошотуп жиберүү үчүн) **фидя аласыңар***» [47:4]

аятына тескери келет. Хабар ахад катъий аяттар жана хадистерге тескери келип кала турган болсо, дироятан рад кылынат. Ушуга ылайык, «Расулуллах ﷺ туткундар жөнүндөгү аят түшүрүлгөндөн кийин да туткундарды кул кылды» деген риваят этибарга алынбайт. Кала берсе, Хунайн казатында Расулуллах ﷺ тарабынан болгон иштин вакиълиги мындай, мушриктер бул согушта аялдарды жана жаш балдарды да өздөрү менен алып чыгышкан. Саптарын көп кылып көрсөтүү жана эркектерин демдендирүү үчүн ушинтишкен. Согушта жеңилишкенден кийин, аялдар жана жаш балдар сабий болуп калышты (б.а. алар асир эмес) жана Расулуллах ﷺ аларды мусулман согушкерлерге бөлүштүрүп берди. Бул сабий кылуу жөнүндө кеңешкенден кийин, Пайгамбарыбыз ﷺ мусулмандардан өздөрүнүн сабий кылуу туурасындагы акыларын көңүлдөн чыгарып, хиба (белек) кылууну сурады жана сабий өз ахлине (үй-бүлөсүнө) кайтарылды. Демек, бул сабийди т.а. согушта сапты көп кылып көрсөтүү жана демдендирүү үчүн эркектер менен бирге чыккан аялдар жана жаш балдарды кул кылуу жайиз экендигине далалат кылат. Ал эми сабийден башкалар т.а. согушкер эркектер асирге (туткунга) түшүп калышса, Расулуллах ﷺ алардын бирин да таптакыр кул кылган эмес. Пайгамбарыбыз ﷺдын эркек согушкерлерден, арабдан да, яхудийлерден да, насронийлерден да бирер асирди кул кылганы жөнүндө сахих риваят жок. Себеби, «асир» сөзү эркек согушкерге карата колдонулат, аялдар жана жаш балдарга карата лугатта «асир» сөзү эмес, «сабий» сөзү колдонулат. Ушундан белгилүү болгондой, Ислам туткунга түшкөн эркек согушкерлерди кул кылууга тыюу салды жана сабийди кул кылуу же бошотуп жиберүүнү халифанын ыктыярына койду. Алардан фидя алынбайт. Расулуллах ﷺ Хунайнда сабий туурасында так ушундай кылды, аларды кул кылды, андан кийин бошотуп

жиберди. Хайбарда да сабийлерди азат кылды, кул кылбады. Бул т.а. сабий кылуу аялдар жана жаш балдар согушта кошуун менен бирге чыгышкан убакта болот. Ал эми, эгерде үйлөрүндө калышкан болсо, аларга каршы эч нерсе кылынбайт, туткун да, сабий да болушпайт. Халифа сабийди кул кылуу маселесинде аскерий саясат душмандарга мамиле кылуу туурасында эмнени талап кылса, ошол боюнча жол тутат. Мындан максат кул кылуу эмес, тескерисинче, ал согуштук мамилелердин бири болуп эсептелет. Мында иш халифанын өкүмүнө сунушталат. Халифа эмнени макул көрсө жана душманга карата болгон мамиле эмнени талап кылса, ошону кылат.

Ушундан белгилүү болгондой, Ислам кул кылууну муалажа кылып, кул кылуу жүз бере турган бардык абалдарга тыюу салды. Сабий туурасында болсо, душманга карата кылына турган мамилеге карап иш кылуу ыктыярын халифага калтырды. Бул аркылуу Ислам кул кылууга чек койгон болот. Айрыкча, адамдарда сапты көбөйтүү жана демдендирүү максатында аялдар менен жаш балдарды кошуун менен бирге алып чыгуу адаты бекер болгон соң – мындай абалды бир нече кылымдардан бери бүгүнкү күнгө чейинки жүз берген согуштарда күзөтүүгө болот – демек, кул кылуу жүз бере турган абал таптакыр калбады. Бул аркылуу Ислам кул кылууга тыюу салган болот.

## Жеке адамдар ортосундагы алакалар

Жогоруда шархтап өтүлгөн бул өкүмдөр Исламий мамлекетке о.э. анын башка мамлекеттер, калктар жана улуттар менен боло турган алакаларына тиешелүү шаръий өкүмдөрдөн мисалдар эле. Ислам аларда башка өкүмдөргө тиешелүү бир үлгү катары кээ бир өкүмдөрдү баян кылды. Себеби, бул аркылуу мусулманга бул умумий алака таяна турган негиз жана бул алакада жүзөгө чыга турган проблемаларды муалажа кылуучу өкүмдөр түрү белгилүү болот. Бул жерде жеке адамдар ортосунда боло турган алакалар да бар болуп, жеке адамдардын турмуштагы кызыкчылыктары ушул алакаларга таянат. Ислам келип, жеке адамдардын ортосундагы бул алакаларды бир катар шаръий өкүмдөр менен муалажа кылды. Өзгөчө алганда, фардий (жеке) алакаларга тиешелүү болгон, жалпысынан алганда болсо, инсанга инсандыгы жагынан тиешелүү болгон шаръий өкүмдөр менен муалажа кылды.

Ислам өзүнүн бардык шаръий өкүмдөрүн белгилүү бир жеке адамдарга эмес, инсанга колдонот. Бирок, жеке адамдар (фард) көрүнүшүндөгү инсанга колдонот. Мына ушул жеке адамдарга инсан деген сыпатта, жамаатты түзүүчү адамдар топтому деген этибарда колдонот. Ислам мына ушул жеке адамдарга жана бул жамаатка алар муктаждык сезе турган шаръий алакаларды, коомду калыптандыра турган жеке адамдар ортосундагы алакаларды жолго коюп берет. Инсан деп айтылганда, ал Холидби же Мухаммадбы, ага карабастан, инсан жынысы назарда тутулат. Ошондой болгон соң, демек, шаръий өкүмдөр белгилүү бир фард үчүн эмес, мына ушул инсан үчүн келди. Фард деп айтылганда болсо, Холид болобу же Мухаммадбы, белгилүү бир шахс назарда тутулат. Ошондой болгон соң, Ислам шаръий сунуштарды аткарууну жеке адамдан анын жеке шахстыгы этибары менен талап кылына турган кылып койду. Бул аркылуу ар кандай шахс проблемаларын муалажа кылууну максат кылды жана жеке адамды Исламда келген бардык нерсеге амал кылууга, алардын алкагынан чыкпоого буйруду. Себеби, шаръий өкүмдөр, мейли инсан үчүн келген болсо да, аларды аткаруу талап кылына турган киши белгилүү бир шахс т.а. Холид жана Мухаммад.

Бирок, дене түзүлүшүндө же жашылча-жемишти жакшы көрүшү, этти жактырбашы сыяктуу башкаларга окшобой турган өзүнө хос өзүнчө шахс экендиги этибары менен эмес, балким, инсандагы фитрий сыпаттар дал келе турган бир инсан экендиги этибары менен андан шаръий өкүмдөрдү аткаруу талап кылынат. Фитрий сыпаттардын дал келиши бул шахстын иштеринде инсан деген этибарда көзгө көрүнө турган тирүүлүк күчү (хаятий тоокот) көрүнүштөрүнүн бири болот. Ислам жеке адамдар ортосундагы, алардын умумий жана хос маиший (күндөлүк) турмуштарындагы алакаларды тартипке салуу үчүн өкүмдөрдү алып келди. Т.а. адамдардын бири-бири менен боло турган алакаларын тартипке салуу үчүн өкүмдөрдү алып келди. О.э. адамдар менен мамлекеттин ортосундагы алакаларды, мамлекет менен башка мамлекеттер ортосундагы алакаларды тартипке салуучу, же жамаатты анын жамаат экендиги жагынан келип чыгып тартипке салуучу шаръий өкүмдөрдү да алып келди. Алардын бардыгы белгилүү бир шахска, Мухаммадга же Холидге, же Хасанга буйрула турган, бирок, инсан экендиги жагынан буюрула турган өкүмдөр.

Шаръий өкүмдөрдү жалпысынан күзөткөн адам күбө болгондой, Ислам шаръий өкүмдөрдү алып келгенде, жеке адам кызыкчылыгын анын өзүнө хос шахсий касиеттери менен эсепке алды, жеке адам жашаган коомдун кызыкчылыгын да жеке адамдардан түзүлгөн коом деген этибарда, коом мүчөлөрү ортосундагы алакалар жагынан эмес, коом экендиги жагынан этибарга алды. Себеби, Ислам коомго өз ара шаръий алакаларды жолго коюп бергенде, шахс кызыкчылыгын эсепке алды; шахска башка жеке адамдар менен боло турган шаръий алакаларды жолго коюп бергенде, коомдун кызыкчылыгын эсепке алды. Ошондуктан, Ислам – раийят иштерин идара кылуу үчүн байтулмалдагы булактар жетиштүү болбогондо – мамлекетке мусулмандардан мал алуу укугун бергенде, мамлекетти Аллах коомдун мойнуна важиб кылган каражатты гана алууга чектеп койду. Буга жихад үчүн же ачка адамдарга тамак берүү үчүн мал алууну мисал кылып келтирүүгө болот. Ислам мамлекетке бул каражатты байлардын ашыкча малынан т.а. азык-түлүк, кийим-кече, үй-жай сыяктуу негизги керектөөлөрүнөн (асасий хаажат) о.э. үйлөнүү, автомашина, кызматкер жалдоо жана ушул сыяктуу коомдорунун адатында

(урф) зарыл деп эсептеле турган жогорку керектөөлөрүнөн (камалий хаажат) ашыкчасын гана алууга буйруду, ушуга чектеп койду. Бул шаръий өкүмдөрдү жолго коюуда коомду коргоо максат кылынды жана анда жеке адам кызыкчылыгы эсепке алынды. О.э. шарият шахска үй курууну же көчөт отургузуп, бак-дарак кылууну мубах кылганда, адамдар өтүүчү жолду тосуп койбоого буйруганын, жолго тоскоолдук кыла турган же жалпы элдин мүлкүнө кол сала турган көрүнүштө имарат куруудан, дарак отургузуудан же эгин эгүүдөн тыйганын көрөбүз. Шарият шахска өзү ээ болгон нерсесин ислам диярынан тышкарыда сатууга уруксат берди, ошол эле убакта, аны мусулмандарга каршы душманды күчөтө турган ар бир нерсени жана курал-жаракты сатуудан тыйды. Демек, булар шахс кызыкчылыгы көздөлгөн жана коом кызыкчылыгы да эсепке алынган шаръий өкүмдөр.

Ушуга ылайык, жеке адамдар ортосундагы алакаларды тартипке сала турган шаръий өкүмдөр, мейли шахсий алакаларга тиешелүү болсо да, бирок, инсан жана жамаат үчүн о.э. коом үчүн шаръий өкүм экендиги сыпатынан т.а. ушул жамаат мүчөлөрү ортосундагы алакаларга тиешелүү өкүмдөр болуу сыпатынан ажырабайт. Ушуга ылайык, жеке адамдардын алакаларына тиешелүү шаръий өкүмдөрдүн үлгүлөрү бүткүл адамзат перзенттерине тийиштүү болгон умумий шаръий өкүмдөр болуп саналат. Мейли, жеке адамдардын алакаларын муалажа кылса да жана ушул алакаларды орното турган белгилүү бир жеке адамдарга дал келсе да, бирок, баары бир алар умумий өкүмдөр болуп эсептелет. Мисалга байъды алсак. Ал Исламий мамлекет байрагы астында ислам өкүмдөрүн колдоно турган жеке адамдар ортосундагы алакаларды тартипке салууга тиешелүү шаръий өкүмдөр. Бул өкүмдөрдү аткара тургандар ушул жеке адамдардын өздөрү. Бирок, бул өкүмдөр адам перзенти болгон бардык жеке адамдарга дал келет. Мухаммад жана Холид соода-сатык менен алектенген соң, демек, байъга тиешелүү өкүмдөрдү аткаруу хытабы ушул экөөсүнө тиешелүү болот. Байъ менен алектене тургандар экөө болгону үчүн, хытаб аларга каратылган болот. Байъ менен алектенбей турган Хасан жана Солихтен бул өкүмдөрдү аткаруу талап кылынбайт. Демек, байъга тиешелүү шаръий өкүмдөрдү жеке адамдар колдонот. Бирок, коомдо жашаган адам

перзенттери деген этибарда колдонушат. Алар бул өкүмдөрдү проблема жүз берген убакта колдонушат жана аткарышат. Мусулман адам ислам өкүмдөрүн өзүнүн шахсий иштерине колдонушу керек. Ошондуктан, ишке ашырмакчы болгон ар бир маселе туурасындагы шаръий өкүмдү билиши фарзи айн. Ошол себептен улам, жеке адамдардын бири-бири менен боло турган алакаларына тиешелүү өкүмдөрдөн мисалдарды келтирүү пайдалуу болот. Себеби, мусулмандар аларды билип алышсын жана өздөрүнө керектүү нерсени билүү үчүн шарият китептерине кайрылышсын.

# Байъ

«Байъ» деп лугатта мутлак айырбаштоо айтылат. Ал «широъ»нун (сатып алуунун) тескериси. Байъ сөзү широъго карата колдонулгандай эле, широъ да байга карата колдонулат. Кайсы маани көздөлүп жатканын карийна белгилейт. Шариятта болсо байъ деп ээ кылуу жана ээ болуу максатында өз ара ыраазылык менен бир малды башка бир малга алмаштыруу айтылат. Байдын жайиздиги Китеп жана Сүннөттө көрсөтүлгөн. Аллах Таала айтат:

﴿ وَأَحَلَّ ٱللَّهُ ٱلْبَيْعَ ﴾

«***Аллах байъды адал кылды***» [2:275]

﴿ وَأَشْهِدُوٓاْ إِذَا تَبَايَعْتُمْ ﴾

«***Бири-бириңер менен байъ кылганда күбө келтиргиле!***» [2:282]

﴿ إِلَّآ أَن تَكُونَ تِجَٰرَةً عَن تَرَاضٍ مِّنكُمْ ﴾

«***Тескерисинче, өз ара ыраазылык менен болгон тижарат-соода аркылуу*** *(мал-дүйнө тапкыла)*» [4:29]

Набий ﷺ:

«الْبَيِّعَانِ بِالْخِيَارِ مَا لَمْ يَتفَرَّقَا»

**«Сатуучу жана алуучу, ырас айрылып кетишпесе, ыктыярлары өздөрүндө»**, - деген. Бухарий риваяты. Рифаъанын риваят кылышынча, ал Набий ﷺ менен намазканага чыкты. Пайгамбарыбыз ﷺ алды-сатты кылып жаткан адамдарды көрүп:

«يَا مَعْشَرَ التُّجَّارِ فَاسْتَجَابُوا لِرَسُولِ اللَّهِ ﷺ وَرَفَعُوا أَعْنَاقَهُمْ وَأَبْصَارَهُمْ إِلَيْهِ فَقَالَ: إِنَّ التُّجَّارَ يُبْعَثُونَ يَوْمَ الْقِيَامَةِ فُجَّارًا إِلاَّ مَنِ اتَّقَى اللَّهَ وَبَرَّ وَصَدَقَ»

**«Эй соодагерлер жамааты»**, - деди. Алар Расулуллах ﷺдын чакырыгына жооп катары баштарын көтөрүп, ал затка карашты. Пайгамбарыбыз ﷺ: **«Албетте, соодагерлер кыямат күнү фажирлер болуп кайра тирилишет. Болгону, Аллахтан таква кылган, жакшылык кылган жана чынчыл болгон киши гана мындан сырткары»**, - деди. Термизий риваяты.

Термизий Абу Саидден Набий ﷺдын мындай дегенин да риваят кылат:

«التَّاجِرُ الصَّدُوقُ الأَمِينُ مَعَ النَّبِيِّينَ وَالصِّدِّيقِينَ وَالشُّهَدَاءِ»

**«Чынчыл, аманаткөй соодагер набийлер, сыддыктар жана шейиттер менен бирге».** Байъда ийжаб жана кабыл болушу, экөөнүн ар бирине далалат кыла турган лафз менен же дудуктун ишарасы сыяктуу лафз даражасында турган нерсе менен болушу шарт. Жазуу да лафздан болуп эсептелет. Ал эми, кардардын товарды сатып алып акчасын төлөшүнө келсек, мисалы нан, гезит, почта маркалары жана ушул нерселер сыяктуу амалий байъга келсек, мында каралат. Эгер базарда товардын баасы белгилүү болсо, соодалашуу болбосо, мындай абалда бул иш ийжаб жана кабылга далалат кылып, байъ деп этибар кылынат. Факихтер муну «байъул муатот» (алды-берди соодасы) деп аташат. Ал эми, эгерде базарда товардын баасы анык белгиленбеген болсо жана соодалашуу керек болсо, андай абалда «байъул муатот» дурус болбойт. Себеби, бул иш ийжаб жана кабылга далалат кылбайт. Ошондуктан, чатак жүз бериши мүмкүн. Бул болсо, мамилелер негизине тескери. Себеби, мамилелер чатакка жол койбой турган көрүнүштө болушу керек. Ошондуктан, мындай абалда «байъул муатот» анда ийжаб жана кабылды көрсөтө турган нерсе жок болгону үчүн байъ болуп  эсептелбейт. Ушундан белгилүү болгондой, ийжаб жана кабыл байъдын дурус болушунда шарт болгондуктан, демек, ийжаб жана кабыл экөөсүнө далалат кыла турган лафз менен, же ишара менен же ийжаб жана катъий далалат кыла турган иш менен пайда болушу, чатак болбошу шарт.

Байъ – кайл (идиште өлчөнө турган нерсе), вазн (таразада тартыла турган нерсе) жана эсептеле турган нерселерден башкасында – акд (соода келишими) түзүлүп болору менен аяктайт. Мында байъ аягына чыгышы үчүн колго киргизүү шарт кылынбайт. Эгер сатылган нерсени колго алуудан мурун ага зыян жетсе, саткан адам эмес, сатып алган адам зомин (жооптуу) болот. Мисалы, короо-жай, айбан, автомашина жана ушул сыяктуу нерселердин соодасы сыяктуу. Булар кайл, вазн жана эсептөө менен соода кылына турган нерселер түркүмүнө кирбейт. Абу Давуд риваят кылган хадисте Расулуллах ﷺ:

«الْخَرَاجُ بِالضَّمَانِ»

«**Хорож** (келген пайда) **зоминдик себептүү**», - дегени үчүн бул абалда сатып алган адам зомин болот. Бул соодадагы пайда сатып алган адамдыкы болгону үчүн, зоминдик да анын мойнуна түшөт. Мисалы, бир киши айбан сатып алды. Сатып алган адам аны колго ала элегинде ошол айбан төлдөдү. Мында айбандын баласы саткан кишиники эмес, сатып алган кишиники болот. Ошондуктан, пайда аныкы болгону сыяктуу эле, зоминдик да анын мойнуна болот. Ибн Умардын айтышынча:

«أَنَّهُ كَانَ عَلَى بَكْرٍ لِعُمَرَ صَعْبٍ فَقَالَ لَهُ النَّبِيُّ ﷺ: بِعْنِيهِ فَقَالَ عُمَرُ: هُوَ لَكَ يَا رَسُولَ اللَّهِ فَاشْتَرَاهُ، ثُمَّ قَالَ: هُوَ لَكَ يَا عَبْدَ اللَّهِ بْنِ عُمَرَ فَاصْنَعْ بِهِ مَا شِئْتَ»

**«Ал Умардын бир азоо эркек төөсүн минип алган эле. Набий ﷺ ага: Аны мага сат, - деди. Умар: Ал сиздики, Я Расулуллах, - деди. Пайгамбарыбыз ﷺ аны сатып алып: Эй Абдулла ибн Умар, ал сеники, ал менен каалаган нерсеңди кыл, - деди»**. Бухарий риваяты. Мында мына ушул төө кайл, вазн жана эсеп менен өлчөнө турган нерселерден башка болгону үчүн, аны колго кармабастан туруп тасарруф кылуу жүз берди. Ал эми, эгерде кайл, вазн жана санак менен өлчөнө турган нерсенин үстүндө болсо, андай абалда сатылган нерсени колго киргизсе гана байъ аягына чыгат, болбосо аягына чыкпайт. Ошондуктан, сатып алган нерсени колго албастан туруп ага зыян жетсе, ал саткан адамдын малынан болуп кала берет. Мисалы, Набий ﷺ тамакты колго албастан туруп аны сатуудан кайтарып:

«مَنِ ابْتَاعَ طَعَامًا فَلاَ يَبِيعُهُ حَتَّى يَسْتَوْفِيَهُ»

**«Кимде-ким тамак сатып алса, аны толук алмайынча сатпайт»**, - деген. Бухарий риваяты. Муслим Ибн Умардан риваят кылды:

«كُنَّا نَشْتَرِي الطَّعَامَ مِنَ الرُّكْبَانِ جِزَافًا فَنَهَانَا رَسُولُ اللَّهِ ﷺ أَنْ نَبِيعَهُ حَتَّى نَنْقُلَهُ مِنْ مَكَانِهِ»

**«Биз улоо мингендердин алдын тосуп чыгып, тамакты өлчөбөстөн сатып ала берет элек. Расулуллах ﷺ аны ордунан алып келмейинче, аны сатуудан бизди кайтарды».**

Бул хадис сатылган нерсеге саткан адам зомин (кепилдөөчү) болушуна далалат кылууда. Эгер мындай абалда зоминдик сатып алган кишинин мойнунда болгондо, анда аны сатуу, тасарруф кылуу – кудум колго алгандан кийин болгону сыяктуу – албетте жайиз болуп калат эле. Пайгамбарыбыз ﷺ нерсени колго албастан туруп сатуудан кайтарган соң, демек, аны тасарруф кылуудан да кайтарган болот. Мунун мааниси «толук анын мүлкү болбоду, ошондуктан, сатып алган киши эмес, саткан киши зомин болот» дегени. Мейли, хадисте тамакты ушундай сатуудан кайтарылган болсо да, бирок, азык кайл же вазн менен, же эсептеп өлчөнүшү мүмкүн болгону үчүн, демек, кайл менен өлчөнө турган азыкты сатуудан да, вазн менен өлчөнө турган азыкты сатуудан да жана эсептеп өлчөнө турган азыкты сатуудан да нахий кылынды. Демек, кайл, вазн жана санак менен өлчөнө турган бардык нерсени колго өткөрбөй туруп сатуудан кайтарылды. Бул нерсе азык болобу же башкасыбы, мунун айырмасы жок. Себеби, кээ бир хадистерде кайл көрсөтүлгөн болсо, кээ бирлеринде товар көрсөтүлгөн, кээ бирлеринде болсо нерсе көрсөтүлгөн. Муслимдин риваят кылышынча, Набий ﷺ:

«مَنِ ابْتَاعَ طَعَامًا فَلاَ يَبِعْهُ حَتَّى يَكْتَالَهُ»

**«Ким азык сатып алса, тээ кайл менен өлчөгөнгө чейин аны сатпасын»**, - деген. Хаким ибн Хизамдан риваят кылынды:

«قُلْتُ: يَا رَسُولَ اللَّهِ، إِنِّي أَشْتَرِي بُيُوعًا فَمَا يَحِلُّ لِي مِنْهَا وَمَا يُحَرَّمُ عَلَيَّ؟ قَالَ: فَإِذَا اشْتَرَيْتَ بَيْعًا فَلاَ تَبِعْهُ حَتَّى تَقْبِضَهُ»

**«Мен: Я Расулуллах, мен товарларды сатып аламын, алардын кайсынысы мага адал жана кайсынысы арам? - дедим. Пайгамбарыбыз: Эгер нерсе сатып алсаң, аны колуңа киргизмейинче сатпа, - деди»**. Ахмад риваяты. Зайд ибн Собиттен мындай дегени риваят кылынды:

«أَنَّ النَّبِيَّ ﷺ نَهَى أَنْ تُبَاعَ السِّلَعُ حَيْثُ تُبْتَاعُ حَتَّى يَحُوزَهَا التُّجَّارُ إِلَى رِحَالِهِمْ»

**«Набий ﷺ соода малдарын, соодагерлер аларга ээ болуп, өз жайларына алып барышмайынча, сатып алынган жеринде сатуудан кайтарды»**. Абу Давуд риваяты. Ахмад Набий ﷺдын мындай дегенин риваят кылды:

«مَنِ اشْتَرَى طَعَاماً بِكَيْلٍ أَوْ وَزْنٍ فَلاَ يَبِعْهُ حَتَّى يَقْبِضَهُ»

**«Ким азыкты кайл же вазн менен сатып алса, аны колуна алмайынча сатпасын»**. Бул хадистердин бардыгы кайл, вазн жана санак менен өлчөнө турган нерселердин баарына далалат кылууда. Кайл, вазн менен жана эсептеп сатылбай турган нерселер Ибн Умар риваят кылган хадис менен мустасна кылынганы буга далил болот. Ошол хадисте Расулуллах ﷺ Умардан бир төөнү сатып алып, аны колго өткөрүп албастан туруп Абдулла ибн Умарга белекке бергени айтылды. Демек, анда колго өткөрүп алуу шарт кылынбады. Кайл, вазн менен тартып алына турган жана эсептеп алына турган нерселерде мунун тескериси болот. Себеби, аларда соода аягына чыгып толук болушу үчүн, сатып алган киши сатылган нерсени колго өткөрүп алышы шарт. Шариятта кобз (колго өткөрүп алуу) деп эсептөө нерселердин түрүнө карай ар түрдүү болот. Мисалы, эгерде нерсе кайл же вазн менен тартыла турган болсо, аны кобз кылуу кайл же вазн менен болот. Буга Бухарий риваят кылган төмөнкү хадис далил болот. Расулуллах ﷺ:

**«إِذَا بِعْتَ فَكِلْ، وَإِذَا ابْتَعْتَ فَاكْتَلْ»**

**«Эгер сатсаң кайл менен тартып бер, эгер сатып алсаң кайл менен тарттырып ал»**, - деген. Усмандан мындай дегени риваят кылынды: Мен яхудийлердин Бану Койнуко уруусунан курма сатып алып, пайдасына сатат элем. Бул кабар Расулуллах ﷺга жеткенде, Пайгамбарыбыз ﷺ:

«يَا عُثْمَانُ إِذَا اشْتَرَيْتَ فَاكْتَلْ، وَإِذَا بِعْتَ فَكِلْ»

**«Эй Усман, эгер сатып алсаң кайл менен өлчөп ал, эгер сатсаң кайл менен өлчөп бер»**, - деди. Ал эми сатылган нерсе дирхам жана динар болсо, аны кобз кылуу кол менен болот т.а. колуна алышы керек. Эгер кийим болсо, аны саткан адамдан өзүнө өткөрүп алышы кобз болуп эсептелет, айбан болсо, аны ордунан бастырып келүү кобз болуп эсептелет. Эгер үй-жай жана жер сыяктуу кыймылсыз мүлк болсо, аны кобз кылуу сатып алган кишиге аны эч тоскоолдуксуз бошотуп берүү менен болот. Себеби, кобз калимасы терминдик мазмунга ээ сөз. Ошондуктан, анын маанисин көрсөткөн бирер шаръий насс келбесе т.а. шаръий мааниси келбесе, бул калима коумда эмнеге далалат кылса ошонун вакиълиги этибарга алынат. Кобз кылып алуу бааны төлөөдөн мурун да, кийин да жайиз болот.

Себеби, сатылган нерсени сатып алган кишиге тапшыруу соода келишими талаптарынын бири. Келишимден кийин качан тапшырылса өз ордуна түшкөн болот. Нерсенин акчасын кобз кылуу да так ушундай. Демек, нерсе жана акчанын бирин кобз кылуу башкасына байланыштуу болбойт.

## Пенделерге арам кылынган нерсенин соодасы да арам

Бул жерде Аллах жегенди арам кылган нерселер бар. Мисалы, өлүмтүк сыяктуу. Ичүүнү арам кылган нерселер бар. Мисалы, хамр (мас кылуучу ичимдик) сыяктуу. Алууну арам кылган нерселер бар. Мисалы, бут-санамдар сыяктуу. Сатып алууну арам кылган нерселер бар. Мисалы, айкелдер сыяктуу. Кылууну арам кылган нерселер бар. Мисалы, сүрөттөр сыяктуу. Бул нерселердин арамдыгы жөнүндө аят жана хадистерден турган шаръий нусус келген. Аллах пенделерге эмнелерди арам кылган болсо, ошол нерселерди сатуу да – алардын акчасы арам болгону үчүн – арам. Жабирден анын Расулуллах ﷺдан мындай дегенин укканы риваят кылынган:

«إِنَّ اللَّهَ وَرَسُولَهُ حَرَّمَ بَيْعَ الْخَمْرِ وَالْمَيْتَةِ وَالْخِنْزِيرِ وَالأَصْنَامِ. فَقِيلَ: يَا رَسُولَ اللَّهِ أَرَأَيْتَ شُحُومَ الْمَيْتَةِ فَإِنَّهُ يُطْلَى بِهَا السُّفُنُ, وَيُدْهَنُ بِهَا الْجُلُودُ، وَيَسْتَصْبِحُ بِهَا النَّاسُ؟ فَقَالَ: لا، هُوَ حَرَامٌ. ثُمَّ قَالَ رَسُولُ اللَّهِ ﷺ عِنْدَ ذَلِكَ: قَاتَلَ اللَّهُ الْيَهُودَ، إِنَّ اللَّهَ لَمَّا حَرَّمَ شُحُومَهَا جَمَلُوهُ ثُمَّ بَاعُوهُ فَأَكَلُوا ثَمَنَهُ»

**«Албетте, Аллах жана Расулу хамрды, өлүмтүктү, доңузду жана бут-санамдарды сатууну арам кылды. Ошондо: Я Расулуллах, өлүмтүк майлары жөнүндө эмне дейсиз, ал кемелерге иштетилет, аны менен терилер майланат, адамдар аны менен чырак жагышат? - деп суралды. Пайгамбарыбыз: Жок** (андай кылышпасын), **ал арам, - деди. Андан кийин Расулуллах ﷺ: Аллах яхудийлерди наалаттасын, Аллах өлүмтүк майларын арам кылса, алар аны эритип сатып акчасын жешти, - деди».** Бухарий риваяты. Ибн Аббастан Набий ﷺдын мындай дегени риваят кылынды:

«قَاتَلَ اللَّهُ الْيَهُودَ ثَلاثًا، إِنَّ اللَّهَ حَرَّمَ عَلَيْهِمُ الشُّحُومَ فَبَاعُوهَا وَأَكَلُوا أَثْمَانَهَا، وَإِنَّ اللَّهَ إِذَا حَرَّمَ عَلَى قَوْمٍ أَكْلَ شَيْءٍ حَرَّمَ عَلَيْهِمْ ثَمَنَهُ»

**«Аллах яхудийлерди өлтүрсүн.** (Пайгамбарыбыз муну үч жолу кайталады) **Аллах аларга майларды арам кылган эле, алар аны сатып акчасын жешти. Аллах бир коумго бирер нерсени жегенди арам кылса, аларга анын акчасын да арам**

**кылат»**. Бухарий риваяты. Арам кылынгандык жөнүндөгү бул шаръий насс иллеттенбей келүүдө жана өлүмтүктү иллеттей турган башка бирер шаръий насс да жок. Ошондуктан, өлүмтүк иллеттенбей мутлак бойдон калат. Эгерде өлүмтүктө мубах болгон кызыкчылык болгондо, андан пайдалануу жайиз болор эле деген тыянакка келүү үчүн «өлүмтүктү арам кылуудагы иллет мубах болгон кызыкчылыктын жоктугу» деп айтылбайт. Себеби, насста иллеттенбегендик даана көрүнүп турат жана андан ал иллеттеп келип жатат деген маани түшүнүлүү ыктымалы да жок. Ошондуктан, пенделерге арам кылынган нерсени сатуу да арам болду. Анда мубах болгон кызыкчылык бар болобу же жокпу, мунун айырмасы жок. Ушуга негизделип, бут-санамдарды, кресттерди сатуу, инсан жана айбан сыяктуу жандуу заттын айкелдерин сатуу, кол менен тартылган инсан жана айбан сыяктуу жандуу нерселердин сүрөттөрүн сатуу арам кылынды.

# Өзүңдө болбогон нерсени сатуу жайиз эмес

Товарга толук ээ болбой туруп аны сатуу жайиз болбойт. Мына ушундай абалда сатса, байъ батыл болот. Бул төмөнкү эки абалга туура келет:

Товарды ага ээ болбой туруп сатуу.

Товарды сатып алгандан кийин, бирок, ал колуна карматылбай, ага толук ээ болбой туруп сатуу.

Ага толук ээ болушу үчүн кобз кылышы шарт. Себеби, соода келишими ээ болуу негизинде жүзөгө чыгат. Ырас, товарга ээ болбогон соң, же аны сатып алган болуп, бирок, аны өз колуна өткөрүп албаган соң, демек, ага толук ээ боло элек болуп, мында соода келишими жүзөгө чыкпаган болот. Себеби, мында шаръан келишим жүзөгө чыга турган махал (т.а. соода малы) жок. Расулуллах ﷺ сатуучу ээ болбогон нерсени сатуудан кайтарды. Ахмад Хаким ибн Хизамдан мындай дегенин риваят кылды, Мен: «Я Расулуллах, алдыма бир киши менден өзүмдө жок нерсени сатууну сурап келип жатат, ага сата турган нерсе менде жок. Ага кийинчерээк базардан алып сатамын», - дедим. Пайгамбарыбыз ﷺ:

«لاَ تَبِعْ مَا لَيْسَ عِنْدَكَ»

**«Өзүңдө жок нерсени сатпа»**, - деди. Амр ибн Шуайб атасынан, ал чоң атасынан риваят кылат: Расулуллах ﷺ:

«لاَ يَحِلُّ سَلَفٌ وَبَيْعٌ، وَلاَ شَرْطَانِ فِى بَيْعٍ، وَلاَ رِبْحُ مَا لَمْ تَضْمَنْ، وَلاَ بَيْعُ مَا لَيْسَ عِنْدَكَ»

**«Салаф жана байъ, байъда эки шарт, зомин болбогон нерсенин пайдасын жана өзүңдө жок нерсени сатуу адал болбойт»**, - деген. Абу Давуд риваяты. Расулуллах ﷺдын **«өзүңдө жок нерсени...»** деген сөздөрү умумий болуп, мүлкүңдө болбогон нерсе, тапшыруу кудуретиңде болбогон нерсе жана толук сенин мүлкүң болбогон нерсенин бардыгы анын астына кирет. Муну кобз кылбаган нерсени сатуудан кайтаруу жөнүндө варид болгон хадистер кубаттайт. Бул хадистер толук өз мүлкү кылып алуу үчүн кобз кылуу шарт болгон нерселерди сатуудан кайтарды. Демек, бул хадистер далалат кылгандай, киши бирер нерсени толук сатып алган деп эсептелиши үчүн ошол нерсени кобз кылышы шарт болсо, тээ

аны кобз кылмайынча, аны сатышы жайиз болбойт. Мындай нерсени сатуу ээ болбогон нерсени сатуу өкүмүндө болуп калат. Буга Набий ﷺдын төмөнкү сөздөрү далил болот:

«مَنِ ابْتَاعَ طَعَامًا فَلاَ يَبِعْهُ حَتَّى يَسْتَوْفِيَهُ»

**«Ким азык сатып алса, аны толук алмайынча сатпасын».** Бухарий риваяты. Абу Давуд риваят кылган төмөнкү хадис да:

«أَنَّ النَّبِيَّ ﷺ نَهَى عَنْ أَنْ تُبَاعَ السِّلَعُ حَيْثُ تُبْتَاعُ حَتَّى يَحُوزَهَا التُّجَّارُ إِلَى رِحَالِهِمْ»

**«Набий ﷺ соода малдарын – соодагерлер аларга ээ болуп, өз орундарына алып барышмайынча – сатып алынган жеринде сатуудан кайтарды».** Ибн Мажанын төмөнкү хадиси да:

«أَنَّ النَّبِيَّ ﷺ نَهَى عَنْ شِرَاءِ الصَّدَقَاتِ حَتَّى تُقْبَضَ»

**«Набий ﷺ тээ кобз кылмайынча, садакаттарды сатуудан кайтарды».** Ибн Аббас риваят кылган хадис да далил болот: Расулуллах ﷺ Аттаб ибн Усайдга мындай деди:

«إِنِّي قَدْ بَعَثْتُكَ إِلَى أَهْلِ اللَّهِ، وَأَهْلِ مَكَّةَ، فَانْهَهُمْ عَنْ بَيْعِ مَا لَمْ يَقْبِضُوا»

**«Мен сени Аллах ахлине, Мекке калкына жибердим, аларды өздөрү кобз кыла элек нерсени сатуудан кайтар».** Бул хадистерде кобз кылып алынбаган нерсени сатуудан кайтарылганы ачык көрүнүп турат. Себеби, кобз кылбаса, мындай мал сатуучунун толук мүлкү болбойт. Малды кобз кылуу шарт болгон соң, кардар аны кобз кылмайынча, мал анын толук мүлкү болбойт жана мындай мал аны сатуучу адамдын зоминдигинде (жоопкерчилигинде) болот.

Ушундан белгилүү болгондой, соода туура болушу үчүн, соода малына сатуучунун толук ээ болушу шарт. Эгер ээ болбосо, же ээ болсо да толук ээ болбосо, аны сатышы таптакыр жайиз болбойт. Буга соода толук аягына чыгышы үчүн кобз кылуу шарт болгон нерселер т.а. кайл, вазн менен өлчөнө турган жана эсептеп алына турган нерселер кирет. Мындай нерселерге ээ болсоң да, бирок, аны кобз кылбаган болсоң, аны сатышың таптакыр жайиз эмес. Ал эми толук ээ болуу үчүн кобз кылуу шарт болбогон нерселерге т.а. кайл, вазн менен өлчөнбөй турган жана эсептеп алынбай турган нерселерге келсек, мисалы, айбан, үй-жай, жер жана ушул

сыяктуулар, мындай нерсени кобз кылуудан мурун сатуу жайиз. Себеби, мындай нерселерде ийжаб жана кабыл болуп, соода келишими жүзөгө чыгышы менен эле, соода толук аяктаган болот. Мында кобз кылуу же кылбоонун айырмасы жок. Демек, мында толук ээ болгон нерсени саткан болот. Демек, мында сатпоо маселеси кобз кылуу же кылбоого эмес, балким, сатылган нерсеге ээ болууга жана ага толук ээ болууга тиешелүү. Кобз кылбаган нерсени т.а. кайл, вазн жана санак менен өлчөнбөй турган нерсени сатуу жайиздиги сахих хадис менен сабит болгон. Бухарий Ибн Умардан риваят кылышынча:

«أَنَّهُ كَانَ عَلَى بَكْرٍ لِعُمَرَ صَعْبٍ فَقَالَ لَهُ النَّبِيُّ ﷺ: بِعْنِيهِ فَقَالَ عُمَرُ: هُوَ لَكَ يَا رَسُولَ اللَّهِ فَاشْتَرَاهُ، ثُمَّ قَالَ: هُوَ لَكَ يَا عَبْدَ اللَّهِ بْنِ عُمَرَ فَاصْنَعْ بِهِ مَا شِئْتَ»

**«Ал Умардын бир азоо эркек төөсүн минип алган эле. Набий ﷺ ага: Аны мага сат, - деди. Умар: Ал сиздики, Я Расулуллах, - деди. Пайгамбарыбыз ﷺ аны сатып алып: Эй Абдулла ибн Умар, ал сеники, аны менен каалаган нерсеңди кыл, - деди».** Мындай соода кылып, малды колго албай туруп аны тартуу кылып жиберүү – бул соода малына аны колго албастан туруп толук ээ болгондукка о.э. аны сатуу жайиздигине далалат кылууда. Себеби, мында ал сатуучунун толук мүлкү болгон болот. Ушуга ылайык, сатуучу ээ болгон жана толук өз мүлкү болгон нерсени сатышы жайиз. Ээ болбогон же толук өз мүлкү болбогон нерсени сатышы жайиз болбойт. Ушуга ылайык, кичине соодагерлердин кардар менен бир товар үстүндө соодалашып, ал менен бааны келишип, аны ага сатышы, андан кийин ушул товарды ошол кардарга сатып алып берүү үчүн башка бир соодагерге барып аны алып келиши жана кардарга тапшырышы жайиз болбойт. Себеби, бул өзү ээ болбогон нерсени сатуу болот. Мисалы, соодагерден бир мал суралса, бул мал анда болбосо жана ага ээ болбосо, бирок, ал бул малдын базарда башкасында бар экендигин билсе, жалган айтып кардарга бул мал бар десе жана сатса, андан кийин сатып алуу үчүн барса, бул арам болот. Себеби, мында өзү ээ болбогон товарды саткан болот. Мөмө-жемиш жана дан-азык базарындагы дүкөн ээлеринин бул мөмө-жемиш жана дан азыктарга толук ээ болбой туруп аларды сатышы да дал ушундай арам. Мисалы, кээ бир соодагерлер дыйкандан

жашылча же данды сатып алышат жана кобз кылбай туруп аны сатышат. Бул жайиз эмес. Себеби, мындай мал азык түркүмүнөн болуп, ага аны кобз кылуу менен гана толук ээ болот. Башка өлкөлөрдөн товар алып келүүчүлөр кылып жаткан иш да кудум ушундай. Себеби, алардын кээ бирлери товарларды сатып алат жана бул товарларды өлкөгө алып келип тапшырууну шарт кылат. Андан кийин жетип келбей туруп т.а. аларга толук ээ болбой туруп аларды сатып жиберет. Бул болсо, арам байъ эсептелет. Себеби, бул толук ээ боло элек нерсени сатуу болот.

# Салам соодасы

Өзү ээ боло элек жана толук ээ болбогон нерсени сатуу арам. Бул тууралуу бир катар хадистер келген. Бул хадистер умумий мазмунда келген болуп, ээ болбогон жана толук ээ болбогон бардык нерсенин соодасын өз ичине алат. Пайгамбарыбыз ﷺ:

«لاَ تَبِعْ مَا لَيْسَ عِنْدَكَ»

**«Өзүңдө жок нерсени сатпа»**, - деген. Ахмад риваяты. Аттаб ибн Усайдга:

«اِنْهَهُمْ عَنْ بَيْعِ مَا لَمْ يَقْبِضُوهُ»

**«... аларды өздөрү кобз кыла элек нерсени сатуудан кайтар»**, - деген. Бирок, бул умумий далилдер салам соодасына тийиштүү эмес, андан башкасына хос. Анткени, салам соодасын шарият нахийден мустасна кылды жана ага уруксат берди. Набий ﷺ:

«مَنْ أَسْلَفَ فِي شَيْءٍ فَفِي كَيْلٍ مَعْلُومٍ وَوَزْنٍ مَعْلُومٍ إِلَى أَجَلٍ مَعْلُومٍ»

**«Ким бир нерсени салаф соода кылса, маалым бир өлчөө, маалым бир вазн менен маалым бир мөөнөткө кылсын»**, - деген. Бухарий риваяты. Салам жана салаф сөздөрүнүн мааниси бир. Салам – белгилүү бир мөөнөткө чейин васф кылынган зиммадагы иъваз (моюндагы мал) кыйматын алдын ала накталай берүү. Аны «салаф» деп да айтышат. Мындай соода «белгилүү бир мөөнөттөн кийин кобз кылып ала турган товардын акчасын алдын ала берүү» деген маанини билдирет. Салам байъдын бир түрү болуп, байъ келишими эмне менен түзүлсө, салам да ошол нерсе менен түзүлөт. Аны салам деп да, салаф деп да айтышат. Анда да байъда этибарга алына турган шарттар этибарга алынат.

Адамдар салам жана салаф мамилесин жүргүзүшкөн. Себеби, алар ушуга муктаждык сезишкен. Айрыкча, дыйкандар жана соодагерлер ушуга муктаждык сезишкен. Мисалы, эгин жана мөмө жетиштире турган кишилер өздөрүнүн жана эгин-тегиндин каражаттары үчүн, эмгектенүү үчүн каражатка муктаж болушкан. Кээде зарыл каражатты таба албай, түшүмдөрүн өнүп чыга элегинде накталай акчага сата турган болушкан, бул акчаны келишим межлисинин өзүндө алышкан.

Кардарга товарды белгиленген мөөнөт келген убакта тапшыруу шарты менен ушундай кылышкан. Соодагерлер болсо кээде өздөрүндө болбогон малды өздөрү дайындаган белгилүү бир мөөнөткө сатып, акчаны келишим межлисинин өзүндө ала турган болушту. Ошол мөөнөт келгенде малды кардарга тапшыруулары шарты менен ушундай кыла турган болушту.

Саламдын жайиздиги сүннөт менен сабит. Ибн Аббастан мындай дегени риваят кылынат:

«قَدِمَ النَّبِيُّ ﷺ الْمَدِينَةَ وَهُمْ يُسْلِفُونَ فِي الثِّمَارِ السَّنَةَ وَالسَّنَتَيْنِ فَقَالَ: مَنْ أَسْلَفَ فِي تَمْرٍ فَلْيُسْلِفْ فِي كَيْلٍ مَعْلُومٍ وَوَزْنٍ مَعْلُومٍ إِلَى أَجَلٍ مَعْلُومٍ»

**«Набий ﷺ Мединага келгенде, алар мөмөнү бир жыл, эки жылга «салаф» соода кылышат эле. Пайгамбарыбыз: Ким курманы салаф соода кылса белгилүү бир өлчөө, белгилүү бир вазн менен белгилүү бир мөөнөткө салаф кылсын, - деди».** Муслим риваяты. Абдуррахман ибн Абза жана Абдулла ибн Абу Авфадан мындай дегендери риваят кылынган:

«كُنَّا نُصِيبُ الْمَغَانِمَ مَعَ رَسُولِ اللَّهِ ﷺ فَكَانَ يَأْتِينَا أَنْبَاطٌ مِنْ أَنْبَاطِ الشَّأْمِ فَنُسْلِفُهُمْ فِى الْحِنْطَةِ وَالشَّعِيرِ وَالزَّبِيبِ إِلَى أَجَلٍ مُسَمًّى، قَالَ: قُلْتُ أَكَانَ لَهُمْ زَرْعٌ أَوْ لَمْ يَكُنْ لَهُمْ زَرْعٌ؟ قَالاَ: مَا كُنَّا نَسْأَلُهُمْ عَنْ ذَلِكَ»

**«Биз Расулуллах ﷺ менен бирге олжолорду колго түшүрөт элек. Алдыбызга Шам набатийлери** (ажамга аралашып кеткен арабдар) **келип турушат эле, биз алар менен буудай, арпа жана мейизде белгилүү бир мөөнөткө салаф соодасын жүргүзөт элек. Мен: Алардын эгиндери бар беле же жок беле? - деп сурадым. Алар: Бул жөнүндө алардан сурабайт элек, - деп жооп беришти».** Бухарий риваяты. Башка риваятта мындай деп келген:

«إِنَّا كُنَّا نُسْلِفُ عَلَى عَهْدِ رَسُولِ اللَّهِ ﷺ وَأَبِى بَكْرٍ وَعُمَرَ فِى الْحِنْطَةِ وَالشَّعِيرِ وَالتَّمْرِ وَالزَّبِيبِ إِلَى قَوْمٍ مَا هُوَ عِنْدَهُمْ»

**«Биз Расулуллах ﷺ, Абу Бакр жана Умар заманында бир коум менен буудай, арпа, курма жана мейизде салаф соодасын кылат элек. Аларда бул нерселер жок эле».** Абу Давуд риваяты. Бул хадистердин бардыгы саламдын жайиз экендигине ачык далил болот. Эми кайсы нерселерде салам

жайиз жана кайсыларында жайиз эместигине келсек, бул нерсе хадисте жана ижмада ачык көрүнүп турат. Муну мындай түшүнөбүз: Салам – ээ болбогон нерсенин соодасы жана толук ээ болбогон нерсенин соодасы. Бул эки соодага тыюу салынган. Салам мындан насс менен мустасна кылынды жана тыюу андан башка соодага хос болду. Ошондуктан, салам дурус боло турган нерсе насста көрсөтүлгөн болушу керек. Насска кайрыла турган болсок, салам кайл жана вазн менен өлчөнө турган о.э. эсептеп алына турган бардык нерседе жайиз экендигин көрөбүз. Кайл жана вазн менен өлчөнө турган нерседе саламдын жайиздиги Ибн Аббас риваят кылган хадис менен сабит болгон. Расулуллах ﷺ:

«مَنْ أَسْلَفَ فِي تَمْرٍ فَلْيُسْلِفْ فِي ثَمَنٍ مَعْلُومٍ وَوَزْنٍ مَعْلُومٍ إِلَى أَجَلٍ مَعْلُومٍ»

**«Ким курмада салаф кылса, маалым бир баада жана маалым бир вазнда маалым бир мөөнөткө кылсын»**, - деген. Ибн Аббастын башка риваятында мындай деп келген: Расулуллах ﷺ:

«مَنْ أَسْلَفَ فِي شَيْءٍ فَفِي كَيْلٍ مَعْلُومٍ وَوَزْنٍ مَعْلُومٍ إِلَى أَجَلٍ مَعْلُومٍ»

**«Ким бир нерсени салаф соода кылса, маалым бир өлчөө, маалым бир вазн менен маалым бир мөөнөткө кылсын»**, - деди. Бухарий риваяты. Бул болсо, салам кылына турган мал кайл жана вазн менен өлчөнө турган нерселерден болушуна далил болот. Эми саламдын эсептеле турган бардык нерседе жайиз экендигине келсек, мисалы азыкта салам жайиздигине ижма кылынган. Бул ижманы Ибн Мунзир накл кылган. Бухарий риваят кылып айтат: Бизге Шуъба хадис риваят кылды: Мага Мухаммад же Абдулла ибн Абу Мужалид кабар берди: **«Абдулла ибн Шаддад ибн Хад жана Абу Бурда салам жөнүндө ихтилаф кылып, тартышып калып, мени Ибн Абу Авфа** ﵁**нун алдына жиберишти. Мен андан бул жөнүндө сураган элем, ал: Биз Расулуллах ﷺ, Абу Бакр жана Умар заманында буудай, арпа, мейиз, курмада салаф кылат элек, - деди»**. Бул хадис азыкта салам жайиз экендигине далалат кылып жатат. Азык кайл менен, же вазн менен, же санак менен өлчөп алынат. Азык кобз кылып алуу шарт кылынган нерселер түркүмүнөн болгону үчүн кобз кылуу ага тиешелүү болгону сыяктуу жана эгер азык кайл, же вазнда, же санакта ашыкча кылып алына турган болсо риба болуп

калганы үчүн риба ушул ашыкча кылып алууга тиешелүү болгону сыяктуу, бул өкүм т.а. саламдын жайиздиги да азык өлчөнө турган кайл, вазн же санактын бардыгына тиешелүү. Азык кайл, вазн же санак менен өлчөнгөнү үчүн да салам ага тиешелүү болду. Хадисте саламдын кайл жана вазн менен өлчөнө турган нерседе жайиз экендиги айтылып, санак менен өлчөнө турган нерседе жайиздиги айтылбаган болсо да, азыкта саламдын жайиздигине ижма кылынганы эсептеп алына турган нерсени да салам кылуу жайиз боло турган нерселер түркүмүнө кирүүчү кылып коёт.

Бирок, салам кылына турган нерселердин сыпаты анык белгилүү болушу керек. Мисалы Иран буудайы, Бруней курмасы, Мисир пахтасы, Индия жибеги, Түркия анжири сыяктуу. Кайл же вазн да анык васф кылынып, белгилүү болушу керек. Мисалы, Шам соъсу, Ирак ратлы, килограмм, литр сыяктуу.

Салам кылына турган нерсенин жынысы, кайл жана вазн менен өлчөнө турган нерсенин жынысы да белгилүү болушу о.э. бул соода белгилүү бир мөөнөткө болушу керек. Саламдын дароо болушу дурус эмес. Тескерисинче, Набий ﷺдын:

«مَنْ أَسْلَفَ فِي شَيْءٍ فَفِي كَيْلٍ مَعْلُومٍ وَوَزْنٍ مَعْلُومٍ إِلَى أَجَلٍ مَعْلُومٍ»

**«Ким бир нерсени салаф соода кылса, маалым бир өлчөө, маалым бир вазн менен маалым бир мөөнөткө салаф кылсын»**, - деген сөздөрүнө ылайык, мөөнөт шарт кылынышы керек. Бул хадис – мөөнөт саламдын сахих болушундагы бир шарт – экендигине далалат кылды. Ошондуктан, салам дароо боло турган болсо, ал салаф же салам деп айтылбайт. Себеби, аны салам же салаф кыла турган нерсе эки иъваздын бирин дароо берүү, экинчи иъвазды кийинчерээк берүү. Набий ﷺдын: **«...маалым бир мөөнөткө»**, - деген сөздөрүнө ылайык, мөөнөт белгилүү болушу керек. Мөөнөттү жаңжал чыкпай тургандай кылып дайындап коюу керек. Мисалы, бир айга же бир жылга же балан мөөнөткө деп. Мөөнөттү көп айырма болбой турган кылып белгилесе да болот. Мисалы, курман айтка же рамазанга деп. Салам насронийлердин пасха майрамы жана орозосуна деп белгиленген болсо да боло берет. Себеби, ал белгилүү бир мөөнөт болуп, көп айырмасы болбойт. Аз гана айырма болсо боло берет. Себеби, малды кийин берүү үчүн ар

бир мөөнөт боло берет. Жакын мөөнөт менен алыс мөөнөттүн ортосунда айырма болбойт. Бирок, дагы бир айта кетчү нерсе, мөөнөт деген сөздүн далалат кыла турган мазмуну бар болуп, элдин арасында ал кандай мазмунга далалат кылса ошого амал кылынат. Мисалы, эл бир саатты соода белгилүү бир мөөнөткө болду деп эсептебестиги, балким, дароо кылынган соода болду деп эсептеши мүмкүн. Же бир саатты мөөнөт деп эсептеши да мүмкүн. Мында бир саат да бир жыл сыяктуу мөөнөт болуп эсептелет.

О.э. Набий ﷺдын: **«Маалым бир баада салаф кылсын»**, - деген сөзүнө ылайык, баа да белгилүү болушу зарыл. Акчаны келишим межлисинин өзүндө дароо колго карматуу керек. Эгер андай кылбаса, жайиз болбойт. Ошондуктан, баанын бардыгы колго карматылбай туруп келишим түзүүчү эки тарап таркап кетсе, келишим бүтүндөй бекер болот. Себеби, «салаф кылуу» сөзү Расулуллах ﷺ бизге хытаб кылган араб тилинде «кийинчерээк ала турган бирер товардын иъвазына акчаны алдын ала берүү» деген маанини билдирет. Демек, кимде-ким алдын ала бербесе, эч нерсени салаф соода кылган болбойт. Тескерисинче, ал болгону салаф соода кылууну убада кылган болот. Ошондуктан, эгер акчанын баарын бербей, азыраагын же көбүрөөгүн берсе, салам акчанын ошол колго карматылган бөлүгүндө сахих болот, колго карматылбаган бөлүгүндө батыл болот. Демек, кардар акчаны сатуучунун колуна карматышы – салам дурус болушунун бир шарты. Эми сатыла турган малдын соода учурунда бар болушу шарт эмес. Себеби, салам келишими учурунда мал бар болсо да, болбосо да салам жайиз болот. Нерсеси бар кишиге да, жок кишиге да жайиз боло берет. Себеби, Набий ﷺ Мединага келген убакта адамдар мөмөлөрүн бир жыл, эки жылга салам соода кылышат эле. Белгилүү болгондой, мөмө бул мөөнөттө калбайт. Расулуллах ﷺ аларды бир жыл, эки жылга салам кылуудан кайтарбады, тескерисинче, муну макулдады. Ушуга негизделип, мөөнөт деп эсептеле турган белгилүү бир мөөнөттөн кийин кабыл кылып алына турган товардын акчасын берип коюу жайиз. Бул товар бар болобу же жокпу, мунун айырмасы жок. Бирок, баада гобн фахиш (алдоо) болбошу шарт. Тескерисинче, баа товарды алуу учурунда эмес, соода келишими маалында – кудум мөөнөт белгилеп коюлганы сыяктуу – базардагы баага карап болушу

керек. Себеби, салам да байъ. Гобн фахиш болсо байъдын бардыгында, ошону менен бирге, салам байъында да арам. Дароо колго карматыла турган товарды кийин бериле турган баада гобн фахиш менен сатуу арам болгондой эле, колго кийинчерээк карматыла турган товарды дароо колго бериле турган баада гобн фахиш менен сатуу да жайиз болбойт. Демек, саламда да алдоо арам. Саламда алдоо жүз бере турган болсо, анын өкүмү байъдагы алдоо өкүмү сыяктуу болот. Алданган адам ыктыярдуу. Каалаcа сооданы бузат, каалаcа алып кете берет. Товардын чыныгы баасы менен сатылган баанын ортосундагы айырманы алууга анын акысы жок. Бирок, бул ыктыяр эки шарт менен сабит болот. Биринчиси, келишим учурунда бааны билбей калгандыгы. Экинчиси, өтө ашыкчалык же өтө кемдик. Гобн фахиш болгону же болбогонун соодагерлер белгилейт. Алар алдоо болгон деп эсептешсе, гобн болот, эгерде андай деп эсептешпесе, гобн болбойт.

## Бутагында турган мөмөлөрдү сатуу

Адамдар бара-бара үйрөнгөн мамилелердин бири – дарактагы мөмөлөрдү сатуу. Мисалы, дарактагы цитрус, зайтунду, сабындагы бадыраң, жүзүмдү жана башка ушул сыяктууларды сатуу сыяктуу. Кээ бир адамдар дарактагы зайтундун мөмөсүн эки жылга, же үч же андан көбүрөөк жылга чейин болжолдоп сатууну мойнуна алат да, аны эгип, зор этибар менен аны ар жылы асырайт жана мөмөсүн жейт. Бул бир жылдан көбүрөөктү болжолдоп сатуунун себептеринин бири мындай, мисалы, зайтун ар жылы жакшы мөмө бербейт. Тескерисинче, көбүнчө бир жыл жакшы түшүм берсе, башка жылы азыраак түшүм берет, бир жыл бутактары өркүндөсө, башка жылы түшүмү көбөйөт. Жакшы түшүм бериши үчүн аны зор этибар менен кароо керек. Ошондуктан, анын түшүмүн дарагында сата турган адам аны бир нече жылды болжолдоп алат. Себеби, жакшы жана көп түшүм бериши үчүн жетиштүү эмгектенип, аны этибар менен асыроого убакыт керек. Зайтунду кандай асыроо керек болсо, лимон жана ага окшогон дарактарды да ошондой асыроо керек болот. Кээ бир адамдар болсо зайтун, лимон, жүзүмдүн бир жылда боло турган түшүмүн дарагында сата турган болот. Канча сатышы дарактагы түшүмдүн көлөмүнө карай болот. Бул түшүм аз же көп, жакшы же жаман болобу, мунун айырмасы жок. Бутагында турган мөмөнү сатуу башка, ал эми дарактын эки же үч, же көбүрөөк жылда боло турган мөмөсүн сатуу башка. Дарактын эки же көбүрөөк жылда боло турган мөмөсүн сатууну мойнуна алуу жок мөмөнү сатуу болуп эсептелет. Себеби, мөмө боло элек. Жок нерсени сатуу болсо жайиз эмес. Ал горор соодасы түркүмүнө кирип калат. Горор соодасы арам. Буга Муслим Абу Хурайрадан риваят кылган төмөнкү хадис далил болот:

«نَهَى رَسُولُ اللَّهِ ﷺ عَنْ بَيْعِ الْحَصَاةِ وَعَنْ بَيْعِ الْغَرَرِ»

**«Расулуллах ﷺ таш атуу соодасынан жана горор соодасынан кайтарды».** Горор соодасы – бул белгисиз нерсенин соодасы. Ахмад Ибн Масъуддан риваят кылган Набий ﷺдын төмөнкү сөздөрү да буга далил болот:

«لاَ تَشْتَرُوا السَّمَكَ فِي الْمَاءِ فَإِنَّهُ غَرَرٌ»

**«Суудагы балыкты сатып албагыла. Ал горор** (алдоо) **болот».** Ошондуктан, дарактын бир нече жылда боло турган мөмөсүн сатуу жайиз болбойт. Себеби, ал алдоонун бир түрү. Дарактын эки, үч же көбүрөөк жылда боло турган мөмөсүн сатуу өзүңдө жок нерсени сатуу болуп, ал жайиз эмес. Мунун үстүнө бул кайтарылган салам болуп, ал жайиз эмес. Себеби, жайиз салам – белгилүү болбогон мөмөнү сатуу. Бул болсо, белгилүү бир дарактын мөмөсүн сатуу болот. Расулуллах ﷺ белгилүү бир дарак мөмөлөрүндө салам кылуудан кайтарды. Набий ﷺ Мединага келгенде адамдар курманын белгилүү бир мөмөлөрүндө салам кылышат эле. Пайгамбарыбыз аларды мындан кайтарды. Ушуга ылайык, зайтун жана лимон дарагынын эки же үч жылда боло турган түшүмүн сата турган кишилердин бул иши арам. Анткени, ал шарият ачык кайтарган байълардын бири.

Ал эми мөмөсү көрүнүп турган дарак мөмөсүн, сабындагы бадыраңды жана ушул сыяктууларды сатуу дарактагы бар мөмөнү сатуу болуп, өзүңдө болбогон нерсени сатуу түркүмүнө кирбейт. Себеби, ал сатуучуда бар нерсе. Ал белгилүү бир курма мөмөлөрүн салам кылуу түркүмүнө да кирбейт. Себеби, ал салам эмес, дароо сатуу болуп эсептелет. Ошондуктан, анын өкүмү эки, үч же көбүрөөк жылда боло турган мөмөнү сатуунун өкүмүнөн айырмаланат. Дарактагы бар мөмөнү даракта турган абалында сатуу жөнүндөгү шаръий өкүмдүн тафсилаты бар. Тафсилат мындай, мында мөмөгө каралат. Мөмө эгер бышып жетилген болсо т.а. жегени мүмкүн болсо, анда мөмөнү ушундай абалда сатуу жайиз болот. Мунун тескериси болсо жайиз болбойт. Буга Муслим Жабир رضي الله عنهдан риваят кылган төмөнкү хадис далил болот:

«نَهَى رَسُولُ اللَّهِ ﷺ عَنْ بَيْعِ الثَّمَرِ حَتَّى يَطِيبَ»

**«Расулуллах ﷺ мөмөнү бышып жетилгенге чейин сатуудан кайтарды».** Дагы Жабир риваят кылган төмөнкү хадис:

«نَهَى رَسُولُ اللَّهِ ﷺ... وَعَنْ بَيْعِ الثَّمَرِ حَتَّى يَبْدُوَ صَلاَحُهُ»

**«Расулуллах ﷺ... мөмөнү – тээ анын бышкандыгы көрүнгөнгө чейин – сатуудан кайтарды».** Бухарий Жабир رضي الله عنهдан риваят кылган төмөнкү хадис да далил болот:

«نَهَى النَّبِيُّ ﷺ أَنْ تُبَاعَ الثَّمَرَةُ حَتَّى تُشَقِّحَ، قِيلَ مَا تُشَقِّحُ، قَالَ: تَحْمَارُّ وَتَصْفَارُّ وَيُؤْكَلُ مِنْهَا»

**«Набий ﷺ мөмөнү тээ түсүнө киргенге чейин сатуудан кайтарды. Түс кириши кандай болот, - деп суралды эле, Пайгамбарыбыз: Кыпкызыл болот, сапсары болот жана андан жегени болот, - деди».** Бухарий Анас ибн Маликтен, ал Набий ﷺдан риваят кылган хадис да далил болот:

«أَنَّهُ نَهَى عَنْ بَيْعِ الثَّمَرَةِ حَتَّى يَبْدُوَ صَلاَحُهَا، وَعَنِ النَّخْلِ حَتَّى يَزْهُوَ، قِيلَ: وَمَا يَزْهُو؟ قَالَ: يَحْمَارُّ أَوْ يَصْفَارُّ»

**«Пайгамбарыбыз мөмөнү тээ бышып жетилгени көрүнгөнчө сатуудан, курманы да жетилип бышканга чейин сатуудан кайтарды. Жетилип бышуусу кандай болот? - деп суралганда: Кыпкызыл болот же сапсары болот, - деди».** Анастан риваят кылынган төмөнкү хадис да далил болот:

«إِنَّ رَسُولَ اللَّه ﷺ نَهَى عَنْ بَيْعِ الثِّمَارِ حَتَّى تُزْهِيَ، فَقِيلَ لَهُ: وَمَا تُزْهِيَ؟ قَالَ: حَتَّى تَحْمَرَّ. فَقَالَ رَسُولُ اللَّهِ ﷺ: أَرَأَيْتَ إِذَا مَنَعَ اللَّهُ الثَّمَرَةَ بِمَ يَأْخُذُ أَحَدُكُمْ مَالَ أَخِيهِ»

**«Расулуллах ﷺ мөмөлөрдү тээ жетилип бышканга чейин сатуудан кайтарды. Жетилип бышуусу кандай? - деп суралганда: Кызарганга чейин, - деп жооп берди. Андан кийин: Акыры көрбөйсүңөрбү, эгер Аллах мөмөнү манъ кылып** (тыйып) **койсо, кимдир бирөөңөр боордошунун малын эмне себептүү алат».** Бухарий Абдулла ибн Умардан риваят кылган төмөнкү хадис да далил болот:

«أَنَّ رَسُولَ اللَّه ﷺ نَهَى عَنْ بَيْعِ الثِّمَارِ حَتَّى يَبْدُوَ صَلاَحُهَا، نَهَى الْبَائِعَ وَالْمُبْتَاعَ»

**«Расулуллах ﷺ мөмөлөрдү бышып жетилгени көрүнгөнгө чейин сатуудан кайтарды, сатуучуну да, алуучуну да кайтарды».** Муслимдин риваятында төмөнкүдөй лафз менен келген:

«نَهَى عَنْ بَيْعِ النَّخْلِ حَتَّى يَزْهُوَ، وَعَنِ السُّنْبُلِ حَتَّى يَبْيَضَّ وَيَأْمَنَ الْعَاهَةَ»

**«Пайгамбарыбыз курманы бышканга чейин, сунбулду аппак болуп, бузулуудан аман болгонго чейин сатуудан кайтарды».** Бул хадистердин баарында мөмөнү быша элегинде сатуудан кайтарылганы ачык көрүнүп турат. Мөмөнү бышып

жетилген көрүнүшүнөн мурун сатуу жайиз эместигине бул хадистердин мантуку менен далил келтирилсе, мөмөнүн бышып жетилгени көрүнгөндө аны сатуу жайиз экендигине алардын мафхуму менен далил келтирилет. Ушуга ылайык, зайтун, лимон, курма жана башкалар сыяктуу мөмөсү көрүнүп калган дарактагы мөмөнү сатуу – эгер аны жеш башталган болсо – жайиз, эгерде жегенге болбосо жайиз болбойт.

Мөмөнүн жакшы бышкандыгы – анын жегенге жарай турган болгондугу. Муну ушул жөнүндө келген хадистерден түшүнүп алууга болот. Мөмөнү бышып жетилишинен мурун сатуудан кайтарган хадистерди көңүл коюп үйрөнө турган болсок, аларда бир нече тафсирлер келгенин көрөбүз. Мисалы, Жабир риваят кылган хадисте: **«Бышкандыгы көрүнгөнгө чейин»** жана **«бышып жетилгенге чейин»**, - деп келген болсо, Анас риваят кылган хадисте: **«Жүзүмдү карайганга чейин, данды катуу болгонго чейин сатуудан кайтарды»**, - деп келген. Абу Давуд риваяты. Жабирдин башка бир хадисинде: **«Түсүнө киргенге чейин»**, - деп келген болсо, Ибн Аббас риваят кылган хадисте: **«Жей турган болгонго чейин»**, - деп келген. Демек, бул хадистердин баарында бир маани т.а. жей турган болгонго чейин деген маани жатат. Мөмөлөрдүн вакиълигине карай турган болсок, жегенге жарай турган болушу алардын түрүнө карай ар түрдүү болот. Мисалы, түсү өзгөрүшү менен бышып, жесе боло тургандары бар. Курма, анжир, жүзүм, алмурут жана ушуга окшогондор сыяктуу. Бышкандыгын билүү үчүн иликтеп көрүү же биле турган кишилер көрүшү керек болгондору бар. Мисалы, дарбыз сыяктуу. Себеби, дарбыздын түсү өзгөрүшүнө карап бышкандыгын билүү кыйын. Гүлү мөмөгө айланышы менен жесе боло тургандары да бар. Мисалы, тарра, бадыраң жана ушуга окшогондор сыяктуу. Ушуга ылайык, ар бир мөмөнүн бышканы – бул жесе болгудай болуп калышы. Муслим Ибн Аббастан риваят кылган хадис ушуга далалат кылат:

«نَهَى رَسُولُ اللَّهِ ﷺ عَنْ بَيْعِ النَّخْلِ حَتَّى يَأْكُلَ مِنْهُ أَوْ يُؤْكَلَ»

**«Расулуллах ﷺ курманы жей турган, же жегенге жарай турган болгонго чейин сатуудан кайтарды»**. Жогорудагы Жабир **«бышып жетилгенге чейин»** деп риваят кылган муттафакун алайх хадис да ушуга далалат кылат. Мына

ушундан бадыраң, тарра жана ушул сыяктууларды мөмө бере башташы менен сатуу жайиз экендиги белгилүү болот. Т.а. гүлү бадыраңга айланышы менен. Гүлдөгөн убакта да, гүлдөшүнөн мурун да сатуу жайиз. Бадыраңды мына ушул абалда, мөмө түйбөй туруп, анда бир нерсе пайда боло башташы менен эле сатуу жайиз. Бул жок нерсени сатуу түркүмүнө кирбейт. Себеби, анын мөмөсү бир убакытта бышпастан, балким, арты-артынан быша берет. Ошондуктан, бадыраң бүткүл мавсум (сезон) бою сатыла берет. Себеби, анын бышкандыгын билүү үчүн курмага окшоп кыпкызыл болушу, жүзүмгө окшоп карайышы, алмурутка окшоп түсү өзгөрүшү күтүп отурулбайт. Кээ бир мөмөлөрү көрүнүшү, арты-артынан гүлдөп мөмө бериши да күтүп отурулбайт. Бирок, дарбыз сыяктуу гүлү мөмөгө айлана башташы менен бышты деп эсептелбей тургандарды сатуу жайиз болбойт. Бадамды да бышпастан туруп, гүлдөп турган убакта сатуу жайиз эмес. Анжирди да бышпаган абалда сатууга болбойт. Сатуу дегенде көздөлгөн маани – бул дарагында турган убакта сатуу. Себеби, дарактагы мөмөнү сатуу анын жегени жарай турган болушуна т.а. анын быша баштаганын көрсөтүүчү нерсенин көрүнүшүнө байланыштуу.

Мөмөнүн быша башташы деп айтылганда бардык мөмө назарда тутулбайт. Себеби, бул мүмкүн эмес. Эмнеге дегенде, мөмөлөр арты-артынан куйрук улаш бышат. Ар бир өзүнчө бактагы мөмөнүн бышуусу да жана бардык бактардагы мөмөнүн бышуусу да назарда тутулбайт. Тескерисинче, мөмөнүн бышуусу деп айтылганда, мисалы, зайтунга окшоп сорттору (нав-түрү) бышууда бири-биринен айырмаланбаса, мөмөнүн жынысы назарда тутулат. Же эгер сорттору жүзүм жана анжир сыяктуу бышууда бири-биринен айырмаланса, мөмөнүн сорту назарда тутулат. Мисалы, бир бактагы кээ бир курма мөмөсүнүн бышканы көрүнсө, анда бардык бактардагы курма мөмөсүн сатуу жайиз болот. Кээ бир дарактардагы алманын бирер сортунун бышканы көрүнсө, анда бардык бактардагы мына ушул алманын сортун сатуу жайиз болот. Бирер бактагы зайтун дарактарындагы мөмөлөр бышканы көрүнсө, анда бардык бактардагы зайтун мөмөсүн дарагында сатуу жайиз болот. Себеби, хадисте:

«نَهَى عَنْ بَيْعِ النَّخْلِ حَتَّى يَزْهُوَ وَعَنِ السُّنْبُلِ حَتَّى يَبْيَضَّ وَيَأْمَنَ الْعَاهَةَ»

**«Курманы бышканга чейин, сунбулду аппак болуп, бузулуудан аман болгонго чейин сатуудан кайтарды»**, - деп, жана:

«نَهَى عَنْ بَيْعِ الْعِنَبِ حَتَّى يَسْوَدَّ، وَعَنْ بَيْعِ الْحَبِّ حَتَّى يَشْتَدَّ»

**«Жүзүмдү карайганга чейин жана данды катуу болгонго чейин сатуудан кайтарды»**, - деп келүүдө. Демек, Пайгамбарыбыз мөмөнүн ар бир жынысынын өзүнө жана ар бир сортунун өзүнө тиешелүү өкүмдү баян кылды. Дан жөнүндө катуу болгонго чейин, кара жүзүм жөнүндө карайганга чейин деди. Демек, бул өкүм калган жыныстарга карабастан, ар бир жыныстын жана калган сортторго карабастан, ар бир сорттун бышуусуна тиешелүү. Хадисте бир жыныс жана бир сорт жөнүндө келген «бышкандыгы көрүнүшү» деген сөз, канчалык аз болбосун, кээ бир мөмөлөргө туура келет. Кала берсе, мөмөлөрдүн вакиълиги алардын арты-артынан бышуусу.

Ушундан белгилүү болгондой, ар кандай даракты кепилдеп коюу т.а. ар кандай дарактагы мөмөнү бышпастан туруп сатуу жайиз болбойт. Ал эми Аллах Тааланын:

﴿ وَأَحَلَّ ٱللَّهُ ٱلۡبَيۡعَ ﴾

***«Аллах байъды адал кылды»*** [2:275]

деген аятына келсек, ал умумий. Бирок, бул хадистер байъ нахий кылынган байълардан башкасында адал экендигин баян кылып, аны хостоп коюуда.

Даракта турган мөмөнү быша элегинде сатуу арамдыгы мукайяд болбой мутлак келди. Мөмөнү үзүп алуу шарт кылынган болсун же болбосун, баары бир ал арам. Эгер сатуучу сатып алуучуга мөмөнү быша элегинде үзүп алууну шарт кылган болсо, бул шарт фасид болот. Себеби, ал келишимдин талабына тескери келет. Эгерде сатып ала турган адам мөмөнү бышкан убагынан кечиктирип үзүп ала турган болсо, мында каралат. Эгер сатуучу бул кечигүүдөн зыян көрө турган болсо – мисалы апельсин сыяктуу, себеби, кечигүү кийинки жыл мезгилиндеги гүлдөөгө таасирин тийгизет – мындай абалда сатып алуучу мөмөнү бышкан убагында үзүп алууга мажбур кылынат. Эгер даракка зыяны тийбей турган

болсо – мисалы анжир жана зайтун сыяктуу – сатып алуучу буга мажбурланбайт. Булардын бардыгы эгер дараксыз мөмөнүн өзү гана сатылганда болот. Ал эми эгер дарак жана мөмө бирге сатылса мында курма менен башка дарактын бири-биринен айырмасы болот. Себеби, курманы үстүндөгү мөмөсү менен сатуу жайиз болот. Эгер курма чаңдаштырыла элек болсо, келишим убагында мөмөнү айтууга зарылдык болбойт. Ал эми курма дарагы чаңдаштырылган болсо, андан кийин дарак сатылган болсо, андайда мөмөсү дарагы менен бирге сатылбайт. Болгону эгер соода келишими убагында мөмөсү да айтылган болсо сатылат. Айтылбаган болсо мөмө сатуучуга калат, дарагы болсо сатып алгандыкы болот. Сатуучу мөмөнү бышканга чейин даракта калтырып кийин, өзү терип алат же сатат. Себеби, ал анын мүлкү болуп эсептелет. Буга Муслим Ибн Умардан риваят кылган төмөнкү хадис далил болот. Набий ﷺ:

«مَنِ ابْتَاعَ نَخْلاً بَعْدَ أَنْ تُؤَبَّرَ فَثَمَرَتُهَا لِلَّذِى بَاعَهَا، إِلاَّ أَنْ يَشْتَرِطَ الْمُبْتَاعُ»

**«Кимде-ким курманы чаңдаштырылгандан кийин сатып алса мөмөсү саткандыкы болот, болгону, сатып алган киши** (мөмөсүн да сатууну) **шарт кылса** (мөмө аныкы болот)», - деген. Ахмад Убада ибн Сомиттен риваят кылган хадис да буга далил болот:

« أَنَّ النَّبِيَّ ﷺ قَضَى أَنَّ تَمْرَ النَّخْلِ لِمَنْ أَبَّرَهَا إِلاَّ أَنْ يَشْتَرِطَ الْمُبْتَاعُ»

**«Набий ﷺ курманын** (түшүмүн) **аны чаңдаштырган кишиге өтүшүн өкүм кылды. Болгону, сатып алган кишинин шарт кылганы мындан сырткары болду».** Бул хадистин мантуку – чаңдаштырылган мөмөсү бар курманы сатып алуу түшүм соода келишимине кирбешине, тескерисинче, саткан адамдын мүлкү болуп кала беришине далил кылып келтирилсе; хадистин мафхуму – курма мөмөсү чаңдаштырылган болбосо соода келишимине киришине жана сатып алгандыкы болушуна далил кылынат. Бул орунда мафхумдан көздөлгөн маани – мафхум мухолафа. Ал болсо бул жерде мафхум шарт. Албетте, мына ушул мафхумду алуу керек. Себеби, чаңдаштырылбаган курма менен чаңдаштырылган курманын өкүмү бир болсо, аны шарт менен мукайяд кылуу пайдасыз болуп калат эле. Ушуга ылайык, курма

мөмөсү чаңдаштырылбаган болсо курма менен кошуп сатылат, чаңдаштырылган болсо кошуп сатылбайт. Бирок, бышпай туруп сатуу жайиз болбойт. Бул (т.а. чаңдаштыруу) курмага хос болуп, ага башка мөмөлөр салыштырылбайт. Себеби, чаңдаштыруу белгилүү бир иш. Бул сөз (т.а. чаңдаштыруу) мейли васф болсо да, бирок, өкүмдүн иллетин түшүндүрүүчү васф эмес. Себеби, анда иллеттик мазмуну жок. Иллет жоктугу себептүү ага салыштырылбайт. Ошондуктан, башка мөмөлөр курмага кошулбайт. Себеби, курманын бул васфынан келип чыгылбайт жана курма салыштырыла турган нерседен да эмес. Себеби, чаңдаштыруу курмага гана хос болуп, андан башкасында болбойт. Курма чаңдаштырылбаса түшүм бербейт. Чаңдаштыруу – бул жарып уруктандыруу. Т.а. курманын ургаачы гүлданын жарып, эркектик урукданынан өткөрүү. Бул жерде назарда тутулган нерсе чаңдаштырылгандык эмес, тескерисинче, чаңдаштыруунун натыйжасы болгон мөмөнүн көзгө көрүнүшү деген хужжат менен «бул өкүм мөмөнүн пайда болушуна тиешелүү, ошондуктан мөмөлөр да курмага салыштырылат» деп айтылбайт. Себеби, курманын вакиълиги мындай, аны чаңдаштыргандан бир ай өткөндөн кийин мөмө көрүнөт. Ошондуктан, чаңдаштырылгандан бир күн кийин болсо да курма дарагын саткан болсо, мейли, мөмө көрүнбөгөн болсо да байъ дурус болот. Демек, өкүм мөмөнүн пайда болушуна эмес, чаңдаштырууга тиешелүү. Демек, жамдоочу нерсе жоктугу себептүү башка мөмөлөрдү курмага салыштырууга (кыяс) орун жок. Ошондуктан, чаңдаштыруу курманын өзүнө гана хос болуп, ага башка мөмө кыяс кылынбайт жана ага кошулбайт.

Эми башка дарактардын өкүмүнө токтоло турган болсок, бул өкүм мөмөнү быша элегинде сатуу жайиз эмес, бышкандан кийин жайиз деген мафхумдан алынат. Мөмөнүн жалгыз өзүн быша элегинде сатуу жайиз эместигинин мааниси төмөнкүдөй. Мөмө бышпаган убакта даракка караштуу (табиъ) болот, андан бөлүп өз алдынча сатылбайт. Ошондуктан табиъ матбуъ менен бирге соодага кирет. Келишимде айтылбаган болсо да ушундай болот. Ушуга ылайык, курмадан башка бардык дарактардын мөмөсү эгер быша элек болсо, дарак менен бирге соодага кирет жана ага табиъ болот. Ал эми бышкан болсо соодага кирбейт. Болгону, айтылган болсо гана кирет. Мөмөнү

бышкандан кийин сатуу жайиз экендигине далалат кылуучу бир катар хадистер келген. Алар түшүндүрүп тургандай, мөмө бышкан болсо соодага дарак менен бирге кирбейт. Болгону, айтылган болсо гана кирет. Бышкан убакта мөмө жана даракты өз-өзүнчө сатуу жайиз. Бирок, эгер дарак сатылып бүткөндөн кийин катуу шамал, бороон болуп даракты тамыры менен кулатса же сындырып жиберсе, саткан адам жоопкер болбойт. Себеби, соода аягына жетип бүткөн. Мындай абалда сатып алган адамдын мойнунан жоопкерчиликти алып таштоо тууурасында эч бир насс келбеген. Түшүмдө болсо мунун тескериси болот. Себеби, дарактагы мөмө сатылгандан кийин ага бирер кырсык жетсе, саткан адам түшүмдүн баасынан зыян жеткен көлөмдө түшүрүүсү керек болот. Буга Ибн Мажа Жабирден риваят кылган төмөнкү хадис далил болот. Расулуллах ﷺ:

«مَنْ بَاعَ ثَمَرًا فَأَصَابَتْهُ جَائِحَةٌ فَلاَ يَأْخُذْ مِنْ مَالِ أَخِيهِ شَيْئًا، عَلاَمَ يَأْخُذُ أَحَدُكُمْ مَالَ أَخِيهِ الْمُسْلِمِ»

**«Ким мөмө сатса жана андан соң ага бирер кырсык жетсе, анда боордошунун малынан эч нерсе албасын. Кимдир бирөөңөр мусулман боордошунун малын эмнеге алат»**, - деген. Бул жерде кырсык дегени мөмөнү жок кыла турган кырсык. Кырсыктар дегенде мөндүр, кургакчылык, шамал жана каатчылык сыяктуу самавий кырсыктар назарда тутулат. Ал эми, эгер мусибат самавий болбосо, мисалы сугат каражаттары иштен чыкканы себептүү дарак куурап калса же уурдалып кетсе, талап-тонолсо жана ушул сыяктуулар жүз берсе, булар кырсык деп эсептелбейт жана сатуучу кардарга бааны түшүрбөйт. Себеби, бул абалдар хадис далалат кылган мазмун астына кирбейт.

# Карызга жана акчасын бөлүп-бөлүп берүүгө боло турган байъ

Расулуллах ﷺ:

«إِنَّمَا الْبَيْعُ عَنْ تَرَاضٍ»

**«Байъ эки тараптын ыраазылыгы менен гана болот»**, - деген. Ахмад жана Ибн Мажа риваяты. Мал ээси аны өзү ыраазы болгон баага сатат. Ыраазы болбосо сатпайт. Ошондуктан, мал ээсинин ага эки баа коюшу жайиз: Накталай төлөнө турган баа; Белгилүү бир мөөнөттө төлөнө турган баа, же бир мөөнөт ичинде бөлүп-бөлүп төлөнө турган баа. Ошондуктан, сатуучунун кардар менен жана кардардын да сатуучу менен мына ушул эки баада соодалашуусу жайиз. Бул байъ эмес, баа үстүндө соодалашуу болот. Ошондуктан, эки тарап белгилүү бир баага келишишсе жана сатуучу кардарга накталай акчага сатса, кардар муну кабыл алса; же кийинчерээк бере турган баага сатса, кардар муну кабыл алса, бул дурус болот. Себеби, ал байъ эмес, байъ үстүндө соодалашуу болуп эсептелет. Соодалашуу болсо жайиз. Себеби, Расулуллах ﷺ соодалашкан. Ахмад Анас ибн Маликтен риваят кылат:

«أَنَّ النَّبِيَّ ﷺ بَاعَ قَدَحًا وَحِلْسًا فِي مَنْ يَزِيدُ»

**«Набий ﷺ бир кадак менен токумду ким ашты соодасында сатты»**. Ким ашты соодасы – бул соодалашуу. Демек, Набий ﷺдын соодалашканы сабит болду. Дагы мисалы, Ибн Мажа Сувайд ибн Койстон мындай дегенин риваят кылды:

«جَلَبْتُ أَنَا وَمَخْرَمَةُ الْعَبْدِيُّ بَزًّا مِنْ هَجَرَ فَجَاءَنَا رَسُولُ اللَّهِ ﷺ يَمْشِي فَسَاوَمَنَا سَرَاوِيلَ فَبِعنَاهُ»

**«Мен жана Махрама ал-Абдий Хажардан кездеме алып келдик. Расулуллах ﷺ келип биз менен ыштандарды соодалашты. Ал кишиге саттык»**. Соодалашуу аягына чыккандан кийин, эки тараптын белгилүү бир баа үстүндө өз ара келишип, ыраазы болушу менен байъ келишими түзүлгөн болот да, бул сахих байъ болот. Бул соодалашуу малдын баасы накталай же кийин төлөнүшү үстүндө болуп, кийин ушул эки баанын бирине келишкен убакта болот. О.э. сатуучу малын эки

түрдүү баада: накталай акчага жана насыяга сатышы жайиз. Мисалы, бир киши башкасына «бул малды сага нак болсо элүүгө, насыяга алтымышка сатамын» деп айтса, тиги киши «макул, насыяга алтымышка же накталай акчага элүүгө аламын» десе, байъ сахих болот. Мисалы, «бул малды сага акчасын кийинчерээк бере турган болгонуң үчүн өзүнүн баасынан он сом ашыгы менен алтымышка сатамын» десе, кардар «макул, аламын» десе, мында да байъ сахих болот. Эгерде сатуучу: Бул малды нак акчага отузга, насыяга кыркка сатамын, - десе, кардар: макул, накка отузга же насыяга кыркка аламын, - десе, сатуучу «сага саттым», же «ала бер», же «мал сеники» десе дагы да жакшыраак болот. Себеби, бул акыркы мисалда эки баанын үстүндө соодалашуу болуп, бир баага сатылды. Мурунку мисалдарда болсо байъ эки баанын үстүндө болду. Байъ келишиминде бир товарга эки баа: нак жана насыя баа коюу байъдын жайиздиги жөнүндө келген далилдердин умумийлиги себептүү жайиз болду. Аллах Таала айтат:

﴿ وَأَحَلَّ ٱللَّهُ ٱلۡبَيۡعَ ﴾

«***Аллах байъды адал кылды***» [2:275]

Бул умумий. Ошондуктан, ырас, сооданын бирер түрүнүн арамдыгы жөнүндө бирер шаръий насс келбеген соң – мисалы арамдыгы жөнүндө насс келген «байъ горор» сыяктуу – андай абалда байъ адал болот. Себеби, Аллах Тааланын:

﴿ وَأَحَلَّ ٱللَّهُ ٱلۡبَيۡعَ ﴾

«***Аллах байъды адал кылды***» [2:275]

деген аяты байъдын бардык түрлөрүн өз ичине алат. Болгону, арамдыгы жөнүндө насс келген түрлөр гана мындан мустасна. Себеби, мында насс менен умумдан мустасна кылынып, арам болуп калат. Товарга эки баа: нак жана насыя баа коюунун арамдыгы жөнүндө эч бир насс келбеген. Демек, аяттын умумийлигинен алына турган болсо эки баа коюу адал болот. Кала берсе, Набий ﷺ:

«إِنَّمَا الْبَيْعُ عَنْ تَرَاضٍ»

**«Байъ эки тараптын ыраазылыгы аркылуу гана болот»**, - деген. Мында сатуучу жана кардар ыктыярдуу болуп, экөөнүн

ыраазылыгы менен байъ аягына чыгат. Нерсе насыяга сатыла турган болсо, ошол күндөгү баасынан көбүрөөккө сатуу жайиз экендигин көпчүлүк фукахалар көрсөтүп өтүшкөн. Товус, Хакам жана Хаммаддан «сатуучунун: Сага нак акчага баланчага, насыяга баланчага сатамын, - деп, экөөнүн бирине жүрүшүнүн зыяны жок» деп айтышканы риваят кылынган. Али ﵁ мындай дейт: **«Кимде-ким эки баага: нак жана насыяга соодалашса, келишүүдөн мурун бирин айтып койсун»**. Ушундан белгилүү болгондой, бир малдын эки баасы үстүндө соодалашып, андан кийин эки тараптын ыраазылыгы менен эки баанын бирине келишим түзүлсө, жайиз болот. Мындай көрүнүштөгү байъ сахих болот. О.э. дагы белгилүү болгондой, эки баа үстүндөгү келишимде ийжабдын болушу жана кардардын эки баанын бирин анык баян кылып, толук дайындап кабыл алышы да далилдердин умумийлигине ылайык жана бул түрдөгү байъдын арамдыгы жөнүндө бирер насс келбегени үчүн жайиз. Ал эми Ахмад риваят кылган:

«نَهَى النَّبِيُّ ﷺ عَنْ صَفْقَتَيْنِ فِي صَفْقَةٍ وَاحِدَةٍ»

**«Набий ﷺ бир келишимде эки келишимден кайтарды»**, - деген хадиске келсек, мындан көздөлгөн маани, бир келишимде эки келишимдин болушу. Мисалы: Сага бул үйүмдү үйүңдү мага сатышыңдын же кызыңды мага аялдыкка беришиңдин акысына сатамын, - деп айтуу сыяктуу. Бул дурус эмес. Себеби, сага үйүмдү сатамын деп айтуу бир келишим, үйүңдү мага сатышың деп айтуу экинчи келишим болуп, экөө бир келишимде жамдалып калды. Бул болсо, жайиз эмес. Хадистен көздөлгөн маани, акчаны кийинчерээк бере турган болгону үчүн (т.а. насыя болгону үчүн) бааны ашыруудан кайтаруу да эмес о.э. эки баа жөнүндөгү ийжабды жана экөөнүн бирин кабыл алууну дайындап коюу да эмес.

Ал эми Абу Давуд риваят кылган Расулуллах ﷺдын:

«مَنْ بَاعَ بَيْعَتَيْنِ فِي بَيْعَةٍ فَلَهُ أَوْكَسُهُمَا أَوِ الرِّبَا»

**«Ким бир байъда эки байъ менен байъ кылса, ага экөөнүн эң кеми болот, болбосо риба болуп калат»**, - деген сөздөрүнө келсек, бул хадистин мааниси мындай, бир товарда эки байъ болуп калат т.а. сатуучу алуучуга товарды бир баада кандайдыр бир мөөнөткө чейин сатат. Ошол мөөнөт келип,

алган адам акчаны бербеген болсо, сатуучу акчаны алуу мөөнөтүн дагы кечиктирип, айтылган бааны көтөрүп коёт т.а. мөөнөттү созгону үчүн товардын баасы көтөрүлдү деп эсептейт. Демек, бир товарда эки соода кылган болот. Же башкача айтсак, алуучуга товарды белгилүү бир баада сатат, кардар аны сатып алат, андан кийин акчасын берүүнү белгилүү бир мөөнөткө кечиктирүүнү талап кылат, сатуучу буга көнүп товарды башка байъ менен белгилүү бир мөөнөткө чейин ашыгыраак баада сатат т.а. бааны көтөрөт жана мөөнөттү узартат. Бул жана ушул сыяктуулар бир байъда эки байъ кылуу болуп, сатуучу ушул эки байъдын эң азын т.а. биринчи бааны алууга акылуу. Бул хадиске Ибн Раслан сунанында мындай шарх берилет: Бир кофиз буудайды акчасын бир айдан кийин бере турган кылып бир динарга сатат. Мөөнөтү келип буудайдын акчасын талап кылган убакта, алган адам: «Мен сага беришим керек болгон бир кофиздин акчасын эки айга кечиктирип, мага эки кофиз баасына сат» – десе, мына ушул бир байъда эки байъ кылуу болуп калат. Себеби, биринчи байъдын үстүнө экинчи байъ болуп калган болот. Мында баанын эң кемине т.а. биринчисине кайтуу керек. Бул хадистин тафсиринде эмне деп айтылган болбосун, анын мантуку жана мафхуму бир байъда эки байъ болуп калышын т.а. бир келишимде эки байъ келишими болуп калышын анык көрсөтүп турат. Бул бир келишимдеги эки баа жөнүндөгү байъ да эмес жана эки баа үстүндө бир келишимдеги байъ да эмес. Демек, ал акчасы бөлүп-бөлүп бериле турган байъга да, насыя байъга да туура келбейт. Мында кайтарылып жаткан иш бир келишимде эки келишим болуп калып жаткандыгы. Ал бир келишимде же бир келишүүдө боло турган эки соода келишиминин ар бирине туура келет. Бул абалдан башкасына – башка абал көрүнүштөрү канчалык ар түрдүү болбосун – туура келбейт.

Тыянак мындай, сатуучу алуучуга: «Сен үйүңдү мага миңге сатышыңдын үстүнө мен да үйүмдү сага миңге саттым» - десе, алуучу «кабыл алдым» десе, бул эки байъ болуп жаткан бир байъ келишими болот. Бул жайиз эмес. Себеби, Набий ﷺ бир байъда эки байъ болушунан жана бир келишимде эки келишүү болушунан кайтарды. Мисалы, бир киши башкасына: «Үйүмдү сага кызыңды мага никелеп беришиңдин акысына саттым» –

десе, бул бир келишимдеги эки келишим: соода келишими жана нике келишими болуп калат. Бул жайиз эмес. Себеби, Набий ﷺ бир келишимде эки келишим болушунан кайтарды. Дагы мисалы, сага бул үйдү миңге саттым десе, алуучу кабыл кылдым деп, андан кийин «мөөнөттү бир аз кечиктир, акчасын бир айдан кийин беремин» десе, сатуучу: «Андай болсо сага бааны көтөрөмүн» – деп, ушул үйдүн өзүн айтылган негизги баасынан ашыгына ага сатса, бул да жайиз эмес. Себеби, бир байъда же бир товарда, же бир келишимде эки байъ болуп калууда, бириндеги баа экинчисинен ашык болуп калууда. Бул абалда соода дурус, бирок, азыраак бааны алуу керек, эгер көбүрөөк бааны алса, риба болот. Себеби, Расулуллах ﷺ:

«مَنْ بَاعَ بَيْعَتَيْنِ فِي بَيْعَةٍ فَلَهُ أَوْكَسُهُمَا أَوِ الرِّبَا»

**«Ким бир байъда эки байъ менен байъ кылса, ага экөөнүн эң кеми болот, болбосо риба болуп калат»**, - деди. Пайгамбарыбыздын: **«Ага экөөнүн эң кеми болот»**, - деген сөздөрү бул байъдын сахихтигине жана азыраак бааны алуу керектигине далалат кылып жатат. Себеби, эң азын алат деген өкүм бул байъды сахих деп эсептөөнү зарыл кылып коёт.

Ушундан белгилүү болгондой, соодагерлердин товарларга эки баа: акчасын нак берсе белгилүү бир баа, бөлүп-бөлүп бере турган болсо ашыкча баа коюп жаткан соодасы жайиз болгон байъ болуп эсептелет. Мындагы шаръий өкүм жайиз деген өкүм. Кээ бир дыйкандар жана кээ бир бактардын ээлери кылып жаткан буудай же кийим, же айбан, же жарак-жабдык алды-саттысы жана акчасын берүүнү мавсум чыкканча кечиктирүү шарт кылынышы, кечиктирүүнүн акысына ушул убактагы баанын көбөйтүлүүсү, бул да жайиз. Мейли, бул бир товарга эки баа: нак жана насыя баа коюу болсо да. Бирок, бир товардын кечиктирилген баасын дароо төлөнө турган баадан ашырууда адамдар арасында каалаган ишин кылуучу сүткор кимселер кылып жаткандай – гобн фахиш (алдоо) болбошу шарт. Ошондуктан, эгерде бул байъда гобн боло турган болсо бул гобн арам о.э. ага байъ жана саламдагы гобн өкүмү туура келип калат. Демек, дароо төлөнө турган баадан кечиктирип бериле турган баа ашырыла турган байъ арам эмес, балким, гобн арам.

# Далдалчылык

Хаким ибн Хизам атасынан риваят кылат: Расулуллах ﷺ:

«دَعُوا النَّاسَ يُصِيبُ اللَّهُ بَعْضَهُمْ مِنْ بَعْضٍ فَإِذَا اسْتَنْصَحَ الرَّجُلُ أَخَاهُ فَلْيَنْصَحْ لَهُ»

**«Адамдарды өз абалына койгула, Аллах кээ бирлерин кээ бирлеринен ырыскыландыра берсин. Бирер киши боордошунан кеңеш сураса ага кеңеш берсин»,** - деген. Ахмад риваяты. Тижарат жана байъдын абалдарын күзөтө турган болсок, аларда Аллах адамдарды бири-биринен ырыскыландырып жаткандыгын көрөбүз. Чоң тижарат болобу же кичинеби, мунун айырмасы жок. Көбүнчө чоң соодагерлер кичине соодагерлерге товар сатып алып берип жатканын, ушул сатып алып беришинин мукабылына пайдадан пайыздык нисбатты, мисалы, бир пайыз пайданы алып жаткандарын көрөбүз. Көбүнчө дүң соодагерлер ушундай кишилер болушат. Алар муну «комиссиондук төлөм» деп аташат. Бул иш бардык товарларда, кайл менен тартыла турган, вазн менен өлчөнө турган, салыштырыла турган жана башка товарларда жарий. Бул иш кездеме, же шириндик, же кагаз, же станокторду иштеп чыгара турган ири компаниялар менен дүң соодагерлер ортосунда да болот. Мындай соодагерлерди маклер (камсыздоочу) же соода өкүлү деп аташат. Себеби, алар мына ушул компаниялар иштеп чыгарган нерсенин сатылышын камсыздашат жана мунун акысына ушул компаниялардан белгилүү бир пайданы т.а. белгилүү бир пайыздык нисбатты алышат. Ири соодагер же ишкана менен кичине соодагерлер ортосунда жеке адамдар ортомчулугунда соодалар болот. Мына ушул жеке адамдар ошол соодагердин колунда же ишканада иштешет. Алар белгилүү бир соодагер колунда же белгилүү бир ишканада иштеп, адамдарга товар сунушташат жана сатышат. Соода менен алектенип, товар сунуш кылууларынын акысына аларга өздөрү иштеп жаткан ири соодагер же ишкана тарабынан белгилүү бир төлөм (эмгек акы) берилет. Алар товарды сатыштыбы же жокпу, буга карабастан, аларга ар бир соода келишиминде белгилүү бир эмгек акы т.а. өздөрү соода кыла турган нерсенин баасынан белгилүү бир пайыз нисбат берилет. Ишканаларда жана компанияларда, соодагерлер жана кардарларда, ар бир

нерседе сатуучу менен алуучу ортосундагы ортомчулук мына ушундай көрүнүштө болот. Ортомчулук кездемелер, ширииндиктер жана башка нерселерде болгону сыяктуу эле, талаа эгиндери, жашылча-жемиш жана мөмөлөрдө да болот. Мисалы жашылча-жемиш базарында соодагер дыйкандан ала турган белгилүү бир төлөм акысына ушул дыйкандын пайдасына сатат.

Бул иштердин баары, компаниялар же ишканалар менен соодагерлер ортосунда болобу, же ири соодагерлер менен майда соодагерлер ортосунда болобу, же соодагерлер менен кардарлар ортосунда болобу, эч айырмасыз, бардыгы далдалчылык (симсар) болуп эсептелет жана мындай иштер менен алектенүүчүлөр симсарлар деп аталышат. Симсар – бул бир иштеги ишенимдүү өкүл жана аны көзөмөл кылуучу. Кийинчерээк бул аталыш соода-сатыкты башкара тургандарга карата колдонула турган болду. Факихтер «симсар – бул башка бирөөнүн пайдасына белгилүү бир эмгек акы үчүн алды-сатты кыла турган киши» деп аныктама беришкен. Бул аныктама далдалчыга да туура келет. Себеби, далдалчы башка бирөөнүн пайдасына белгилүү бир акы ивазына алды-сатты кылат. Симсарлык жана далдалчылык адал болуп, тижарий иштерден болуп эсептелет. Ал шаръий түрдө малга ээ боло турган иштердин түрлөрүнөн. Ахмад Койс ибн Абу Гороза Кинанийден мындай дегенин риваят кылат: Биз Медина базарларында соода-сатык кылат элек о.э. бизди «симсар» деп аташат эле. Расулуллах ﷺ алдыбызга келип, бизди өзүбүз атаганга караганда жакшыраак ат менен атап:

«يَا مَعْشَرَ التُّجَّارِ، إِنَّ هَذَا الْبَيْعَ يَحْضُرُهُ اللَّغْوُ وَالْحَلِفُ فَشُوبُوهُ بِالصَّدَقَةِ»

**«Эй соодагерлер жамааты! Албетте, соодада бейпайда нерсе жана ант болот, демек, ага садаканы аралаштырып тургула»**, - деди. Мунун мааниси мындай, сатуучу малын чектен ашыра сыпаттап, керегинен ашыкча бейпайда сөздөрдү айтып жибериши мүмкүн. Бирок, жалган даражасына жетпейт. Малын өтүмдүү кылуу үчүн ойлонбой ант ичип жибериши мүмкүн. Пайгамбарыбыз мына ошону жок кылып өчүрүп таштоо үчүн садакага чакырды. Демек, Расулуллах ﷺдын далдалчылардын ишин макулдаганынан жана аларга: **«Эй соодагерлер жамааты»**, - деп айтканынан далдалчылыктын

жайиз экендиги жана ал соодадан экендиги белгилүү болууда. Бул хадис далдалчылык адал экендигине, ал шарияттагы жайиз мамилелерден экендигине далил болот.

Бирок, соода-сатык кылуу үчүн жалдана турган иш же товар же мөөнөт менен белгилүү болушу керек. Пайда же төлөнө турган төлөм же эмгек акы да белгилүү болушу керек. Мисалы, соодагер бир адамды балан үйдү же матаны сатышы же алып бериши үчүн жалдаса бул соода-сатык жайиз болот. Нерсесин сатуу же сатып алуу үчүн күнүмдүк байъ кылып, же бир айга жалдаса да жайиз болот. О.э. сатуу же сатып алуу үчүн күнүмдүк байъ кылып, же бир айга белгилүү бир каражат ивазина жалдаса о.э. бир товарды сатып бериши же сатып алышы үчүн ар бир келишимде дайындалган белгилүү бир төлөм ивазына жалдаса да жайиз болот. Себеби, мында алды-сатты кылуу үчүн жалданган иш белгилүү жана эмгек акы да белгилүү болуп жатат.

Демек, далдалчылык Расулуллах ﷺ заманынан бүгүнкү күнгө чейин соодагерлер ортосунда жана адамдар ортосунда белгилүү болуп келген мааниси менен адал о.э. далдалчылык кесиби адал кесиптерден болуп эсептелет. Ал эми сахих хадисте нахий кылынган далдалчылык – адамдардын бааны же базарды билбестигинен, же соода малы туурасында билим, тажрыйбалары жоктугунан ж.б. ушул сыяктуулардан пайдаланып алдай турган кимсенин далдалчылыгы. Расулуллах ﷺ далдалчылыкты тижарий иштердин бири деп эсептеп, аны умумий шаклда макулдады. Ал эми, далдалчылыктын айрым түрлөрүндө алдоо бар болгондуктан, аларды өзүнчө баяндап, алардан кайтарды. О.э. Пайгамбарыбыз ﷺ байъдын умумий шаклда мубах экендигин көрсөттү жана байъдын белгилүү бир түрлөрүнөн аларда иллет бар болгону үчүн кайтарды. Ушул жаатта келген хадистерди күзөтүп, алардын ташриъий мааниси жакшылап үйрөнүлсө, бул нерсе анык белгилүү болот. Алды-саттыга тиешелүү айрым иштерден кайтаруу жөнүндө келген хадистерде симсарлык жана андан кайтаруу жөнүндө эч нерсе айтылбаган. Бирок, кээ бир сахабалар жана кээ бир ровийлер аларды симсарлык жөнүндө деп тафсир кылышкан жана нахий кылууну симсар болуудан кайтаруу деп тафсир кылышкан. Мисалы, Бухарий Абдулла ибн Товустан, ал атасынан, ал Ибн Аббас رضي الله عنهما дан риваят кылды: Расулуллах ﷺ:

«لاَ تَلَقَّوُا الرُّكْبَانَ وَلاَ يَبِعْ حَاضِرٌ لِبَادٍ»

**«Улоо мингендерди тосуп чыкпагыла. Шаардык адам чөлдүккө сатып бербесин»**, - деген. Ровий: мен Ибн Аббаска Пайгамбарыбыз ﷺдын: **«Шаардык адам чөлдүккө сатып бербесин»**, - деген сөзүнүн мааниси эмне деп сурасам, ал «чөлдүккө далдалчы болбосун» деген мааниде деп жооп берди дейт. Товустан кылынган башка бир риваятта да ал мындай деген: Мен Ибн Аббас رضي الله عنهдан Пайгамбарыбыздын: **«Шаардык адам чөлдүккө сатып бербесин»** - деген сөзүнүн мааниси эмне? – деп сурасам, ал: «Чөлдүккө далдалчы болбосун дегени» деп жооп берди. Бухарий **«Шаардык адам чөлдүккө далдалчылык кылып сатып алып бербейт»** деген бапта Пайгамбарыбыз нахий «لاَ»сын (кайтаруу мазмунундагы «لاَ» харфын) иштетти» деди жана андан кийин ушул бапта эки хадисти зикир кылды. Алардын бири Саид ибн Мусайябдан риваят кылынган болуп, ал Абу Хурайра رضي الله عنهнун мындай дегенин уккандыгын айтат: Расулуллах ﷺ:

«لاَ يَبْتَعِ الْمَرْءُ عَلَى بَيْعِ أَخِيهِ، وَلاَ تَنَاجَشُوا، وَلاَ يَبِعْ حَاضِرٌ لِبَادٍ»

**«Киши өз боордошунун соодасы үстүнө соода кылбасын. Өз ара келишип алып бааны көтөрүп жибербегиле. Шаардык адам чөлдүккө сатып бербесин»**, - деген. Экинчи хадис Анас ибн Малик رضي الله عنهдан риваят кылынган болуп, ал мындай дейт:

«نُهِينَا أَنْ يَبِيعَ حَاضِرٌ لِبَادٍ»

**«Биз шаардык адам чөлдүккө сатып беришинен кайтарылдык»**. Бухарий «нажш»ка (өз ара келишип алып бааны көтөрүүгө) тиешелүү бапта төмөнкүлөрдү айтат: Мындай байъды жайиз эмес деген кишилерге келсек, Ибн Абу Ауфа мындай деди: «нажиш» риба жечү кыянатчы кимсе. Мындай кылуу алдоо, батыл болуп, адал болбойт. Набий ﷺ:

«الْخَدِيعَةُ فِى النَّارِ، وَمَنْ عَمِلَ عَمَلاً لَيْسَ عَلَيْهِ أَمْرُنَا فَهْوَ رَدٌّ»

**«Алдоо тозокто. Кимде-ким биздин амрибиз болбогон ишти кылса, бул иш рад кылынат»**, - деген. Андан кийин Бухарий дагы бир хадисти риваят кылат. Ал Ибн Аббас رضي الله عنهماдан риваят кылынган болуп, ал мындай деди:

«نَهَى النَّبِيُّ ﷺ عَنِ النَّجْشِ»

**«Набий ﷺ «нажш»тан кайтарды».** Дагы бир нече хадистер келген болуп, аларда Расулуллах ﷺ нахий кылган айрым иштердин түрлөрү айтылган. Мисалы, Абу Хурайра ؓдан риваят кылынышынча, Расулуллах ﷺ:

«لاَ تَلَقَّوُا الرُّكْبَانَ، وَلاَ يَبِعْ بَعْضُكُمْ عَلَى بَيْعِ بَعْضٍ، وَلاَ تَنَاجَشُوا، وَلاَ يَبِعْ حَاضِرٌ لِبَادٍ»

**«Улоо мингендерди тосуп чыкпагыла. Айрымдарыңар айрымдарыңардын соодасы үстүнө соода кылбасын жана өз ара нажш кылбагыла. Шаардык адам чөлдүккө сатып бербесин»**, - деген. Бухарий риваяты. Набий ﷺ дагы мындай деди:

«لاَ تَلَقَّوُا الْجَلَبَ فَمَنْ تَلَقَّى مِنْهُ شَيْئاً فَصَاحِبُهُ بِالْخِيَارِ إِذَا أَتَى السُّوقَ»

**«Келтирилип жаткан** (мал)**дын алдын тосуп чыкпагыла. Кимде-ким андан бир нерсе алса ээси базарга келгенде ыктыяры өзүндө болот».** Ахмад риваяты. Бул жана башка хадистерди күзөтүп, терең көңүл коюп үйрөнө турган болсок, аларда шаардык адам чөлдүккө т.а. жергиликтүү отурукташкан калк көчмөн калкка сатып беришинен кайтарылганы белгилүү болот. Кыштак калкы да чөлдүктөр сыяктуу. Бул хадистерде киши өз боордошунун соодасы үстүнө – эгер бул соода аяктаган болсо – соода кылышынан да кайтарылды т.а. кишинин башкасы сатып алган товардын алдына келип, биринчи байъды бузуу үчүн сатылган бааны көтөрүп бул товарды сатып алышынан кайтарылды. Хадисте «нажш»тан кайтарылды. Ал бирер кимсе өзү кардар болбосо да товарды жакшы кылып көрсөтүп, бааны көтөрүүсү. Т.а. өзү сатып албайт деле, бирок «бул товарды сатууга чыгарып жаткандар товар ушуга арзыгандыктан бааны ушунчага көтөрдү» деп ойлоп, аны ээрчиши үчүн бааны көтөрүшөт. Натыйжада, кардар алданып калат да, товарды сатып алуу үчүн ашыкча баа төлөйт. Пайгамбарыбыз улоо мингендердин алдын тосуп чыгуудан да кайтарды. Мында шаардык адам товар алып келген чөлдүктүн алдын тосуп чыгып, ага бааны билдирип «сага мен сатып беремин» дейт, же шаардагы бааны алдап айтып, чөлдүктөрдөн товарды ага окшогон товардын баасынан арзаныраакка сатып алат, же аларга «шаарга кирүүдө чыгымыңар көбөйүп кетет» дейт, же «алып келген малыңар

касад (артка кетүү) болуп жатат же базар касад» дейт. Пайгамбарыбыз ﷺ алып келинген малдын алдын тосуп чыгуудан да кайтарды. Ал да улоо мингендердин алдын тосуп чыгуу сыяктуу.

Нахий кылынган иштер мына ушулар болуп, алардын арасында түздөн-түз далдалчылыкка тиешелүүлөрү жана байъга тиешелүү болгондору бар. Бул иштерден нахий кылып келген хадистерди терең көңүл коюу менен үйрөнө турган болсок, алардын баарында нахий ушул нахий вакиъ болушуна себеп болгон бир сыпатка (васф) каратылганы белгилүү болот. Бул сыпаттан ал нахий вакиъ болушуна себеп (баис) болгону түшүнүлөт. Ушул нерсе түшүнүлгөн сыпатка каршы амр же нахий коюлган болсо, бул амр же нахий иллеттенген болуп калат. Анткени, бул васфтын мааниси амр же нахийдин иллети болуп калат. Демек, бул васфтагы важибдик же арамдык иллетке байланыштуу болуп калат. Анткени, иллет бар болсо өкүм да бар болот, иллет жок болсо өкүм да жок болот. Демек, өкүм бар жана жоктукта иллет менен бирге жүрөт. Иллет башкасында бар болсо өкүм ушул башкага да кыяс жолу менен туура келет. Шаардык, чөлдүк, боордошунун соодасы үстүнө соода кылуу, нажш, улоо мингендердин жолун тосуп чыгуу, алынып келе жаткан малдын жолун тосуп чыгуу – булардын бардыгы нахий вакиъ болушуна себеп деп түшүнүлө турган васф. Демек, иллет – нахий болушуна себеп болгон нерсе. Т.а. өкүм ушул иллет себептүү вужудга келди. Мисалы, өкүм чөлдүккө барып байланды, себеби, бул чөлдүк адамда бааны билбестик иллети бар. Өкүм боордошунун соодасы үстүнө соода кылууга барып такалды. Себеби, ошондо баа туруктуу болот жана эки боордоштун бири-бирине ишеними болот (т.а. боордошунун соодасы үстүнө соода кылуу арам деген өкүмдүн иллети баа туруктуу болбой калышы жана эки боордоштун бири-бирине ишеними жоголушу болду). Өкүм «нажш»ка барып байланды. Себеби, «нажш»та киши товарды сатып алмакчы болбойт, тескерисинче, кардарга зыян жеткирүү үчүн бааны көтөрөт. Өкүм улоо мингендердин жана алынып келе жаткан малдын алдын тосуп чыгууга барып байланды. Себеби, мында шаар калкына бааны кымбат кылып жиберүү, мал алып келгенге арзан кылып жиберүү бар. Демек, бул соодаларда мына ушул маанилер бар болсо, алардагы соода арам болот

жана бул соодалардагы далдалчылык да арам болот. Бул маанилер бар болбосо соода да, далдалчылык да арам болбойт. Умар ибн Хаттаб ﵁ шаардык адамдын чөлдүккө сатып беришинен нахий кылуудагы иллет чөлдүк адамдын бааны билбестиги деп түшүнгөндүктөн: **«Аларга** (чөлдүктөргө) **базарды жана жолду көрсөтүп койгула. Аларга бааны билдирип койгула»**, - деди.

Демек, далдалчылык да, соода да адал. Мунун далили ачык көрүнүп турат. Эгерде нахий кылынган соода түрлөрүндө далдалчылык болуп кала турган болсо, же далдалчылыкта нахий кылууга себеп боло турган иллет бар болсо, мына ошондо гана бул түрдөгү соода арам болуп калат. Далдалчылык болгону үчүн т.а. далдалчылыктын өзү арам болбойт. Тескерисинче, ал адал болуп кала берет. Ошондуктан, далдалчылык кесиби адал болуп кала берет.

# Ижара

Ижара – бул белгилүү бир иваз-акыга кызыкчылык үстүндө түзүлгөн келишим. Ал үч түрдүү болот.

Биринчиси – нерселердин кызыкчылыктары үстүндө түзүлө турган ижара келишими. Мисалы, үй-жай, айбан, машина жана ушул сыяктууларды ижарага алуу сыяктуу.

Экинчиси – иштен келе турган кызыкчылык үстүндө түзүлө турган ижара келишими. Мисалы, кол өнөрчүлөр жана белгилүү бир ишти кылуучулар сыяктуу. Мында иштен келе турган кызыкчылык үстүндө түзүлгөн келишим болот. Мисалы, боёкчу, темирчи, жыгач уста жана ушул сыяктууларды ижарага алуу сыяктуу.

Үчүнчүсү – шахс кызыкчылыгы үстүндө түзүлө турган ижара келишими. Мисалы кызматкерлер, жумушчулар жана ушул сыяктууларды ижарага алуу сыяктуу.

Ижаранын бардык түрлөрү жайиз. Аллах Таала айтат.

﴿ وَرَفَعۡنَا بَعۡضَهُمۡ فَوۡقَ بَعۡضٖ دَرَجَٰتٖ لِّيَتَّخِذَ بَعۡضُهُم بَعۡضٗا سُخۡرِيّٗاۗ ﴾

«***Жана кээ бирлери кээ бирлерин кол астына алып*** *(иштетүү)* ***үчүн айрымдарын айрымдарынан бийик даража-мартабаларга көтөрүп койгонбуз***» [43:32]

﴿ فَإِنۡ أَرۡضَعۡنَ لَكُمۡ فَـَٔاتُوهُنَّ أُجُورَهُنَّۖ ﴾

«***Эми эгер*** *(талак кылган аялдарыңар)* ***силер үчүн*** *(бала)* ***эмизишсе*** *(т.а. өздөрүнүн силерден болгон балдарын эмизишсе),* ***ал абалда алардын ажр-акыларын бергиле!***» [65:6]

Байхакий Абу Хурайрадан риваят кылган хадисте Набий ﷺ:

«مَنِ اسْتَأْجَرَ أَجِيرًا فَلْيُعْلِمْهُ أَجْرَهُ»

«**Кимде-ким бирөөнү ижарага жалдаса, ажрын** (эмгек акысын) **маалымдап койсун**», - деген. Бухарий риваят кылышынча:

«أَنَّ النَّبِيَّ ﷺ وَالصِّدِّيقَ اسْتَأْجَرَا رَجُلاً مِنْ بَنِي الدِّيلِ هَادِيًا خِرِّيتًا»

«**Набий ﷺ жана Сиддик Бани Дийл уруусунан тажрыйбалуу бир жол баштоочу жалдашкан**».

## Жалданма жумушчу

Иштен келе турган кызыкчылык жана жеке адам келтире турган кызыкчылык негизинде түзүлгөн келишим ижарага жалданган жумушчуга тиешелүү келишим болуп эсептелет. Жалданган адам – өзүн ижарага койгон адам. Шарият адамды ал келтире турган кызыкчылык себептүү, мисалы, кызматкерлер жана аларга окшогондор сыяктуу; же анын эмгегинен келе турган кызыкчылык себептүү, мисалы, боёкчулук, инженерлик, кездемени крахмалдоо жана ушулар сыяктуу, жалдоого уруксат берди. Ижара келишими түзүлүшү үчүн, аны түзүп жаткан эки тараптын акылы толук жана жакшы-жаманды ажырата ала турган болушу шарт кылынат. Ошондуктан, жиндинин (мажнун) жана жакшы-жаманды ажырата албай турган жаш баланын (собий) ижара келишими дурус эмес. Ижара келишими дурус болушу үчүн, эки тараптын ыраазылыгы жана келишим түзүлгөн нерсе – кызыкчылык – жаңжал чыкпай турган даражада анык белгилүү болушу шарт. Жалданма жумушчунун кабардар болушу кээде мөөнөттү баян кылуу менен, кээде кызыкчылыкты белгилеп берүү менен, же талап кылынган ишти кеңири сыпаттап берүү жана жумушчунун кыла турган иши дайын болушу менен, же ал кыла турган иштин кайфияты дайын болушу менен болот. Демек, мажбур кылынган адамдын жана белгисиз кызыкчылыктын ижарасы дурус болбойт.

# Эмгек акы

Ижара акысына бериле турган мал көрүү аркылуу же аныксыздыкты көтөрө турган сыпат аркылуу белгилүү болушу шарт кылынат. Насаий Хасан رضي الله عنهдан риваят кылат: Ал бирер кишиге эмгек акыны айтпай туруп ишке жалдоону макрух көрөт эле. Бирок, соода малынын баасында кыймат шарт кылынбагандай эле ижарада да кыймат шарт кылынбайт. Кыймат менен баанын ортосундагы айырма мындай, кыймат – нерсенин малиявий өлчөмүнө туура келе турган жана кыймат белгилөөчүлөрдүн белгилөөсү боюнча ага тең келе турган нерсе. Баа болсо – кыйматка ылайык же ашыгыраак, же азыраак көрүнүштө эки тарап ыраазы болгон нерсе. Жалданма жумушчунун эмгек акысы иштин кыйматы болушу шарт кылынбайт. Себеби, кыймат ижарада бадал болбойт. Демек, эмгек акы жумшалган эмгектин кыйматынан ашыгыраак жана азыраак болушу жайиз. Мисалы, бир киши белгилүү бир эмгек акыга бир бөлүк алтын же күмүштөн белгилүү бир форманы куюп берүүгө бирөөнү жалдашы жайиз. Себеби, ал белгилүү бир ишке жалдады. Эмгек акы менен ал эмгек кыла турган күмүш же алтын вазнда тең болушу шарт кылынбайт. Себеби, ага эмгек акыдан шарт кылынган нерсе кылган эмгектин мукабылына болуп, эмгектин ордуна (т.а. эмгек кылынып жаткан нерсенин) мукабылына эмес. Эмгек акы менен ал кылып жаткан эмгек ордунун эч кандай алакасы жок. Акча жана ага окшогон байъда бадал болууга жараган нерсе ижарада да бадал болууга жарайт. Т.а. баа болууга жараган нерсе эмгек акы болууга да жарайт. Байъда баа болууга жарабаган нерсенин ижарада баа болушу жайиз. Мисалы: Айбанды кайсы бир үйдө бир жыл жашоо мукабылына байъ кылуу жайиз эмес (т.а. «айбаныңдын акысына бул үйдө бир жыл жаша» деп, соода кылуу болбойт. Котормочудан). Бирок, үйдө жашоо мукабылына бир бакты ижарага берүү дурус боло берет. Себеби, байъ малды малга айырбаштоо болуп, малды кызыкчылыкка айырбаштоо байъ деп этибар кылынбайт. Ижарада болсо мунун тескериси. Ал иваз мукабылында кызыкчылыкка болгон келишим. Бул иваз мал (акча) болушу шарт эмес, тескерисинче, кызыкчылык да болушу мүмкүн.

# Эмгек акыны белгилөө

Ижарага «бир нерсенин ивазына кызыкчылык негизинде түзүлгөн келишим» деп аныктама берилген. Бул келишим үч түрдүү болот:

Биринчиси: Нерселер кызыкчылыгы үстүндө түзүлгөн келишим. Мисалы, үй-жай, айбан, ат-улоо, машина жана ушул сыяктууларды ижарага алуу. Мында келишим нерсенин кызыкчылыгы (нерседен пайдалануу) үстүндө түзүлөт.

Экинчиси: Эмгектер үстүндө түзүлгөн келишим. Мисалы, боёкчу, инженер, куруучу жана ушул сыяктуу. Мында келишим эмгектин кызыкчылыгы үстүнө курулган болот.

Үчүнчүсү: Жеке адамдар келтире турган кызыкчылык үстүндө түзүлө турган келишим. Мисалы, кызматкерлер, жумушчулар жана ушулар сыяктуу. Мында келишим адамдын күчүнөн пайдалануу үстүндө түзүлөт.

Бул үч түрдүн ар биринде келишим түзүлө турган нерсе – кызыкчылык. Айтып белгилеп коюла турган мал болсо, ушул кызыкчылык мукабылына бериле турган нерсе. Демек, эмгек акыны белгилөөдө таянылa турган негиз – ошол нерсе же эмгек, же адам келтире турган кызыкчылык. Эмгек акы эмгекке карата эмгек кылына турган нерсенин кыйматы да жана анын баасы да эмес. Жалданма жумушчуга карата ал иштеп чыгарган продукция да эмес. О.э. жалданма жумушчунун муктаждыгын толук кандыруу да эмес. О.э. эмгек акыны белгилөөгө турмуш даражасынын жогору же төмөн экендигинин тиешеси жок. Демек, эмгек акыны белгилөөдө нерсенин кыйматына же баасына, же жумушчу иштеп чыгарган продукцияга жана анын муктаждыгын толук кандырууга каралбайт. Эмгек акыны белгилөөгө турмуш даражасынын жогору же төмөн экендигинин да тиешеси жок. Балким, аны белгилөөдө болгону бир гана нерсеге т.а. кызыкчылыкка каралат. Себеби, эмгек акы – бул бир нерсе ивазына кызыкчылык негизинде түзүлгөн келишим. Ошондуктан, эмгек акы ижара келишимине негиз болгон кызыкчылыкка карай белгиленет. Эмгек акынын көлөмү жөнүндө келишпөөчүлүк пайда болгон убакта, эмгек акы баййина (анык далил) жана хужжат менен белгиленбейт. Себеби, буга далилдөөнүн тиешеси жок. Анткени, бул жерде эмгек акыны далилдөө эмес,

тескерисинче, анын көлөмүн билүү көздөлүүдө. Балким, эмгек акыны – жалдоо келишими түзүлүшүнө негиз болгон кызыкчылык жөнүндө жана бул кызыкчылык ивазына бериле турган нерсенин көлөмү жөнүндө – билими жана тажрыйбасы бар кишилер белгилейт.

Бул эмгек акынын негизи жагынан ушундай, же башкача айтканда, бул эмгек акыны белгилөөгө негиз (асас) болгон бирдик. Ал эми эмгек акылардагы айырмаларга келсек, ал жеке адамдардагы, бир иштеги, ар түрдүү эмгектердеги, заман жана мекендеги айырмалануулара карай бири-биринен айырмаланат (тафавут). Себеби, өздөрүнүн кызыкчылыктары негизинде келишим түзүлгөн жумушчулардын эмгек акылары алардын жумшап жаткан күч жана эмгектерине карай ар түрдүү болот. Ошол себептен улам, күчтүү адамдын эмгек акысы баланча, алсыз адамдын эмгек акысы баланча деп, же баланча саат эмгекке баланча эмгек акы деп белгиленет. Иш сааттарынын аз же көптүгүнө карай эмгек акы да аз же көп кылып белгиленет ж.б. Эмгек кызыкчылыгы негизинде түзүлгөн ижара келишиминде көрсөтүлгөн бир иш үчүн эмгек акы белгилүү бир көлөм менен белгиленет жана ушул ишти кыла турган жеке адамдар ортосунда алардын бул ишти канчалык жакшы кылууларына карай ар түрдүү болот. Мисалы, инженерлер сыяктуу. Ошол себептен улам, баланча инженерге баланча эмгек акы берилет. Инженерлердин эмгек акысы алардын бул ишти канчалык жакшы кылышына карай ар түрдүү болот. О.э. түрдүү иштер үчүн төлөнө турган эмгек акы ушул иштерди кыла турган жеке адамдарды жалдоо маалында бул иштерден көздөлгөн кызыкчылыкка карай белгиленет. Эмгектер үчүн төлөнө турган эмгек акы коомдун назарындагы бул эмгектердин кызыкчылыгына карай ар түрдүү болот. Ошондуктан, инженердин эмгек акысы баланча, куруучунун эмгек акысы баланча болот ж.б. Бир заманда жеке адамдарга, бир ишке жана ар түрдүү эмгектерге төлөнө турган эмгек акы башка заманда башкача болот. Мисалы, түнкүсүн иштеген жумушчуга ушул ишти күндүзү кылган жумушчуга караганда көбүрөөк эмгек акы берилет. О.э. бир мекенде жеке адамдарга бир ишке жана ар түрдүү эмгектерге төлөнө турган эмгек акы башка мекенде башкача болот. Мисалы, чөлдө иштеген жумушчуга ушул ишти шаарда кылган жумушчуга караганда

көбүрөөк эмгек акы берилет ж.б.. Эмгек акыны бир саат, бир күн, бир ай же бир жыл сыяктуу белгилүү бир убакытка белгилөө жайиз.

# Эмгек акынын көлөмү

Эмгек акы эки түрдүү болот: Айтып, белгилеп коюлган эмгек акы жана ажр мисл.

Айтып, белгилеп коюлган эмгек акы – бул анык дайындап коюлган эмгек акы. Белгилүү бир вазыйпадагы кызматкер, же белгилүү бир ишканада иштеген адамдардын ала турган эмгек акылары белгиленген эмгек акы түркүмүнөн. Ошондуктан, бирер жумушчу же кызматкер кызматка алынса жана алардын эмгек акылары белгиленген болсо, мына ушул белгиленген эмгек акы болот. Белгиленбеген болсо каралат, эгер акы белгилүү болсо ошол акы берилет жана ал белгиленген эмгек акы деп этибар кылынат. Эгерде акы белгилүү болбосо жумушчуга ажр мисл берилет.

Ажр мисл (иш менен жумушчунун, же жумушчунун ажр мисли) – ушундай ишке же жумушчуга башка адамдар канча акы төлөсө ошого салыштырып акы төлөө болуп, ал билими жана тажрыйбасы бар киши тарабынан белгилениши керек. Билими бар киши ажр мислди төмөнкү үч шартка ылайык белгилейт:

Эгерде кызыкчылык үстүндө келишим түзүлгөн болсо, кызыкчылыгы ишке жалданган жумушчунун кызыкчылыгына барабар боло турган нерсеге карай белгиленет.

Эгерде кылып бериле турган иш тууралуу келишим түзүлгөн болсо, анда ушундай ишке жана жумушчуга салыштырып белгиленет.

Жалдоо заманы жана мекенине каралат. Себеби, эмгек акы кызыкчылык, эмгек, заман жана мекен түрдүү болушуна карай ар түрдүү болот.

Ажр мисл тажрыйбалуу кишилердин билимине байланыштуу. Ошондуктан, даабагердин далилдеши жайиз эмес. Тескерисинче, ажр мислди ниети түз тажрыйбалуу кишилер белгилейт. Мындай кишилерди даабалашып жаткан эки тарап өз ара келишип алып шайлашат. Келише алышпаса, мындай кишилерди аким дайындайт.

# Эмгек акыны берүү

Эмгек акыны тез берүү да жана кийинчерээк берүү да жайиз. Эгер келишим түзгөн эки тарап эмгек акыны тез арада же кийинчерээк берүү шартына келишишкен болсо, ушул шартка амал кылынат. Расулуллах ﷺ:

«اَلْمُسْلِمُونَ عِنْدَ شُرُوطِهِمْ»

**«Мусулмандар шарттарында турушат»**, - деген. Бухарий риваяты. Демек, эмгек акыны тез арада же кийин берүү туурасында эки тарап келишкен бардык шарттар эсепке алынат жана аларга амал кылынат. Ал эми бул жаатта эч нерсени келишпеген болсо, мында каралат. Эгерде эмгек акы айлык же жылдык сыяктуу белгилүү бир убакта бериле турган болсо, ошол убакыт өтүшү менен эмгек акыны толук берүү керек. Мисалы, айлык болсо ай бүтүшү менен, жылдык болсо жылдын соңунда берилет. Ал эми кийим тигүү, же кудук казуу, же автомашина оңдоо, же ушул сыяктуу иштерге жалдаса, иш бүтөрү менен эмгек акыны толук берүү керек болот. Эмгек акыны иш, жумушчу, аралык, заман жана мекендеги эки же үч көрүнүшкө карай берүү жайиз. Мында эмгек акыны амалда көрүнгөн көрүнүшкө карай берүү керек болот. Мисалы, эгер тигүүчүгө тегиз тиксең баланча, жаман тиксең баланча беремин десе, ушул эки көрүнүштүн кайсы бирин кылса, ошонун акысын берет.

# Жалданма жумушчунун түрлөрү

Жалданма жумушчу эки түрдүү болот: Хос жалданма жумушчу жана муштарак жалданма жумушчу.

Хос жумушчу – бул белгилүү бир кишинин же көбүрөөк кишинин колунда убактылуу иш кыла турган жумушчу. Т.а. ал жалдаган адамдын колунда гана иштейт, ижара мөөнөтү убагында башка адамдын колунда иштешине тыюу салынат. Мисалы, бир же көп адам бир ашпозду өздөрүнө гана тамак бышырып берүүгө белгилүү бир убакытка жалдаса, бул ашпоз хос жумушчу болуп эсептелет.

Муштарак жумушчу – убактылуу же убактылуу болбогон бир ишти кылып бере турган жумушчу болуп, мында жалдаган адамдын хос өзүнүн ишин гана кылышы шарт кылынбайт. Тескерисинче, ал башканын ишин да кылышы жайиз. Мисалы, төшөк каптоо үчүн бир кишини башканын төшөгүн каптабастыкты шарт кылбай жалдасаңыз, ал муштарак жумушчу болот. Сиздин үйүңүздө каптап береби, же өзүнүн үйүндөбү, айырмасы жок. Каптоо мөөнөтүн дайын кылдыңызбы же жокпу, мунун да айырмасы жок.

Хос жумушчу өзүнө тапшырылган ишти кылууга мүмкүнчүлүк берилиши менен ишти аткаруу мөөнөтүндө өзүн тапшырган убактан баштап (макул, ишти аткарамын деген убакта) эмгек акыны алууга акылуу болот. Ишти аткардыбы, жокпу, мунун айырмасы жок. Себеби, анын эмгек акыны алууга акылуу болушу ишке эмес, мөөнөткө карай болот. Ошондуктан, ижара мөөнөтү убагында жалдаган адамдан башканын ишин кылуусу жайиз эмес. Эми эгер башка адамдын ишин да кылып бере турган болсо иштеген көлөмүндө эмгек акыдан азайтылбайт. Муштарак жумушчу болсо кылган ишине карай эмгек акыга акылуу болот. Мисалы, тигүүчү, жыгач уста, боёкчу, деңизчи жана башкалар сыяктуу. Анын эмгек акыны алууга акылуу болушу мөөнөткө карай эмес, ишке карай болот. Хос жумушчунун ижара мөөнөтү келишимде же дайындалган же дайындалбаган болот. Эгер дайындалбаган болсо мөөнөттү анык билбегени үчүн келишим бузулат. Келишим түзгөн эки тараптын ар бири каалаган убакта келишимди бузушу мүмкүн. Мында жалданма жумушчуга кызмат кылган мөөнөтү үчүн ажри мисл болот. Эгер мөөнөт келишимде дайындалган болсо жана

ишке жалдаган адам – жумушчуда ишке болгон жөндөмүн жоготуу же оору сыяктуу келишимди бузууну талап кыла турган бирер себеп жана айып болбосо да – мөөнөттүн аягына жетпей туруп келишимди буза турган болсо, мында ишке жалдаган адам жумушчуга эмгек акыны мөөнөт бүткөнгө чейин бериши керек. Жумушчу кызматкер болобу же дыйканбы, же башкабы, айырмасы жок. Ал эми ижара келишимин жумушчуда келишимди бузууну талап кыла турган бирер үзүр же айып болгону үчүн буза турган болсо, мындай абалда эмгек акы бериши зарыл эмес. Болгону келишим бузулган убакытка чейин кылган эмгегинин акысын гана берет.

# Исламда жумушчулар проблемасы болбойт

Капиталисттик экономикалык түзүм Батыш дүйнөсүнө колдонулду. Коммунисттик партия өкүмдарлыгы орнотулушунан мурун Россияга да колдонулган эле. Капитализм мабдасы негиздеринин бири – бул мүлк эркиндиги. Мунун натыйжасында ишке жалдоочу кимселердин эзүүсү, жумушчуларды эксплуатация кылышы жүзөгө чыкты. Эки тараптын ыраазылыгы жана аларда өкүм сүргөн «контракт теориясы» себептүү ушундай болду. Ишке жалдоочу кимселер жалданган жумушчуларды эзип иштетишти, зулум өткөрүштү, алардын маңдай теринен жана күчүнөн тегинкордук менен пайдаланышты. Жумушчуга карата ынсап кылууга чакырган социализм идеясы болсо ишке жалдоо келишимин муалажа кылуу негизинде эмес, тескерисинче, жумушчулар проблемаларын муалажа кылуу негизинде пайда болду. Ошондуктан, социализм жумушчуга ынсап кылууга тиешелүү иш убактысын чектеп коюу, жумушчунун эмгек акысын, анын дем алуусун кепилдөө жана башкалар жөнүндөгү чечимдерди алып келди. Ошондон кийин «контракт назариясы» жемирилди, анын проблемаларды чечүүгө жараксыз экендиги көрүнүп калды. Натыйжада, Батыш мыйзамтаануучулары бул назарияга болгон көз караштарын өзгөртүүгө мажбур болушту. Себеби, бул назариянын проблемалар каршысында туруштук бере алышын камсыздоо зарылдыгы туулган эле. Ошол себептен улам, алар өздөрүнүн бул тамтыгы чыккан назариясын «жамоо» үчүн өзгөртүүлөрдү киргизишти. Мисалы, эмгек келишимине жумушчуларды коргоо, аларга жыйын өткөрүү укугу, профсоюздук уюмдарды түзүү укугу, иш таштоо укугу сыяктуу мурун болбогон акы-укуктарды берүү, пенсия, сыйлыктар, компенсация жана башкаларды берүү максат кылынган эрежелер жана нормалар киргизилди. Акыйкатта болсо «контракт назариясы» мындай акы-укуктарга жол бербейт эле. Бирок, капиталисттер – социалисттик пикирлер жумушчулар ортосунда пайда кылган – жумушчулар проблемаларын чечүү үчүн бул назарияны бурмалоого мажбур болушту. Социализм назариясы дүйнөгө келип, жеке менчик мүлкчүлүккө тыюу салды жана жумушчуга ал муктаж боло турган нерселерди толук бере турган болду. Социализм жана

анын кийинки баскычы болуп эсептелген коммунизм мабдасы менен капитализм мабдасы ортосунда мүлкчүлүккө жана жалданма жумушчуга болгон көз караштар бири-бирине тескери болгону себептүү, аларда жумушчулар проблемасы пайда болду жана бул эки мабданын ар бири өздөрүнүн турмушка болгон көз караштары пайда кылган мына ушул проблеманы чечүү туурасында өзүнө таандык өзгөчө жол тута баштады.

Исламда болсо жумушчулар проблемасы деген нерсе болбойт. Анткени, исламий үммөт жумушчулар табы жана капиталисттер табы, же дыйкандар жана жер ээлери табы сыяктуу таптарга бөлүнбөйт. Бүтүндөй маселе жалданма жумушчуга тиешелүү болот. Адистер жана усталар сыяктуу ишке жалдануу болобу, же башка жалданма жумушчулар сыяктуу болгону күчүнөн пайдалануу үчүн жалдоо болобу, жеке адамдар, же жамааттар колунда, же мамлекетке жалданып иштөө болобу, хос жалданма жумушчу же муштарак жалданма жумушчу болобу, эч айырмасыз, булардын бардыгы жалданма жумушчу болуп эсептелишет. Мындай жумушчуга тиешелүү өкүмдөр анык баян кылынган. Мисалы, белгилүү бир эмгек акыга келишилген болсо, жалданма жумушчулар ижара мөөнөтү убагында ушул эмгек акыга акылуу болушат. Алар ижара мөөнөтү бүткөндөн кийин өздөрүн жалдаган кишиден бөлүнүп кетиши мүмкүн. Ал менен келише албай калса, мында ажр мислди белгилөө үчүн билими жана тажрыйбасы бар кишилерге кайрылышат. Мындай билимдүү кишилерди эки тараптын өзү тандайт. Эки тарап тандоодо келише албай калса аким тандайт жана мына ушул билимдүү, тажрыйбалуу кишилер айткан нерсени эки тарапка мажбурий түрдө жүктөйт. Ал эми аким тарабынан белгилүү бир эмгек акыны белгилеп коюу – товарларга бааны белгилеп коюу жайиз болбогону сыяктуу эле – жайиз болбойт. Себеби, эмгек акы кызыкчылык баасы болуп эсептелет. Баа болсо товардын баасы. Товардын баасын базар табигый жол менен белгилегендей эле, жалданма жумушчулар кызыкчылыктары базарында да бул кызыкчылыктарды жумушчуларга болгон муктаждык белгилейт. Бирок, мамлекет жумушчуларга жумушчу орундарды даярдап бериши керек:

«الإِمَامُ رَاعٍ وَهُوَ مَسْؤُولٌ عَنْ رَعِيَّتِهِ»

**«Имам – жетекчи жана ал раиятынан жоопкер».** Бухарий риваяты. Мамлекеттин мойнундагы дагы бир милдет – иш ээлеринин жумушчуларга кыла турган зулумун жок кылуу. Себеби, зулумду жок кылууга кудуреттүү болуп туруп ага унчукпай карап тура берүү арам жана чоң күнөө. Мамлекет эгер кайдыгерлик кылып зулумду жок кылбаса, же өзү жалданма жумушчуларга зулум кылса, бул үчүн мамлекетти мухасаба кылуу жана зулумду жок кылууга аракет кылуу бүтүндөй үммөткө важиб болуп калат. Махкаматул мазолим бул зулумду карап чыгышы жана аны мазлумдардан алып ташташы керек. Мекеменин бул жааттагы буйругу аким жана мамлекетке өтөт. Себеби, зулумду жоготууга аракет кылуу зулум көргөн жалданма жумушчулардын гана милдети эмес. Бүгүнкү күндө күзөтүлүп жаткан абал мындай, проблемаларды чечип, зулумду жоготуу үчүн болгону жумушчулардын өздөрү гана иш таштоолор жана демонстрациялар аркылуу аракет кылышууда. Бирок айтып өткөнүбүздөй, бул жумушчулардын гана милдети эмес. Себеби, жарандын ар кандай мүчөсүнө кылына турган зулум жана мамлекеттин ар кайсы жарандардын иштерин башкаруу туурасындагы кайдыгерлиги бүтүндөй үммөт иштерин башкарууга тиешелүү болгон иш. Мейли, бир же бир нече адам зулум көргөн күндө да, бул бүтүндөй үммөттүн иштерин башкарууга тиешелүү иш болот. Себеби, бул жерде сөз бир шаръий өкүмдүн аткарылышы жөнүндө болуп жатат. Ошондуктан, бул иш, мейли белгилүү бир жамаатка вакиъ болгон күндө да, белгилүү бир топтун өзүнө гана тиешелүү болбойт.

Ал эми, жумушчулар жана алардын үй-бүлөсүнүн саламаттыгын камсыздоо, ишке жараксыз болуп калган жана карыган убакта аларды нафака менен камсыздоо, перзенттеринин таалим алышын камсыздоо жана ушул сыяктуу камсыздоолорго токтоло турган болсок, бул маселелер жөнүндө Исламда жалданма жумушчу жана жумушчулар жөнүндөгү талкууда талкуу кылынбайт. Себеби, булар ишке жалдоочу кишинин эмес, тескерисинче, мамлекеттин милдети болуп эсептелет. Мындай комсыздоолорго жумушчулар эле эмес, балким, иштөө жөндөмүн жоготкон ар бир жаран акылуу.

Ошондуктан, мамлекет бардыгын акысыз медициналык кызмат жана таалим менен камсыздайт, иштөө жөндөмүн жоготкон кишини – ал мейли жумушчу болсун же башка болсун – нафака менен камсыздайт. Себеби, бул байтулмалга жана бардык мусулмандарга фарз болгон иштер түркүмүнөн.

Демек, Исламда жумушчулар проблемасы болбойт. Үммөт арасында бир жамааттын же бир топтун өзүнө гана хос болгон проблема да болбойт. Себеби, айтып өткөнүбүздөй, бардык проблема раийят иштерин камкордук менен башкарууга тиешелүү болуп, мамлекет бул проблемаларды чечүү жаатында жоопкер. Үммөт болсо проблеманы чечүү жана зулумду жоготуу үчүн бул жаатта мамлекетти мухасаба кылат. Демек, башына проблема же зулум түшкөн кишинин өзү гана жоопкер болбойт.

# Нерселерди ижарага алуу

Келишим үй-жай, айбан, машина жана ушул сыяктууларды ижарага алуу сыяктуу нерселер келтире турган кызыкчылык үстүндө түзүлгөн болсо, мында келишимдин негизи – нерсе келтире турган кызыкчылык болот. Ошондуктан, ажр мислди белгилөө ижарага алынган нерсенин кызыкчылыгына кызыкчылыгы тең келе турган нерсеге кароону талап кылат. Качан нерсе ижарага алынса, ижарага алган адам ушул нерсенин кызыкчылыгына (андан толук пайдалануу укугуна) ээ болот. Мисалы, үй-жайды ижарага алса, анда жашашы мүмкүн, же улоо, машинаны ижарага алса, миниши мүмкүн. Ижарага алган адам ижарага алган нерсе өз колуна өткөндөн кийин, аны канчага ижарага алган болсо, ошончо баада, же ашыгыраак, же кемирээк баада ижарага бериши да мүмкүн. Себеби, колуна нерсенин өтүшү кызыкчылыкка ээ болуу даражасында турат. Мунун далили мындай, бул нерсени тасарруф кылышы жайиз болот, демек, анын үстүндө келишим түзүшү да жайиз болот. Себеби, ал белгилүү бир каражат менен жайиз боло турган келишим. Демек, көбүрөөк же азыраак баа менен жайиз болот. Бирок, нерсени бир кызыкчылык үчүн ижарага алган болсо, андан ошол кызыкчылык көлөмүнчө жана зыяны азыраак кызыкчылык көлөмүнчө пайдалана алат, мындан көбүрөөк пайдаланууга акысы жок. Себеби, акылуу болгонго караганда көбүрөөк же акылуу болгонго караганда башкачараак пайдаланышы жайиз болбойт. Мисалы, минүү үчүн бир улоону ижарага алгон болсо, анын үстүнө жүк жүктөшү жайиз эмес. Себеби, минген адам жүккө караганда жеңилирээк болот. Автомашинаны баланча аралыкка баруу үчүн ижарага алган болсо, аны мындан көбүрөөк аралыкка минип баруусу жайиз болбойт. Үй-жайды жашоо үчүн ижарага алган болсо, аны жыгач, же темир, же ушул сыяктуу нерселер сатыла турган магазинге айландырууга акысы жок. Себеби, жашаганга караганда мунун зыяны көбүрөөк. Кыскасы, келишим бирер иваз мукабылына нерсе негизинде түзүлсө – байъ болот; бирер иваз мукабылына нерсенин кызыкчылыгы (нерседен пайдалануу) негизинде түзүлсө – ижара болот. Демек, келишим нерсенин өзү негизинде түзүлүшү мүмкүн. Мисалы, бышкан мөмөсү бар

даракты мөмөсүн сатпай дарагын гана сатуу сыяктуу. Келишим нерсе о.э. ал келтире турган кызыкчылык негизинде түзүлүшү да мүмкүн. Мисалы үй-жайды сатуу сыяктуу. Келишим мөмөнүн бир өзү негизинде гана түзүлүшү да мүмкүн. Мисалы, бышкандыгы көрүнүп калган мөмөнү сатуу сыяктуу. Келишим нерсе болуп калыптанбаган кызыкчылык негизинде түзүлүшү да мүмкүн. Мисалы, үй-жайда жашоо сыяктуу. Нерсе болуп эсептелбей турган кызыкчылык негизинде келишим түзүлсө байъ эмес, ижара болот. Нерсени сатып алган адам ага ээлик кылганы сыяктуу эле жана анда башка тасарруфтарды жүргүзгөнү сыяктуу эле ижарага алган адам да ижарага алуу аркылуу ээ болгон кызыкчылыкка ээ болот жана анда башка тасарруфтарды да жүргүзүшү мүмкүн. Дарак мөмөсүн бышкан убакта сатып алган адам аны дарагында турган бойдон сатып жибериши мүмкүн болгону сыяктуу эле, нерсени ижарага алган кишинин да аны ижарага коюшу жайиз. Себеби, мөмөнү сатып алган ошол адам бул мөмөгө ээлик кылганы сыяктуу эле нерсени ижарага алган адам да ушул нерсенин кызыкчылыгына ээлик кылат. Демек, ижарага алган адамдын – ижарага алган нерсеси колуна өтүшү менен – өзү да аны ижарага коюшу жайиз. Себеби, ижарага алган убакта колуна нерсенин өтүшү кызыкчылыктарга ээ болуу даражасында турат. Мунун далили мындай, бул кызыкчылыктарды тасарруф кылышы жайиз болот, демек, кудум дарактагы мөмөнү сатуу сыяктуу бул кызыкчылыктар үстүндө келишим түзүшү да жайиз болот. Ошондуктан, качан нерсе ижарага алынса жана анын кызыкчылыгы колго өтсө, ижарага алган адам бул нерсенин кызыкчылыгында бардык шаръий тасарруфтарды жүргүзүү укугуна ээ болот. Себеби, кызыкчылык – анын мүлкү. Ошондуктан, аны – баа канча болбосун – өзү макул көргөн баада ижарага бериши мүмкүн. Мисалы, аны элүүгө ижарага алып, беш жүзгө ижарага бериши жайиз. Себеби, ал кызыкчылыкка ээлик кылганы сыяктуу эле, аны ижарага алган баада эмес, өзү макул көргөн баада ижарага берүүгө да укугу бар. Демек, магазиндер, үй-жайлар жана башкаларды «хулв» кылуу (биринчи ижарага алган кишиге андан ижарага алган экинчи киши үй же дүкөндүн белгиленген ижара баасынан ашыкча белгилүү бир каражатты бериши) жайиз болуп, мунун зыяны жок. Себеби, үй же дүкөндү ижарага алган адам аны

башкага белгиленген ижара акы көлөмүндө жана андан ашык каражат көлөмүндө ижарага бере алат. Бул ижарага алган нерсени ижара акысынан ашыкча каражат көлөмүндө ижарага берүү болуп, жайиз иш. Себеби, дүкөндү ижарага алган адамдын аны өзү төлөй турган ижара баасынан ашыгына же кемине ижарага бериши жайиз. Себеби, ал белгилүү бир каражат менен жайиз боло турган келишим болгону үчүн, демек, кудум соода малына ээ болгондон кийин пайдасына сатканы сыяктуу эле, ашыгы менен ижарага бериши да жайиз.

Эми, келишим мөөнөтү бүткөн убакта ижарага алынган нерсени ээсине тапшыруу важиб болобу же жокпу? - деген маселе калды.

Буга жооп мындай, эгер ижарага алган нерсе өзүнүн кол астында болсо, ижарага берген адамга кайтарышы важиб. Буга Ахмад Самурадан риваят кылган төмөнкү хадис далил болот. Набий ﷺ:

«عَلَى الْيَدِ مَا أَخَذَتْ حَتَّى تُؤَدِّيَهُ»

**«Колдун мойнуна алган нерсеси тээ аны өтөмөйүнчө** (кайтарып бермейинче) **тура берет»**, - деген. Ал эми ижарага алган нерсеси өзүнүн кол астында болбосо, мында каралат. Эгер андан госб кылынган (тартып алынган) болсо, госибдин (тартып алган кимсенин) ижарага алынган нерсени ижарага алган кишиге эмес, ээсине кайтарышы важиб. Себеби, госиб нерсени кайтарып берүүгө буйрулган. Ахмад Саиб ибн Язидден, ал атасынан риваят кылат: Расулуллах ﷺ:

«لاَ يَأْخُذَنَّ أَحَدُكُمْ مَتَاعَ صَاحِبِهِ جَادًّا وَلاَ لاَعِباً، وَإِذَا أَخَذَ أَحَدُكُمْ عَصَا صَاحِبِهِ فَلْيَرُدَّهَا عَلَيْهِ»

**«Досуңардын матасын олуттуу түрдө да, тамашалашып да эч качан албагыла. Кимиңер досуңардын таягын алсаңар, ага кайтарып бергиле»**, - деген. Бул умумий. Нерсени ээсинен алдыбы же башкасынанбы, мунун айырмасы жок. Ал эми ижарага алган нерсени башкага ариятка же ижарага берген болсо, мында өзү менен мүлк ээси ортосундагы келишим аяктагандан кийин ижарага алган нерсесин ээсине тапшырышы важиб болот. Буга

«عَلَى الْيَدِ مَا أَخَذَتْ حَتَّى تُؤَدِّيَهُ»

«**Колдун мойнуна алган нерсеси тээ аны өтөмөйүнчө** (кайтарып бермейинче) **тура берет»**, - деген хадистин умумийлиги далил болот. Ижарада да жана башкасында да госб туурасында келгендей, муну мустасна кыла турган башка бирер насс келбеген. Ошондуктан, ал Пайгамбарыбыздын: «**…тээ аны өтөмөйүнчө**…» деген сөзүндөгү умумийлиги бойдон кала берет. «Бул хадис нерсени ижарага алган экинчи кишини да өз ичине алат. Себеби, анын колу да нерсени алган. Демек, ал өз колу менен кайтарып бериши керек. Демек, кайтарып бериши важиб болгон киши ал болот», - деп айтылбайт. Себеби, бул хадис мейли экинчи ижарага алган кишиге туура келсе да, бирок, ал ижарага алынган нерсени ээсине кайтаруу важибдигин биринчи ижарага алган кишиден сакыт кылбайт. Ошондуктан, биринчи ижарага алган кишинин нерсени ээсине кайтарышы важиб. Экинчи ижарага алган киши болсо биринчи ижарага алган адамга кайтарышы керек. Кайтарып берүүнүн биринчи ижарага алган кишиге важиб экендиги экинчи ижарага алган кишиден бул важибди сакыт кылбагандай эле, экинчи ижарага алган кишиге мунун важиб болушу да биринчи ижарага алган кишиден бул важибди сакыт кылбайт. Бирок, нерсенин ээси аны өзү кимге ижарага берген жана тапшырган болсо ошондон (т.а. ижарага алган биринчи кишиден) кабыл кылып алат. Ошондуктан, бир адам үйдү башкага ижарага берген болсо, андан кийин ижарага алган адам да башкасына ашыгыраак баада ижарага берген болсо, ал абалда эгер ижарага алган биринчи кишинин ижара мөөнөтү аяктаган болсо, келишим аяктайт жана анын үйдү ээсине тапшырышы керек болот. Болгону, эгер үй ээси аны менен дагы жаңыдан келишим түзсө, үй мейли кол астында болбосо да, анын ээлиги астында кала берет. Же эгер ээси ижарага алган экинчи киши менен келишим түзсө жана үй өзүнө тапшырылды деп эсептесе, мында биринчи ижарага алган адам үйдү тапшыруудан кутулат жана үйдү ээсине тапшырган болуп эсептелет. Эми үй ээси экинчи ижарага алган киши менен мамиле кыла турган болот.

# Жашоо үчүн үйлөрдү ижарага алуу

Ким жашоо үчүн үйдү ижарага алса, өзү жашашы же өзү каалаган башка бирөөнү – эгер өзүнүн орунбасары болсо – жашоо үчүн жайгаштыруусу да мүмкүн. Себеби, келишим түзүлгөн нерседен анын өзү жана орунбасары пайдаланышы мүмкүн. Ал жашоо үчүн жайгаштыра турган киши келишим түзүлгөн үйдөн пайдаланууда анын орунбасары болот. Сатып алган малды кобз кылууда бирөөнү өкүл кылышы жайиз болгону сыяктуу эле, бул да жайиз. Ал үйдө адатта жашоочу кыла турган иштерди кылышы: жабдышы, эмерек алып кириши, тамак даярдашы жана башкаларды кылышы мүмкүн. Бирок, ал өзү ижарага алган үйгө өзүнүн бул мүлккө болгон зарарына караганда катуураак зарары боло турган кишини жашоо үчүн жайгаштырууга акысы жок. Мисалы, өзү кездеме крахмалдоочу же темирчи болбосо, анда кездеме крахмалдоочу жана темирчи сыяктуу үйгө зарар келтире турган кишилерди жайгаштырбайт. Себеби, мында үйгө зыян жетет. Бул келишим түзүлүүгө негиз болгон кызыкчылыкка караганда көбүрөөк пайдалануу болуп калат. Себеби, келишим ушундай үйдүн белгилүү бир кызыкчылыгы негизинде түзүлгөн болгондуктан, демек, ижара келишимине негиз болгон мына ушул кызыкчылыкка караганда көбүрөөк кызыкчылык алышы жайиз болбойт.

Үйдү жашоо үчүн ижарага алууда «жашоо үчүн» деп айтуунун зарылдыгы жок. Балким, келишимдин мутлак болушу жайиз. Ошондуктан, жашоо үчүн деп айтууга жана сыпатын (кандай жашашын) айтууга зарылдык жок. Себеби, үй адатта жашоо үчүн гана берилет. Демек, аны айтып отуруунун зарылдыгы жок. Кала берсе, жашоодо тафавут аз болот. Ошондуктан, аны аныктап алууга зарылдык жок. Ижарага алган адам үйдү башка бирөөгө өзү ижарага алган мөөнөттө ижарага бериши да мүмкүн. Ижара мөөнөтү келишимде көрсөтүлүшө карай ар түрдүү болот. Мисалы, ижара ар айга белгилүү бир нерсе менен болсо, эки тарап аны буза албайт. Болгону, ар бир ай бүткөн убакта бузушу мүмкүн. Бирок, биринчи айда ижара келишим мутлактыгы себептүү ылазым (б.а. мажбурлуу түрдө аткаруу керек) болот. Себеби, ал белгилүү болуп, келишимге кошулат жана белгилүү бир акы

төлөшү керек болот. Кийинки айларда болсо келишимге амал кылуу үйдө жашоо менен ылазым болот. Эгер жашаса үйгө кирүү менен келишим дайын болот жана биринчи келишим боюнча туура боло берет. Эгер «сага үйүмдү жыйырма айга ижарага бердим, ар айга баланча бересиң» деп айтса жайиз. Себеби, мөөнөт да, төлөнө турган акы да белгилүү. Эки тараптын эч бири келишимди буза албайт. Себеби, ал бир мөөнөт. Ошондуктан, эгер үйдү бир жыл мөөнөткө ижарага алса, андан кийин жыл аяктабай туруп келишимди бузуу оюна келсе, акыны толук төлөшү керек болот.

Бирөө үйүн ижарага берсе, ижарага алган адамга толук пайдалануу мүмкүнчүлүгүн жаратып бериши керек. Мисалы, үйдүн ачкычтарын тапшыруу, мончого таш жаткыруу, эшиктерди коюп берүү, сууунун агып турушун камсыздоо, кыскасы үйдөн пайдалануу мүмкүнчүлүгүнө ээ болушу үчүн оңдоо же кылып берүү керек болгон бардык нерсени кылып бериши керек. Ал эми лифт, суу сааты, электр сааты сыяктуу кызыкчылыктардан пайдалануу ижарага алуучунун мойнунда болот. Ал эми чырайлуу кылуу жана жасалгалоо керек боло турган нерселерге келсек, эки тарапка тең зарыл болбойт. Себеби, үйдөн аларсыз да пайдаланууга болот. Ал эми ижарага коюу маалында үйдү актоо, чыгынды оролорун тазалап, көмүп таштоо керек болсо, бул иш ижарага коюучунун мойнуна түшөт. Себеби, булар үйдөн пайдалануу мүмкүнчүлүгүн бере турган нерселер түркүмүнө кирет. Эгер ижарага алган киши чыгынды ташталуучу орону толтуруп жиберген болсо өзү бошотот. Чыгындыны ташуу да ижарага алган адамдын мойнуна болот. Ижарага берүүчү ижара келишиминде шарият өзүнүн мойнуна важиб кылган жана үйдөн пайдалануу мүмкүнчүлүгүн бере турган нерселердин каражаттарын төлөөнү ижарага алган кишинин мойнуна болушун шарт кылса, бул шарт фасид болот. Себеби, ал келишим талап кыла турган нерсеге тескери келет. О.э. ижарага алган адам да өзүнө ылазым болгон нерселердин каражаттарын төлөөнү ижарага берген кишинин мойнуна жүктөөнү шарт кылса, бул шарт да фасид болот. Себеби, бул да келишимдин талабына тескери келет. Эгер ижарага берген жана ижарага алган адам өлүп калса же бири өлсө, ижара өз абалында кала берет. Себеби, ижара ылазым келишим болуп, келишим түзүүгө негиз болгон

нерсе (мисалы, үй) саламат турган соң, өлүм себептүү бузулбайт.

# Паранын бардыгы арам

Адамдардын кызыкчылыктарынын бирин аткарып берүүнү важиб кыла турган укукка ээ болгон ар кандай кимсенин ушул кызыкчылыкты аткарып бергени үчүн ала турган акчасы – пара болот. Ал эч качан эмгек акы болбойт. Анткени, эмгек акы менен паранын ортосунда айырма бар. Эмгек акы аткарып берүү важиб болбогон бир ишти кылуу мукабылына алынат. Пара болсо ивазына бирөөдөн эч нерсе албай аткарып бериши важиб болгон ишти кылып берүү мукабылына жана кылышы керек болгон ишти кылбастык мукабылына алынат. Демек, пара бир кызыкчылыкты аткарып берүү үчүн бериле турган акча болуп, аны алган кимсе ушул кызыкчылыкты аткарып бериши керек болот, же кылышы важиб болгон ишти кылбастык туурасындагы кызыкчылыкты ишке ашырып бериши керек болот. Бул кызыкчылык пайда келтирүү болобу же зыянды жоюу болобу, мунун айырмасы жок. Ал хак кызыкчылык болобу же батыл болобу, мунун да айырмасы жок. Пара араб тилинде «ришва», пара берүүчү «роший», алуучу «мурташий», экөөнүн ортосунда ортомчулук кылуучу «роиш» деп аталат.

Пара ачык нусус менен арам. Ахмад, Абу Давуд, Термизий жана Ибн Маажалар Абдулла ибн Амрдан төмөнкү хадисти риваят кылышты, Расулуллах ﷺ:

«لَعْنَةُ اللَّهِ عَلَى الرَّاشِي وَالْمُرْتَشِي»

**«Пара берүүчүгө жана пара алуучуга Аллахтын наалаты болсун»**, - деген. Ахмад Савбандан мындай дегенин риваят кылат:

«لَعَنَ رَسُولُ اللَّهِ ﷺ الرَّاشِيَ وَالْمُرْتَشِيَ وَالرَّائِشَ يَعْنِي الَّذِي يَمْشِي بَيْنَهُمَا»

**«Расулуллах ﷺ пара берүүчүнү жана пара алуучуну о.э. экөөнүн ортосунда ортомчулук кылган кимсени наалаттады»**. Бул хадистер умумий болуп, паранын бардык түрүн өз ичине алат. Хакты талап кылуу үчүн болобу, батылды талап кылуу үчүн болобу, бирер зыянды жоюуну же бирер кызыкчылыкты келтирүүнү талап кылуу үчүн болобу, зулумду кетирүү үчүн болобу же зулум кылуу үчүн болобу – булардын бардыгы арам. «Пара арам. Себеби, ал батылды талап кылуу жана хакты сая кетирүү болуп эсептелет. Эгер ушундай болсо

ал арам. Ал эми хакты талап кылуу же зулумду кетирүү үчүн болсо, ал адал» деп айтуу туура эмес. Себеби, бул «паранын арамдыгы бир иллет менен иллеттенип келди, иллет бар болсо өкүм да бар, иллет жок болсо өкүм да жок» деген маанини түшүндүрөт. Бул туура эмес. Себеби, паранын арамдыгы жөнүндө келген бардык насстар анын арамдыгын бирер иллет менен иллеттебеди. Ошол насста жана башка эч кайсы насста биз паранын арамдыгына тиешелүү иллетти истинбат кылып ала турган эч нерсе жок. Ошондуктан, паранын арамдыгы иллеттенбеген ачык насска ылайык болду. Ал үчүн иллет таптакыр жок. «Акыны алып берүүдө акы ээсинен пара алса жайиз, себеби, бул адал ишти кылганы үчүн т.а. хакты алып бергени үчүн акча алуу болуп эсептелет» деп айтуу да туура эмес. Себеби, паранын арамдыгын баян кылган насс умумий келди. Алар умумий бойдон калып, паранын бардык түрүн өз ичине алат. Эми, эгер аны хостомокчу жана паранын кээ бир түрлөрүн истисна кылмакчы болсо, анда бул үчүн аны хостой турган башка бир насс керек болот. Аны Китеп же Сүннөттөн алынган бирер насс гана хостошу мүмкүн. Китеп жана Сүннөттө мындай насс келбеген. Демек, хостолбой умумий бойдон кала берет. Ушуга ылайык, паранын бардык түрлөрү арам. Хакты талап кылуу болобу, батылды талап кылуу болобу, зулумду кетирүү же зулум кылуу болобу, азарды жоготуу болобу же пайда келтирүү болобу, эч айырмасыз, бардыгы насстын умумийлиги астына кирет.

О.э. паранын арамдыгы туурасында ал акимге берилеби же мекеме кызматкеринеби, же башчыгабы же башкагабы – бардыгы арам. Ахмад Абу Хурайрадан Расулуллах ﷺдын:

«لَعْنَةُ اللَّهِ عَلَى الرَّاشِي وَالْمُرْتَشِي فِي الْحُكْمِ»

**«Башкарууда пара берүүчүгө жана пара алуучуга Аллахтын наалаты болсун»**, - дегенин риваят кылды. «Бул башкарууга мукайяд болду. Демек, мутлак мукайяд маанисине алып барылат» деп айтуу туура эмес. Себеби, васф ал үчүн кайд болуп эсептеле турган лафз умумий эмес, мутлак лафз (т.а. мутлак лафз кайддалып мукайяд болот). Умумий лафзда болсо мукайяд болуу эмес, балким, хостолуу болот. Эгер умумий лафз менен бирер кайд келсе, бул мукайяд болуу түркүмүнө кирбейт, балким, анын бөлүктөрүнүн бирин насс

матнында көрсөтүү түркүмүнө кирет. Бул жердеги «роший», «мурташий» жана «роиш» деген лафз мутлак лафз эмес, умумий лафз болуп эсептелет. Ошондуктан, Пайгамбарыбыздын: **«башкарууда...»** деген сөзү бул умумий лафз үчүн кайд болуп эсептелбейт, калган хадистерди да ушул мааниге койгудай. Тескерисинче, ал умумий лафз бөлүктөрүнүн бирине т.а. башкарууга насста ишара кылуу болуп жатат. Демек, хадистердин бардыгы умумий бойдон кала берет. Демек, паранын бардык түрү арам. Акимге берилеби, мекеме кызматкеринеби же башкагабы, бардыгы арам. Демек, азарды кетирүү үчүн полицияга пара берүү акимге пара берүү арам болгону сыяктуу эле арам болот. Компанияда иштөө үчүн же ал тургай компаниядан бошотуп жибербеши үчүн компания башчысына пара берүү салык жыюучуга же даабаны жеткирбестиги үчүн даабаларды жеткирүүчүгө пара берүү сыяктуу арам. Ишти жеңилдетиши үчүн же башка максатта жумушчулар башчысына пара берүү кардар бир соодагердин колунда иштеген жумушчуга товарлар арасынан жаңы товарды иргеп алып бериши үчүн бере турган пара сыяктуу арам. Басмакана жумушчусуна ал жакшы иш кылышы үчүн китептин автору басмакананын ээсине билдирбей бере турган пара сыяктуу арам. Булардын бардыгы пара, бардыгы арам. Себеби, булар мукабылына эч нерсе албай кылып бериши керек болгон ишти кылып бергени үчүн алына турган акча болуп эсептелет. Мекеме кызматкери алдында кадыр-баркы бар адамга – анын таасиринен пайдаланып кажетин чыгарышы үчүн – кээ бирөөлөр ага бере турган нерсе да пара түркүмүнө кирет. Бирок, акчаны алган кызматкер эмес, тескерисинче, кызматкер менен сүйлөшкөн мына ушул кимсе болот. Сүйлөшкөнү үчүн акчаны ал алат. Бул да пара. Себеби, бул кажетти чыгарып бериши важиб болгон кимсеге ушул кажетти чыгарып бергени үчүн берилген акча. Демек, бул да пара болду. Аны кажет чыгарган кимсе алдыбы же албадыбы, айырмасы жок. Себеби, акчанын пара болуп эсептелиши үчүн аны кажет чыгарган кимсенин алышы шарт эмес. Балким, бул акчанын ишти кылып бергендиги ивазына алынышы пара деп эсептөөгө жетиштүү болот. Аны адамдын өзү алдыбы же досубу, же ушул адамдын назарында кадыр-баркы бар кимсеби, же жакын кишисиби, же башчысыбы, же башка кимсеби, айырмасы жок. Себеби,

акчаны пара деп эсептөө үчүн ивазына эч нерсе албай кылып бериши важиб болгон ишти кылып бергени үчүн алынгандыгынын өзү жетиштүү болот.

Арамдыкта акимдерге, амалдарларга (чиновник) жана аларга окшогондорго бериле турган белек (хадя) да пара сыяктуу болот. Ал тургай, кээ бирөөлөр аны парадан деп эсептешкен. Себеби, ал мукабылына эч нерсе албай кылып бериши важиб болгон ишти кылгандыгы үчүн алына турган мал экени жагынан парага окшойт. Пара менен – акимдерге, амалдарларга жана аларга окшогондорго – бериле турган белектин ортосундагы айырма мындай, парада акча бир кызыкчылыкты (муктаждыкты) өтөп берүү ивазына берилет. Ал эми акимдерге, амалдарларга жана аларга окшогондорго берилген белектерде мал кызыкчылык ээси тарабынан мындай кимсеге ушул кызыкчылыкты өтөп беришинин мукабылына эмес, балким, белек бериле турган кимсе ушул кызыкчылыкты өтөп берүүгө өзү баш-көз болгону үчүн же анын ортомчулугунда болгону үчүн хадя кылынат. Белгилүү бир кызыкчылыкты өтөп берер бекен деген үмүттө белек берилдиби, же өтөп бергенден кийинби же өтөп берип жаткан убактабы, мунун айырмасы жок. Мына ушундан улам, пара менен акимге бериле турган белек бири-бирине окшош болду о.э. бири башкасына кыяс кылынат. Бирок, экөөнүн вакиълигинде бир аз айырма бар. Акимге, амалдарга жана буларга окшогондорго бериле турган белекетин арамдыгы хадистерде ачык келген. Мисалы, Бухарий Абу Хамид Саидийден риваят кылат:

«أَنَّ النَّبِيَّ ﷺ اسْتَعْمَلَ ابْنَ اللُّتَبِيَّةِ عَلَى صَدَقَاتِ بَنِي سُلَيْمٍ فَلَمَّا جَاءَ إِلَى رَسُولِ اللَّهِ ﷺ وَحَاسَبَهُ قَالَ: هَذَا الَّذِي لَكُمْ، وَهَذِهِ هَدِيَّةٌ أُهْدِيَتْ لِي، فَقَالَ رَسُولُ اللَّهِ ﷺ فَهَلاَّ جَلَسْتَ فِي بَيْتِ أَبِيكَ وَبَيْتِ أُمِّكَ حَتَّى تَأْتِيكَ هَدِيَّتُكَ إِنْ كُنْتَ صَادِقًا ثُمَّ قَامَ رَسُولُ اللَّهِ ﷺ فَخَطَبَ النَّاسَ وَحَمِدَ اللَّهَ وَأَثْنَى عَلَيْهِ ثُمَّ قَالَ: أَمَّا بَعْدُ فَإِنِّي أَسْتَعْمِلُ رِجَالاً مِنْكُمْ عَلَى أُمُورٍ مِمَّا وَلاَّنِي اللَّهُ فَيَأْتِي أَحَدُكُمْ فَيَقُولُ هَذَا لَكُمْ وَهَذِهِ هَدِيَّةٌ أُهْدِيَتْ لِي. فَهَلاَّ جَلَسَ فِي بَيْتِ أَبِيهِ وَبَيْتِ أُمِّهِ حَتَّى تَأْتِيَهُ هَدِيَّتُهُ إِنْ كَانَ صَادِقًا. فَوَاللَّهِ لاَ يَأْخُذُ أَحَدُكُمْ مِنْهَا شَيْئًا بِغَيْرِ حَقِّهِ إِلاَّ جَاءَ اللَّهَ يَحْمِلُهُ يَوْمَ الْقِيَامَةِ»

**«Набий ﷺ Ибн Лутабийяны Бани Сулайм зекеттери үстүнөн аамил кылып дайындады. Ал Расулуллах ﷺдын алдына келгенден кийин Пайгамбарыбыз ﷺ андан эсеп-китеп сурады. Ошондо ал: Мына бул силерге, мунусу болсо мага берилге белек, - деди. Муну угуп Расулуллах ﷺ: Эгер чын айтып жаткан болсоң, белегиңдин келишин күтүп ата-энеңдин үйүндө олтура бербейт белең? - деди. Андан кийин туруп, адамдарга хутба кылды, Аллахка хамду сана айтып мындай деди: Амма баъд, мен силерден айрым бир кишилерди Аллах мага тапшырган бир нече иштер үстүнөн аамил кыламын. Ошондо бириңер келип: Бул силерге, мунусу болсо мага кылынган хадя, - деп жатат. Эгер ал чынчыл болсо, хадясын күтүп ата-энесинин үйүндө отура бербейби, Аллахка ант болсун, бирөө жарымыңар садакаттардан туура эмес бирер нерсени алса, кыямат күнү Аллахтын алдына аны көтөрүп келет».** Абу Давуд Бурайдадан Набий ﷺдын мындай дегенин риваят кылды:

«مَنِ اسْتَعْمَلْنَاهُ عَلَى عَمَلٍ فَرَزَقْنَاهُ رِزْقًا فَمَا أَخَذَ بَعْدَ ذَلِكَ فَهُوَ غُلُولٌ»

**«Биз кимди бир ишке башчы кылып, ага белгилүү бир ырыскы** (маяна) **берсек, мына ошондон кийин алган нерсеси кыянат болуп эсептелет».** Же муну Расулуллах ﷺ «сухт» т.а. арам мал деп атады. Хатиб «Талхисул Муташабих»те Анастан риваят кылып чыгарышынча, Набий ﷺ мындай деди:

«هَدَايَا الْعُمَّالِ سُحْتٌ»

**«Амалдарларга берилген хадялар – сухт болот».** Масрук Ибн Масъуддан икая кылышынча, андан «сухт» жөнүндө «ал парабы» деп суралганда Ибн Масъуд: «Жок, бирок, сухт – бул бир киши өзүнө кылынган зулумга каршы сенден жардам сурап, сага хадя бериши. Сен кабыл албагын», - деп жооп берди. Табиъиндер имамдарынын бири Ибн Саламанын иниси Абу Ваил мындай деди: «Казы хадя алса, сухт жеген болот. Пара алса, аны куфрга алып барат». Бул хадистер т.а. Абу Хамид риваят кылган хадис жана Анас риваят кылган хадистин баарында эл (амма) иштерин башкара турган кимселерге бериле турган хадялардын арам экендиги ачык айтылды. Белгилүү бир ишти кылып бергенден кийин хадя берилеби же кылып беришинен мурдабы, же бирер иште салахият ээси

болгону үчүн хадя кылынабы, же кызыкчылыкты аткарып бере ала турган кимсенин алдында кадыр-баркы бар болгону үчүн хадя кылынабы – булардын бардыгы арам. **«Амалдарларга бериле турган хадялар сухт болуп эсептелет»**, - деген хадисте «хадялар» лафзи умумий келгени үчүн, амалдарларга бериле турган бардык хадяларды өз ичине алат. Амалдарларга адамдардын кызыкчылыктарын ивазына эч нерсе албай аткарып берүү өзүнүн милдети болгон, аткарып бериши важиб болгон ар бир кимсе кыяс кылынат. Мына ушул кызыкчылыкты аткарып берер бекен деген үмүттө турган кишиден хадя алышы арам болот. Мисалы, полиция, компания башчысы, амалдарлар башчысы жана ушуларга окшогон кимселердин хадя алышы арам болот жана хадя алар үчүн сухт болот.

Бирок, аларга бериле турган хадя качан гана аларга хадя берүү хадя кылуучунун адатынан болбосо, мына ошондо гана арам болот. Ал эми аларга хадя берүү хадя берүүчүнүн адаты болсо – алар кызыкчылыктарды аткарып берүү салахиятына ээ болушабы же жокпу, буга карабастан – аларга хадя берүү жайиз болот жана мунун зыяны жок. Себеби, Расулуллах ﷺ жогорудагы хадисте: **«...Эгерде чын айтып жаткан болсоң хадяңдын келишин күтүп, ата-энеңдин үйүндө отура бербейсиңби?»**, - деди. Мындан эгер амалдар болбостон ата-энесинин үйүндө отурса, ага хадя берилиши жайиз экендиги түшүнүлүүдө. Бул болсо, хадя берүүчү адатта адамга – бул адам кызыкчылыктарды аткарып бере алуу салахиятына ээ болбогон убакта да – хадя берип жүргөн болсо, бул жайиз болгону сыяктуу эле, мына ушул адамдын кызыкчылыктарды аткарып бере алуу салахиятына ээ болуп калган убакта да ага хадя бериши жайиз деген маанини түшүндүрөт. Буга нахий кылган хадистер туура келбейт. Себеби, ал жогорудагы хадистин мафхуму менен нахийден мустасна кылынат.

# Күрөө

«Күрөө» (рохан) сөзү лугатта «бекем» (субут) жана «уланган туруктуу» (давам) деген маанилерди түшүндүрөт. «Хабс» (кармап калуу) сөзүнөн алынган деген сөз да бар. Аллах Таала айтат:

﴿كُلُّ ٱمۡرِيِٕۭ بِمَا كَسَبَ رَهِينٞ﴾

«***Ар бир киши өзү кесип кылган иши менен күрөөгө алынуучу***» [52:21]

﴿كُلُّ نَفۡسِۭ بِمَا كَسَبَتۡ رَهِينَةٌ﴾

«***Ар бир жан өзү кесип кылган иши менен күрөөгө алынуучу***» [74:38]

Күрөөнүн шаръий мааниси – алынган карыздын ордуна коюп коюла турган мал. Карызды карыздар адамдан алуу кыйын болуп калган күндө, ушул малдын баасынан алып калуу үчүн ушундай кылынат. Ал жайиз. Анткени, ал шарият уруксат берген мамилелер түркүмүнө кирет. Анын далили Китеп жана Сүннөттөн алынган. Аллах Таала айтат:

﴿وَإِن كُنتُمۡ عَلَىٰ سَفَرٖ وَلَمۡ تَجِدُواْ كَاتِبٗا فَرِهَٰنٞ مَّقۡبُوضَةٞۖ﴾

«***Эгер сапарда болсоңор жана катчы таба албасаңар*** *(берилген нерсе акысына)* ***колго алына турган күрөө алгыла!***» [2:283]

Бухарий момундар энеси Айша ﵂дан төмөнкүнү риваят кылды:

«أَنَّ النَّبِيَّ ﷺ اشْتَرَى طَعَامًا مِنْ يَهُودِيٍّ إِلَى أَجَلٍ وَرَهَنَهُ دِرْعًا مِنْ حَدِيدٍ»

**«Набий ﷺ бир яхудийден баасын кийин берүүгө азык сатып алды жана темир соотту күрөөгө койду».** Термизий Ибн Аббастан төмөнкүнү риваят кылды:

«تُوُفِّيَ النَّبِيُّ ﷺ وَدِرْعُهُ مَرْهُونَةٌ بِعِشْرِينَ صَاعًا مِنْ طَعَامٍ أَخَذَهُ لأَهْلِهِ»

**«Набий ﷺ көз жумганда сооту үй-бүлөсүнө алынган жыйырма соъ азык үчүн күрөөгө коюлган эле».** Бухарий Анастан мындай дегенин риваят кылды:

«وَلَقَدْ رَهَنَ النَّبِيُّ ﷺ دِرْعًا لَهُ بِالْمَدِينَةِ عِنْدَ يَهُودِيٍّ وَأَخَذَ مِنْهُ شَعِيرًا لأَهْلِهِ»

**«Набий ﷺ Мединада өзүнүн соотун бир яхудийге күрөөгө койду жана андан үй-бүлөсү үчүн арпа алды».** Күрөө сапарда да, башка убакта да жайиз. Анткени:

﴿ وَإِن كُنتُمۡ عَلَىٰ سَفَرٖ ﴾

«***Эгерде сапарда болсоңор…***» [2:283] деген сөз кайд эмес, абалдын вакиълигинин баяны болуп эсептелет. Мунун далили:

«أَنَّ النَّبِيَّ ﷺ اشْتَرَى طَعَامًا مِنْ يَهُودِيٍّ إِلَى أَجَلٍ وَرَهَنَهُ دِرْعًا مِنْ حَدِيدٍ»

**«Набий ﷺ бир яхудийден баасын кийин берүүгө азык сатып алды жана темир соотун күрөөгө койду».** Акыйкатта болсо, Пайгамбарыбыз ошондо сапарда эмес, Мединада эле. Күрөө жайиз болушу үчүн келишим түзүлгөн убактын өзүндө кобз кылына турган болушу керек. Буга далил Аллах Тааланын төмөнкү аяты:

﴿ فَرِهَٰنٞ مَّقۡبُوضَةٞۖ ﴾

«***… колго алына турган күрөө алгыла!***» [2:283] Күрөөдөгү кобз кылына турган болушу сыпаты аны колуна алышы болот. Өткөрүлө турган нерсе болсо өзүнө өткөрөт, үй жана жер сыяктуу кыймылсыз мүлк болсо аны колуна алышы кармап турушу болот. Т.а. күрөөгө коюучунун күрөө менен күрөөгө алуучу ортосун эч бир тоскоолдуксуз эркин кылып коюусу аны кобз кылганы болот. Күрөөнү кобз кылууда бирөөнү өкүл кылышы жайиз. Өкүлүнүн кобз кылышы күрөөгө жана анын башка өкүмдөрүнө амал кылууда анын кобз кылганынын ордуна өтөт. Күрөө сатуу жайиз боло турган бардык нерседе жайиз. Демек, сатуу жайиз боло турган ар бир нерсени күрөөгө коюу да жайиз. Себеби, күрөөдөн көздөлгөн максат – карызга берилген нерсенин баасын күрөөгө нерсе койгон адамдан алуу кыйын болуп калган күндө аны күрөөгө коюлган нерсенин баасынан алып калууга жол болушу үчүн карыз жаатында документтештирип коюу. Хамр (мас кылуучу ичимдик) жана бут-санамдар сыяктуу сатуу жайиз болбой турган нерселерде күрөө жайиз болбойт. Вакф, күрөөгө коюлган буюм жана ушуларга окшогон сатуу жайиз болбой турган нерселерди да күрөөгө коюу жайиз эмес.

## Күрөөгө алуучунун күрөөдөн пайдалануусу

Күрөө келишими түзүлгөндөн кийин, нерсе – күрөөгө алуучу аны колуна алгандан кийин – анын кол астында болуп калат. Бирок, бул күрөөгө алуучунун күрөөдөн пайдаланууга акысы бар дегени эмес. Балким, бул күрөөгө коюлган буюмдун анын кол астында болушу, болгону, өзү берген карыздын ордуна коюп коюу дегенди гана түшүндүрөт. Ошондуктан, күрөөгө коюлган нерсе өз ээсиники болуп кала берет, мейли, күрөөгө алуучу күрөөгө коюучунун мойнундагы карызга акылуу болсо да. Жахилиятта күрөөгө алуучу киши, эгерде күрөөгө койгон киши ага белгиленген убакта акысын кайтарбаса, күрөөгө коюлган нерсеге ээ болуп алат эле. Ислам келип муну бекер кылды. Набий ﷺ:

«لاَ يُغْلَقُ الرَّهْنُ مِنْ صَاحِبِهِ الَّذِي رَهَنَهُ، لَهُ غُنْمُهُ وَعَلَيْهِ غُرْمُهُ»

**«Күрөөгө коюлган нерсе, аны күрөөгө койгон ээсинен тосуп коюлбайт. Гунму** (күрөөгө койгон нерсесинин кызыкчылыгы) **да, гурму** (андан келе турган зыян) **да аныкы»**, - деген. Бул хадисти Шафиъий Саид ибн Мусайяб аркылуу риваят кылды. Расулуллах ﷺдын «күрөөгө коюлган нерсе ээсинен тосуп коюлбайт» деген сөзү күрөөгө коюлган нерсени ээси шарт кылынган убакта кайтарып албаган убакта да, күрөөгө алуучу ага акылуу эмес деген мааниде. Демек, күрөөгө коюлган буюм да, андан келе турган кызыкчылык да ээсинин мүлкү болуп кала берет. Себеби, ал Пайгамбарыбыз ﷺдын: **«гунму да ...аныкы»**, - деген сөзүнө ылайык ал гунму болуп эсептелет. Буга кошумчалай турган болсок, кызыкчылык күрөөгө коюлган нерсенин өсүшү болуп эсептелет. Себеби, кызыкчылык ушул нерседен келет. Бул өсүү үйдө жашоо сыяктуу кызыкчылык болобу, же дарактын мөмөсү, музоо сыяктуу нерсе болобу, мунун айырмасы жок. Демек, ал күрөөгө койгон ээсинин мүлкү болот. Кала берсе, күрөө келишими андан келе турган кызыкчылык үстүндө түзүлбөгөн. Ошондуктан, кызыкчылык күрөө болбойт. Себеби, келишим азыр айтып өткөнүбүздөй, нерсенин кызыкчылыгы үстүндө эмес, нерсенин өзү үстүндө түзүлгөн. Ырасында, кызыкчылык күрөөгө койгондун мүлкү болгон соң, ал андан толук пайдалана берет. Мисалы, ал күрөөгө коюлган үйдү ижарага берип, ижара

акчасын толук алышы мүмкүн. Үйдү күрөөгө алуучунун өзүнө ижарага береби же башкасынабы, айырмасы жок. Бул ижара акысы күрөө болбойт, тескерисинче, күрөөгө койгон адамдын мүлкү болот. Бул ижара акысы күрөөгө кирбейт. Себеби, ал үйдүн ачкычтары сыяктуу, айтылбаса да байга кире бере турган кыймылсыз мүлктүн нерселеринен эмес. Ушуга ылайык, күрөөгө алуучу адам күрөөгө коюлган нерседен «мага күрөөгө коюлду, менин кол астымда» деген хужжат менен пайдаланууга акысы жок. Тескерисинче, андан келе турган кызыкчылык ээсиники болот.

Нерседен келе турган кызыкчылык ээсиники болгон соң, демек, ал кызыкчылыкты соога кылышы, нерсенин өзүн да соога кылышы мүмкүн. Каалаган адамына нерседен пайдаланууга уруксат бериши мүмкүн. Бирок, күрөөгө алган адамга күрөөгө коюлган нерседен пайдаланууга уруксат беришинин өкүмү башкага уруксат беришинин өкүмүнөн айырмаланат. Күрөөгө коюучу адам күрөөгө алган адамдан башка ар кандай адамга күрөөгө коюлган нерседен пайдаланууга уруксат бериши жайиз. Ал эми күрөөгө алган адамга уруксат беришине келсек, мында бир кыйла тафсилат бар. Ал мындай, күрөө байъ баасында, же үй ижарасы барабарында, же карыздан башка дайн (белгилүү бир мөөнөткө берилген нерсе) барабарында болсо, күрөөгө алган адамдын күрөөгө коюлган нерседен күрөөгө коюучунун уруксаты менен пайдаланышы жайиз. Себеби, ал ээсинин мүлкү болуп, каалаган кишисине андан пайдаланууга уруксат берүү ээсинин ыктыярында болот. Буга күрөөгө алуучу да, башкасы да кирет. Буга тыюу сала турган эч бир насс жок. Себеби, күрөөгө алуучуну мустасна кыла турган эч кандай насс келбеген. Демек, өкүм умумий бойдон калат. Кала берсе, сатуучунун бааны көтөрүүсү жайиз, ижарага коюучу да ижара акысын – эгер белгилүү бир мөөнөткө болсо – көтөрүүсү жайиз. Нерседен сатылуу баасынан ашык же ижарага коюлган нерсенин ижара акысынан ашык пайдаланууга уруксат бериши да жайиз. Бул риба болуп эсептелбейт. Себеби, рибанын аныктамасы да, вакиълиги да ага туура келбейт. Насс анык көрсөтүп берген рибалуу нерселер түркүмүнө кирбейт. Тескерисинче, ал дароо бериле турган баадан бийигирээк, кийин бериле турган баа болуп эсептелет жана накталай ижара

акчасынан көбүрөөк, кийин бериле турган ижара акы менен ижарага коюу болуп эсептелет. Мунун бардыгы шаръий жактан жайиз болгон мамилелерден.

Ал эми дайн карыз болсо, мисалы, бир адам башкасына бир жылга миң берип, анын үйүн күрөөгө алса, ээси анын күрөөдөн пайдаланышына уруксат берсе, мындай абалда күрөөгө алган адамдын күрөөгө коюлган нерседен пайдаланышы жайиз болбойт. Мейли, күрөөгө коюучу уруксат берген болсо да. Буга мындан кайтарган төмөнкү насс далил болот. Анастан мындай риваят кылынат: Анастан: «Бизден бир киши боордошуна мал берген болсо, ошондон кийин боордошу тарабынан ага бирер нерсе хадя кылынса», - деп суралганда, ал мындай деди: Расулуллах ﷺ мындай деген эле:

«إِذَا أَقْرَضَ أَحَدُكُمْ قَرْضًا فَأَهْدَى لَهُ أَوْ حَمَلَهُ عَلَى الدَّابَّةِ فَلاَ يَرْكَبْهَا وَلاَ يَقْبَلْهُ إِلاَّ أَنْ يَكُونَ جَرَى بَيْنَهُ وَبَيْنَهُ قَبْلَ ذَلِكَ»

**«Кимдир бирөөңөр карыз берсеңер, андан кийин ага хадя берилсе же улоого мингизилсе, аны минбесин жана хадяни кабыл албасын. Болгону, араларында ушул адат мурдатан жарий болуп келе жаткан болсо, макул».** Ибн Маажа риваяты. Бухарий «Тарых»ында Анастан, ал Набий ﷺдан риваят кылды:

«إِذَا أَقْرَضَ فَلاَ يَأْخُذْ هَدِيَّةً»

**«Карыз берсе, хадя албасын».** Бул хадисти Шувканий келтирген. Бухарий «сахих»инде Абу Барда ибн Абу Мусадан мындай дегенин риваят кылды: **«Мединага келип, Абдулла ибн Саламга жолугуп калдым. Ал мага: Сен ушундай бир жерде жашап жатасың дейсиң, ал жерде риба жайылган. Эгер бирер кишиде акың болсо да, ал сага жем-чөп, же арпа, же саман хадя кылса, аны албагын. Себеби, ал риба, - деди».** Байхакий «Маърифат»та Фузала ибн Убайддан төмөнкүнү риваят кылды:

«كُلُّ قَرْضٍ جَرَّ مَنْفَعَةً فَهُوَ وَجْهٌ مِنْ وُجُوهِ الرِّبَا»

**«Кызыкчылык алып бара турган ар бир карыз – рибанын бир түрү».** Харис ибн Усама муну Али رضي الله عنه хадисинен төмөнкүдөй лафз менен риваят кылды:

«أَنَّ النَّبِيَّ ﷺ نَهَى عَنْ قَرْضٍ جَرَّ مَنْفَعَةً»

**«Набий ﷺ пайда келтире турган карыздан кайтарды».** Башка бир риваятта мындай деп келген:

«كُلُّ قَرْضٍ جَرَّ مَنْفَعَةً فَهُوَ رِبًا»

**«Пайда келтире турган ар кандай карыз – риба».** Ашыгы менен кайтаруу шарт кылынган ар кандай карыздын арам экендигине ижма кылынганы да буга далил болот. Ибн Мунзир мындай деди: **«Салаф кылуучу алдынала акчасын төлөп салаф соодасы кылып жаткан адамга ашыкча берүүнү же хадя кылууну шарт кылып, ушул негизде салаф кылып ашыкча алса, риба болушуна ижма кылынган».** Убай ибн Каъб, Ибн Аббас жана Ибн Масъуддан риваят кылынышынча, алар кызыкчылык келтире турган карыздан кайтарышкан. Бул хадистер жана асарлардан белгилүү болгондой, пайда келтире турган карыз – эгер ашыгы менен кайтаруу шарт кылынган болсо – арам болот. Бул жаатта эч кандай ихтилаф жок. Эгерде адам бирөөгө мындай шарт койбостон карыз берген болсо жана ошол башка бирөө алган карызын ашыгы менен кайтарса, бул да арам. Ал эми ага алган карызынан ашыгыраак болгон бирер хадя берсе мында каралат. Эгер адатта ага хадя кылып жүргөн болсо, ушундай адаты болсо, мунун зыяны жок жана карыз берген кишинин ал хадяны кабыл алышы жайиз болот. Ал эми хадя кылуу анын адаты болбосо, карыз берген адамдын хадяны кабыл алышы жайиз болбойт. Буга Анас риваят кылган жогорудагы хадис далил болот. Ал эми Бухарий «Сахих»инде Абу Хурайрадан риваят кылган төмөнкү:

«أَنَّ رَجُلاً تَقَاضَى رَسُولَ اللَّهِ ﷺ فَأَغْلَظَ لَهُ فَهَمَّ بِهِ أَصْحَابُهُ فَقَالَ: دَعُوهُ فَإِنَّ لِصَاحِبِ الْحَقِّ مَقَالاً, وَاشْتَرُوا لَهُ بَعِيرًا فَأَعْطُوهُ إِيَّاهُ قَالُوا: لاَ نَجِدُ إِلاَّ أَفْضَلَ مِنْ سِنِّهِ قَالَ: اشْتَرُوهُ فَأَعْطُوهُ إِيَّاهُ فَإِنَّ خَيْرَكُمْ أَحْسَنُكُمْ قَضَاءً»

**«Бир киши акы талап кылып келип, Расулуллах ﷺга оройлонду. Ошондо сахабалар ага жабылмакчы болушту. Пайгамбарыбыз ﷺ: Аны тек койгула. Акы ээсинин сүйлөөгө акысы бар. Ага бир төө сатып алып бергиле, - деди. Сахабалар: Анын төөсүнөн жакшыраагын таптык, - деп айтышты. Пайгамбарыбыз ﷺ: Аны сатып алып ага бергиле, себеби, силердин жакшыңар карызды чырайлуураак кылып кайтарганыңар, - деди»,** - деп

айтылган хадиске жана Абу Давуд Абу Рофиъден риваят кылган:

«اسْتَسْلَفَ رَسُولُ اللَّهِ ﷺ بَكْرًا فَجَاءَتْهُ إِبِلٌ مِنْ الصَّدَقَةِ فَأَمَرَنِي أَنْ أَقْضِيَ الرَّجُلَ بَكْرَهُ فَقُلْتُ لَمْ أَجِدْ فِي الإِبِلِ إِلاَّ جَمَلاً خِيَارًا رَبَاعِيًا فَقَالَ: أَعْطِهِ إِيَّاهُ فَإِنَّ خِيَارَ النَّاسِ أَحْسَنُهُمْ قَضَاءً»

**«Расулуллах ﷺ бир кишиден эркек тайлакты карызга алды. Садакат төөлөрү келген убакта Пайгамбарыбыз ﷺ ошол кишиге ургаачы тайлак берип карызды төлөшүмдү буйруду. Мен «төөлөрдүн арасында төрт жаштагы жакшыраак төөнү таптым» дедим. Пайгамбарыбыз ﷺ «ага ошону бер, себеби, адамдардын жакшысы карызды чырайлуу кылып төлөгөнү» деди»**, - деп айтылган хадиске келсек, бул карызды ашыгы менен кайтарууну шарт кылууга да, каражатты же карызга алынган нерсени ашыгы менен кайтарууга да кирбейт. Себеби, мында карыз берүүчү ашыгы менен кайтарууну шарт кылган жок, карызга алган нерсенин үстүнө кошуп берип жаткан да жок. Тескерисинче, карызга алган нерсенин өзүн, болгону жашы чоңураагын же денеси чоңураагын кайтарып жатат. Айбандын ордуна айбан берилип жатат. Демек, ал ашыгы менен кайтаруу түркүмүндөгү иш эмес, тескерисинче, карызды чырайлуу кылып төлөөгө кирет. Ошондуктан, Расулуллах ﷺ ашыктык иллетин иллеттикти түшүндүрө турган тил менен келтирип: **«Себеби, силердин жакшыларыңар – карызды чырайлуураак кылып кайтарганыңар», «себеби адамдардын жакшысы – карызды чырайлуу кылып төлөгөнү»**, - деди. Иллет болсо анык көрүнүп турат. Ал карызды ашыгы менен төлөө эмес, чырайлуу кылып төлөө. Демек, күрөөгө алуучунун күрөөгө коюлган нерседен пайдаланышы карыз берген убакта гана арам болот. Себеби, ал чырайлуу төлөөгө кирбейт. Тескерисинче, ал карызга берилген каражатты же нерсени ашыгы менен кайтарып алуу түркүмүндөгү иш болуп калат. Муну шарт кылдыбы же кылбадыбы, айырмасы жок. Ал адатта өзү хадя кылып жүргөн хадя түркүмүндөгү иш болбойт.

Бирок, мунун бардыгы күрөөгө коюлган нерседен пайдалануу ивазсыз болгондо болот. Ал эми, эгерде иваз менен пайдалана турган болсо, мисалы күрөөгө коюучу күрөөгө

алуучуга үй-жайды иваз менен ижарага берсе, мындай абалда карыз бергенде да, башка убакта да күрөөгө коюлган нерседен пайдаланышы жайиз. Себеби, мында карыз берип пайдаланган болбойт, тескерисинче, ижарадан пайдаланган болот. Болгону, бул эч бир тарапкечтиксиз төлөнө турган ижара акысы менен болушу шарт. Эгер күрөөгө алгандын тарабын ала турган болсо, бул ивазсыз пайдалануу өкүмүндө болуп калат. Бул карыз мамилесинде жайиз эмес, башка убакта жайиз.

# Муфлис

«Муфлис» сөзү лугатта малы жок жана муктаждыгын кандыра турган нерсеси жок кишиге карата айтылат. Анын бир фалси (тыйыны) да калбаганы назарда тутулат. Ошондуктан, ал муфлис (банкрот болгон). Муслим Абу Хурайрадан төмөнкүнү риваят кылды:

« أَنَّ رَسُولَ اللَّهِ ﷺ قَالَ: أَتَدْرُونَ مَنِ الْمُفْلِسُ؟ قَالُوا: الْمُفْلِسُ فِينَا مَنْ لاَ دِرْهَمَ لَهُ وَلاَ مَتَاعَ، فَقَالَ: إِنَّ الْمُفْلِسَ مِنْ أُمَّتِي مَنْ يَأْتِي يَوْمَ الْقِيَامَةِ بِصَلاَةٍ وَصِيَامٍ وَزَكَاةٍ، وَيَأْتِي وَقَدْ شَتَمَ هَذَا، وَقَذَفَ هَذَا، وَأَكَلَ مَالَ هَذَا، وَسَفَكَ دَمَ هَذَا، وَضَرَبَ هَذَا، فَيُعْطَى هَذَا مِنْ حَسَنَاتِهِ، وَهَذَا مِنْ حَسَنَاتِهِ، فَإِنْ فَنِيَتْ حَسَنَاتُهُ قَبْلَ أَنْ يُقْضَى مَا عَلَيْهِ أُخِذَ مِنْ خَطَايَاهُمْ فَطُرِحَتْ عَلَيْهِ، ثُمَّ طُرِحَ فِي النَّارِ»

**«Расулуллах ﷺ: Муфлис ким, билесиңерби? - деп сурады. Бир дирхамы да, бирер матасы да калбаган кишини муфлис дейбиз, - деп жооп беришти. Ошондо Пайгамбарыбыз ﷺ: Үммөтүм арасындагы муфлис ушундай бир киши болот дейсиң, кыямат күнү намаз, орозо, зекет менен келет. Келет го, бирок, ал бирөөнү сөгүп акаарат кылган, дагы бирөөгө курулай доомат кылган, бирөөнүн малын жеп кеткен, дагы бирөөнүн канын төккөн, дагы бирөөнү уруп таяктаган болот. Ошондуктан, анын жакшы амалдарынан ага, буга берилет. Мойнундагы бирөөлөрдүн акысын өтөшүнөн мурун жакшылыктары түгөнүп калса, тигилердин күнөөлөрү алынып ага жүктөлөт. Ошондон кийин тозокко ташталат, - деди».** Сахабалардын бул хадистеги «бир дирхамы да, бирер матасы да калбаган кишини муфлис дейбиз» деген сөздөрү чындыгында муфлис деп кимдин айтылышын билдирип коюу болот. Пайгамбарыбыз ﷺ **«бул муфлис эмес»** деген сөздөрү менен бул акыйкатты четке какпады, тескерисинче, муну менен акыретте муфлис болуу катуураак жана ооруураак боло тургандыгын назарда тутту. Ушунчалык даражада дейсиң, ага салыштырганда дүйнөдөгү муфлис бай болуп калат. Пайгамбарыбыз ﷺ ушул маанини көздөдү. Факихтер муфлиске «карызы малынан, чыгашасы кирешесинен көп киши» деп аныктама беришкен. Малы бар болсо да аны муфлис деп атагандыгынын себеби мындай,

себеби, анын малы карызына жумшалып кетет. Ошондуктан, анын малы жок сыяктуу болуп калат.

Бир адамдын карыздары бар болуп, төлөө убагы келсе да, бирок, малы карыздарын төлөгөнгө жетпесе, карыз берген кишилер акимден анын малын хибске алууну (малды камакка алып, тоңдуруп коюуну) суранышса, алардын талабын аткаруу керек болот. Башка адамдар аны менен мамиле кылуудан сактануулары үчүн, анын малы хибске алынганын жарыя кылып коюу мустахаб. Хибске алынса, бул аркылуу төрт өкүм сабит болот: Биринчиси: Карыз берген кишилердин анын малына акылуу экендиги. Экинчиси: Малын тасарруф кылууга ага тыюу салуу. Үчүнчүсү: Кимде малы болсо, ошол адамдын бул малга – эгер шарттар табылса – башка карыз берүүчүлөргө караганда акылуураак болушу. Төртүнчүсү: Аким анын малын сатып, карыз берген кишилерге карызын төлөшү мүмкүн экендиги. Муфлистин малын камакка алууга Каъб ибн Малик риваят кылган төмөнкү хадис далил болот:

«أَنَّ رَسُولَ اللَّهِ ﷺ حَجَرَ عَلَى مُعَاذِ بْنِ جَبَلٍ مَالَهُ، وَبَاعَهُ فِي دَيْنٍ كَانَ عَلَيْهِ»

**«Расулуллах ﷺ Муаз ибн Жабалдын малын хибс кылды жана анын карызын төлөө үчүн аны сатты»**. Хаким риваяты. Абдуррахман ибн Каъбдан мындай дегени риваят кылынды:

«كَانَ مُعَاذُ بْنُ جَبَلٍ مِنْ أَفْضَلِ شَبَابِ قَوْمِهِ، وَلَمْ يَكُنْ يُمْسِكُ شَيْئًا فَلَمْ يَزَلْ يُدَانُ حَتَّى أَغْرَقَ مَالَهُ فِي الدَّيْنِ فَكَلَّمَ النَّبِيُّ ﷺ غُرَمَاءَهُ فَلَوْ تُرِكَ أَحَدٌ مِنْ أَجْلِ أَحَدٍ لَتَرَكُوا مُعَاذًا مِنْ أَجْلِ رَسُولِ اللَّهِ ﷺ فَبَاعَ لَهُمْ رَسُولُ اللَّهِ ﷺ مَالَهُ حَتَّى قَامَ مُعَاذٌ بِغَيْرِ شَيْءٍ»

**«Муаз ибн Жабал коумунун эң жакшы жигиттеринен эле. Ал эч нерсени кармап турбастан, ар дайым карыз алат эле. Натыйжада, малы карызга батып кетти. Ошондон кийин Набий ﷺ ага карыз бергендер менен сүйлөшүп «эгерде бирөөнүн урматынан бирөөнү өз абалына коюуга туура келгенде эле, Расулуллах ﷺдын урматынан Муазды албетте өз абалына коюшат эле» деди да, аларга анын малын сатып берди. Ал тургай, Муаз эч нерсесиз калды»**. Хаким риваяты.

Муфлис мойнунда – адамдардын малдан турган, же адил адамдын күбөлүк келтирүүсү менен мал карыз болууну ылазым кылган нерседен турган – акылары бар экендиги далилденсе,

же анын өзү муну чындап моюнга алса, анын бар болгон нерсеси сатылып, карыз бергендерге бөлүп берилет. Бирок, начар абалга түшүп калган карыздар адамды хибске алуу таптакыр адал болбогону сыяктуу эле, муфлисти камоо да таптакыр адал болбойт. Буга далил Аллах Тааланын төмөнкү аяты:

﴿ وَإِن كَانَ ذُو عُسْرَةٍ فَنَظِرَةٌ إِلَىٰ مَيْسَرَةٍ ﴾

*«Эгерде (карыздар) начар болсо, байыганга чейин күткүлө!»* [2:280]

Муслим жана Абу Давуд Абу Саид Худрийден риваят кылган төмөнкү хадис да далил:

«أُصِيبَ رَجُلٌ فِي عَهْدِ رَسُولِ اللَّهِ ﷺ فِي ثِمَارٍ ابْتَاعَهَا فَكَثُرَ دَيْنُهُ فَقَالَ رَسُولُ اللَّهِ ﷺ تَصَدَّقُوا عَلَيْهِ فَتَصَدَّقَ النَّاسُ عَلَيْهِ فَلَمْ يَبْلُغْ ذَلِكَ وَفَاءَ دَيْنِهِ. فَقَالَ رَسُولُ اللَّهِ ﷺ لِغُرَمَائِهِ خُذُوا مَا وَجَدْتُمْ، وَلَيْسَ لَكُمْ إِلاَّ ذَلِكَ»

**«Расулуллах ﷺ заманында бир киши сатып алган мөмөлөрдөн зыян көрүп, карызы көбөйүп кетти. Расулуллах ﷺ: Ага садака кылгыла, - деди. Адамдар ага садака кылышты. Бирок, бул карызын төлөгөнгө жетпеди. Ошондон кийин, Расулуллах ﷺ ага карыз бергендерге: Тапкан нерсеңерди алгыла, силерге ушул гана болот, - деди».** Риваят кылынышынча, Пайгамбар ﷺ муфлистин малын карыз бергендер ортосунда бөлүштүрүп берген жана аны эч бир камаган эмес. Бухарий да сахихинде ушул маанидеги хадисти айтып өткөн. Мухаммад ибн Али ибн Хусайндан мындай дегени риваят кылынган: Али ибн Абу Талиб: **«Кишини анын мойнунда карызы бар экендиги билингенден кийин камакка алып, камакта кармоо зулум болуп эсептелет»**, - деди. Абу Убайд риваяты. Ал эми Табарий өз тафсиринде Саид ибн Мусайяб аркылуу Умардан риваят кылган: **«Умар бөбөктүн ага нафака кыла турган эркек жакындарын камакка алды, аялдарын калтырды»**, - деген риваятка келсек, бул риваят карыздар адамды камакка алууга эмес, балким, нафака кылышы важиб болгон киши, эгер кичине жаштагы балага нафака кылбаса, аны камакка алууга жана кудуреттүү адамга фарз болгон нафакага далалат кылат.

Демек, ал кичине жаштагы балага, өзгөчө, бөбөккө нафака кылбаган кимсени камакка алууга далалат кылат.

Муфлис туурасындагы өкүм мындай, аким карыздар адамдын малын сатып, карыз бергендерге үлүштөрүн бөлүштүрүп берет. Себеби, аларга адилеттүүлүк менен бөлүп берүүнүн мындан башка жолу жок. Умар ибн Абдуррахман ибн Далаф ал-Музаний атасынан мындай риваят кылат: Жухайналык бир киши ажылар менен ким озот ойноп, жарышат эле. Ушул максатта төөлөрдү кымбатка сатып алып, тез чаап, ажылардан озуп кетет эле. Ошентип жүрүп муфлис болду. Анын иши Умар ибн Хаттабга ашырылды. Умар мындай деди: «Амма баъд, эй адамдар, мына бул жухайналык Усайфиъ ажылардан озуп кетиптир деп айтылышы үчүн динин жана аманаткөйлүгүн колдон чыгарууга ыраазы болуптур. Билип койгула, ал карыз алба деп айтылса да карыз ала берген. Мына эми карызга батып отурат. Кимден ал карыз алган болсо эртең келсин, анын малын алардын ортосунда бөлүштүрүп беребиз. Карыз алуудан этият болгула. Себеби, анын башы кайгы, акыры бардык нерседен айрылып калуу болот», - деди. Муну имам Малик «Муватта»да риваят кылды.

Умар ибн Абдулазизден – анын муфлистин малын карыз бергендер ортосунда бөлүштүрүп, өзүн болсо Аллах ырыскысын берет деп – өз абалына коюу өкүмүн чыгарганы риваят кылынган.

Муфлистин бар болгон малы карыз бергендердин ортосунда үлүштөргө карай өз кыйматында бөлүштүрүп берилет. Болгону, акыларын берүү мөөнөтү келгени үчүн акысын талап кылып келгендерге гана бөлүштүрүп берилет. Талап кылып келбеген жана өкүл жөнөтпөгөн, өзү да келбеген киши о.э. акыны алуу мөөнөтү келе элек киши – ал мейли келген болсун же келбеген болсун, талап кылган болсун же болбосун – булардын катарына кирбейт. Себеби, акысын берүү мөөнөтү келбеген кишинин акысын алууга убактысы бар болот. Талап кылбаган кишиге болсо, талап кылбаган соң, берүү зарыл болбойт.

Бул муфлис тирүү болсо ушундай болот. Ал эми, өлгөн болсо, келгенге же келбегенге, талап кылганга же талап кылбаганга, белгилүү бир мөөнөткө же дароо бере турган кылып карыз берген ар бир кишинин пайдасына өкүм чыгарып берилет. Себеби, мойнунда акы (карыз) бар болгон кишинин

өлүшү менен бардык мөөнөттүн убактысы келген болот. Эми эгер муфлистин мойнунда Аллахтын акылары менен пенделердин акылары топтолуп калган болсо, Аллах Тааланын акылары адамдардын акыларынан алдыга коюлат. Ошондуктан, эң оболу муфлис кайдыгерлик кылган зекет же каффараттан башталат. Баарына жетпесе, муну мына ушул акылардын баарына үлүштөр боюнча бөлүштүрүлөт, бул акылардан бирер нерсе бирөө-жарымынан бийик коюлбайт. Адамдар берген карыздар жаатында да ушундай болот. Бул карыздардын баарын төлөөгө муфлистин малы жетпесе, ар бир карыз берген адам бар болгон малдан өз малынын көлөмүнчө алат. Аллахтын акыларынын пенделердин акыларынан алдыга коюлушуна Расулуллах ﷺдан сабит болгон төмөнкү хадис далил болот. Пайгамбар ﷺ:

«... فَدَيْنُ اللَّهِ أَحَقُّ أَنْ يُقْضَى»

**«...Аллахтан болгон карыз өтөлүшүнө акылуураак болот»**, - деген. Пайгамбарыбыз дагы:

«... فَاقْضِ اللَّهَ فَهْوَ أَحَقُّ بِالْقَضَاءِ»

**«... Аллахтын** (акысын) **өтө. Анткени, ал өтөлүүгө акылуураак болот»**, - деген. Бул эки хадисти Бухарий Ибн Аббастан риваят кылды. Муфлистин малы сатылган убакта, анын нафакасы жана анын карамагындагы кишилердин нафакасы этибарсыз калтырылбайт. Ошондуктан, анын жашоосу үчүн зарыл болгон үй-жайы сатылбайт. Ал эми эки жерде үй-жайы болсо, жашоо үчүн бирөөсү жетиштүү болсо, экинчиси сатылат. Муфлис эгер кесип кылып, өзүн жана карамагындагы кишилерди камсыздай турган акча тапса, же ишке жалданып чындыгында эле ушундай кесип кылууга кудуреттүү болсо, андай абалда жашоосу үчүн зарыл болгон үй-жайынан башка бардык малы сатылат. Эми эгерде буга кудуреттүү болбосо, малынан өзүнүн жана карамагындагы адамдардын нафакасына жете турганы жакшылык менен калтырылат. Малын карыз берген кишилер ортосунда бөлүштүрүүдөн кутулганга чейин ушундай кылынат.

# Хавала

Хавала сөзү акыны моюндан моюнга өткөрүү сөзүнөн алынган. Ал карыздар адам карыз берген адам талап кылган убакта мойнундагы карызды өзүнөн карыздар болгон башка адамдын мойнуна өткөрүү. Хавала сүннөт менен сабит болгон. Бухарий Абу Хурайрадан риваят кылат, Расулуллах ﷺ:

«مَطْلُ الْغَنِيِّ ظُلْمٌ وَإِذَا أُتْبِعَ أَحَدُكُمْ عَلَى مَلِيءٍ فَلْيَتْبَعْ»

**«Бай адамдын (**мойнундагы карызды**) бербей жүрүшү зулум болот. Кайсы бириңер байдын артынан ээрчитилсе, ээрчисин»**, - деди. Ахмаддын риваятында:

«وَمَنْ أُحِيلَ بِحَقِّهِ عَلَى مَلِيءٍ فَلْيَحْتَلْ»

**«Кимдин акысы байга хавала кылынса, хавала кыла берсин»**, - деген сөз менен келген. Хавала кылуу карызда жана буюмда, мөөнөтү келгенде да, эми келе турган убакта да жайиз. Себеби, ал бирөөнүн акысын башканын мойнуна хавала кылуу болуп эсептелет. Себеби, хадисте мындай деп келди: «**Кайсы бириңер байдын артынан ээрчитилсе, ээрчисин». **Ал умумий болуп, ар бир акыны өз ичине алат. Ал бирөөнүн жана бай адамдын мойнунда төлөө мөөнөтү келген акы болушунун да, төлөө мөөнөтү эми келе турган акы болушун да өз ичине алат. Демек, ал умумий бойдон калат. Бай – бул төлөөгө кудуреттүү адам. Бирок, Расулуллах ﷺдын бай мойнуна хавала кылынып өткөрүлгөн убакта анын артынан жүрүүгө буюрушу ушул байдын буга макул болгон жана созуп жүрбөй турган болушун талап кылат. Бул акы хавала кылынган адамды бай адамдын артынан ээрчүүгө мажбур кылынганынан түшүнүлөт. Демек, бай төлөөгө кудуреттүү, буга макул болгон жана созуп жүрбөй турган болот. Хаваланын вакиълиги жана хадистин мантуку хавалада хавала кылуучу, акы хавала кылынган адам т.а. карыз берген адам жана мойнуна хавала кылынган адам болушу керектигине далалат кылып жатат. Демек, ээрчитүүчү – бул хавала кылуучу адам. «Бириңер» сөзүнөн көздөлгөн маани болсо, мойнуна хавала кылынган адамдын артынан берген карызын алуу үчүн ээрчүүгө буюрулган адам. Бай болсо мойнуна хавала кылып өткөрүлгөн адам.

Хавала төмөнкү төрт шарт менен туура болот:

1. Эки акы жыныста, мөөнөтү келгендикте же кийинчерээк берүүдө бирдей болушу керек. Себеби, ал акыны хавала кылып өткөрүү. Демек, өзүнүн сыпатында өткөрүлөт. Ошондуктан, алтын бериши керек болгон адам алтын менен, күмүш бериши керек болгон адам күмүш менен хавала кылышы туура болот. Алтын бериши керек болгон адамдын күмүш менен хавала кылышы, күмүш бериши керек болгон адамдын алтын менен хавала кылышы туура болбойт. Бир айга алган карызын бир айга берген карызы менен, убагы келгени үчүн бериши керек болгон карызын убагы келгени үчүн алышы керек болгон карыз менен хавала кылышы туура болот. Дароо бере турган карызын дароо ала турган карыз менен, кийинчерээк бере турган карызын кийинчерээк ала турган карыз менен хавала кылышы туура болот. Ал эми эки карыздын бири дароо берилиши, экинчиси кийинчерээк берилиши керек болсо же бири бир айга, экинчиси эки айга берилген болсо, хавала дурус болбойт.

2. Хавала анык карызда болушу керек. Мисалы, жаңы никеленген аялдын эри киришинен (аны менен кошулуудан) мурун махрын эрине хавала кылышы дурус болбойт. Себеби, ал анык болбогон карыз. Дагы мисалы, кызматчынын ишин бүтүрбөй туруп же жалданган мөөнөтү аяктабай туруп эмгек акысын хавала кылышы туура болбойт. Себеби, бул да анык болбогон карыз болот. Ал эми карызы жок адам бир кишини башка адамга хавала кылса, бул башка адамдын андан карызы болсо, бул хавала эмес, вакалат (өкүл кылуу) болот. Мында хавала өкүмдөрүнө эмес, вакалат өкүмдөрүнө кайрылуу керек болот. Эгерде карызы бар адам карызы жок адамга хавала кылса, бул да хавала болбойт. Ошондуктан, мойнуна хавала кылынган адамдын бериши ылазым болбойт. Акысы хавала кылынган адамдын да муну кабыл кылышы ылазым болбойт. Себеби, хавала – бул ивазга иваз берүү. Бул жерде болсо мындай болбой жатат. Ошондуктан, эгер акысы хавала кылынган адам мойнуна хавала кылынган адамдан карызды алса да, хавала кылган адамга кайтып келет.

3. Хавала белгилүү бир мал менен болушу керек, белгисиз мал менен болушу дурус эмес.

4. Хавала хавала кылуучунун ыраазылыгы аркылуу гана болот. Мойнуңда акы бар деп хавалага мажбур кылынбайт. Себеби, карызын белгилүү бир тараптан, мисалы, мойнуна

хавала кылынган адамдагы карыздан төлөшү шарт болбойт. Тескерисинче, каалаган тарабынан алып төлөшү мүмкүн. Акысы хавала кылынган адамдын жана мойнуна хавала кылынган адамдын ыраазылыгы шарт эмес. Балким, бул экөөнүн ыраазылыгы таптакыр этибарга алынбайт. Себеби, акысы хавала кылынган адам да, мойнуна хавала кылынган адам да хаваланы кабыл алууга мажбур. Акы хавала кылынган адамдын буга мажбур экендигине Набий ﷺдын: «**Кайсы бириңер байдын артынан ээрчитилсе, ээрчисин**», - деген сөзү далил болот. Кала берсе, хавала кылуучу адам мойнундагы акыны жеке өзү жана өкүлү аркылуу бериши мүмкүн. Ал карызын төлөөдө мойнуна хавала кылынган адамды өзүнүн ордуна койгон болот. Акысы хавала кылынган адам муну кабыл алышы керек. Эми мойнуна хавала кылынган адамдын ыраазылыгы шарт эместигине келсек, ага карыз берген адам акысы хавала кылынган адамды карызды алууда өзүнүн ордуна койгон болот. Ошондуктан, өкүл кылууда болгону сыяктуу мойнунда акы (карыз) бар адамдын ыраазылыгын алышы зарыл болбойт.

Ушуга ылайык, чектер сыяктуу төлөм убагы келген каражаттардан, же убактысы келип калган, кечиктирилген каражаттардан турган баалуу кагаздарды хавала кылуу – бул акчаны хавала кылуу деп аталат – хавала кылуучунун ыраазылыгы аркылуу гана жайиз болот. Мында акысы хавала кылынган адамдын да, мойнуна хавала кылынган адамдын да ыраазылыгы шарт эмес. О.э. векселдер сыяктуу төлөө убагы келе элек, кийин бериле турган каражаттардан турган баалуу кагаздарды хавала кылуу да жайиз. Бул карызды хавала кылуу деп аталат. Мында акысы хавала кылынган адам жана мойнуна хавала кылынган адам ыраазы болобу же жокпу, мунун айырмасы жок. Себеби, анда ыраазылык шарт болгудай хавала келишим эмес. Себеби, анда ийжаб жана кабыл деген нерсе жок. Балким, ал зоминдик, кафалат, васият жана ушуга окшогон тасарруфтар сыяктуу адамдын өзү тарабынан болгон тасарруф болуп, бул тасарруфтар келишим болуп эсептелбейт.

# Тасвир

Тасвир – бул нерсенин сүрөтүн тартуу. Айкелчилик жана таш чегүү тасвирге кирет. Лугатта тасвирлер деп да айтылат. Шарият инсан, айбан, канаттуу сыяктуу жаны бар нерсенин сүрөтүн тартууну арам кылды. Кагазга тартылабы же тери, кийим, идиш, тагынчак же акчаларга тартылабы, бардыгы арам. Эмненин үстүнө тартылган болбосун, жаны бар нерсенин сүрөтүн тартуунун өзү арам. Жансыз нерсенин сүрөтүн тартуу жайиз, зыяны жок. Мисалы, шарият дарак, тоо, гүл жана ушул сыяктуу жансыз нерселердин сүрөтүн тартууну адал кылды. Жанзаттардын сүрөтүн тартуу арамдыгы шаръий нусус менен сабит болду. Бухарий Ибн Аббастан төмөнкү хадисти риваят кылды:

«لَمَّا رَأَى النَّبِيُّ ﷺ الصُّوَرَ فِي الْبَيْتِ لَمْ يَدْخُلْ حَتَّى أَمَرَ بِهَا فَمُحِيَتْ»

**«Набий ﷺ Каъбада сүрөттөрдү көргөндө өчүрүүгө буйруп, өчүрүлгөнгө чейин кирбеди»**. Айша энебизден риваят кылынышынча:

«أَنَّهَا نَصَبَتْ سِتْرًا فِيهِ تَصَاوِيرُ، فَدَخَلَ رَسُولُ اللَّهِ ﷺ فَنَزَعَهُ، قَالَتْ فَقَطَعْتُهُ وِسَادَتَيْنِ فَكَانَ يَرْتَفِقُ عَلَيْهِمَا»

**«Ал сүрөттөрү бар парданы илип койгон эле. Расулуллах ﷺ кирип, аны алып таштады. Айша энебиз: Мен аны кесип эки жаздык кылып койдум. Пайгамбарыбыз аларга сүйөнүп отура турган болду, - дейт»**. Муслим риваяты. Ахмад риваят кылган лафзда мындай деп келет:

«فَطَرَحْتُهُ فَقَطَعْتُهُ مِرْفَقَتَيْنِ فَقَدْ رَأَيْتُهُ مُتَّكِئًا عَلَى إِحْدَاهُمَا وَفِيهَا صُورَةٌ»

**«Аны алып таштадым. Кесип эки жаздык кылдым. Пайгамбарыбыз ﷺдын бирине сүйөнгөнүн көрдүм. Анда сүрөт бар эле»**. Бухарий жана Муслим Айша رضي الله عنهاдан төмөнкү хадисти риваят кылды:

«دَخَلَ عَلَيَّ رَسُولُ اللَّهِ ﷺ وَقَدْ سَتَرْتُ سَهْوَةً لِي بِقِرَامٍ فِيهِ تَمَاثِيلُ، فَلَمَّا رَآهُ هَتَكَهُ وَتَلَوَّنَ وَجْهُهُ وَقَالَ: يَا عَائِشَةُ أَشَدُّ النَّاسِ عَذَابًا يَوْمَ الْقِيَامَةِ الَّذِينَ يُضَاهُونَ بِخَلْقِ اللَّهِ»

**«Мен билбестен сүрөттөрү бар жука парданы илип койгон элем. Пайгамбарыбыз ﷺ аны көргөндө жыртып таштады. Түсү өзгөрүп: Эй Айша, кыямат күнү**

**адамдардын эң катуу азаптала турганы Аллахтын жаратышына окшотмокчу болгондору, - деди».** Муслим Айша ﵂дан риваят кылган хадисте Айша энебиз мындай деди:

«قَدِمَ رَسُول اللَّهِ ﷺ مِنْ سَفَرٍ، وَقَدْ سَتَّرْتُ عَلَى بَابِي دُرْنُوكًا فِيهِ الْخَيْلُ ذَوَاتُ الأَجْنِحَةِ، فَأَمَرَنِي فَنَزَعْتُهُ»

**«Расулуллах сапардан келди. Эшигиме канаттуу аттын сүрөтү түшүрүлгөн кийимди парда кылып илип койгон элем. Пайгамбарыбыз ﷺ аны алып таштоого буйруду. Мен алып таштадым».** Бухарий Ибн Аббастан төмөнкү хадисти риваят кылды: Расулуллах ﷺ:

«مَنْ صَوَّرَ صُورَةً عَذَّبَهُ اللَّهُ بِهَا يَوْمَ الْقِيَامَةِ حَتَّى يَنْفُخَ فِيهَا الرُّوحَ وَمَا هُوَ بِنَافِخٍ»

**«Ким бирер сүрөт тартса, Аллах ушул себептүү аны кыямат күнүндө тээ ага үйлөп жан киргизмейинче азаптай берет. Акыйкатта болсо, ал ага жан киргизе албайт», -** деген. Бухарий Ибн Умардан төмөнкүнү да риваят кылды: Расулуллах ﷺ:

«إِنَّ الَّذِينَ يَصْنَعُونَ هَذِهِ الصُّوَرَ يُعَذَّبُونَ يَوْمَ الْقِيَامَةِ يُقَالُ لَهُمْ أَحْيُوا مَا خَلَقْتُمْ»

**«Бул сүрөттөрдү жасай турган кимселер кыямат күнү азапталышат. Аларга: «жараткан» нерсеңерди тирилткиле, - деп айтылат».** Ибн Аббастан мындай дегени риваят кылынган: Алдыма бир киши келип: Мен мына бул сүрөттөрдү тартамын, мына бул сүрөттөрдү жасаймын. Ушул нерсе тууралуу мага фатва берсеңиз, - деди. Мен жакыныраак кел, - дедим. Ал жакын келди. Анын башына колумду коюп мындай дедим: Мен сага Расулуллах ﷺдан өзүм уккан нерсенин кабарын беремин. Мен Расулуллах ﷺдын дегенин уктум:

«كُلُّ مُصَوِّرٍ فِي النَّارِ، يُجْعَلُ لَهُ بِكُلِّ صُورَةٍ صَوَّرَهَا نَفْسٌ تُعَذِّبُهُ فِي جَهَنَّمَ، فَإِنْ كُنْتَ لاَ بُدَّ فَاعِلاً فَاجْعَلِ الشَّجَرَ وَمَا لاَ نَفْسَ لَهُ»

**«Ар бир сүрөт тартуучу тозокто. Ал үчүн өзү тарткан ар бир көрүнүштө бир жан кылып берилет. Бул жан аны тозокто азаптайт. Ошондуктан, эгер кылышың өтө зарыл болсо, дарактын жана жансыз нерселердин сүрөтүн тарта бер».** Ахмад Абу Хурайрадан төмөнкү хадисти риваят кылды: Расулуллах ﷺ айтат:

«أَتَانِي جِبْرِيلُ عَلَيْهِ السَّلاَمُ فَقَالَ: إِنِّي كُنْتُ أَتَيْتُكَ اللَّيْلَةَ فَلَمْ يَمْنَعْنِي أَنْ أَدْخُلَ عَلَيْكَ الْبَيْتَ الَّذِي أَنْتَ فِيهِ إِلاَّ أَنَّهُ كَانَ فِي الْبَيْتِ تِمْثَالُ رَجُلٍ وَكَانَ فِي الْبَيْتِ قِرَامٌ سِتْرٌ فِيهِ تَمَاثِيلُ، وَكَانَ فِي الْبَيْتِ كَلْبٌ. فَمُرْ بِرَأْسِ التِّمْثَالِ يُقْطَعْ فَيُصَيَّرَ كَهَيْئَةِ الشَّجَرَةِ، وَمُرْ بِالسِّتْرِ يُقْطَعْ فَيُجْعَلَ مِنْهُ وِسَادَتَانِ تُوطَآنِ، وَمُرْ بِالْكَلْبِ فَيُخْرَجَ فَفَعَلَ رَسُولُ اللَّهِ ﷺ»

**«Жибрил ﷺ алдыма келип: Мен бул түнү алдыңызга келген элем. Сиз турган үйгө киришиме үйдө бир кишинин тимсалы** (айкел), **сүрөттөр тартылган кыром** (түстүү парда) **жана ит бар экендиги тоскоолдук кылды. Буюруңуз, айкелдин башын кесип ташташсын, дарактын көрүнүшүнө окшоп калат. Парданы кыркып, басыла турган эки жаздык кылынсын. Ит чыгарып ташталсын, - деди. Расулуллах ﷺ ушундай кылды».** Бухарий Абу Жухайфадан анын кан ала турган бир кулду сатып алганын риваят кылып мындай деди:

«إِنَّ النَّبِيَّ ﷺ نَهَى عَنْ ثَمَنِ الدَّمِ، وَثَمَنِ الْكَلْبِ، وَكَسْبِ الْبَغِيِّ، وَلَعَنَ آكِلَ الرِّبَا وَمُوكِلَهُ وَالْوَاشِمَةَ وَالْمُسْتَوْشِمَةَ وَالْمُصَوِّرَ»

**«Набий ﷺ кан акчасынан, ит акчасынан жана бузуктукту кесип кылуудан кайтарды, риба жегенди, ага жедиргенди, денеге сүрөт тартуучуну, сүрөт тарттырганды жана сүрөтчүнү наалаттады».**

Бул хадистердин баарында тасвирди таштоону катъий талап кылуу мазмуну жатат. Бул болсо, тасвирдин арамдыгына далил болот. Бул хадистер умумий болуп, ар бир сүрөттү, көлөкөсү барын да, жогун да, толук тартылганын да, жарымы тартылганын да өз ичине алат. Демек, көлөкөсү бар кылып тартуу менен көлөкөсү жок кылып тартуунун ортосунда, толук сүрөт менен жарым сүрөттүн ортосунда арамдыкта айырма жок. Хадистер умумий келгени үчүн бардыгы арам. Мисалы, Ибн Аббас риваят кылган хадисте айтылгандай Каъбадагы сүрөттөр тартылган болуп, көлөкөсү жок эле. Бул сүрөттөр өчүрүп ташталмайынча Расулуллах ﷺ кирбеди. Айша رضي الله عنها риваят кылган хадис болсо ошол пардада тартылган көлөкөсүз сүрөттөр бар экендигине далалат кылып жатат. Риваят кылынышынча, Набий ﷺ Алини бир сарийяда жөнөтүп, ага:

«لاَ تَذَرْ تِمْثَالاً إِلاَّ هَدَمْتَهُ، وَلاَ صُورَةً إِلاَّ طَمَسْتَهَا، وَلاَ قَبْرًا مُشْرِفًا إِلاَّ سَوَّيْتَهُ»

**«Бирер айкелди койбой бузуп ташта, бирер сүрөттү калтырбай өчүрүп ташта жана бийик кылып сыймыктанып жатышкан бир да күмбөздү калтырбай тегиздеп сал»**, - деди. Муслим бул хадисти «жаназалар» бабында бир аз айырма менен риваят кылып, эки түрдүү сүрөттү, көлөкөсү бар айкелди жана көлөкөсү жок, өчүрүп таштала турган сүрөттү айтып берди. Демек, көлөкөсү бар нерсе менен көлөкөсү жок нерсени айырмалап, бири-биринен ажыратуу туура эмес жана негизсиз. Себеби, бул нерселердин жашай турган же жашабай турган болушу арам кылуунун иллети эмес. Муну арамдыктан истисна кыла турган бирер далил жок. Ал эми бак-дарак, тоо жана ушул сыяктуу жансыз нерселерди тартуу жайиз экендигине келсек, тасвирдин арамдыгы жөнүндө келген хадистерде арамдык жандуу нерсенин сүрөтүнө мукайяд болду. Бул муътабар кайд болуп, анын амал кылына турган мафхуму бар. Мафхуму мындай, жансыз нерсенин сүрөтү арам эмес. Туура, кээ бир хадистер мутлак болуп келди. Бирок, кээ бир хадистер мукайяд болуп келди. Ошондуктан, арамдык инсан, айбан жана канатуулар сыяктуу жалаң гана жандуулардын сүрөтүнө тиешелүү болду. Ал эми башка нерселердин сүрөтүн тартуу арам эмес, жайиз. Дарак жана ушул сыяктуу жансыз нерселердин сүрөтүн тартуунун мубахтыгы хадистерде ачык айтылган. Мисалы, Абу Хурайра риваят кылган хадисте:

«فَمُرْ بِرَأْسِ التِّمْثَالِ الَّذِي فِي بَابِ الْبَيْتِ فَلْيُقْطَعْ لِيَصِيرَ كَهَيْئَةِ الشَّجَرَةِ»

**«Буюруңуз, Каъбанын эшигиндеги тимсалдын башын кесипташташсын, ошондо дарактын көрүнүшүнө окшоп калат»**, - деп келген. Мындан дарактын тимсалын тартуунун зыяны жок деген маани чыгат. Ибн Аббас риваят кылган хадисте мындай деп келет: **«Эгерде кылышың өтө зарыл болсо, дарак жана жансыз нерселердин сүрөтүн тарт».**

Тасвирдин арамдыгы жөнүндөгү хадистер иллеттенбей келди. Тасвирди иллеттөөгө тиешелүү эч кандай иллет келбеген. Ошондуктан, ага иллет изделбейт. Ал эми Ибн Умар риваят кылган Расулуллах ﷺдын: **«...аларга «жараткан» нерсеңерди тирилткиле деп айтылат»** деген сөздөрүнө о.э. Ибн Аббас риваят кылган хадистеги: **«...ага жан киргизмейинче азаптай берет, акыйкатта болсо, ал ага жан**

**киргизе албайт»** деген сөздөргө жана Айша ﵂ сүрөттөр жөнүндө риваят кылган хадистеги: **«Кыямат күнү адамдардын эң катуу азаптала турганы Аллахтын жаратышына окшотмокчу болгон кимселер»**, - деген сөздөргө келсек, булар иллеттөө таризинде келбеген. Бул хадистердеги лафздар жана жумлалардан иллеттөө мазмуну түшүнүлбөйт. Мында бар болгону Расулуллах ﷺ тасвирди жаратууга, сүрөтчүлөрдү болсо жаратуучуга окшотуп жатат. Окшотуу иллеттөө мазмунун түшүндүрбөйт жана иллет болбойт. Себеби, бир нерсени башка нерсеге окшотуу ага окшотулган нерсени окшотулган нерсеге иллет кылып койбойт. Тескерисинче, болгону анын васфы гана болушу мүмкүн. Нерсенин васфы болсо анын иллети болбойт. Ошондуктан, «тасвир, анда Аллахтын жаратышына окшотуу бар болгону үчүн арам» деп айтуу туура эмес. Себеби, Аллах Таала инсан, айбан жана канатууларды жаратканы сыяктуу бак-дарак, тоо жана гүлдөрдү да жаратты. Ошондуктан, эгер инсан, айбан жана канаттууларды тасвирлөө Аллахтын жаратуусуна окшотуу иллети бар болгону үчүн арам болду деп айтыла турган болсо, бул иллет бак-дарак, тоо, гүл жана башка нерселерде да бар. Аларды да Аллах жараткан. Демек, мына ушул иллет бар болгону үчүн алардын сүрөтүн тартуу да арам болуп калат. Анткени, иллет бар жана жоктукта иллеттенген нерсе менен бирге жүрөт. Т.а. иллет бар болсо иллеттенген нерсе да бар болот, жок болсо ал да жок болот. Кала берсе, дарак жана жансыз бардык нерсенин сүрөтүн тартуу жайиздиги жөнүндө нусус келген. Ушуга ылайык, инсан жана айбандын сүрөтүн тартуу бирер иллетке ылайык эмес, тескерисинче, мунун арамдыгы жөнүндө нусус келгени үчүн арам. Дарак, тоо жана бардык жансыз нерселердин сүрөтүн тартуу – мунун мубахтыгы жөнүндө нусус келгени үчүн – жайиз.

Аллах Таала арам кылган тасвир инсандын өзү тарта турган сүрөт, накш жана башка нерселер. Ал эми фотоаппараттар жардамында тасвирге түшүрүү буга кирбейт жана ал арам кылынган тасвирден эмес. Ал мубах. Себеби, ал акыйкатында тасвир эмес, тескерисинче, көлөкөнү вакиъден фильмге көчүрүү гана. Ал сүрөтчү тарабынан адамдын сүрөтүн тартуу эмес. Себеби, фотограф адамды сүрөткө алганда болгону аппараттын жардамында ушул адамдын көлөкөсүн гана

чагылдырат. Демек, бул тасвир эмес, тескерисинче, аппарат жардамында көлөкөнү көчүрүү болуп эсептелет. Демек, хадистерде келген нахий түркүмүнө кирбейт. Себеби, хадистерде мындай деп айтылууда: **«Бул сүрөттөрдү жасай турган кимселер», «бул тасвирлерди мен тартамын», «ар бир сүрөтчү», «сүрөтчүлөрдү...»**. Фотоаппарат менен бирер кишинин же айбандын сүрөтүн тарткан киши болсо бул сүрөттү өзү тартпайт, ал сүрөтчү эмес. Тескерисинче, ал болгону аппаратты гана ишке салып жатат. Көлөкөнү фильмге көчүрүп жаткан нерсе фотоаппарат. Ошондуктан, сүрөткө тарткан киши сүрөтчү эмес жана сүрөтчү болушу эч бир мүмкүн эмес. Ошондуктан, бул иш нахийге таптакыр кирбейт. Кала берсе, хадистерде арамдыгы келген тасвир васф кылынып, түрү белгилеп көрсөтүп коюлган. Ал да болсо жаратуuга окшотуу. Мында сүрөтчү нерсени т.а. сүрөттү пайда кылуу жагынан жаратуучуга окшоп калып жаткан болот. Сүрөттү зээнинен алып тартабы же алдындагы асл негизинен алып тартабы, эки абалда тең сүрөттү пайда кылуу болуп эсептелет. Себеби, мында чыгармачылык бар. Фото сүрөт болсо бул түргө кирбейт. Себеби, ал сүрөттү ижад кылуу эмес жана анда чыгармачылык жок. Тескерисинче, ал бар нерсенин көлөкөсүн фильмде чагылдыруу гана. Ошондуктан, ал хадистерде арам экендиги айтылган тасвир түрүнөн эсептелбейт. Бул хадистерде айтылган арамдык ага туура келбейт. Кол менен тартыла турган сүрөттүн жана фото сүрөттүн көркөм вакиълиги муну толук колдоп-кубаттайт. Себеби, бул экөө бири-биринен бүтүндөй айырмалануучу башка-башка түрлөр. Кол менен тартыла турган сүрөт менен фото сүрөт көркөмдүк жактан жана чыгармачылык жактан башка-башка. Мына ушундан да фото сүрөт мубах болот.

Бул тасвир жөнүндө эле. Эми тасвирленген сүрөткө ээ болууга келсек, эгер мечит, намазкана жана ушул сыяктуу ибадат үчүн даярдап коюлган жайда болсо катъий түрдө арам. Буга далил Ибн Аббас Расулуллах ﷺдын Каъбага тээ ал жердеги сүрөттөр өчүрүп ташталмайынча кирүүдөн баш тартканы жөнүндө риваят кылган хадис. Бул тасвирди таштоону жазман талап кылуу болуп, арамдыкка далил болот. Ал эми үйлөр, мекемелер, мектептер сыяктуу ибадат үчүн

даярдалбаган жерлерде сүрөттөрдүн болушуна келсек, мунун тафсилаты төмөнкүдөй:

Биринчи: Эгерде сүрөттөр көлөкөсү жок болсо, аларды улуулоо боло турган жерге коюу арам эмес, макрух болот. Улуулоо болбой турган жерде болсо зыяны жок, жайиз. Улуулоо болуп кала турган жерге коюу макрух экендигине Расулуллах ﷺдын сүрөттөрү бар парданы алып таштаганы жөнүндө Айша رَضِيَ اللهُ عَنْهَا риваят кылган хадис о.э. Жибрил عَلَيْهِ السَّلَامдын айкелдер, сүрөттөр жана ит бар үйгө кирүүдөн баш тартканы жөнүндө Абу Хурайра риваят кылган хадис далил болот. Бул макрухтуктун улуулоо болуп кала турган жерге коюлган сүрөттөргө гана хос экенине жана улуулоо болбой турган жерде болсо зыяны жок экендигине болсо Расулуллах ﷺдын илип коюлган сүрөттүү парданы алып таштаганы жана сүрөтү бар жаздыкка сүйөнгөнү жөнүндө Айша رَضِيَ اللهُ عَنْهَا риваят кылган хадис далил болот. Жибрил عَلَيْهِ السَّلَامдын Расулуллах ﷺга: **«Буюруңуз, парданы кесип, андан басыла турган эки жаздык кылынсын»**, - дегени жөнүндө Абу Хурайра риваят кылган хадис да буга далил болот. Бул болсо, сүрөттөргө ээ болуудан кайтарылганына эмес, аларды улуулоо болуп кала турган жерге коюудан кайтарылганына далалат кылат.

Эми сүрөттү улуулоо болуп кала турган жерге коюу арам эмес, макрух экендигине келсек, себеби, хадистерде келген нахий сүрөттү сатып алган кимсеге ваъид, же мазаммат кылуу, же ушул сыяктуу, тасвир жөнүндө келгени сыяктуу жазмга далалат кыла турган карина менен келбеген. Балким, болгону, таштоону талап кылуу гана келди. Башка хадистерде айкелдерди сатып алуудан нахий кылынып, тартылган сүрөттөрдү сатып алууга уруксат берилген. Бул болсо, нахийдин катъий эместигине карина болуп эсептелет. Мисалы, Муслимде Абу Талха риваят кылган хадис бар. Ал мындай дейт: Мен Расулуллах ﷺдын мындай дегенин уктум:

«لاَ تَدْخُلُ الْمَلاَئِكَةُ بَيْتًا فِيهِ كَلْبٌ وَلاَ صُورَةٌ»

**«Периштелер ит жана сүрөт бар үйгө кирбейт»**. Муслим риваятында Пайгамбарыбыз ﷺ мындай деген:

«إِلاَّ رَقْمًا فِي ثَوْبٍ»

**«Болгону кийимде тартылган болсо».** Бул болсо, кийимге тартылган сүрөт мустасна экендигине далалат кылат. Хадистин мафхуму мындай, periштелер кийимде тартылган сүрөт бар үйгө кирет. Эми бул хадис нахий келген башка хадистерге кошулса, таштоону талап кылуу катъий эместигине карина болот. Демек, сүрөттү алып, аны улуулоо болуп кала турган жерге коюу арам эмес, макрух болот.

Экинчи: Эгерде сүрөттөр көлөкөлүү т.а. жысымдуу (денелүү айкелдер сыяктуу) болсо, мунун өкүмү жогоруда айтылган сүрөттөрдүн өкүмүнөн башкача болот. Себеби, Расулуллах ﷺ жогоруда өткөн хадисте **«Болгону кийимде тартылган болсо»** деп көлөкөсүз сүрөттү мустасна кылган болсо да, бирок, денелүү сүрөттөрдү (айкелдерди) мустасна кылбады.

Кала берсе, Жибрил عليه السلام да Расулуллах ﷺга айкел жөнүндө «буйруңуз, айкелдин башын кесип таштašсын, дарактын көрүнүшүнө окшоп калат» деди. Т.а. айкелдин жандуу тимсал сыяктуу көрүнүшүн жок кылууга буйруду. Ошол эле убакта, Пайгамбарыбыз ﷺга пардага тартылган көлөкөсүз сүрөттү талкалап таштоого буйрубады, балким, аны улуулоо болуп кала турган жерге койбоого буйруп «буйруңуз, парданы кесип, андан басыла турган эки жаздык кылышсын» деди.

Денелүү сүрөт көлөкөсүз сүрөт истисна кылынганы сыяктуу истисна кылынбаганы жана тимсалдарга ээ болуудан нахий кылуу алардын тимсал сыпатындагы көрүнүшүн жок кылууга буйруу менен келгени денелүү тимсалдарды сатып алуудан кайтаруу катъий кайтаруу экендигине далалат кылат. Т.а. жандуу нерселердин айкелдерин сатып алуу арам.

Денелүү айкелдердин арам экендигинен жаш балдардын куурчактары истисна кылынат. Бул жөнүндө нусус келгени үчүн истисна кылынат. Бухарий Айша رضي الله عنهاдан төмөнкүнү риваят кылган: «Мен Набий ﷺ алдында кыз куурчактар менен ойнойт элем». Бухарий жана Муслим Рабиъ бинт Муавваз ансорийя رضي الله عنهاдан төмөнкүнү риваят кылды: «…Биз аларга (балдарга) жүндөн оюнчук кылып берет элек – башка риваятта «жасап берет элек» деп келген – бирөөсү тамак үстүндө ыйлап калса, ага аны берет элек, ал тургай, ифтарлык маалында да ошондой болот эле».